Бүгүнкү күндө Кыргызстанда мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде нотариаттык ишмердүүлүктү да санариптик форматка өткөрүү иш-аракетти жүрүп жатат. Макалада негизги көңүл нотариат тармагындагы санариптештирүүгө бурулат. Анда “электрондук нотариат” түшүнүгүнө токтолуп, анын өнүгүү багыттары, айрым нотариалдык кызматтарды алыстан көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле санариптештирүү процессинде жаралуучу көйгөйлөр жана тобокелдиктер каралат. Мындан тышкары нотариат тармагында санариптик технологияларды мындан ары өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү жана нотариалдык ишмердүүлүктө нотариустар тарабынан электрондук форматта кызмат көрсөтүүнүн ыкмалары талданат. Электрондук кол тамга, онлайн нотариат, автоматташтырылган системалар сыяктуу жаңы технологияларды киргизүүнүн негизги аспектилери каралып, бул технологиялар жарандар үчүн мамлекеттик кызматтарды жеткиликтүүрөөк жана ылдамыраак кылууга, ошондой эле юридикалык документтерди тариздөөгө кеткен убакытты кыскартууга өбөлгө түзөрү көрсөтүлөт. Изилдөөнүн натыйжасында, заманбап санариптик технологиялар азыркы учурдагы нотариаттык ишмердүүлүктү оптималдаштыруунун маанилүү куралы болушу белгиленет.

**Негизги сөздөр:** нотариат, санариптештиүү, электрондук нотариат, электрондук кол тамга, электрондук документтер, мамлекет, нотариус, санариптик технологиялар, мамлекеттик кызматтар, нотариалдык иш-аракет, мамлекттик орган, аралыктык кызмат, реестр.

# РАЗВИТИЕ ЭЛЕКТРОННОГО НОТАРИАТА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ: ПРАВОВЫЕ ОСНОВЫ, ПРАКТИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ И ПЕРСПЕКТИВЫ

**Аннотация**

На сегодняшний день в Кыргызстане осуществляется активный процесс перевода государственных услуг, в том числе нотариальной деятельности, в цифровой формат. В данной статье акцент сделан на цифровую трансформацию в нотариальной сфере. Подробно рассматривается понятие «электронный нотариат», направления его развития, возможности дистанционного предоставления нотариальных услуг, а также возникающие в процессе цифровизации проблемы и риски. Дополнительно анализируются перспективы дальнейшего внедрения цифровых технологий в нотариальную практику, а также методы предоставления нотариусами услуг в электронном формате. Особое внимание уделяется внедрению таких технологий, как электронная подпись, онлайн-нотариат и автоматизированные системы, повышающих доступность и оперативность государственных услуг для граждан, а также сокращающих время, необходимое для оформления правовых документов. В заключение подчёркивается, что современные цифровые технологии становятся важным инструментом оптимизации нотариальной деятельности.

**Ключевые слова:** нотариат, цифровизация, электронный нотариат, электронная подпись, электронные документы, государство, нотариус, цифровые технологии,

государственные услуги, нотариальные действия, государственный орган, дистанционные услуги, реестр.

# DEVELOPMENT OF ELECTRONIC NOTARIAT IN THE KYRGYZ REPUBLIC: LEGAL FRAMEWORK, PRACTICAL ISSUES AND PROSPECTS

**Annotation**

Currently, Kyrgyzstan is actively undergoing a process of transitioning government services, including notarial activities, into a digital format. This article focuses on the digital transformation within the notarial sphere. It examines in detail the concept of "electronic notariat," its development directions, the possibilities of providing notarial services remotely, as well as the problems and risks arising in the process of digitalization. Additionally, the article analyzes the prospects for further implementation of digital technologies in notarial practice and the methods used by notaries to provide services electronically. Special attention is given to the introduction of technologies such as electronic signatures, online notariat, and automated systems that enhance the accessibility and efficiency of public services for citizens, while also reducing the time required for processing legal documents. In conclusion, it is emphasized that modern digital technologies are becoming an essential tool for optimizing notarial activity.

**Keywords:** notariat, digitalization, electronic notariat, electronic signature, electronic documents, state, notary, digital technologies, public services, notarial acts, government body, remote services, register

**Киришу.** Санариптештирүү өлкөнүн социалдык турмушу үчүн гана эмес, жалпы өнүгүүсү үчүн чоң мааниге ээ. Илимий-техникалык жетишкендиктердин заманбап өнүгүү тенденциялары адамдын жүрүм-турумунун кеңири таралган моделин өзгөртүп, адаттагыдан айырмаланган жаңы өз ара аракеттенүү ыкмасын жаратат. Заманбап дүйнө санариптик революциянын босогосуна кадам таштоо менен адамдардын жашоосунун дээрлик бардык тармактарына таасир этүүдө. Санариптик жаңычылдыктар коомдук мамилелердин жаңы баскычта пайда болушуна жана өнүгүшүнө негиз түзүүдө. Технологиялык прогресс менен катар эле адамзат эң акыркы технологияларды колдонуу менен укуктук жөнгө салууну да кайра түзүүгө муктаж. Нотариат - санариптештирүү шарттарында өзгөчө актуалдуу болуп калган тармактардын бири. Жаңы шарттарда нотариалдык ишмердүүлүк кардарлар үчүн жеткиликтүүрөөк жана ыңгайлуураак болуп калды, бирок ошол эле учурда нотариустар үчүн жаңы чакырыктар жана милдеттер пайда болду. Санариптештирүү “сатуучу-сатып алуучу” сыяктуу мамилелердин өнүгүшүнө олуттуу таасир берип, базардык талдоонун негизинде глобалдашуу процесстеринин жаңы этабынын калыптанышына алып келет. Ошону менен катар, жаран менен мамлекеттик орган ортосундагы өз ара аракеттенүүнү санариптик чөйрөгө ыңгайлаштыруу нотариат ишмердүүлүгүндө санариптик технологияларды колдонууга да тиешелүү, бул Кыргыз Республикасынын «Нотариат жөнүндө мыйзамдардын негиздери» мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр менен дал келет [1].

Учурда нотариалдык ишмердүүлүктү маалыматтык-коммуникациялык технологияларсыз жүргүзүү дээрлик мүмкүн эмес. Ушуга байланыштуу,

кабыл алынган мыйзамда нотариустун ишинде санариптик ыкмаларды колдонууга мүмкүндүк берген бир катар жаңы укуктар жана функциялар каралган. Анын алкагында, нотариалдык документтердин Бирдиктүү электрондук базасын жүргүзүү тартиби да мыйзам менен бекемделген [2]. Бул мыйзам санариптик мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашырууга багытталган негизги өзгөрүүлөрдү камтыйт. Электрондук реестрлерди жүргүзүү, нотариус бардык нотариалдык аракеттерди санарип форматта каттоо; электрондук нотариалдык документтерди түзүү, документтерди түзүү жана көбөлөндүрүү электрондук түрдө жүргүзүү; электрондук документтерди кабыл алуу жана иштеп чыгуу, жарандардан алынган электрондук документтердин негизинде нотариалдык аракеттерди жүргүзөт. Маалыматтык технологияларды кеңири колдонуу нотариаттын коом үчүн маанилүү болгон иш-аракеттерин санарип чөйрөгө өткөрүүгө жана электрондук форматтагы жаңы нотариаттык аракеттерди пайдаланууга шарт түзүп, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана деңгээлин жогорулатат [3].

Бирдиктүү электрондук системасын негизги функциясынын максаты жана маңызы – нотариат өкүлдөрүнө нотариалдык аракеттерди жүргүзүү үчүн зарыл болгон юридикалык мааниси бар маалыматтарга ыкчам жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу. Биз “электрондук формадагы нотариат – бул юридикалык мааниге ээ болгон маалыматтарды жыйноо, берүү жана сактоо аракеттеринин жыйындысы, ошондой эле нотариалдык аракеттерди жүргүзүү жана мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү, бул учурда жалпыга жеткиликтүү маалыматтык-телекоммуникациялык тармактар жана нотариустун электрондук-санариптик кол тамгасы колдонулат” деген пикир менен макулбуз [4]. Бул аныктама профессор В. В. Ярков тарабынан сунушталган жана учурдагы нотариат боюнча окуу куралдарында, ошондой эле нотариалдык укук тармагындагы басылмаларда кеңири колдонулат. 2019-жылдан тартып электрондук документ жүргүзүү системасына толук өткөндүгү тууралуу айтууга болот. Азыркы учурда Кыргыз Республикасында нотариустар өз ишмердүүлүгүндө санариптик технологияларды активдүү колдонушат. Ошол учурда мындай иш-аракеттердин дээрлик бөлүгү мыйзам менен жөнгө салынган. Ал эми 2025-жылдын 1-октябрынан тартып алты нотариалдык кызматты аралыктан, онлайн түрүндө алууга болот. Мына ушундан улам нотариалдык ишмердүүлүктүн санариптешүү процесси уланып жатканын көрсөтөт. Ошону менен бирге, санарип нотариаттын мүмкүнчүлүктөрү кеңейип, жарандар үчүн нотариалдык кызматтарга жеткиликтүүлүктү жеңилдетип, нотариустардын ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатууда. Учурдагы жашоо ыргагы тездеп жаткан шартта, санарип форматта нотариус менен иш алып баруу жарандар үчүн ыңгайлуу жана натыйжалуу. Бул ыкма жарандарды жеке кайрылуудан бошотуп, өзү каалаган нотариусту тандап алуу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Муну менен катар, бүтүмдү текшерүүнүн бардык баскычтары жана коопсуздук кепилдиктери толугу менен сакталат. Нотариат тармагын санариптештирүү, мамлекеттик органдар ортосундагы электрондук өз ара аракеттенүү системасын эффективдүүлүгүн

жогорулатууга мүмкүндүк түздү. Бул система аркылуу нотариустар Кыргызстандын Түндүк, Кыргызстандын банктары, мамлекеттик реестрге каттоо, салык, ЖААК органдары ж.б. мекемелерден зарыл маалыматтарды ыкчам алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Бул кызматташтык юридикалык мааниси чоң, маалыматтарды ыкчам текшерүүгө, нотариалдык документтер менен байланышкан алдамчылык аракеттердин алдын алуу негизинде жарандык жүгүртүү субъекттеринин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону оптималдаштыруу шарттын түзөт.

Электрондук нотариатты биз жогоруда белгиленген артыкчылыктарына карабастан, илимий басылмаларда бул багыттагы санариптештирүү процессине байланыштуу айрым кооптонуулар да айтылып келет. Айрым адистер бул процессте орун алган тобокелчиликтерге көңүл бурушууда [5, 36-б.]. Алгачкы олуттуу көйгөйлөрдүн бири катары карасак, нотариалдык аракеттерди интернет тармагы аркылуу жасоо учурунда кайрылган жактын жеке маалыматтарын коргоо маселеси белгиленет. Электрондук кол тамганы жаран өз ыктыяры менен колдонуп жатканына ишеним артыруу толук мүмкүн эмес болушу, анткени мындай кайрылуу мажбурлоо же басым астында жасалыш ыктымалдуулугу бар. Бул болсо жарандардын укуктарынын бузулушуна, ал тургай мүлкүн же акча каражаттарын жоготууга алып келиши мүмкүн. Ошону менен биргеликте, “Электрондук нотариат МС” архивдеринде санарип форматта сакталган нотариалдык аракеттер боюнча жашыруун маалыматтардын сыртка чыгып кетүү коркунучун да четке кагыла албайбыз. Мунун негизинде, нотариалдык сырдуулукту сактоо жана маалымат базаларынын коопсуздугун камсыз кылуу маселеси өтө маанилүү жана өзгөчө көңүл бурууну талап кылган багыт болуп саналат деп айтсак жаңылышпайбыз.

Биз изилдеген темада авторлордун көбүчүлүгү электрондук нотариаттын кемчиликтеринин бири катары санариптик дискриминация деп белгилешет [6, 82-б.]. Мындай көрүнүш чынында бар экенине ынанабыз, анткени өзгөчө алыскы аймактарда жашаган жарандардын баары эле ар кандай объективдүү жана субъективдүү себептерден улам нотариустун кызматын аралыктан пайдалана албай калат. Алардын бири катары карасак, техникалык мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу. Бүгүнкү күнгө чейин интернет тармагынын камтуусу туруксуз абалы, ал эми байланыштын сапаты “Түндүк” порталына туташууга жетишсиздиги. Андан тышкары, интернет кызматтарын акысы айрыкча пенсионерлер үчүн өтө кымбат. Ошондой эле ар бир жаранда смартфон же башка зарыл болгон телефон, ноутбук, планшет ж.б. жоктугу. Дагы бир белгилей кетчү нерсе, карылардын куректык өзгөчөлүктөрүнөн улам, карылык куректагылар эле эмес көбчүлүк жарандардын электрондук нотариаттын кызматтарын пайдаланууга жетиштүү билим жана жөндөмдөр жоктугу. Алар электрондук кол тамганын механизми менен тааныш эмес жана аны колдонуу жолдорун түшүнүшпөйт. Мына ушуга байланыштуу айрым авторлор дагы бир терс көрүнүш — “санариптик нигилизм” сыяктуу терс көрүнүш белгилешет. Бул, жагдай, көбүнчө жөнөкөй, технологиялык жактан анча тажрыйбасы жок колдонуучуларга мүнөздүү, ойлонбостон “макулмун”,

“макул эмесмин” деген баскычтарды басат. Натыйжада, алар өздөрүнүн укуктары менен милдеттерин толук билбей туруп, санариптик кызматтарды пайдаланууга алып келет [7, 134-б.]. Мындай учурларда социалдык инженерия боюнча адистешкен киберкылмышкерлер жаралган боштуктарды өз кызыкчылыгында колдонушу мүмкүн. Алар жарандардын ишенимине кирип, аларды нотариат тармагында мыйзамсыз аракеттерге түртүшү ыктымал. Мындан тышкары, маалыматтык системаларда үзгүлтүктөрдүн болуп кетүү коркунучу жана техникалык кемчиликтер да электрондук нотариаттын коопсуздугуна коркунуч жаратарын унутпоо керек. Бирок ошого карабастан, IT-технологиялар тынымсыз өнүгүп жаткан шартта, техникалык мүнөздөгү көйгөйлөрдүн басымдуу бөлүгү ийгиликтүү чечилиш мүмкүндүгүн белгилейт. Ал эми субъективдүү мүнөздөгү суроого токтолсок, нотариустарды жаңы санариптик технологиялар менен иштөөгө үйрөтүү менен бул тармакта квалификациялуу кадрларды даярдоо зарылчылыгы. Мындан тышкары, жеке маалыматтардын купуялуулугун сактоо жана электрондук документтердин бүтүндүгүн камсыз кылуу маселелери өзгөчө мааниге ээ болууда. Бул маалыматтык коопсуздук киберкоркунучтарга жана санариптик чабуулдарга каршы туруу үчүн чечүүчү роль ойной турганы менен байланыштуу. Ошондой эле жарандардын электрондук нотариалдык кызматтарга болгон ишенимин чыңдоо да абдан маанилүү, анткени бул кызматтарды күнүмдүк турмушта активдүү колдонууга түрткү берет.

Электрондук нотариаттын келечеги тууралуу сөз кылганда, ал ар тараптуу жана кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ экенин белгилей кетүү керек.

1. Нотариаттык кызматтардын электрондук форматтагы жеткиликтүүлүгүн арттыруу;
2. Жаңы автоматташтырылган маалымат системаларын иштеп чыгуу, ошондой эле “Мобилдик нотариат” тиркемесин түзүү;
3. Кыргыз Республикасында дүйнөлүк стандарттарга жооп берген заманбап жана атаандаштыкка туруштук бере алган укук системасын түзүү;
4. нотариалдык иш-аракеттердин аралыктан жүргүзүү тизмесин кеңейтүү, жарандык айлантуудагы субъекттилердин суроо-талаптарына ылайык келген маалыматтар реестлерин түзүү ж.б. [8, 166-б.].

Жыйынтыктап айтканда, нотариат тармагында санариптик технологиялар жигердүү колдонулуп, бул багытта өнүгүү уланууда. Санариптештирүү коомдогу жана нотариалдык ишмердүүлүктөгү негизги тенденция болуп саналат. Электрондук нотариаттын артыкчылыктарына карабастан, санариптик технологиялар нотариустун ишине көмөкчү курал экенин эстен чыгарбоо керек. Санариптештирүү кызмат көрсөтүүнү тездетип, иш процесстерин жеңилдетет, бирок нотариустун юридикалык жоопкерчилигин жана адамдык факторду толук алмаштыра албайт. Технологиялар нотариустун жардамчысы катары кызмат кылышы керек жана аны кесипкөй юрист катары толук алмаштырууга болбойт. Анткени нотариус жөнөкөй техникалык ортомчу эмес, ал мыйзамдуулукту камсыз кылууга жана жарандардын укуктарын коргоого жооптуу болгон коомдук кызмат адамы

болуп саналат. Айрым юридикалык аракеттер, мисалга алсак, керээз түзүү сыяктуу, олуттуу эмоционалдык чыңалуу менен коштолот. Бул адам факторун маанилүү айкын көрсөтүп турат. Нотариаттык ишмердүүлүктүн бардык процесстерин толук автоматташтыруу мүмкүн эмес деп эсептейбиз. Биздин көз карашыбызда, нотариаттын келечеги - бул технология менен адам факторунун аралаш модели. Мындай ыкма учурда эле калыптанып, практикада колдонуп башталды. Ал эми нотариус мурдагыдай эле жарандык айлантууда мыйзамдуулугун жана туруктуулугун камсыз кылган негизги фигура бойдон калууда.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Нотариат жөнүндө мыйзамы 2023-жылдын 9-марты № 54. https://cbd.minjust.gov.kg/112540/edition/11746/kg
2. Нотариалдык документтердин Бирдиктүү электрондук базасын жүргүзүүнүн тартиби 2019-жылдын 29-августундагы N 434
3. Амирова К.А., Мамашарип кызы Багдагуль., Төлөгөн уулу Талант Нотариат чөйрөсүндөгү жасалма интеллект // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Укук, №1(6)2025, 20-25. С.21-25. https://journal.oshsu.kg/index.php/law/article/view/3081/2047
4. Нотариальное право / под ред. В. В. Яркова. − М.: Статут, 2017. – С. 97.
5. Баранов Е. В., Мишечкина С. С. Цифровизация нотариата: за и против // Цифровые трансформации экономики и права: сборник научных тезисов Национальной научно-практической конференции. − Волгоград, 2022. – С. 35–38.
6. Беглова Г. З. Цифровая трансформация российского нотариата // Пробелы в российском законодательстве. – 2024. – № 2. − С. 81–85.
7. Гатауллина А.С. Цифровизация нотариальной деятельности // Грядущим поколениям завещаем: творить добро в защиту права: материалы Всероссийской научно-практической конференции студентов с международным участием, Оренбург, 23–24 марта 2022 г. – Оренбург: Пресса, 2022.
8. Агибалова Е. Н., Рыжова А. А. Современный нотариат в эпоху цифровой трансформации // Правовая парадигма. – 2022. – № 1. – С. 166–170.

**УДК 81'24 :004 .8**

***Арзыбаева Айжамал Эркинбековна,*** *окутуучу*
*К. Ш. Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ ЧЕТ ТИЛДЕРДИ ҮЙРӨНҮҮГӨ БОЛГОН МАМИЛЕНИ КАНДАЙЧА ӨЗГӨРТҮП ЖАТАТ: ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР

**Аннотация**
Макалада жасалма интеллект технологияларынын таасири астында чет тилдерин үйрөнүү методдорунун трансформациясынын таасири талкууланат. Тил үйрөнүү үчүн заманбап жасалма интелект колдонмолор, жекече окутуу системалары жана виртуалдык репетиторлор талданат. Жасалма интеллект окутуунун билим берүү программаларынын ийкемдүүлүгүнө тийгизген таасири изилденет, ыкмалардын натыйжалуулугу бааланат, ар кандай багыттардын өнүгүү перспективалары болжолдонууда. Тилди окутууда жасалма интеллект колдонуунун артыкчылыктары жана чектөөлөрү аныкталган, тил үйрөнүү процессинде жасалма интеллектти өнүктүрүү боюнча сунуштар сунушталган.
**Ачкыч создор**: жасалма интеллект, чет тилдерин үйрөнүү, санариптик билим берүү, адаптивдүү окутуу, жекече окутуу, виртуалдык репетитор, интерактивдүү окутуу.

# КАК ИСКУССТВЕННЫЙ ИНТЕЛЛЕКТ МЕНЯЕТ ПОДХОД К ИЗУЧЕНИЮ ИНОСТРАННЫХ ЯЗЫКОВ: ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ВЫЗОВЫ

**Аннотация**
В статье эффект трансформации методов изучения иностранных языков под влиянием технологий искусственного интеллекта. Анализируются современные ИИ-приложения для языкового обучения, персонализированные системы обучения и виртуальные репетиторы. Исследуется влияние машинного обучения на адаптивность образовательных программ, оценивается эффективность подходов и прогнозируются перспективы развития различных направлений. Выявлены преимущества и ограничения использования ИИ в языковом образовании, предложены рекомендации по улучшению искусственного интеллекта в процессе изучения языков.
**Ключевые слова:** искусственный интеллект, изучение иностранных языков, цифровое образование, адаптивное обучение, персонализированное обучение, виртуальный репетитор, интерактивное обучение.

# HOW ARTIFICIAL INTELLIGENCE IS CHANGING THE APPROACH TO FOREIGN LANGUAGE LEARNING: PEDAGOGICAL CHALLENGES

**Abstract**
This article examines the effect of artificial intelligence technologies on the transformation of foreign language learning methods. It analyzes modern AI applications for language learning, personalized learning systems, and virtual tutors. It examines the impact of machine learning on the adaptability of educational programs, evaluates the effectiveness of approaches, and predicts the prospects for the development of various areas. The advantages and limitations of using AI in language education are identified, and recommendations are made for improving artificial intelligence in the language learning process.
**Keywords:** artificial intelligence, foreign language learning, digital education, adaptive learning, personalized learning, virtual tutor, interactive learning.

**Киришүү.** Жасалма интеллект технологияларынын тез өнүгүүсүнөн улам азыркы тил билим берүү фундаменталдык өзгөрүүлөр мезгилин башынан өткөрүүдө. Класстык системага жана стандарттык окуу китептерине негизделген чет тилдерди окутуунун салттуу ыкмалары акырындык менен ар бир окуучунун жекече муктаждыктарына ылайыкташа ала турган инновациялык чечимдерди үйрөнүүдө.

Изилдөөнүн актуалдуулугу глобалдашуу жана билим берүүнү санариптештирүү шарттарында тилди окутуу ыкмаларын колдонууга болгон зарылчылыктын өсүшү менен аныкталат. Изилдөөлөргө ылайык, билим берүүдө жасалма интелект технологияларынын рыногу жыл сайын 25%дан ашык өсүүдө, тил окутуу бул сегменттин тиешелүү үлүшүн түзөт. Бул изилдөөнүн максаты чет тилдерин үйрөнүү жаатында жасалма интеллект технологияларын өнүктүрүүнүн учурдагы абалын жана перспективаларын талдоо, алардын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин аныктоо, ошондой эле натыйжалуу ишке ашыруу стратегияларын иштеп чыгуу болуп саналат.

Тил окутууда жасалма интелект колдонуунун теориялык негиздери. Концептуалдык ыкмалар боюнча жасалма интеллектти тил үйрөнүү процессине интеграциялоо бир нече негизги түшүнүктөргө негизделген. Биринчиден, бул окутуунун адаптациялык принциби, ал окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун мазмунун жана ыкмаларын автоматтык түрдө өзгөртүүнү камсыз кылат. Экинчиден, тил компетенцияларынын өнүгүүсүнүн жекече траекториясын камсыз кылган жекече окутуу концепциясы. Когнитивдик лингвистика, психолингвистика жана нейроилимдер боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн теориялык сунуштар, алар тилдин өнүгүү процесстерин моделдөөгө жана окутуу жаатында натыйжалуу алгоритмдерди түзүүгө мүмкүндүк берет.

Технологиялык негиздер Тил үйрөнүү үчүн заманбап системалары ар кандай программаларды үйрөнүү технологияларына таянат. Терең үйрөнүү нейрон тармактары табигый тилди иштеп чыгуу, анын ичинде сөз жана текст генерациялоо үчүн колдонулат. Программаларды үйрөнүү алгоритмдери колдонуучулардын окутуу моделдерин талдайт жана билим берүү мазмунун оптималдаштырат.

Табигый тилди иштетүү (НЛП) технологиялары өзгөчө мааниге ээ, алар системаларга адамдын сөзүн түшүнүүгө жана сактоого, грамматикалык конструкцияларды жана семантикалык байланыштарды талдоого мүмкүндүк берет. Тил үйрөнүү үчүн заманбап жасалма интелект колдонмолору жана жасалма интелект функциясы менен мобилдик тиркемелер жашообузда чон роль ойнойт. Тил үйрөнүү үчүн заманбап мобилдик тиркемелер окутуунун натыйжалуулугун баалоо үчүн жасалма интеллект технологияларын жигердүү колдонот. Сөз өлчөө системалары окуучулардын айтылышын баалоо жана тез пикир менен камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Жасалма интеллект үйрөнүү алгоритмдери колдонуучунун прогрессин талдайт жана маселелердин татаалдыгын жана темасын автоматтык түрдө жөнгө салат. Интерактивдүү

көнүгүүлөр жекече окутуу темпине ылайыкташтырат, ал эми геймификация системасы үзгүлтүксүз машыгууга түрткү берет. Каалаган убакта жана каалаган жерде окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу маанилүү, бул тил билиминин жеткиликтүүлүгүн бир кыйла кеңейтет.

Адаптивдүү окутуу платформалары боюнчада айта кетсем.

Жасалма интеллект технологиялары менен веб-платформалар тил үйрөнүү үчүн комплекстүү чечимдерди камсыз кылат. Буларга толук аналитикалык прогресс, материалды тандоо үчүн сунуш системалары жана жекече окутуу пландарын автоматтык түрдө түзүү кирет. Мындай платформалардын өзгөчөлүгү - мазмундун ар кандай түрлөрүн: тексттик, аудио, видео жана интерактивдүү тапшырмаларды интеграциялоо. Алыстан өлчөө системалары студенттердин жазуу иштерин талдоого жана грамматика, лексика жана стиль боюнча пикир берүүгө мүмкүндүк берет. Жеке жасалма интеллект репетиторлору жана чат-боттору боюнча жана виртуалдык тил жардамчылар негизинде ишке ашыруу жолдору.

Чоң тил моделдеринин өнүгүшү изилденип жаткан нерселер боюнча толук кандуу диалог жүргүзүүгө жөндөмдүү виртуалдык репетиторлордун пайда болушуна алып келди. Бул системалар грамматикалык эрежелерди түшүндүрөт, котормону камсыз кылат, сүйлөшүү практикасын жүргүзөт жана колдонуучунун билимине ылайыкташа алат. Виртуалдык репетиторлордун артыкчылыгы - алардын күнү-түнү жеткиликтүүлүгү жана чексиз чыдамдуулугу. Алар эскирбейт, материалды кайталай алат жана ар бир окуучунун жекече окутуу стилине ылайыкташтырылат.

Жасалма интеллект айландыруу системасы, заманбап конверсия системалары ар кандай темалар боюнча диалог жүргүзө алат, бул сүйлөшүү көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн өзгөчө маанилүү. Алар ар кандай коммуникациялык жагдайларды моделдештире алышат: күнүмдүк баарлашуудан баштап ишкердик баарлашууга чейин.

Биздин системанын талкуунун контекстин талдоо жана убакыттын өтүшү менен координацияланган диалогду колдоо жөндөмдүүлүгү маанилүү момент. Бул реалдуу коммуникациялык сценарийлерди түзүүгө жана практикалык коммуникациялык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

Ошол менен чогуу адаптивдүү окутуу системаларын жана окутуу тажрыйбасын жекечелештирүүнүн оз алдынча оздоштуруу.

Жасалма интеллект системасынын негизги артыкчылыгы - окутууну жекечелештирүү мүмкүнчүлүгү. Жасалма интеллект үйрөнүү алгоритмдери көптөгөн параметрлерди талдайт: материалды өздөштүрүү ылдамдыгы, типтүү каталар, тапшырмалардын түрлөрүндөгү артыкчылыктар, сабактардын активдүү өткөрүүсү жана башка көп нерселер. Талдоонун мындай системасынын негизинде окуу программасы автоматтык түрдө өзгөртүлөт, материалды тез өздөштүргөн студенттер үчүн татаал тапшырма аткарылат, ал эми темаларды эске алуу менен кыйынчылыктарды эске алгандарга кошумча практика берилет. Интеллектуалдык кайтарым байланыш системасы жана заманбап жасалма интеллект системалары кыска мөөнөттө толук жана

конструктивдүү кайтарым байланышты камсыз кылат. Алар катачылыктарды гана көрсөтпөстөн, алардын пайда болушунун себептерин да түшүндүрүшөт, оңдоонун жолдорун сунуштайт, келечектүү изилдөө үчүн сунуштарды беришет.

Система катачылыктардын закономердүүлүгүн талдайт жана катышуучулардын билиминдеги системалык көйгөйлөрдү аныктайт, аларды чектөө үчүн максаттуу иш-аракеттерди колдонот. Тил үйрөнүүдө жасалма интеллектин артыкчылыктарын корсотуу. Натыйжалуулугу жана жеткиликтүүлүгү менен айырмаланган система. Тил үйрөнүүдө жасалма интеллект колдонуу бир катар маанилүү пайдаларды берет. Биринчиден, бул сапаттуу тил билиминин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат. Студенттер топтук сабактардын графигине ылайыкташуунун зарылдыгы жок ыңгайлуу убакытта жана ыңгайлуу темпте окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Экономикалык натыйжалуулук да актоо үчүн негиз болуп саналат. ИИ системалары мугалим менен жекече сабактарга салыштырмалуу алда канча арзан баада сапаттуу билим алууга мүмкүндүк берет. Индивидуалдаштыруу жана мотивация бул окутууну терең жекечелештирүү жөндөмдүүлүгү ар бир окуучунун өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет: окуу стили, когнитивдик жөндөмдүүлүктөр, мотивациялык факторлор жана турмуштук жагдайлар. Бул окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга жана тилди үйрөнбөй калуу мүмкүнчүлүгүнүн азайышына алып келет.

Мотивациянын бул деңгээлинин геймификациясы жана интерактивдүү элементтери, туруктуу күчтүү кайтарым байланыш прогрессти көрүүгө жана окутуу деңгээлин жөнгө салууга жардам берет. Чектөөлөр жана кыйынчылыктар, технологиялык чектөөлөр бул өнүгүүнүн ылдамдыгына жана натыйжалуулугуна туздон-түз таасир этүүчү факторлор.

Таасирдүү жетишкендиктерге карабастан, тил үйрөнүүдө жасалма интелект технологиялары режимдеринде чектөөлөр бар. Сөз таануу системалары ар кандай акценттер жана диалектилер менен кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн. Жасалма интеллект үчүн контекстти жана маданий сезимталдыктарды түшүнүү маанилүү бойдон кала берет.

Иштелип чыккан мазмундун сапаты дайыма эле тажрыйбалуу мугалимдер тарабынан коюлган стандарттарга жооп бере бербейт, айрыкча чыгармачылыкты же маданий терең түшүнүүнү талап кылган учурларда. Педагогикалык кыйынчылыктар бул билим берүүдө адам факторун сактоо маанилүү маселе болуп саналат. Тил окутуу грамматика жана сөз байлыгын гана үйрөтпөстөн, маданий компетенттүүлүктү, боорукердикти жана маданияттар аралык коммуникация жөндөмдүүлүгүн да өнүктүрүүнү камтыйт. Технологияга көз карандылыктын көбөйүшү өз алдынча үйрөнүү жана сын көз караш менен ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн. Чечим технологиялары менен окутуу ыкмаларынын ортосунда тең салмактуулук керек. Өнүгүүнүн перспективалары же Технологиялык инновациялар билим, изилдөө жана ишкердиктин өз ара байланышын чыңдоого жардам берет.

Тил билим берүүдө жасалма интелектин келечеги мультимодалдык системаларды өнүктүрүү менен байланыштуу, бир эле учурда текстти, сүйлөөнү, сүрөттөрдү жана жаңсоолорду иштеп чыгуу ыкмалары. Бул көбүрөөк табигый жана натыйжалуу окутуу тажрыйбаларына мүмкүндүк берет.

Технологиянын жана кошумча реалдуулуктун жетишкендиктери реалдуу тил чөйрөсүн жана маданий контексттерди түзүп, иммерсивдүү тил үйрөнүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Консервативдүү билим берүү менен интеграция. Билим берүү формаларынын өзгөрүшү менен ИИ технологияларын интеграциялоо келечектүү багыт болуп саналат. Алдыңкы интеллект менен жандуу окутуунун артыкчылыктарын айкалыштырган гибриддик моделдер оптималдуу окутуунун натыйжаларын бере алат. Өнүгүү системаларын окутуучулар жасалма интелекттин салттуу окутуунун натыйжалуулугун баалоо үчүн курал катары колдонууга мүмкүндүк беришет.

**Корутунду.** Жасалма интеллект чет тилдерди үйрөнүү ыкмаларын түп тамырынан бери өзгөртүүдө, персоналдаштыруу, автоматташтыруу жана окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууда. Заманбап жасалма интеллект колдонмолору жана виртуалдык репетиторлор жеткиликтүү жана сапаттуу тил билимин камсыз кылууда олуттуу потенциалды көрсөтүшөт.

Бирок, жасалма интеллект технологияларын ийгиликтүү интеграциялоо алардын чектөөлөрүн кылдат карап чыгууну жана технологиялык чечимдерди ырааттуу педагогикалык ыкмалар менен тең салмактуу айкалыштырууну талап кылат. Тил билиминин келечеги жасалма интеллект мугалимин толук алмаштырууда эмес, адам тажрыйбасы менен технологиялык мүмкүнчүлүктөрдүн ортосундагы синергиялык өз ара аракеттешүүнү түзүүдө. Андан аркы изилдөөлөр жасалма интеллект окутуунун узак мөөнөттүү таасирлерин изилдөөгө, операциялык билим берүүнүн сапатын баалоо методологияларын иштеп чыгууга жана жасалма интеллект билим берүү системаларында илимий маалыматтарды колдонуу үчүн бул негизди чыгарууга багытталышы керек.

**Адабият:**

1. Андреев А.А., Солдаткин В.И. Дистанциялык билим берүүдө жасалма интеллектти колдонуу. 2023. No 3. 45-62-б.
2. Белкин А.С. Технология персонализационного обучения иностранного языка с использованием ИИ. 2023. No 2. Б. 78-91.
3. Васильева О.П. Адаптивные системы в языковом образовании: теория и практика. 2024. No 1. Б. 112-128.
4. Григорьев С.Н., Петрова М.И. Эффективность применения ИИ для изучения английского языка: сравнительный анализ. 2023. No 4. Б. 23-37.
5. Дмитриев В.К. Билим берүү ИИ системаларында акча маалыматтарын колдонуунун этикалык аспектилери. 2024. No 2. Б. 67-82.
6. Чен, Л., Чжан, М. Тилди изилдөөдө жасалма интеллект: комплекстүү сереп. 2023. Т. 45, No 3. Б. 234-251.

7. Джонсон, Р., Смит, К. Искусственный интеллект негизиндеги тил колдонмолорунда окутуунун жекече ыкмалары. 2024. Т. 187. Б. 104-118.
8. Мартинес, А., Браун, Ж. Тил окутуунун келечеги: Жасалма интеллектке негизделген мугалимдер жана репетиторлор. 2023. Т. 27, No 2. Б. 89-106.
9. Сингх, П., Кумар, В. Билим берүү тиркемелеринде табигый тилди иштеп чыгуу: учурдагы абал жана келечектеги багыттар. 2024. Том 17, No 1. 45-59-б.
10. Уильямс, С., Андерсон, Т. Эффективность разговорных агентов на основе ИИ в развитии второго языка. 2023. Т. 44, No 4. Б. 567-584.

***Жумабекова Насиба Акимжановна,*** *улук окутуучу*
*Б. Осмонов атындагы ЖАМУ*
***Атакелдиева Гулнур,*** *магистрант*
*Б. Осмонов атындагы ЖАМУ*

# АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ АЯЛДАРДЫН РОЛУ АРКЫЛУУ ЗАМАН ӨЗГӨРҮШҮН ЧАГЫЛДЫРУУ

**Аннотация**

Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында аялдардын образы жана ролу аркылуу коомдун жана доордун өзгөрүшү системалуу түрдө талданат. Автордун аял кейипкерлеринин психологиялык тереңдиги, алардын үй-бүлөлүк, социалдык жана маданий чөйрөлөрдө өз ордун табышы, ошондой эле элдин каада-салттары жана коомдук стереотиптер менен кагылышуусу изилденет. Айтматовдун чыгармаларында аялдар тарыхтын, саясий жана социалдык өзгөрүүлөрдүн көз карандысыз байкоочулары жана катышуучулары катары көрүнөт. Макалада аял образы аркылуу доордун трансформациясы, анын ичинде маданий жана моралдык баалуулуктардын өзгөрүшү, коомдук аң-сезимдин жана жеке инсандык өнүгүүнүн көрүнүштөрү каралат. Ошондой эле, кыргыз улуттук менталитети жана фольклордук салттар аял образдары аркылуу замандын көрүнүшүн чагылдыруучу маанилүү фактор катары көрсөтүлөт.

**Ачкыч сөздөр:** Айтматов, аял образы, доор өзгөрүшү, кыргыз адабияты, коомдук жана маданий контекст

# ОТРАЖЕНИЕ ИЗМЕНЕНИЯ ВРЕМЁН ЧЕРЕЗ РОЛИ ЖЕНЩИН В ТВОРЧЕСТВЕ АЙТМАТОВА

**Аннотация**

В статье системно анализируется отражение изменений общества и времени через образы и роли женщин в произведениях Чингиза Айтматова. Рассматривается психологическая глубина женских персонажей, их положение в семейной, социальной и культурной среде, а также их взаимодействие с народными традициями и общественными стереотипами. Женщины в произведениях Айтматова выступают как независимые наблюдатели и активные участники исторических, политических и социальных перемен. Статья показывает, как через женские образы раскрываются процессы трансформации эпохи, изменения культурных и моральных ценностей, развитие общественного сознания и личностного становления. Особое внимание уделено национальному менталитету и фольклорным традициям кыргызского народа, которые через женские образы отражают дух времени.

**Ключевые слова:** Айтматов, женский образ, изменение эпохи, кыргызская литература, социальный и культурный контекст

# REFLECTION OF CHANGING TIMES THROUGH THE ROLES OF WOMEN IN AITMATOV’S WORKS

**Abstract**

This article provides a comprehensive analysis of how societal and temporal changes are reflected through the roles and images of women in Chingiz Aitmatov’s works. It examines the psychological depth of female characters, their positions within familial, social, and cultural contexts, as well as their interactions with folk traditions and societal stereotypes. In Aitmatov’s literature, women often appear as independent observers and active participants in historical,

political, and social transformations. The study explores how female characters portray the transformation of eras, shifts in cultural and moral values, and the development of social consciousness and personal identity. Additionally, the article emphasizes the role of Kyrgyz national mentality and folkloric traditions as crucial elements in depicting the spirit of the times through female images.
**Keywords:** Aitmatov, female image, changing times, Kyrgyz literature, social and cultural context

**Киришуу**. XX кылым – кыргыз эли үчүн коомдук, маданий жана руханий өзгөрүүлөрдүн мезгили болду. Бул доордо элдин жашоо образы, моралдык баалуулуктары жана аялдын коомдогу орду олуттуу өзгөрүүгө дуушар болду. Мына ушул өзгөрүүлөрдү терең көркөм деңгээлде сүрөттөгөн улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов өз чыгармаларында адам тагдырын мезгил менен тыгыз байланышта ачып берди. Айтматов чыгармаларындагы аял образы өзгөчө орунду ээлейт. Аял — адамдын адамдык касиетин, элдин маданий деңгээлин, руханий дүйнөсүн чагылдырган күзгү. Аял аркылуу жазуучу доорлордун алмашуусун, коомдун моралдык кыймылын жана элдин аң-сезиминдеги өзгөрүүлөрдү көрсөтөт. Ошондуктан Айтматов чыгармаларындагы аялдын ролу — бул жөн гана каармандын тагдыры эмес, бул – мезгилдин жана адамзаттын чыныгы жүзү. Айтматов ар дайым аялдын ички дүйнөсүнө өзгөчө көңүл бурат. Анын чыгармаларындагы аялдар — жөнөкөй каармандар эмес, мезгилдин, элдин жана адамдык рухтун символдору. Алар аркылуу жазуучу коомдогу социалдык, маданий жана руханий өзгөрүүлөрдү чагылдырат. Советтик доордун башында аялдардын коомдогу орду өзгөрө баштаган. Алар билимге, эмгекке, коомдук жашоого активдүү аралаша башташкан. Бирок бул өзгөрүүлөр оңой келген эмес: салт менен жаңы түшүнүктүн ортосундагы күрөш күчтүү жүргөн. Айтматов ушул карама-каршылыкты эң таасын сүрөттөп, аялдын ички дүйнөсүндөгү эркиндикке болгон умтулуусун көркөмдөп берет.

Чыңгыз Айтматовдун “Жамийла” повести – кыргыз адабиятындагы аялдын ички дүйнөсүн, анын эркиндикке жана сүйүүгө болгон умтулуусун эң терең ачкан чыгармалардын бири. Бул повесть аркылуу жазуучу замандын өзгөрүүсүн, коомдук аң-сезимдин жаңылануусун жана аялдын коомдогу ордуна болгон жаңы мамилени көркөм формада сүрөттөйт. Жамийланын образы аркылуу жазуучу салттуу коомдон жаңы доорго өтүүнүн символу катары кыргыз коомундагы аялдын жаңы тибин жараткан. Ал салттуу коомдо аялга коюлган чектөөлөргө, уят жана жоромол түшүнүктөрүнө баш ийбей, өз тагдырын өзү тандоого аракет кылат. Согуш мезгили айыл турмушундагы эркектер фронтко кетип, аялдар чарбанын негизги күчүнө айланган доор эле. Мына ошол өзгөргөн шартта аялдын коомдогу орду да өзгөрүп, өз алдынча чечим кабыл ала алган инсан катары көрүнөт. Жамийла ошол өзгөрүүнүн көркөм элеси болуп саналат.

Жамийланын сүйүүсү – жөн гана жеке сезим эмес, ал эркиндиктин символу. Ал сүйүүсүн коомдук көз караштарга, салттын катуулугуна карабай тандап, өз жүрөгүнүн үнүн угат. Жазуучу бул аркылуу советтик доордун адамдын ички дүйнөсүн бошотуу, жеке инсан катары баалоо деген идеяларын

да чагылдырат. Жамийланын Садыкка эмес, Даниярга болгон сүйүүсү – бул адамдык рухтун жаңыланышы, эркиндикке карай кадам. Айтматов “Жамийла” аркылуу доордун сырткы эмес, ички, руханий өзгөрүшүн көрсөтөт. Согуш мезгили адамдардын турмушунда жаңы жоопкерчилик, жаңы баалуулуктарды алып келген.

Жамийланын образы ошол өзгөргөн мезгилде аялдын коомдогу, үй-бүлөдөгү, адамзаттык деңгээлдеги орду жогорулаганын айгинелейт. Ал өз сүйүүсүн коргоп, өз тагдырын өзү чечкен аял катары жаңы замандын өкүлү болуп калат. Айтматовдун философиясы – аял аркылуу доорду түшүндүрүү жана аялды доордун күзгүсү катары көрсөтөт. Жамийланын эр жүрөк, өзүн-өзү түшүнгөн жана сүйүү үчүн күрөшкөн мүнөзү – советтик доордун жаңы идеалдарына шайкеш келет: жеке эркиндик, адамдын ички дүйнөсүнө урмат, сезимдин чынчылдыгы. Ошентип, жазуучу Жамийла аркылуу кыргыз айылындагы салттуу турмуштун жаңылануусун, аялдын социалдык жана руханий эркиндигинин өсүшүн, замандын жаңы инсанын жаратканын көрсөтөт. Жамийланын образы – өз мезгилинин жаңылануу духун алып жүргөн аялдын элеси. Ал аркылуу Чыңгыз Айтматов замандын өзгөрүшүн, аялдын коомдогу жаңы ордун жана адамдын руханий дүйнөсүнүн эркиндикке умтулуусун терең чагылдырат. Жамийла салт менен жаңы замандын ортосундагы көпүрө сыяктуу — өткөндүн моралдык баалуулуктарын сактап, ошол эле учурда эркиндикке, чынчылдыкка жана сүйүүгө негизделген жаңы доордун символуна айланганын мындай деп жазат: “Жамийла күлгөндө бүт айыл жарык болуп кетчүдөй сезилчү”. Бул саптар аялдын ички жарыгын, анын жашоого болгон сүйүүсүн жана руханий эркиндигин көрсөтөт. Жамийла – жаңы доордун символу, эркиндиктин, адамдык теңдиктин көркөм образы. Айтматовдун бардык чыгармаларында аялдын башкы миссиясы – адамдык баалуулуктарды сактоо. Ал энелик, сүйүү, кечиримдүүлүк жана ишеним аркылуу адамзаттын моралдык негизин бекемдейт. Мисалы, “Гүлсарат” чыгармасында Танабайдын жубайы Жайда, “Саманчынын жолу” повестиндеги Толгоной – доорлор өзгөрсө да, элдин рухун сактаган энелердин символу. Толгонойдун тагдыры согуштун, жоготуунун жана азаптын күзгүсү. адамдын сабырын жана үмүтүн көрсөтөт. Ал «аялдын тагдыры – элдин тагдыры» деген Айтматовдук философиянын негизин түзөт.

Толгонайдын образы – кыргыз адабиятындагы эң ыйык, эң таасирдүү эне образдарынын бири. Толгонай – өмүр бою эмгек менен жашаган, эл-жерге кызмат кылган, бирок согуштун кайгысын көтөргөн аял. Ал балдарын жоготот, бирок өмүргө ишенимин жоготпойт. Толгонайдын образы аркылуу жазуучу аялдын сабырын, чыдамкайлыгын жана энелик сүйүүнүн күчүн көрсөтөт. Ал өз кайгысын элдин кайгысындай кабыл алып, улуттук энелик символго айланган. Айтматов Толгонайдын сөзүндө мындай дейт: “Менин жүрөгүмдө өчпөгөн от бар, ошол от – элге болгон сүйүү, жерге болгон ишеним.” Бул саптар анын руханий бийиктигин көрсөтөт. Толгонай – өткөн доордун өкүлү болгону менен, анын дүйнө таанымы жаңы заманга шайкеш келет. Ал өмүрдүн маңызын, адамдык ишенимди жоготпойт.

Айтматов чыгармаларында аялдардын образы ар түрдүү мүнөздө жана тагдырда чагылдырылат. Алардын ар бири аркылуу жазуучу турмуштун ар башка жактарын, коомдук көйгөйлөрдү жана руханий издөө процесстерин ачат. Айтматовдун каармандары – өткөн менен азыркынын, эски менен жаңылардын ортосундагы карама-каршылыктын борборунда турган аялдар. Мисалы, “Биринчи мугалим” повестиндеги Алтынайдын образы – билим аркылуу эркиндикке умтулган аялдын жаңы доордогу символу. Ал Совет доорунун жаңы идеалдары болгон – теңдик, билим жана инсандык өнүгүүнү чагылдырат. Ал эми анын мугалими Дүйшөн – ошол өзгөрүүнүн жол көрсөткүчү. Ошол эле учурда, “Кылым карытар бир күн” романындагы Найман-Эне образы – салттуу дүйнөнүн акылмандыгын жана адамдык баалуулуктардын түбөлүктүүлүгүн сактаган образ. Ал доорлор өзгөрсө да, адамдын жүрөгүндөгү эненин мээрими түбөлүктүү экенин символдоштурат. Айтматов аял образы аркылуу адамдын ички дүйнөсүн философиялык деңгээлге көтөрөт. Аял анын чыгармаларында сүйүүнүн, тазалыктын, руханий жаңылануунун символу. Ошол эле учурда аялдын кайгысы – адамзаттын кайгысы, анын тагдыры – элдин тагдыры.

Модернизация — бул коомдун экономикалык, социалдык жана маданий жактан жаңылануусу, жаңы баалуулуктардын калыптанышы, технологиянын өнүгүшү менен бирге адамдын дүйнөгө жана өзүнө болгон мамилесинин өзгөрүшү. Айтматовдун чыгармаларында бул процесс сырткы прогресс менен ички руханий дүйнөнүн карама-каршылыгы катары чагылдырылат. Техникалык жана социалдык өнүгүү адамдын руханий дүйнөсүн байытпай, тескерисинче, көп учурда анын адамдык маңызынан алыстап кетишине алып келерин жазуучу терең философиялык деңгээлде сүрөттөйт. Айтматов үчүн негизги суроо: адам кантип адам бойдон кала алат? Модернизация шартында материалдык баалуулуктар үстөмдүк кылып, адамдын ички дүйнөсү унутулуп бара жаткан учурда жазуучу адамдын руханий өзөгүн сактап калуу маселесин көтөрөт. Мисалы: “Кыямат” (1986) романында — адамдын табият менен байланышы үзүлүп, техниканын үстөмдүгү күчөп, адам өз “тамырынан” ажырап баратканын көрсөтөт. Авдий Каллистратов сыяктуу каармандар руханий чындыкты издеп, коомдук жалгандыкка каршы чыгышат. Бул — руханий жаңыланууну издөөнүн көркөм чагылышы.

Ал эми “Кылым карытар бир күн” (1980) чыгармасында — Едигей сыяктуу каармандар цивилизациянын жана илимдин өнүгүшү алдында адамдык адеп, ишеним жана рухтун түбөлүктүүлүгүн сактоого аракет кылышат. Айтматов бул чыгармаларында адамдын өз маңызын, руханий башатын кайра табууга болгон күрөшүн философиялык деңгээлде көрсөтөт.

“Кыямат” романындагы Бубусара — технократиялык, жасалма дүйнөдө жашап, бирок өзүн адам катары сактап калууга аракет кылган аялдын образы. Ал руханий боштукка каршы турган, табиятка жана адамдык баалуулуктарга жакын образ катары берилет.

Айтматовдун философиясында адамдын руханий изденүүсү — бул цивилизация менен табияттын ортосундагы жоголгон тең салмактуулукту

калыбына келтирүү. Адам илимге, техниканын күчүнө ишенип, табиятты баш ийдирүүгө умтулган сайын, ал өзүнүн руханий маңызынан алыстап жатат. Мисалы, “Кыяматта” киттердин кырылышы — адамзаттын руханий өлүмүнүн символу. Ал эми Бубусара жана Авдий — адамдын адамдык абийирин сактап калуу үчүн болгон акыркы күрөшүн билдирет. Айтматов бул жерде адамдын руханий куткарылышы мүмкүн экенин көрсөтөт, бирок ал жаратылышты жана адамдык мээримди түшүнүү аркылуу гана ишке ашат.

Жазуучу бардык чыгармаларында бир жалпы ойго келет: Адамдын келечеги — анын руханий дүйнөсүн сактоого, адамдык сапаттарын жоготпой, ички чындыгына кайтууга байланыштуу. Аял образы бул процессте өзгөчө орунда турат, анткени аял — жашоонун, сүйүүнүн, жаратылыштын жана рухтун башаты. Аялдын ички тазалыгы — адамзаттын руханий тиреги. Айтматов модернизация доорунда адамзаттын техникалык өнүгүүсү менен кошо руханий кризиске кабылганын көркөм-символдук формада сүрөттөйт. Ал адамдын жана аялдын руханий изденүүсүн — адамдык түпкү маңызга кайтуу, табият менен гармонияны издөө жана адамдын руханий эркиндигин сактоо күрөшү катары түшүндүрөт. Жазуучунун философиясы жөнөкөй эмес: ал модернизациянын өзү жаман эмес экенин, бирок адам руху менен прогресс ортосундагы тең салмак бузулганда, адамзат коркунучка кабыларын эскертет Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы аялдардын образдары — бул доорлордун, идеялардын жана руханий дүйнөлөрдүн ортосундагы көпүрө. Аял аркылуу жазуучу коомдун өнүгүүсүн, элдин тагдырын жана адамдын ички дүйнөсүнүн өзгөрүшүн көрсөтөт. Айтматов аялдын тагдырын көрсөтүү менен адамдын руханий тазалыгын, моралдык жоопкерчилигин жана адамзаттын келечегине болгон ишенимин чагылдырат. Демек, анын чыгармаларындагы аялдын образы – бул мезгилдин жүрөгү, адамдын абийири жана коомдун руханий абалынын чыныгы көрсөткүчү.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Айтматов Ч. «Жамийла». – Фрунзе: Кыргызстан, 1969.
2. Айтматов Ч. «Саманчынын жолу». – Фрунзе: Кыргызстан, 1972.
3. Айтматов Ч. «Биринчи мугалим». – Москва: Художественная литература, 1965.
4. Жумабаева Г. «Чыңгыз Айтматов жана кыргыз аял образы». – Бишкек: БГУ, 2010.
5. Токомбаева Н. «Айтматов чыгармаларындагы адам жана коом маселеси». – Бишкек: КТУ, 2015.
6. Абдыкеримова А. «Кыргыз прозасындагы аял тагдырынын көркөм чечмелөөсү». – Бишкек, 2018.
7. Мамбетакунова С. «Айтматовдун философиялык дүйнөтаанымы». – Бишкек, 2020.
8. Айтматов, Ч. Кылым карытар бир күн. – Бишкек: «Кыргызстан», 1981.
9. Айтматов, Ч. Кыямат. – Бишкек: «Кыргызстан», 1986.
10. Абдрахманов, А. Чыңгыз Айтматовдун философиялык көркөм дүйнөсү. – Бишкек: КР УИА, 2008.
11. Жумакунов, Т. Айтматовдун чыгармаларындагы руханий проблематика. // Кыргыз филологиясынын маселелери, №4, 2015. – 45–58-б.
12. Мамбетакунова, А. Аял образы Айтматовдун чыгармаларында. – Бишкек: ЖАМУ басмасы, 2019.

13. Касымбекова, Р. Чыңгыз Айтматов жана адамдын руханий дүйнөсү. – Бишкек: “Илим”, 2006.
14. Бегалиева, Г. Айтматовдук адам концепциясы жана заман көйгөйү. // Кыргыз маданияты жана заман, №2, 2012. – 27–35-б.
15. Ким, Л. Философия Айтматова: человек, время и мир. – Москва: Наука, 1990.
16. Ганиева, Ш. Женские образы в творчестве Чингиза Айтматова. // Вопросы литературы, №7, 1988. – 102–110.

**УДК 37.013:42**

***Аскарова Г.М.,** окутуучу*
***Амиракулова Н.Н.,** окутуучу*
*ОШМПУ*

# ОКУУЧУЛАРДЫН ООЗЕКИ КЕБИН ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА АДАБИЙ ТИЛГЕ КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Аннотация**

Бул макалада окуучулардын оозеки кебин өнүктүрүү жана адабий тилге калыптандыруунун эффективдүү методдору каралат. Мугалимдин жоопкерчилиги, логикалык оюн көнүгүүлөрү жана жаңы келген окуучулардын сөздүк фондун кеңейтүү негизги багыттар катары белгиленет. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, системалуу жана пландалган көнүгүүлөр окуучулардын ой жүгүртүүсүн, сөз байлыгын жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн жакшыртат. Макалада практикалык мисалдар, диалогдор жана роль оюндар аркылуу сабакта оозеки кепти өркүндөтүүнүн жолдору сунушталат. Мындан тышкары, методикалык сунуштар окуучунун активдүүлүгүн жогорулатуу, ой-пикирин логикалык байланыш менен билдирүүсүнө, сабакка кызыгуусун арттырууга жана билим алуусуна даяр болууга шарт түзөт.

**Ачкыч сөздөр:** оозеки кеп, адабий тил, окуучу, логикалык оюн, сөз байлыгы, коммуникативдик компетенция, мугалим, роль оюну, диалог, сабак

# РАЗВИТИЕ УСТНОЙ РЕЧИ УЧАЩИХСЯ И ФОРМИРОВАНИЕ ЛИТЕРАТУРНОГО ЯЗЫКА

**Аннотация**

В статье рассматриваются эффективные методы развития устной речи учащихся и формирования литературного языка. Выделяются основные направления: ответственность учителя, логические игровые упражнения и расширение словарного запаса новых учеников. Исследования показывают, что систематические и планируемые упражнения улучшают мышление, словарный запас и коммуникативные компетенции учащихся. В статье предлагаются практические примеры, диалоги и ролевые игры для развития устной речи на уроках. Методические рекомендации способствуют повышению активности учащихся, логическому выражению мыслей, увеличению интереса к занятиям и подготовке к образовательному процессу.

**Ключевые слова:** устная речь, литературный язык, ученик, логическая игра, словарный запас, коммуникативная компетенция, учитель, ролевая игра, диалог, урок

# DEVELOPMENT OF STUDENTS' ORAL SPEECH AND FORMATION OF LITERARY LANGUAGE

**Annotation**

This article explores effective methods for developing students' oral speech and forming literary language. Key directions include teacher responsibility, logical game exercises, and expanding the vocabulary of new students. Research shows that systematic and planned exercises improve students' thinking, vocabulary, and communicative competencies. The article provides practical examples, dialogues, and role-playing activities to enhance oral speech in lessons. Methodological recommendations help increase students' engagement, enable logical expression of ideas, boost interest in lessons, and prepare them for the learning process.

**Keywords:** oral speech, literary language, student, logical game, vocabulary, communicative competence, teacher, role play, dialogue, lesson.

**Киришүү.** Оозеки кеп — адамдын ой жүгүртүүсүн, маданиятын жана коммуникативдик жөндөмүн чагылдыруучу негизги аспекти болуп саналат. Кыргыз тили сабактарында окуучулардын оозеки кебин өнүктүрүү жана аларды адабий тил менен калыптандыруу мугалимдин жоопкерчилигинин негизги бөлүгү болуп эсептелет. Бул процесс системалуу түрдө, ар бир сабакта туруктуу жүргүзүлүп, окуучунун өз эне тилинде сабаттуу, логикалык ой жүгүртүүсү менен сүйлөй алуусуна шарт түзөт [5,69].

Кыргыз тили сабагы — окуучунун оозеки кеп аркылуу ой жүгүртүүсүн, коммуникативдик жөндөмүн калыптандырууда негизги аянтча болуп саналат. Ошондуктан, жогоруда белгиленгендей, ар бир сабакта окуучулардын оозеки сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүү менен катар, алардын логикалык ой жүгүртүүсүнө да өзгөчө көңүл буруу зарыл. Бул багытта окутуунун мазмуну окуучуну бир гана грамматикалык же лексикалык билим менен эмес, терең ойлонууга, суроо коюуга, жооп издөөчү, жигердүү жаран болуп калыптанышына багытталышы керек. Ошондой эле оозеки жана жазуу речин калыптандыруу менен катар, балдардын тилге болгон мамилесин, улуттук аң-сезимин, сүйлөө маданиятын жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү да маанилүү багыттардын бири болуп саналат. Бул максаттарга жетиш үчүн мугалим ар бир сабакты окуучунун кызыгуусун арттыра турган ыкмаларды тандап, окутууну жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырып өткөрүүгө тийиш. Кыргыз тилинин бай сөздүгүн, макал-лакаптарды, көркөм чыгармаларды колдонуу аркылуу окуучунун тилге болгон кызыгуусун арттырып, оюн эркин жана так айтууга үйрөтүү мүмкүнчүлүгү жаралат. Ошондой эле сабактарда сынчыл ой жүгүртүү, анализдөө,талдоо, талкуу, жыйынтык чыгаруу көндүмдөрүн өнүктүрүү — тилди үйрөтүүнүн гана эмес, турмуштук жана интеллектуалдык компетенцияларды да калыптандыруу экенин көрсөтөт.

Мугалим ар бир сабакты жигердүү талкуу, суроо-жооп, пикир алмашуу аркылуу уюштурганда гана окуучу өз оюн так, жүйөөлүү жана эркин айтууга үйрөнөт. Ушундай шарттарда гана окуучу логикалык байланышты кармаган, маанилүү оюн айта алган, коммуникациялык компетенттүү инсан катары калыптанат. Мугалимдин ролу жана жоопкерчилиги дал ушул процессте чоң мааниге ээ. Мугалим окуучунун оозеки кебин жана адабий тилде сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүүдө системалуу пландоо жүргүзүп, сабактын мазмунуна ылайык көнүгүүлөрдү иштеп чыгат. Бул көнүгүүлөр окуучунун сөз байлыгын кеңейтүүдө, ой жүгүртүүсүн өркүндөтүүдө жана сүйлөмдөрдү логикалык байланышта колдонууга багытталган.

Демек, азыркы билим берүү шартында мугалим жөн гана сабак өтүүчү эмес, окуучунун потенциалын ачып, алардын тилдик жана ойломдук жөндөмдөрүн калыптандыруучу негизги фигура болуп эсептелет. Ар бир сабакта пикир алышууга, талкууга, жандуу диалогго мүмкүнчүлүк түзүү — окуучуну жигердүү катышуучу гана эмес, маалыматты кабыл алып, аны кайра иштеп, оюн айтууга жөндөмдүү инсан катары тарбиялоонун маанилүү бөлүгү. Мугалимдин туура ыкмалары окуучунун тилге болгон кызыгуусун арттырып,

алардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүнө да түрткү берет. Окуучулардын тил өнүгүүсүндө мугалимдин туура ыкмаларын колдонушу — натыйжалуу билим берүүнүн өзөгү болуп саналат. Мектепке жаңы келген баланын сөздүк запасы аз болот. Ошондуктан бала өз оюн көргөнүндөй же укканындай кылып айтып бере албайт. Ошон үчүн баланын мектепке келген күнүнөн тартып, анын сүйлөө речин өстүрүүнүн үстүндө көптөгөн көнүгүүлөр жүргүзүлөт. Сабатка үйрөтүү сабактарында жүргүзүлүүчү сөздүк жумуштары окуучулардын сүйлөө речин өстүрүүгө чоң жардам берет.[2,58]

Мектепке жаңы келген окуучулардын сөздүк запасы, адатта, чектелүү болот. Бул алардын айлана-чөйрөдө болгон көрүнүштөрдү же уккан маалыматтарды толук жана так түрдө айтып берүү жөндөмүн чектейт. Ошондуктан башталгыч класстын мугалимдери окуучулардын сүйлөө речин өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурушу зарыл. Окуучунун тилдик жөндөмүн калыптандыруу жана сөз байлыгын кеңейтүү — билим берүүнүн баштапкы баскычындагы негизги милдеттердин бири болуп саналат. Сабатка үйрөтүү сабактарында жүргүзүлүүчү сөздүк иштер, мисалы, жаңы сөздөр менен тааныштыруу, аларды сүйлөм ичинде колдонуу, сүрөттүн негизинде аңгеме түзүү, суроо-жооп аркылуу ой жүгүртүүнү активдештирүү сыяктуу көнүгүүлөр окуучулардын тилдик активдүүлүгүн арттырат. Мындай иш-аракеттер натыйжасында баланын сөздүк запасы байып, оюн эркин жана так жеткире билүү жөндөмү өнүгөт. Демек, сөздүк иштер башталгыч класстагы ар бир сабактын маанилүү бөлүгү болуп, окуучунун жалпы тил маданиятын жана ой жүгүртүү жөндөмүн калыптандырууга өбөлгө түзөт. Айрыкча жаңы мектеп босогосун аттаган окуучулар үчүн бул өтө маанилүү. Себеби бул этапта алардын сөздүк фонду чектелүү болот жана өз оюн жеткиликтүү билдирүүдө кыйналышы мүмкүн. Мугалим дал ушул учурда окуучунун тилдик деңгээлине жараша жөнөкөй, түшүнүктүү жана күнүмдүк турмуштан алынган сөздөрдү сунуштап, алар аркылуу сүйлөм түзүү көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган иш-аракеттерди уюштурат. Мисалы, "Мен бакчага бардым", "Мен китеп окуп жатам" сыяктуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү окутуу, түздүрүү аркылуу окуучу сүйлөмдүн түзүлүшүн түшүнүп, оюн айтуу көндүмүн өөрчүтө баштайт. Мындан тышкары, мугалим сүйлөмдөрдү кеңейтүү, себеп-натыйжа байланышын түзүү, логикалык ой жүгүртүү сыяктуу ыкмаларды да кошо колдонсо, окуучунун тил менен иштөө жөндөмү кыйла жогорулайт.

Мисалы, Мен бакчада ойнодум, анткени күн жылуу эле. Күз менен жаз мезгилдерине салыштырмалуу, кыш көбүрөөк суук болот. Бул этапта окуучу жөн гана сүйлөм айтуу менен чектелбестен, логикалык байланыштарды түзүп, оюун негиздеп айтууга үйрөнөт. Бул — аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүүнүн пайдубалы болуп саналат. Кийинки деңгээлде окуучу абстракттуу темаларды да өздөштүрө баштайт. Адабий тилде сүйлөө, ойду көркөм жеткирүү, салыштыруу, сүрөттөө ыкмалары колдонулат. Мисалы:

– Менин сүйүктүү жерим — тоо, анткени ал таза аба жана кооз көрүнүштөр менен толгон.

Ошентип, мугалимдин туура тандаган методдору, өз убагында берилген тапшырмалар жана сөз байлыгын кеңейтүүгө багытталган көнүгүүлөр — окуучунун тил өнүгүүсүнө, логикалык ой жүгүртүүсүнө, чыгармачыл изденүүсүнө жана өз оюн так, түшүнүктүү айтуусуна өбөлгө түзөт жана окуучунун ойлоо жөндөмүн активдештирип, пикир айтуудагы тактыкты, ырааттуулукту жана жүйөлүүлүктү калыптандырат. Ошондой эле, бул көнүгүүлөр сүйлөмдөрдү байланыштыруу, себеп-натыйжаларды аныктоо жана өз оюн толук жеткирүү сыяктуу көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган. Натыйжада, окуучу жөнөкөй сүйлөм түзүүдөн баштап, татаал, мазмундуу жана логикалык байланыштуу тексттерди түзүүгө өтөт.

Бул процесс окутууну системалуу жүргүзүү менен мугалимге ар бир окуучунун өзгөчөлүгүн эске алуу, жекече мамиле жасоо жана окутуунун натыйжалуулугун арттыруу мүмкүнчүлүгүн берет. Ар бир бала өзүнүн жөндөмүнө, кабыл алуу ылдамдыгына жана кызыгуусуна жараша иш алып барууга шарт түзүлөт. Мындай ыкма окуу процессин жандандырып, билим берүүнүн сапатын жогорулатат. Мугалимдин негизги максаты – окуучунун жеке потенциалын ачуу, өз алдынча ой жүгүртүүгө, анализ жүргүзүүгө жана тыянак чыгарууга үйрөтүү. Ошондуктан окутуу процессинде окуучунун активдүү катышуусу, пикир айтуу жана талкууга катышуу жөндөмдөрү өнүгөт. Бул – жогорку жыйынтык көрсөтүүнүн маанилүү шарттарынын бири болуп саналат. Мындай иш-аракеттердин натыйжасы окуучунун ойлоо жөндөмүн активдештирип, пикир айтуудагы тактыкты, ырааттуулукту жана жүйөлүүлүктү калыптандырат. Ошондой эле, бул көнүгүүлөр сүйлөмдөрдү байланыштыруу, себеп-натыйжаларды аныктоо жана өз оюн толук жеткирүү сыяктуу көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган. Натыйжада, окуучу жөнөкөй сүйлөм түзүүдөн баштап, татаал, мазмундуу жана логикалык байланыштуу тексттерди түзүүгө өтөт. Натыйжада, окуучунун билим сапаты жогорулап, илимий түшүнүктөрдү өздөштүрүү деңгээли бекемделет. Ал өз оюн так жана жүйөлүү айтууга, далилдер менен иштөөгө көнүгөт. Мунун бардыгы окуу процессинде системалуу иш алып баруунун, ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө багытталган окутуунун маанилүүлүгүн тастыктайт. Демек, натыйжалуу окутуунун маанилүү багыттарынын бири — бул окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү болуп саналат. Логикалык ой жүгүртүү окуучулардын акыл-эсинин өнүгүүсүн камсыздап, аларды илимий түшүнүктөрдү терең өздөштүрүүгө жетелейт.

Логикалык оюн көнүгүүлөрү окуучулардын кызыгуусун арттырып, ой жүгүртүүсүн активдештирет. Сабактарда системалуу жана туура пландаштырылган көнүгүүлөр окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүүгө жана оозеки кебди өнүктүрүүгө жардам берет [2,51]. Мындай көнүгүүлөрдү окутуу процессине максаттуу түрдө киргизүү окуучулардын аналитикалык жана критикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ. Мындан тышкары, логикалык тапшырмалар окуучуларды өз алдынча ой жүгүртүүгө, салыштыруу, жыйынтык чыгаруу жана себеп-натыйжа байланышын аныктоого үйрөтөт. Бул процесс окуучулардын когнитивдик активдүүлүгүн

жогорулатып, интеллектуалдык потенциалын өрчүтөт. Ошондой эле, логикалык оюн көнүгүүлөрү тил үйрөнүүдө окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө, пикир алмашуу жана өз оюн так, жүйөөлүү билдирүү көндүмдөрүн калыптандырууга жардам берет жана бул көнүгүүлөрдү системалуу колдонуу билим берүү процессинин натыйжалуулугун арттырып, окуучулардын ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмүн жана тилдик өнүгүүсүн камсыз кылат. Айтылган ойлорду бекемдөө үчүн төмөндөгүдөй мисалдарды келтирсек болот:

1. Сүйлөмдөрдү толтуруңуз – мугалим сүйлөмдүн башын берет, окуучу аны логикалык жана туура формада улантат. Бул көнүгүү окуучуга сүйлөм түзүүнү үйрөтүп, ой жүгүртүүнү өнүктүрөт.

2. Сөз табышмактар жана кроссворддор – окуучулар сөздөрдүн маанисин түшүнүп, лексикалык байлыгын кеңейтет. Бул көнүгүү сөздү туура колдонууга жана сөздөрдүн маанисин терең түшүнүүгө үйрөтөт.

3.Терең мисал (бул мисалды кенен түшүндүрүү)- "Менин сүйүктүү жумушум" темасында диалог түзүү көнүгүүсү. Мугалим окуучуга сурак берип баштайт: -Сиз мектепке келдиңиз, бүгүн кандай жумуш кылдыңыз? Окуучу жооп берип, сүйлөмдөрдү толтурат: -Мен мектепке келдим, досума жардам бердим, китеп окуп, сүрөт тарттым. Бул көнүгүү окуучуга:

- Сүйлөм түзүүнү үйрөтөт,
- Лексикалык байлыгын кеңейтет,
- Ой жүгүртүүнү жана логикалык байланышты өнүктүрөт,

Бул ыкмалар менен сабак активдүү, кызыктуу жана таасирдүү өтөт. Мисалдарды бир гана окуучунун өз тажрыйбасы аркылуу көрсөтүү терең түшүнүк берүүгө жардам берет жана окуучунун ойду логикалык билдирүүгө, сабакка активдүү катышууга жана келечектеги билим алуусуна даяр болууга өбөлгө түзөт. Жогоруда келтирилген аракеттер — мугалимдин системалуу аракеттери, логикалык оюн көнүгүүлөрү жана жаңы келген окуучулардын сөздүк фондун өнүктүрүү — окуучулардын оозеки кебин өнүктүрүүнүн негизги багыттарын түзөт.

Педагогикалык сунуштар:

1. Ар бир сабакта логикалык оюн көнүгүүлөрүн колдонуу;
2. Сөздүк жумуштарды системалуу жүргүзүү;
3. Окуучуларды адабий тилде сүйлөөгө жана ойду логикалык байланыш менен билдирүүгө үйрөтүү;
4. Практикалык мисалдар жана роль оюндар аркылуу окуучунун активдүүлүгүн жана мотивациясын жогорулатуу.

Заманбап билим берүү процесси окуучунун ой жүгүртүүсүн, тил байлыгын жана чыгармачыл активдүүлүгүн ар тараптуу өнүктүрүүнү талап кылат. Мугалим бул багытта сабакты уюштурууда логикалык көнүгүүлөрдү, сөздүк иштерди жана адабий тилде ой билдирүүгө багытталган тапшырмаларды кеңири колдонуусу зарыл. Ошондой эле, окуучунун кызыгуусун арттыруу үчүн практикалык мисалдарга жана роль оюндарга

негизделген ыкмалар натыйжалуу экендиги байкалууда. Бул сунуштар окуу процессин жандандырып, билимдин сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

**Адабияттар:**

1.Мадаминов Г., Батыров К. « Ой өрүшү-кругозовор» Б-2017
2.Осекова Т.К., Көлбаева Г.И. « Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун усулу»
3.Рысбаев С.К. « Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш» Б-2014
4.Рысбаев С.К, «Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги» Б-2014
5.Тагаева З. «Байланыштуу кепти окутуу методикасы» Ош-2007

***Тажибаева Жаркын Кадыркуловна,*** *п.и.к., доцент*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН ОКУТУУДА ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК БААРЛАШУУНУН ТААСИРИ

**Аннотация**

Макала башталгыч класстын окуучуларын окутууда педагогикалык жөндөмдүүлүк жана педагогикалык баарлашуунун таасири боюнча маселеге арналган. Замандын талабына ылайык жаштарды тарбиялык идеяларды берген чыгармалар менен ар тараптан калыптандыруу. Көркөм чыгармаларды окуу аркылуу адам инсандык баалуу сапаттарын көрсөтүүсү. Кыз балдарга билим берүү менен бирге эле, үй тиричилигине керектүү уздук өнөлөрдү, сын сыпаттуу, сабырдуу, акыл эстүү, шамдагай, каада салтты баалай билүү кыз баланы тарбиялоо идеясы берилген.

**Түйүндүү сөздөр**: педагог, башталгыч класс окуучусу, таалим – тарбия, жүрүм-турум, улуттук нарк – насил, баалуулуктар.

# ВЛИЯНИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО МАСТЕРСТВА И ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ОБЩЕНИЯ НА ОБУЧЕНИЕ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ

**Аннотация**

Статья посвящена вопросу влияния педагогического мастерства и педагогического общения на обучение учащихся начальной школы. В соответствии с требованиями времени, всестороннее формирование молодежи посредством произведений, несущих воспитательные идеи, направлено на раскрытие ценных человеческих качеств через чтение художественных произведений. Наряду с воспитанием девочек, рассматривается идея воспитания в них способности переносить трудности, связанные с домашним хозяйством, критического мышления, терпения, сообразительности, сообразительности, умения ценить традиции и обычаи.

**Ключевые слова:** учитель, учащийся начальной школы, воспитание, поведение, национальные ценности – родословная, ценности.

# THE IMPACT OF TEACHING EXCELLENCE AND PEDAGOGICAL COMMUNICATION ON PRIMARY SCHOOL STUDENT LEARNING

**Abstract**

This article examines the impact of teaching excellence and pedagogical communication on primary school student learning. In line with the demands of the times, the comprehensive development of young people through works of educational value is aimed at revealing valuable human qualities through the reading of fiction. Along with the education of girls, the idea of cultivating in them the ability to endure difficulties associated with housework, critical thinking, patience, intelligence, resourcefulness, and the ability to appreciate traditions and customs is considered.

**Keywords:** teacher, primary school student, education, behavior, national values – family tree, values.

**Киришуу.** Замандын талабына ылайык жаштарды тарбиялык идеяларды берген чыгармалар менен ар тараптан калыптандыруу бүгүнкү күндүн негизги

милдети де эсептейм. Адам баласынын инсан катары калыптанышында улуттук өнүгүүнү, улуттун тилин, дилин, салттык, нарктуулук сапаттарды үйрөнүү менен биздин келечек муундарыбыз ыйманга сугарылган адам болот деген идеянын болушу зарыл. Кыргыз элинин элдик казыналардын мекени катары башкаларга окшобогон өзүнө таандык табылгаларын, мурастарын дүйнөгө тааныттууга убакыт келгенин мезгил өзү тастыктап турат. Бүгүнкү күндөгү коомдо кездешип жаткан жаш муундардын катасы улуу муундардын айтып бүткүс катасы, кемчилиги болмокчу. Анткени, өткөөл мезгилдерде ар бир кыргыз баласы канына сиңген салттарды бузбай колдонуп, улуттук касиетти баалап, элдин талабын өзүнөн жогору койгондуктан, улуттук баалуулуктар бүгүнкү күнгө чейин сакталып келүүдө . Байыртадан бери эле элибиз ооз эки чыгармада болобу, көркөм чыгармаларда болобу, элдик казыналарда болсо да каада сал үрп адаттарыбыз, тарбиялык идеялар чагылдырылып келген. Элибиз кыз балдарга билим берүү менен бирге эле, үй тиричилигине керектүү уздук өнөлөрдү, сын сыпаттуу, сабырдуу, акыл эстүү, шамдагай, каада салтты баалай билген кыз баланы тарбиялоо идеясын колдоп келишкен. Ал эми эркек баланы мекенчилдикке,ат үстүндө шамалдай шайдооттукка, жоокерчиликке, дыйканчылык менен багбанчылыкка, жоопкерчиликтүү ата болууга, үй-бүлөнү сактай билүүгө тарбиялашкан. Бүгүнкү күндө өз тилин билбей, жети атасын тааныбаган, каада салт мындай турсун тегин жакшы түшүнбөгөн жаңы муун келип чыгуу коркунучунан сак болуубуз зарыл. Мектеп партасынан эле тарбиянын үрөнүн берип элдик каада салт, тилибиз менен баалуу байлыктарыбызды үйрөтүү үчүн жазуучуларыбыздын көркөм чыгармаларын кызыктуу, жеткиликтүү деңгээлде окутуп алардын жан дүйнөсүнө тарбиянын азыгын беришибиз зарыл. Белгилүү жазуучу залкар инсаныбыз Ч.Айтматовдун ар бир чыгармаларына маани берсек, чыгармадагы каармандардын адамгерчилик сапаттары аркылуу да балдарды тарбиялай алабыз. Мисалы, “Ак кеме” повестинде жети жашар баланын ой-кыялы, назик сезими,бийик ишеними, бул дүйнөнүн арам ыплас иштеринен али бейкапар ички дүйнөсү бийик адамгерчиликтин, гумандуулуктун, даанышмандык сапаттардын башатын көрсөтөт. Повесттеги баланын учкул кыялдары, ой - тилектери, турмушту аз аздан тааный баштаган түшүнүктөрү өзүн курчап турган айлана чөйрө менен шартталган. Жазуучунун өзүнүн айтканына караганда “Ак кеме” повестинде  Бугу эне жөнүндөгү жомокту концепция катары пайдаланып, элдик оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрүн колдонуу менен бир эле учурда таалим тарбиялык жана экологиялык проблемаларды жалпы адамзаттык маселе катары көтөрүп чыгат. Чыгармадагы Бугу-эне адам баласынын өмүрүн узартуучу, адам тукумун андан ары улантуучу катары бекеринен сүрөттөлүп жаткан жок, тактап айтканда Мүйүздүү Бугу-эне жакшылыктын, тынчтыктын, тукумдан тукумга улантуучулуктун, гумандуулуктун символу катары каралып келген. Мүйүздүү Бугу-эне капысынан кол салган душмандардан кырылган кыргыз элинин тукумун уласын деп Майрык Чаар-Жезкемпирден кичинекей бир кыз,бир баланы олүмдөн сактап сурап калып отурат. Майрык - Чаар -Жезкемпир менен

Бугу-Эненин ортосундагы диалогдо чоң бир улут менен чоң бир уруунун тагдыры жатат. Бул жомок, легенданын байыркы ата-бабалардан бери муундан-муунга өтүп сакталып келиши адам баласына алдын ал эскертүү берилиши менен шартталат. Ал эми негизги каарман Момун чалдын образы аркылуу балдары үчүн жанын аябаган, жаратылышты сүйгөн, бугуларды сыйлоо аркылуу баланы тарбиялаган кыргыз аксакалын түшүндүрөт. Момун чал небересине бугу уруусунун пайда болушу тууралуу айтып берген түшүнүгү бугу уруусу жана жалпы эле бугуларды, жаратылыш байлыктарын сактоо, табият жаратылыш маселелери терең айтылган Мүйүздүү Бугу-Эне легендасында адилеттик үчүн күрөшүү, адамгерчиликти сактоо керектигин айтууда.

“Мүйүздүү эненин балдары болобуз. Умай энебиз тукумун бу дүйнө,а дүйнөдө ынтымагынан жазбасын деп осуят таштап кеткен” - деп Момун карыя Кыргыз адамын, кыргыз улутундагы бугу уруусун сактап калган Бугу - Эне тууралуу келген-кеткендерге эстетип турат. Ал эми повесттеги баланын айлана-чөйрөнү, жанындагы адамдарды таанып билүүдөгү эстетикалык кабылдоолору анын моралдык этикалык, нравалык жактан руханий дүйнөсүнүн байышына шарт түзөт. Бала өзкыялдары аркылуу Мүйуздүү-Бугу-Эне мүйүздөрүнө бешик илип келген эпизодду чындык катары кабыл алат да “Мүйүзүңө илип бешик апкелип берчи. Атам ыйлабасынчы, Орозкул аба Бекей таежемди урбасынчы, экөө балалуу болушсунчу. Ошондо мен баарын жакшы көрөм. Орозкул абамы да жакшы көрөм, бирок аларга бир баланы берчи айланайын Бугу - Эне, Мүйүзүңө илип бешик апкелип берчи”. Демек жазуучу бул чыгармасында жаныбар менен адамдын бийик даражадагы достук ыйык мамилени жаш баланын аруу тилеги менен туюндура билгенинде.

Чыңгыз Айтматовдун жалпы эле инсанды калыптандыруудагы адабият чөйрөсүндөгү орду улуулугу, менимче, мына ушул таанышойго жаңы маани кийирип, жалпы адамзаттык дүйнө кабылдоо менен талантты айкалыштыра алгандыгында демекчибиз. Жазуучунун “Кылымга тете бир күн” чыгармасында адам тагдыры, жашоонун күрөө тамыры карапайым, мээнеткеч пенденин колунда экендигин, адам өтмүшүн унутпаса гана, адам атын сактап, тукумун уланта аларын ,адам эс акылы менен гана жарык келечекке жол ача аларын уламыш легендалардын, күндөлүк турмушубуздун жана көркөм фантастиканын негизинде көрсөтсө, ”Фудзиямадагы кадыр түндө” болсо адамдын адамгерчилиги анын билиминен, ээлеген кызматынан, атак-даңкынан башка карманып-тутунган принцибине, ыйман абийирдик позициясына тикеден тике көз каранды экендигин бармактайынан бирге өсүп, бирге окушуп, бирок турмушта ар түрдүү багыт жолду тандап алган классташтардын ары таланттуу, ары ынанымдуу ары көркөм чагылдырып бере алган. Негизинен, жазуучунун ар бир чыгармасы боорукердикти, ыймандуулукту чакырууга жык толгон, адам тагдыры адам турмушушу менен бпайланышыпи, жаныбардын жашоо образын адам тагдыры менен тыгыз

байланыштырат. Жазуучу өзүнүн сүйүктүү каармандарынын бири Сабырдын (“Фудзиямадагы кадыр түн”) ыры менен:

Эзелтен чечилбеген улуу талаш,
Канткенде, адам уулу адам болот?
Ураалап жоо нууса да улуу талаш
Канткенде адам уулу адам болот?
Ажалга көз жумса да улуу талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?
Душмандан жан соогалап качканда да,
Душманды кырып- жоюп басканда да,
Түбөлүк чечилбеген улуу талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?
Адамзат качан чечет качан коёт!

Канткенде, адам уулу адам болот?! -деген суроону коёт да, Толгонайдын, Танабайдын, Дүйшөндүн, Едигейдин, Бостондун, Момун, Авдийлердин көркөм тагдырлары аркылуу жогорудагы суроолорго жооп берет. Көркөм чыгармаларды окуу аркылуу адам деген атты актап,адамдыктын ары бийик, ары ыйык сересине чыга алардын инсандык баалуу сапаттарын таланттуулук менен көрсөтөт. Ал эми жазуучунун кийинки жылдагы, ”Чыңгызхандын ак булуту“ чыгармасында адамдын табияттын мыйзамына каршв чыгып,адам тукумун убактылуу жасаган аракети, акыры түбү өзүнүн керт башын жок кылууга алып бара тургандыгын ачык айкын билдирип жазат. Дагы бир чыгармасында Бостон Үркүнчиевдин каармандык образын этияттык менен сүрдүү, тайбас, чыныгы коммунист катары чагылдырыпбере алат. Бостон Үркүнчиев-коммунист. Ал өзүнүн идеясы, максаты, ариети,көзкарашы, жүрүм туруму менен адилеттик жана-элдин жашоо шартын жакшыртууну максат кылып алат. Табиятынан жаратылышка мээримдүү караган Бостон зөөкүр Базарбайдын кылмыштуу ишинен улам карышкырлар – Акбара менен Ташчайнардын элдешкис душманына айланды да калды. Акбара менен Ташчайнар бири-биринен ажырабаган, акыл-эстүү, салабаттуу түгөйлөр. Алар жер үстүндө басып жүргөн Базарбай, Кочкорбаев, Гришан, Орозкул, Обер-Кандалов, сыяктуу терс каармандардан төөлүк өйдө, жакшы жаманды тааный билген, сезимтал, баамчыл жаныбарлар эле. Алар балдарынан ажыраган күнүнөн баштап, адам баласын каардуу жырткычтан да жаман сезип калышкан. Базарбайдын мыкаачылык ишинен карышкырлар бөлтүрүктөрүнөн ажыраганда, алардын андан -ары чыдоого чыдамы жетпей калды. Айла кеткенде Бөрү-Энеге жан сырын төгөт: “Көк жалдардын кудайы, Бөрү-Эне”, мага карагын бул менмин, Акбарамын, кычыраган аяздуу тоолордун арасында мен шордуу эңгиреп жалгыз калдым. Мени угуп жатасыңбы? Менин кандай боздоп жатканымды эшитип жатасыңбы? Карачы мен кандай өксүп-улуп жатам, жаным күйүп, өзөгүм өрттөнүп турат, желиниме сүт толуп, чатырап айрылганы турат, мен кимди эмизип кимди багам?!” Адал эмгеги, адамгерчилиги тоодой болгон Бостон бул кылмышка

чыдай албады. Ал базарбайды өзү жазалап, өзү кылмышын мойнуна алып законду аткарууга өзү барды.

Жазуучун "Бетме бет" повестиндеги негизги каарман Ысмайыл төмөнкүдөй чагылдырылат. Ысмайыл өз башынын камын көрон коркок, ички дүйнөсү тар, тайкы бечара адам. Ошондуктан ал балдарын араң баккан бир байкуштун уюн уурдап жеке өз камын көрөт. Кундөн- күнгө анын арааны ачылып, барга канаат кылбай, эт дегенде оозуна кара суу келет, "заманың бөрү болсо, бөрү бол", "алган алып жулган жулат", "өлсө башка өлсүн, бирок мен жөн эле өлө калбайм" - деген көз карашы менен ошол учурдагы терс каармандын өзөгүн түзөт. Башталгыч класстын окуучуларын окутууда, педагогикалык жөндөмдүүлүктү жана педагогикалык баарлашууну өркүндөтүү үчүн элдик чыгармалар, ошондой эле каада-салт, үрп-адаттар негиз боло алат. Ошондуктан келечектин педагогу болуу менен, башталгыч билим берүүдө белгилүү жазуучулардын чыгармаларындагы каармандардын образдары аркылуу тарбиялоо заман талабы.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Айтматов энциклопедиясы II Том. " Турар" Бишкек –2018

2.Айтматов энциклопедиясы III том " Турар " , Бишкек-2017

3.Эл агартуу № 7-8 .2011. 3.4 б.б ( Ч.Айтматов жашап өткөн жол гуманизм)

4.Эл агартуу . № 7-8.2015 ж. ( Тоолор кулаганда ) романында көтөрүлгөн көйгөйлөрдү окутуу.

5.Абдураимова З.С., Сулайманова Д.К. Инсандын руханий-адеп ахлактык өнүгүүсүндө элдик педагогиканын ролу. Эл агартуу. 2024. № 3. С. 40-43.

**УДК 349.2:004**

***Орозбаева Жазгул Маматоморовна,*** *ю.и.к., улук окутуучу*
*Ош мамлекеттик университети*
***Орозбаева Айгул Маматоморовна,*** *окутуучу*
*Ош Мамалекеттик Университети*

# ЭМГЕК МАМИЛЕЛЕРИНДЕ САНАРИПТЕШТИРҮҮ КАРАЖАТТАРЫН КОЛДОНУУ

**Аннотация**

Макала эмгек мамилелерине санариптик технологияларды киргизүү процессине арналган. Санариптештирүүнүн маанилүүлүгү кадрларды башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу, алыстан иштөөнү өнүктүрүү жана Кадрларды башкарууну оптималдаштыруу максатында көрсөтүлөт. Электрондук Жумуш китептеринин артыкчылыктары, жумуш процесстерин автоматташтыруу жана кадрдык жумушта жасалма интеллектти колдонуу өзгөчө баса белгиленет. Ошол эле учурда, санариптештирүүнүн негизги тобокелдиктери аныкталат — кибер коопсуздук коркунучу, жеке маалыматтардын купуялуулугун бузуу, ошондой эле эмгек мыйзамын жаңы шарттарга ылайыкташтыруу зарылдыгы. Ошондуктан, автор эмгек мамилелерин санариптештирүү эмгек рыногун модернизациялоого өбөлгө түзөт, бирок ар тараптуу укуктук жөнгө салууну жана кызматкерлерди социалдык коргоону талап кылат деген тыянакка келет. Авторлор турмуштук реалдуулукта эмгек мамилелери чөйрөсүндө дистанциялык технологияларды жигердүү жана кеңири колдонуунун объективдүү өбөлгөлөрүн карап чыгышты. Ошондой эле, авторлор жаткан аймакта алыскы функцияларды колдонуунун негизги артыкчылыктары кеңири талданган. Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамында алыскы технологияларды массалык түрдө колдонууга байланыштуу терс жактарын кеңири талдоого көңүл бурулат.

**Негизги сөздөр:** санариптештирүү, эмгек мамилелери, электрондук эмгек китеби, алыстан иштөө, автоматташтыруу, жеке маалыматтарды коргоо.

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ЦИФРОВИЗАЦИИ В ТРУДОВЫХ ОТНОШЕНИЯХ

**Аннотация**

Статья посвящена процессу внедрения цифровых технологий в трудовые отношения. Подчеркивается важность цифровизации с целью повышения эффективности управления персоналом, совершенствования удаленной работы и оптимизации управления персоналом. Особо подчеркиваются преимущества электронных трудовых книжек, автоматизации рабочих процессов и использования искусственного интеллекта в работе персонала. При этом определены основные риски цифровизации — угроза кибербезопасности, нарушение конфиденциальности персональных данных и необходимость адаптации трудового законодательства к новым условиям. Таким образом, автор приходит к выводу, что цифровизация трудовых отношений способствует модернизации рынка труда, но требует комплексного правового регулирования и социальной защиты работников.

Авторы изучили объективные предпосылки для активного и широкого применения удаленных технологий в сфере трудовых отношений в реальной жизни. Также были подробно проанализированы основные преимущества использования удаленных функций в регионе, где находятся авторы. В трудовом законодательстве Кыргызской Республики отмечается широкий анализ негативных аспектов, связанных с массовым использованием удаленных технологий.

**Ключевые слова:** цифровизация, трудовые отношения, электронная книга, удаленная работа, автоматизация, защита данных.

# USE OF DIGITALIZATION IN LABOR RELATIONS

**Abstract**

The article is devoted to the process of introducing digital technologies into labor relations. The importance of digitization is emphasized in order to improve the efficiency of personnel management, improve remote work and optimize personnel management. The advantages of electronic workbooks, the automation of work processes and the use of artificial intelligence in the work of personnel are especially emphasized. At the same time, the main risks of digitization were identified — the threat of cybersecurity, the violation of the confidentiality of personal data and the need to adapt labor law to new conditions. Therefore, the author concludes that the digitization of labor relations contributes to the modernization of the labor market, but requires comprehensive legal regulation and social protection of employees. The authors studied the objective prerequisites for the active and wide use of remote technologies in real life in the employment relationship. The main advantages of using remote functions in the region where the authors are located have also been analyzed in detail. The labor law of the Kyrgyz Republic indicates a broad analysis of the negative aspects associated with the massive use of remote technologies.

**Keywords:** digitalization, labor relations, e-book, remote work, automation, data protection.

**Киришүү.** Заманбап коом жашоонун бардык чөйрөлөрүн, анын ичинде жумуш чөйрөсүн камтыган санариптик трансформация доорун башынан өткөрүп жатат. Эмгек мамилелерин санариптештирүү экономикалык өнүгүүнүн ажырагыс компоненти болуп калды, кадрларды башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатат, жумуш берүүчү менен кызматкердин ортосундагы кызматташтыкты жөнөкөйлөтөт жана жумуш менен камсыз кылуунун жаңы формаларын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Жумуш мамилелерин санариптештирүү жумуштун бардык этаптарында санариптик технологияларды жана электрондук инструменттерди киргизүү менен чагылдырылат — жумушка алуудан тартып кызматкерди жумуштан бошотууга чейин. Заманбап уюмдарда электрондук документтерди башкаруу тутумдары, алыстан иштөөнүн формалары, кызматкерлердин квалификациясын окутуу жана баалоо үчүн онлайн платформалар активдүү колдонулат. Санариптештирүүдө эң маанилүү жетишкендиктердин бири-электрондук Жумуш китептерин киргизүү, кагаз маалымат каражаттарын алмаштыруу, алар Кызматтын узактыгы жөнүндө маалыматка ыңгайлуу жетүүнү камсыз кылат жана жумуш берүүчүлөр менен мамлекеттик агенттиктердин ортосундагы өз ара аракеттенүүнү жөнөкөйлөтөт. Бул бюрократиялык процедураларды кыйла кыскартып, маалыматтарды жоготуу коркунучун азайткан.

COVID-19 пандемиясынан кийин өзгөчө өнүгүүгө дуушар болгон алыстан иштөө дагы маанилүү багыт болуп саналат. Бүгүнкү күндө санариптик платформалар жана видео чалуу программаларынын жардамы менен жумушчулар өз милдеттерин дүйнөнүн каалаган жеринен аткара алышат. Жумушка орношуунун бул формасы алыскы жумушчулардын укуктарын анын ичинде төлөм, жумуш убактысы жана эмгекти коргоо маселелерин жетиштүү деңгээлде коргоо үчүн мыйзамдуу жөнгө салууну талап кылат. Санариптештирүү кадрдык иштин процесстерин

автоматташтырууга мүмкүндүк берет-эмгек келишимдерин даярдоо, жумуш убактысын жазуу, иштин натыйжалуулугун баалоо. Жасалма интеллектти жана чоң маалымат системаларын колдонуу менен жумуш берүүчүлөр кызматкерлердин өндүрүмдүүлүгүн талдап, кызматкерлердин алмашуусун алдын ала айта алышат жана окутуу муктаждыктарын аныктай алышат.

Бирок, санариптештирүүнүн артыкчылыктары менен, санариптештирүү да белгилүү бир тобокелдиктерди алып келет. Кызматкерлердин жеке маалыматтарын коргоо, кибер коопсуздукка коркунуч туудуруу жана санариптик теңсиздик маселеси, бардык жумушчулар санариптик ресурстарга жана керектүү көндүмдөргө бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болбогондо көйгөйлөр бар. Мындан тышкары, процесстерди автоматташтыруу жумуш орундарын жоготууга алып келиши мүмкүн, бул жаңы социалдык коргоо механизмдерин иштеп чыгууну талап кылат. Жогоруда белгилегендей, заманбап коом активдүү санариптик трансформация стадиясына кирди, ал жашоонун дээрлик бардык чөйрөлөрүнө таасир этет — бизнес, билим берүү, медицина жана, албетте, жумуш дүйнөсү. Эмгек мамилелерин санариптештирүү эмгек рыногун жана кадрларды башкарууну өнүктүрүүнүн маанилүү багыты болуп калды. Бул кызмат берүүчү менен жумушчу ортосундагы ачык-айкындуулукту, натыйжалуулукту жана өз ара аракеттенүү ылдамдыгын жогорулатат. Бул макаланын максаты-эмгек мамилелериндеги санариптештирүүнүн ролун талдоо, анын артыкчылыктарын жана мүмкүн болгон тобокелдиктерин ачып берүү, бул тармактагы укуктук жөнгө салууну жакшыртуунун жолдорун аныктоо. Акыркы жылдары алыскы жумуштар табигый көрүнүшкө айланды. Технологиянын бул түрүнүн өсүшү жана алыскы жумуш форматтарын Жумуш маданиятына интеграциялоо бүгүнкү күндө таптакыр объективдүү процесске айланып баратат, аны жокко чыгарууга же тыюу салууга болбойт жана аны четке кагуу сөзсүз түрдө атаандаштыкты жоготууга жана ички дүң продукт, өндүрүш жана жумуш менен камсыз кылуу сыяктуу бардык экономикалык көрсөткүчтөрдүн төмөндөшүнө алып келет. Алыстан технологиялар салыштырмалуу узак убакыт мурун пайда болгонун белгилей кетүү керек, бирок алардын жумушта массалык колдонулушу коронавирус доорунда пайда боло баштады.

Бул мезгилде эмгек мамилелеринин кадимки ритмин өзгөрткөн санариптик технологиялар ички руда процедурасынын эрежелерине системалуу түрдө киргизилген. Белгилей кетүүчү нерсе, санариптик технологияларды киргизүү арстандын жарандарынын үлүшү тарабынан штыктарга киргизилген, бирок убакыттын өтүшү менен аларга болгон мамиле өркүндөтүү жана кабыл алуу багытында өзгөрдү. Ушул себептен, санариптик технологиянын артында жумушта чоң келечек бар деп ишенимдүү түрдө айта алабыз. Бул изилдөө Кыргызстанда алыскы технологияларды массалык түрдө колдонуу жана пайдалануу менен байланышкан негизги артыкчылыктары жана потенциалдуу терс жактары ачылып берилген анализ ыкмасын колдонгон.

Бүгүнкү күнгө чейин, маалыматтык технологиялар дүйнө жүзү боюнча ар кандай тармактарда эмгек мамилелерине терең таасир этет. Автоматташтыруунун, жасалма интеллекттин жана башка технологиялык жетишкендиктердин пайда болушу компаниялардын иштөө ыкмасын жана кызматкерлердин жумуш чөйрөсү менен өз ара аракеттенүүсүн өзгөрттү. Санариптик технологиялардын тез өнүгүшү заманбап коомдо трансформация процесстерине алып келди: экономиканын түзүлүшү өзгөрүп жатат, адамдардын ортосунда жаңы байланыш тутуму түзүлүп жатат, айлана-чөйрө акылдуу үй, акылдуу шаар, акылдуу унаалар, сааттар ж.б. сыяктуу технологияларды киргизүү менен барган сайын интеллектуалдашып баратат. Өзгөрүүлөр коомдун бардык тармактарына таасир этүүдө. Экономикалык тармакта жаңы санариптик технологияларды киргизүүнүн аркасында өндүрүштүн автоматташтырылуу деңгээли жогорулап жатат. Мурда адамдар аткарып келген көптөгөн функцияларды эми компьютердик программалар аткарууда. Робототехникалык комплекстердин саны көбөйүп, адамдын катышуусуз өз ара аракеттене алган «нерселердин интернети» колдонулууда, бул болсо «акылдуу заводдорду» түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Мамлекет бул мамилелерди электрондук форматта жөнгө салуу боюнча саясатын азыртан баштап, мындан ары да калыптандырууну максат кылат, субъекттердин бири-биринен алысташуусун жана өндүрүштүн роботизацияланышын эске алуу менен. Учурдагы медиа-технологиялардын өнүгүшү дүйнөлүк коммуникацияны жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк берүүдө жана албетте, эмгек мамилелери жана аларга тыгыз байланышкан мамилелер да ушул тармакка кирет, ал тургай, алыскы (дистанциялык) жумушта иштегендерге гана эмес. Кагаздагы кадрдык документооборот электрондук форматка өтөт: эмгек китепчилери, эмгек келишимдери, окуучулардын келишимдери, толук материалдык жоопкерчиликти камтыган келишимдер, аттестация барактары, медициналык китепчелер, электрондук профсоюздук билеттер, булардын баары электрондук форматка өтүүдө.

Натыйжада, жумушка орношуу мамилелеринен баштап эмгек талаш-тартыштарын чечүү боюнча мамилелерге чейин бардык мамилелер революциялык трансформациядан өтөт. Мындай уюштурулган эмгек мамилелеринин артыкчылыктары катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот: иштик жана уюштуруучулук процесстердин ылдамдыгынын жогорулашы, алардын ачык-айкындуулугу жана өз ара байланыштуулугу, жумушчулар менен башкаруу персоналы үчүн керектүү маалыматтарга санариптик түрдө жеңил жеткиликтүүлүк; маалыматтарды заматта жарыялоо, бизнести илгерилетүү жана башкалар.

Изилдөөлөргө караганда, айрым оң жагдай катары жумушчу менен кызмат берүүчүнүн жеке жолугушуусуз, электрондук почта жана мессенджерлер сыяктуу каражаттар аркылуу «ишкердик байланыш жүргүзүүсүн» да белгилешет. Ошондой эле, кызмат берүүчү үчүн экономикалык пайдалуу факторлордон тышкары, эмгек укугу субъекттеринин түздөн-түз өз ара аракеттешүүсүнө тоскоолдук кылган эпидемиологиялык

тобокелдиктер да аталат. Бул азырынча эле эрте жана айрым жагдайларда коoптуу деп эсептелет.Ошондой эле, бүгүнкү адамдар технологиядан чоң жетишкендиктерди гана күтүп тим болбостон, аны түздөн-түз талап кылып жатканын, бирок ошол эле учурда деструктивдүү технология менен чыгармачыл технологияны айыра албай жатканын белгилөөгө болот.

1. Технологияга болгон бийик күтүүлөр
   Бүгүнкү күндүн адамдары санариптик жана робототехника менен байланышкан технологиялык жетишкендиктерден чоң натыйжаларды күтүшөт. Бул күтүүлөр көбүнчө иштин натыйжалуулугун жогорулатуу, убакытты үнөмдөө, жумушчу процесстерди жеңилдетүү жана жеке жашоо менен жумушту интеграциялоо сыяктуу максаттарды камтыйт. Мындай абал, өзгөчө, эмгек мамилелеринде жана башкаруунун санариптик куралдарын колдонууда көрүлөт.
2. Технологияны түздөн-түз талап кылуу
   Бул жерде адамдардын технологиялык инновацияларга болгон активдүү жана жигердүү талабын байкоого болот. Алар күтүүгө гана токтобостон, түздөн-түз иштетүүнү жана колдонууну талап кылышат. Бул тенденция жумуш берүүчүлөргө жана коомдук институттарга жаңы технологияларды өз убагында киргизүүгө басым кылат жана рынокто атаандаштыкты күчөтөт.
3. Деструктивдүү жана чыгармачыл технологияны айырмалоо кыйынчылыгы
   Келтирилген ойдун маанилүү аспекттеринин бири — адамдар көп учурда технологияны анын натыйжасы боюнча баалашат, бирок анын социалдык, этикалык же психологикалык таасирин анализдөөгө аз көңүл бурушат. Мисалы, автоматизация жана жасалма интеллект кээ бир жумуш орундарын кыскартса, ал деструктивдүү технологияга кириши мүмкүн, ал эми өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жана коопсуздугун жогорулатып, жумушчулар үчүн шарттарды жакшыртса, чыгармачыл технология болуп саналат. Көпчүлүк учурда бул айырмачылыкты адамдар байкабайт же баалай албайт.
4. Илимиймааниси
   Бул көрүнүш эмгек мамилелеринде жана социалдык саясатта жаңы чакырыктарды пайда кылат. Мисалы:
   - технологиялык чечимдерди кабыл алууда этикалык баалоо талап кылынат.
   - жумушчулар менен кызмат берүүчүлөрдү санариптик сабаттуулукка жана технологиялык компетенттүүлүккө окутуу зарыл.
   - жаңы технологиялардын киргизилиши социалдык теңдикти бузбоого багытталган мыйзамдык жана укуктук механизмдерди түзүүнү талап кылат.

Эмгек мамилелеринин санариптештирилиши жөн гана тенденция эмес, заманбап коомдун керектөөсү болуп эсептелет. Ал эмгек рыногун өнүктүрүү,

башкаруу процессин оптималдаштыруу жана эмгек жашоонун сапатын жогорулатуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бирок санариптик инструменттерди ийгиликтүү колдонуу технологиялык инновациялардын, эффективдүү мыйзамдык базанын жана жумуш берүүчүлөрдүн социалдык жоопкерчилигинин комплексдүү айкалышына гана мүмкүн.

Демек, санариптештирүү салттуу эмгек мамилелерине коркунуч катары эмес, заманбап санариптик дүйнөнүн шарттарында алардын эволюциясынын табигый этабы катары каралышы керек

**Колдонулган адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси 2025-жылдын 10-июлундагы N 137 https://cbd.minjust.gov.kg/3-45/edition/25298/ru
2. Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясы «Санарип Кыргызстан 2019–2023».
3. Дүйнөлүк банк. Санариптик экономиканын өнүгүшү боюнча отчет, 2022.
4. Касымова Н. А. Эмгек мамилелерин санариптештирүү: чакырыктар жана перспективалар // Юридикалык вестник, 2023.
5. Эмгектин дүйнөлүк уюму (ЭДУ). Санарип доорундагы эмгектин келечеги. – Женева, 2021.
6. Тычкова В. Ю. Использование роботов и чат-ботов в процедуре найма персонала // Молодой ученый. 2020. №43(333).

***Tukhtakhojayev Khanjarbek Bokhodirovich,*** *Professor*
*Fergana State University*

# MODERN APPROACHES TO INDIVIDUALIZATION AND PEDAGOGICAL CONTROL OF PHYSICAL LOADS IN HEALTHCARE

**Abstract**

The thesis studies modern approaches to individualization and pedagogical control of physical loads in the context of health-improving physical education. The goal is to systematize and evaluate methods that provide optimal loading based on individual characteristics, thereby increasing the effectiveness and safety of training. The study is based on an analysis of scientific literature, pedagogical monitoring methods, and modern technologies used in physical education. The results confirm that the combination of individual planning and continuous pedagogical control leads to improved health outcomes and motivation for physical activity.
**Keywords:** physical load, individualization, pedagogical control, health care, physical education, monitoring, adaptive training.

# САЛАМАТТЫКТЫ САКТООДО ФИЗИКАЛЫК ЖҮКТӨМДӨРДҮ ЖЕКЕЛЕШТИРҮҮ ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛДҮН ЗАМАНБАП ЫКМАЛАРЫ

**Аннотация**

Бул магистрдик диссертация ден-соолукту чыңдоочу дене тарбия контекстинде физикалык жүктөмдөрдү жекелештирүү жана педагогикалык көзөмөлдүн заманбап ыкмаларын изилдейт. Максаты – жеке өзгөчөлүктөргө негизделген оптималдуу жүктөмдү камсыз кылган ыкмаларды системалаштыруу жана баалоо, ошентип машыгуунун натыйжалуулугун жана коопсуздугун жогорулатуу. Изилдөө илимий адабикаттарды талдоого, педагогикалык мониторинг ыкмаларына жана дене тарбия сабактарында колдонулган заманбап технологияларга негизделген. Натыйжалар жекече пландаштыруу менен үзгүлтүксүз педагогикалык көзөмөлдүн айкалышы ден соолукту жакшыртууга жана физикалык активдүүлүккө мотивацияны жогорулатууга алып келерин тастыктайт.
**Түйүн сөздөр:** физикалык жүк, жекечелөө, педагогикалык көзөмөл, саламаттыкты сактоо, дене тарбия, мониторинг, адаптивдүү машыгуу.

# СОВРЕМЕННЫЕ ПОДХОДЫ К ИНДИВИДУАЛИЗАЦИИ И ПЕДАГОГИЧЕСКОМУ КОНТРОЛЮ ФИЗИЧЕСКИХ НАГРУЗОК В ЗДРАВООХРАНЕНИИ

**Аннотация**

В диссертации изучаются современные подходы к индивидуализации и педагогическому контролю физических нагрузок в контексте оздоровительной физической культуры. Цель работы – систематизировать и оценить методы, обеспечивающие оптимальную нагрузку с учетом индивидуальных особенностей, что повышает эффективность и безопасность тренировок. Исследование основано на анализе научной литературы, педагогических методов контроля и современных технологий, используемых в физическом воспитании. Результаты подтверждают, что сочетание индивидуального планирования и постоянного педагогического контроля приводит к улучшению показателей здоровья и мотивации к физической активности.
**Ключевые слова:** физическая нагрузка, индивидуализация, педагогический контроль, здравоохранение, физическое воспитание, мониторинг, адаптивное обучение.

**Introduction.** Practical proposals reflecting the experience of changing the individual approach in physical education classes using fitness technologies for female students are of interest [1.110-116;]. In their studies, the variability of aerobic and anaerobic loads is determined by the physical condition of the participants and is regulated by the rhythm of musical performance during the training process, and the individual approach is achieved by alternating certain aerobic or anaerobic exercises with musical accompaniment to perform exercises in accordance with heart rate (HR) and circulatory efficiency index (CEI). However, the implementation of a musical composition with a certain tempo and simultaneous full-fledged execution of exercises by the whole group without dividing into small groups according to individual indicators of heart rate (HR) and circulatory efficiency index (CEI) remains an unresolved issue.

## Literature Discussion And Analysis

R.M. Kadyrov and I.I. Mikhail describe the methodology for developing and calculating indicators of the intensity and volume of the load based on the regressive-analysis algorithm. According to the authors, it is necessary to evaluate the running time on the treadmill as a quantitative parameter of the load volume, and the intensity range is the running speed corresponding to 50 and 70% of the maximum oxygen consumption (MVU). Using the obtained nomograms, it is possible to suggest the recovery time of the athlete's body after various loads. At the same time, the authors note that "it is advisable to conduct physical training with a heart rate (HR) of 130 beats per minute and above, and it is advisable to conduct training with a HR of 170 beats per minute and above, so that the effect of training is visible, but at the same time the recovery process occurs later (after 30 minutes or more).
The optimal time interval for physical training is 20-50 minutes. Intervals shorter than 20 minutes do not contribute to the expected training effect, and longer intervals lead to unphysiological overload and fatigue in the participants" [2.74;]. Researchers also note that the intensity of the load is more important than its duration for effective adaptive shifts during exercise. On the other hand, some authors argue that the dosage of physical activity by the volume and intensity of the performed exercises is not objective and propose HRV as an objective and easy indicator, since in the range from120 to 170 beats per minute, the intensity of the work performed during exercise and oxygen consumption increase linearly, therefore, by controlling the heart rate in real-time with the help of hardware devices, it is possible to effectively control the training process.[ 3.333-336;] A.A. Kabanov and V.M. Bashkin noted that the level of reserves of the student's body is an effective indicator, the assessment of which can be carried out by comparing two measured indicators: the level of functioning of the dominant system and the level of tension of the regulatory systems [4.78-82;].

Other researchers came to the conclusion that due to its functional properties, the cardiorespiratory system can be considered as “the effector link of a higher functional system, which is a transmitter in ensuring the adaptation of the body to various loads” [5.339;]. At the same time, the physiological determinants of the effector part of the functional system, according to the authors, are chronotropic, inotropic, vascular and respiratory reactions. Having selected the important criteria of the functional state, some authors stopped at the Rufye load model as the most informative for those involved in physical education and sports. A statistical correlation between the Rufye and Kerdo indices has been found, which allows for a rapid assessment of the current functional state, limiting only the Kerdo vegetative index. Most researchers are inclined to recognize the leading role of the cardio-respiratory system, on the one hand, as the main limiting factor in the development of physical performance, and on the other hand, as a sensitive indicator reflecting the level of the functional state and reserves of the athlete [6.52-54.; 7.20-22;]. It is important to monitor the adequacy of the direct load and the level of the functional state of the cardiovascular system individually during exercise. The criterion for dosing the exercise load can be the circulatory efficiency index (CASI), which reflects the current state of cardiac activity. CASI is proposed for practical use as an operational indicator of the adequacy of physical loads and the physical condition of athletes. At the same time, the authors draw attention to the fact that the determination of a low QASI indicator implies only an individual approach to the construction of training in order to prevent the development of maladaptation and pre-nozological conditions [8.182- 184;]. If the question arises about the acceptable risk of using tests of physical labor capabilities, their information content becomes the main issue. Here, direct methods for determining the power and capacity of energy systems are out of competition. At the same time, aerobic efficiency is estimated by the level of maximum oxygen consumption, and the maximum capabilities of anaerobic systems are estimated by the maximum concentration of lactate accumulated in the blood and muscles and the value of the “fast fraction” of oxygen debt, methods for determining the anaerobic threshold are proposed [9.28-33.; 10.18-26.; 11.183-189.]. Physical fitness assessment tests that include elements of normalization of physical activity are also proposed [Ivashchenko L.Ya. S. 54.].

However, direct workmethods require a large amount of labor and are not used in schools, universities or fitness centers. To test anaerobic-aerobic indicators, V. M. Alekseyev [Алексеев V.M. S. 22.] recommends tests witha 30-second work time and a 15-30-second rest interval, and R.M. Kadyrov [Кадыров R.M. S. 30-32.] recommends the diagnosis of anaerobic capacity with the test “shuttle run 10 meters for 90 seconds”. Some authors propose a coefficient (in%) for a comprehensive assessment of the performance of the cardiorespiratory system for physical exertion (heart rate (HR)), which can be used to assess the compensatory and adaptive reactions of the athlete's body when performing physical exertion of increasing intensity. [Vanyushin Yu.S. P. 59-61.]. The possibility of using hemodynamic response as an indicator of the functional and reserve capabilities of the body for controlling the training process is emphasized in the research of researchers Yu.S.

в 12-летнее обучение, запуск «Школы 21» (цифровые технологии), усиление инклюзивности через адаптивные платформы. Интерактивные образовательные технологии — мощный инструмент модернизации учебного процесса, соответствующий требованиям времени. Они активизируют познавательную деятельность, развивают ключевые компетенции XXI века и обеспечивают устойчивый рост мотивации и результатов. Теоретический анализ, глобальные исследования 2024–2025 годов и практика Кыргызстана (платформы «Күндөлүк», «Санарип Кампа», «Туңгуч», STEM-лаборатории) подтверждают: системное внедрение интерактивных методов (сочетание дискуссий, игр, кейсов, цифровых инструментов и flipped-подходов) даёт значимый эффект. Успех зависит от подготовки педагогов, инфраструктуры и педагогического дизайна. В условиях КР преодоление барьеров позволит создать инклюзивную, мотивирующую и эффективную образовательную среду.

**Список литературы :**


1. Занков Л.В. Проблемы развития обучения и воспитания школьников. — М.: Просвещение, 2003. — URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=23968367
2. Давыдов В.В. Философия образования и развитие учебной деятельности. — М.: Педагогика, 2004. — URL: https:// https://elibrary.ru/item.asp?id=19556720
3. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии. — СПб.: Питер, 2007. — URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=19734778
4. Леонтьев А.Н. Деятельность. Сознание. Личность. — М.: Педагогика, 1975. — URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=19552884
5. Полат Е.С. Новые педагогические и информационные технологии в системе образования. — М.: Академия, 2019. — URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=38501234
6. Федеральный государственный образовательный стандарт основного общего образования. — М., 2021. — URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=41343142
7. Косикова С.В. Интерактивные методы обучения в школе // Вестник ПГГПУ. — 2018. — URL: https://elibrary.ru

***Медербек кызы Айзирек,*** *магистрант*
***Тажибаева Жаркын Кадыркуловна*** – *пед.и.к., доцент,*
*Б. Осмонов атындагы ЖАМУ*

# КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ АТА–ЭНЕ МЕНЕН МУГАЛИМДИН ОРДУ

**Аннотация**

Бул макала кенже мектеп окуучуларынын инсан катары калыптандырууда мектеп мугалимдеринин карым-катнашын,сабак өтүүдөгү комуникативдүү мамилесин жана мектепке жаңы келген окуучуларды адаптацияга көндүрүү маселеси каралат. Ал эми ата-энелердин балдарына болгон камкордугун, мектеп менен болгон тыгыз байланышы камтылган. Мугалим менен ата-эне тыгыз байланышта болгондо гана жаш муун бирдиктүү тарбия алат. Макалада инсандык калыптаннуунун бардык эрежелери калыптанат.

**Ачкысөздөр:**Инсан,тарбия,коом,үлгү,адаптация,психология,курак,стадия,мамиле,конфликт,сангвиник, үй-бүлө, чөйрө, меланхолик.

# РОЛЬ РОДИТЕЛЕЙ И УЧИТЕЛЯ В ФОРМИРОВАНИИ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ

**Аннотация**

В данной статье рассматриваются вопросы формирования личности младших школьников, роль взаимоотношений школьных учителей, их коммуникативный подход в процессе обучения, а также проблемы адаптации учащихся, впервые поступивших в школу. Также раскрываются вопросы заботы родителей о своих детях и их тесного взаимодействия со школой. Только при тесном сотрудничестве учителя и родителей подрастающее поколение получает целостное и единое воспитание. В статье представлены основные правила формирования личности.

**Ключевые слова:** Личность, образование, общество, модель, адаптация, психология, возраст, стадия, отношения, конфликт, оптимистичный, семья, окружающая среда, меланхоличный.

# THE ROLE OF PARENTS AND TEACHERS IN THE FORMATION OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS.

**Annotation**

This article examines the issues of personality development of primary school students, the role of relationships between school teachers, their communicative approach in the teaching process, as well as the problems of adaptation of students who are entering school for the first time It also addresses the issues of parental care for their children and their close cooperation with the school. Only through close collaboration between teachers and parents can the younger generation receive holistic and unified upbringing. The article presents the basic principles of personality formation.

**Open syllables:** Personality, education, society, model, adaptation, psychology, age, stage, relationships, conflict, optimistic, family, environment, melancholic.

**Киришүү.** Кенже мектеп окуучулары негизинен таануу процесси калыптанып , интелектуалдык осүүсү толук жетилген курак болуп эсептелет. Психолог К Минбаевдин изилдөөсүнө таянуу менен баланын жекече

психологиялык өзгөчөлүгү ,ден соолугу ,жашоо шарты ,окууга болгон кызыгуусу,керектөөсү мугалим менен ата энесине болгон мамилеси анын окууга болгон субьективдүү аракети болот деп эсептейт [6,52,].

Мектепке жаңы келген баланын окууга обьективдүү жана субьективдүү жактан даярдыгын түшүнө билүү менен бирге башталгыч класстын мугалими окуучунун анатомо-физиологиялык өзгөчөлүгүнө да көңул буруусу зарыл. Ушул эле мезгилде ата-эне балага кайдигер мамиле жасабастан баланын сумка көтөрүү абалына , ден соолугуна да туруктуу көңүл буурусу зарыл. Кенже мектеп жашындагы балдардын манжаларынын муундары 9-11 жашында онүгүп калыптанат ,андыктан жазуу убагында түрдүү окутуунун жеңил ыкмаларын колдонуу менен баланын психикалык чарчоосуна жол берилбеши зарыл. Баланын мектепке келүүсү менен жаңы психологиялык көйгөлөр башталат. Себеби мүнөзү оор балдар жаңы чөйрөнү окуунун жаңы эрежелерн түрдүү кабыл алышат. Бала бакчадагы режим бузулат,оюн ишмердүүлүгү азаят,балдар коллективи өзгөрүп ,жаңы окуучулар коллективи түзүлөт.Бакчадагы тарбиячынын мамилесинин жөнөкөйлүгү мугалимдин тапшырма берүүсү менен алмашып балада психологиялык кризис пайда болушу мүмкүн. Ата –эненин бул мезгилдеги балага болгон мамилеси баланы түрдүү кырдаалдардан алып чыгышы күтүлөт. Баланы ар тараптан колдоо аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өздөштүрүүдө ата эне чоң мааниге ээ [6,169б.].

Кенже мектеп окуучусун инсан катары калыптандырууда тарбиялоонун коомдук баалуулук системасы негизги орунда турат. Психолог Э.Эриксондун инсандык өнүгүүнүн стадиялары деген түшүндүрмөсүндө төмөндөгүдөй схема берилет. Кенже мектеп курагында мугалим менен бирдикте ата-эненин орду чоң. Себеби, окуучунун психологиялык жактан калыптанышында үй-бүлө этикасы тарбиялоонун каражаттары,балалык курактагы ата-энеге болгон ишеним калыптануунун өзөгүн түзөт.

Ал эми мектеп жамааты педагогдор менен окуучулардын биримдигин чагылдырып турууга тийиш.Окуучулар жамааты педагогдордун максаттуу кийилгишүүсүсүз туура иш жүргүзө да,өнүгө да албайт.Ошол эле учурда мугалимдердин негизги манилүү иштеринин бири болуп,окуучулар жамаатын түзүү жана аны тарбиялоо каражаты катары окуучулардын өзүн-өзү башкаруусун максаттуу пайдалануу эсептелет.

**Инсандык калыптануунун этаптары**

| **Өнүгүүнүн этаптары** | **Социалдык мамилелердин этаптары** | **Инсандык сапаттын аспектилери** | **Өнүгүүнүн жыйынтыктары** |
|---|---|---|---|
| Бөбөктүк курак | Апасы жана бир туугандары | Дүйнөгө болгон ишеним | Жашоодогу кубануу |
| Эрте балалык курак | Ата энелери | Өз алдынчалык жана ишеним | Көз карандылыктын жоктугу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мектепке чейинки курак | Ата-эне, бир туугандары | Демилге көтөрүчүлүк | Багыт алуучулук |
| Мектеп курагы | Мектеп,коңшулар | Компитентүүлүккө умтулу | Билим, ык-машыгуга умтулу көндүм |
| Өспүрүм курак | Достор,мугалимдер | Өзүм деген түшүнүк | Ишеним достукту сыйло |

1-таблица [7,39б.].

Биринчи стадияда бөбөк ишенимдүү мамилени каалаcа ( эненин жылуу кучагы, эмүү ж.баракеттери)

Экинчи стадияда эрте балалык курак башталып бала ата –эненин жардамында өз алдынча болууга аракеттенет

Үчүнчү стадияда мектепке чейинки курак башталып бала айлана чөйрөнү активдүү тааный баштайт. Башкача айтканда меланхолик тибиндеги балдар чоңдордун аракетин баалап ,туура келбеген мамиледен өз ордун издей баштайт .Мындай балдар тартынчаак , оор басырыктуу болуп , өз оюн кеңири айта алышпайт,инсан катары калыптанууда бул процесс кризистин баштапкы этабы болуп эсептелет. Ал эми сангвиник тибиндеги балдар өзоюн ачы айта билип кризистеналыс болушат. Төртүнчү стадиянын негизги элементи болуп мектеп менен байланыш эсептелет. Кенже мектеп курагы ак барактай таза баланын коомго аралашуусу билим алууга аракети психологиялык таануу процессинин калыптануусу болуп,адаптациялык көнүгүү башталат.

Мектеп менен ата –эненин тыгыз байланышы билим алуудагы билим ык-машыгуунун ,тарбиялоонун жаңы баскычтарын ар тараптан толуктайт [7,40б.]. Ушул эле куракты балалыктын эң жогорку чеги деп атоо менен психологдор баланын коомго көз карашы өзгөрот жана кызыгуусу, көңүл буруусу, эске тутуусу, элестетүү, ойлоосу туруктуулукка ээ боло баштайт деп түшүндүрүшөт. Бүгүнкү күндө ата энелердин коомдогу орду боюнча бир топ эмгектер жаралууда.

Орозали Сейдилкановдун “Заман мектеби деген эмгегинде” төмөндөгү инсанды калыптандыруучу өзгөчөлүктөр камтылган.

Мугалимдер балага инсан катары мамиле жасоого өзгөчө маани беришти.Алар балдардын сабактын максатын,милдетин, жүрүш этаптарын аныктоо жана баалоого тартуунун жолдорун үйрөтүп,бир кыйла дасыгып калышты. Балдардын сабакка активдүүлүгү, жоопкерчиликтүүлүгү күчөдү, уюуштургуч жөндөмдүүлүгү артты. Сабакта окуучулар ортосунда карым-катыш байланыш жакшырды. Бирин-бири.бири баарын, баары бирөөнү үйрөтүү жолго салынды.Мугалимдер бала качан гана мугалимдин кызматташ шериги, жардамчысы жана жаш шакирти болгондо гана тез жетилерине, катылуу жаткан мүмкүнчүлүктөрү ачыларына ынанышты. Балдар мектептеги түйүндүү маселелерди бирге чечкенине шердениишти. Өздөрүндө мектепти жакшы жакка өзгөртүүгө ишеним жаралды. Өз мектебине, классташтарына

кам көрө башташты. Мектеп көйгөйү- баарыбызды көйгөйүбүз, аны чечүү баарыбыздын милдетибиз деген сезим күч алды.

Мугалимдерде окуучуларга этият, сергектик менен мамиле жасоонун зарылдыгын түшүнүү пайда болду. Алар балдардын инсан катары баалулугун ыйык сакташып,алардын дили, ою менен эсептешип,көңүлүндөгүсүн билип, окутуу-тарбиялоо жана өнүктүрүү ишин уюштурууга артыкчылыктуу маани берүүдө.Баланы сүйкүмдүүлүк жана мээримдүүлүк менен өзүнө тартып чоң кишидей көрүп сүйлөшсөң, ички сырын, дилиндеги оюн,түйшөлткөн көйгөйлөрүн жашырбай, төкпөй-чачпай айтып берет. Баланын сырдаш, дилдеш жакын досуна, адамына айланасың. Бул – педагогикадагы чоң жеңиштердин бири.Муну менен мугалим баланын эркиндигин,укугун коргоочу,ага социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылуучу эң ишенимдүү адамына айланат.Мугалимдер сабакта окуучуларга оюн тартынбастан, кысылбастан эркин айтып берүүгө, эркин тандоого жагымдуу шарт түзүп берет. Ошол эле учурда, балдардын сабакта угуучу гана эмес, мугалимдин шериги, өнөктөшү, жардамчысы жана шакирти укуктарын да камсыз кылып берет.

Мугалимге мектепте эң ыйыгы – баланы,бааланын экологиясын,анын укугун,ар-намысын,абийирин,ден соолугун коргоо жана сактоо. Бала табияты табышмактуу,уникалдуу,өзгөчө укмуштарга жана сырларга бай.Ошону менен бирге ал болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүктөргө да ээ.Баланын экологиясын, жан дүйнөсүнүн жабыркоосун,жагымдуу маанай менен гана сактап каларыбызды түшүндүк. Мектеп босогосун жадырап- жайнап көңүлдүү аттоону, көйгөйлөрүбүздү мектептин сыртына калтырууну, балдарга шатыра-шатман жайдары, шайыр, куунак мамиле жасоону үйрөндүк. Ар бир баланын жаратылышын, психологиялык бөтөнчөлүктөрүн үйрөнүүгө жана окутуу-тарбиялоо ,өнүктүрүү ишин ошого ылайык уюштурууга өзгөчө басым жасадык. Ар бир баланын жаратылышын ,психологиялык бөтөнчөлүгүн,өзүнө ишенимдүүлүгүн ,өзүнө болгон табышмактуу ,сырдуу ,уникалдуу ,сырларын үйрөнүү үчүн ата –энелер менен тыгыз байланышта болуусу керек.Мугалим окуучуну “ азаматсын”,” мен сага ишенем”, “туура жолдо бара жатасын” деген сөздөр менен дайыма окуучуну кодоо психологиялык маанайды көтөрөт.

Ата эне менен мектептин оз ара байланышы коомдук түзулүшто баланы ар тараптан калыптандыруу үчүн негизги булак болмокчу.

Үй –бүлө менен иштөө –бул үй бүлөнүн мүчөлөрүнүн өз ара мамилесин, психологиялык абалын жана социаолык көндүмдөрүн жакшыртуу үчүн жүргүзүлгөн иш- аракеттер.Анын максаты:

- Балдарга туура тарбия берүү
- Үй-бүлө ичиндеги ынтымакты сактоо
- Психологиялык чыңалууну азайтуу
- Ата-энелердин тарбиялоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү

Мааниси: үй-бүлө менен иштөө адамдын өнүгүүсү үчүн фундаменталдуу, анткени үй-бүлө психологиялык жана социалдык колдоону камсыз кылган чөйрө болуп саналат.

Үй-бүлө менен иштөөнүн багыттары

Психологиялык багыт

- Үй-бүлө мүчөлөрүнүнэмоционалдык абалын көзөмөлдөө
- Конфликттерди чечүү, пикир келишпестикти азайтуу
- Кеңеш берүү жана психологиялык колдоо

Тарбиялоодо үй-бүлө менен мугалимдин, мектептин тыгыз карым-катнашы кенже мектеп окуучусунун инсандык калыптануусу үчүн негизги каражат болуп эсептелет.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Божович Л.И. Личность и ее формирование в детском возрасте М.,1968.
2. Кравсов Г,Г.,Кравсова ЕЕ., Шестилетний ребенок .Психологический готовность в школе .М.,1990
3. Выготский Л.С. Кризис семи лет М.,1984.
4. Орозали Сайдилканов “Заман мектеби “2023-81 б.
5. Мусаева Венера,Сакиева Сайипжамал “Көркөм сөз кудурети” Бишкек-2006
6. Козубек Миңбаев “Жаш курак психологиясы” Ош-2000-46 б.
7. И.Ю.Кулагин Возрастная психология М 1998 г.

***Эргашваев Разийиддин Мухторжонович,*** *магистрант*
***Ажиматова Наргиза Мырзакабуловна,*** *э.и.к., доцент*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ СТРАТЕГИЯЛЫК БАШКАРУУ ФУНКЦИЯСЫ КАТАРЫ

**Аннотация**

Рыноктук экономикада коомчулук менен байланыш (PR) социалдык-экономикалык мамилелердин маанилүү элементи, ишмердүүлүктүн бир түрү жана башкаруу функциясы болуп саналат. PR уюмдун оң имиджин түзүүдө өзгөчө маанилүү, бул акыры анын рыноктогу позициясын бекемдейт. PRдын билим жана практика тармагы катары актуалдуулугунун өсүшү дүйнө жүзү боюнча саясатчылардын, менеджерлердин, маркетологдордун, саясат таануучулардын, журналисттердин, психологдордун, социологдордун жана жарнама адистеринин ага көңүл буруусунун күчөшү менен далилденет.

**Ачкыч сөздөр:**коомчулук менен байланыш, стратегиялык коммуникация, эки тараптуу байланыш, кабылдоо, репутацияны башкаруу, байланышты башкаруу, стратегиялык башкаруу функциясы, стратегиялык башкаруу.

# ПАБЛИК РИЛЕЙШНЗ КАК СТРАТЕГИЧЕСКАЯ ФУНКЦИЯ МЕНЕДЖМЕНТА

**Аннотация**

В условиях рыночной экономики паблик рилейшнз (ПР) является важнейшим элементом социально-экономических отношений, видом деятельности и функцией менеджмента. ПР приобретает особую актуальность в процессе формирования позитивного имиджа организации, что в конечном итоге обеспечивает усиление ее позиций на рынке. Свидетельством растущей актуальности ПР как сферы знаний и практической деятельности является усиление внимания ПР политиков, менеджеров, маркетологов, политологов, журналистов, психологов, социологов, специалистов в области рекламы во всем мире.

**Ключевые слова:** связи с общественностью, стратегическая коммуникация, двусторонняя коммуникация, восприятие, управление репутацией, управление коммуникациями, функция стратегического управления, стратегическое управление.

# СТРАТЕГИЯЛЫК МЕНЕДЖМЕНТ ФУНКЦИЯСЫ КАТАРЫНДА ПУБЛИЧНЫЙ БАЙЛАНЫШТАР

**Аннотация**

Базар экономикасында коомдук байланыштар (PR) социалдык-экономикалык мамилелердин маанилүү элементи, ишмердүүлүктүн бир түрү жана башкаруу функциясы болуп саналат. PR уюмдун оң имиджин түзүү процессинде өзгөчө мааниге ээ, ал акырындап анын базардагы ордун бекемдейт. Жарандык байланыштардын билим жана практикалык ишмердүүлүк катары маанисинин өсүп жатканына дүйнө жүзүндөгү саясатчылардын, менеджерлердин, маркетологдордун, саясий илимпоздордун, журналисттердин, психологдордун, социологдордун жана жарнама адистеринин ага көңүл буруусу күбө.

**Ачкыч сөздөр:** коомчулук менен байланыш, стратегиялык коммуникация, эки тараптуу байланыш, кабыл алуу, кадыр-баркты башкаруу, коммуникацияларды башкаруу, стратегиялык башкаруу функциясы, стратегиялык башкаруу.

**Киришүү.** Маалыматтык технологиялар менен глобалдык телекоммуникациянын динамикалуу өнүгүшү бардык социалдык-экономикалык системаларды: компанияларды, мамлекеттик жана коммерциялык эмес уюмдарды, дүйнөнүн өлкөлөрүн жана аймактарын, эл аралык бирликтерди жана ассоциацияларды башкарууда коомчулук менен байланыштын маанилүүлүгүн аныктайт. Коомчулук менен байланыш (PR); англис тилиндеги коомчулук Коомчулук менен байланыш ( PR ) - бул көп кырдуу жана көп кырдуу чечмелөөсү бар термин, ал медианын башка бардык категорияларынан ашып түшөт. Адистер коомчулук менен байланыштын 500дөн ашык академиялык аныктамаларын аныкташкан. Терминдин англис тилинен түзмө-түз котормосу ("коомчулук менен байланыш") PR функциясынын бир гана багытын чагылдырат жана ошондуктан бул категорияны сүрөттөө үчүн колдонулбайт. Бирок, "коомчулук менен байланыш" термини котормосу жок англис тилдүү өлкөлөрдө гана колдонулбай турганын белгилей кетүү керек. Коомчулук менен байланыш функцияларынын аныктамасына келсек, PR адистеринин жана теоретиктердин пикирлери ар башка, бирок алардын негизи бирдей. Коомчулук менен байланыш үч негизги функцияны аткараары жалпы кабыл алынган. Автор буларды уюштуруучулук менеджменттин көз карашынан карайт:

1) Баарынан мурда, уюмдун муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн коомдук пикирди жана жүрүм-турумду көзөмөлдөө. Бул функция көп учурда коомчулукту жабырлануучу катары карагандыктан сынга алынат. Бул кырдаал көп жагынан адамдардын аң-сезимин жана жүрүм-турумун белгилүү бир багытта манипуляциялоого окшош.

2) Коомчулукка жооп кайтаруу, башкача айтканда, уюм окуяларды, көйгөйлөрдү же башкалардын жүрүм-турумун эске алып, ошого жараша жооп кайтарат. Башкача айтканда, бул учурда уюм коомчулукка кызмат кылууга умтулат, тагдыры көз каранды болгондорду өзүнүн кожоюндары катары көрөт.

3) Уюмга байланышкан бардык коомдук топтордун (анын ичинде кызматкерлер, керектөөчүлөр, жеткирүүчүлөр, өндүрүш персоналы ж.б.) ортосунда өз ара пайдалуу мамилелерге жетишүү. Социалдык институт катары заманбап коомчулук менен байланыш уюмдарга жана коомчулукка жалпы кызыкчылыктарды шайкеш келтирүүнүн ар кандай жолдорун сунуштайт, бул талаш-тартыштарды жеңүүгө жана акылга сыйбаган аракеттердин алдын алууга мүмкүндүк берет. Тажрыйбалуу коомчулук менен байланыш боюнча адистер кеңири социалдык ой жүгүртүүнү стимулдай алышат, уюмдун жетекчилигине коомдогу социалдык миссиясын түшүнүүгө жардам беришет. Бүгүнкү күндөгү коомчулук менен байланыш тажрыйбалары лидерлерди заманбап коом жөнүндө ар тараптуу жана терең билим менен камсыз кылууга, аларга максаттарды туура түзүүгө жана өнүгүү келечегин элестетүүгө жардам берүүгө багытталган.

Бул функцияларды аткаруу менен, коомчулук менен байланыш коомдун бардык институттарынын – мамлекеттик жана коомдук, саясий жана экономикалык, кайрымдуулук жана таза коммерциялык – коом алдындагы, адамдардын азыркы жана келечек муундарынын алдындагы социалдык жоопкерчилиги жөнүндө маалымдуулугун жогорулатат. Коомчулук менен байланыш коомдун бардык чөйрөлөрүндө иштейт, анткени анын принциптери адамдын эң негизги умтулууларын чагылдырат: баарына түшүнүктүү болуу, өз ара жакшы ниет атмосферасында кеңири кызматташууга ачык болуу. Коомчулук менен байланыш институту өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө бул умтулууларды формалдаштырат.

PR максаттары, стратегиялары жана программалары уюмдун жалпы стратегиялык максаттарынан келип чыгат. Бул чечимдердеги карама-каршылыктар алардын ийгиликтүү ишке ашырылышына тоскоол болот. Стратегия - бул максаттарга жетүү үчүн үлгү. Программа - бул иш-чараларды, этаптарды жана ишке ашыруу мөөнөттөрүн камтыган кененирээк чечим. План - бул андан да кененирээк чечим.

PR пландаштырууга стратегиялык мамиле "Максаттарга жетүү үчүн ресурстарыбызды кантип башкарабыз?" деген суроого жооп берет. Компаниянын PR максаттары төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

1. Күтүлүп жаткан конкреттүү натыйжаларды так сүрөттөп бериңиз;
2. Уюмдагы ар бир адамга түшүнүктүү болуңуз;
3. Ийгиликке жетүү үчүн мөөнөттөрдү белгилеңиз;
4. Реалдуу, жетишүүгө мүмкүн жана өлчөнүүчү болуңуз;
5. Уюмдун максаттарына шайкеш келүү

Максатка ийгиликтүү жетүү үчүн кызыктар тараптардын максаттарды аныктоого жана аларга жетүү жолдорун талкуулоого, ошондой эле максаттарга жетүүдөгү прогрессти баалоодо катышуусу талап кылынат.

Өз ара пайдалуу мамилелерди түзүүнүн стратегиялык максаттарына белгилүү бир PR функцияларын ишке ашыруу аркылуу жетишилет. Бул функциялар пайда болуу жана өнүгүү процессинде өнүгүп, башында басма сөздү колдонууга байланыштуу функцияларга гана багытталган. Бирок, убакыттын өтүшү менен коомчулук менен байланыш функцияларынын арсеналы кеңейди. Бул ар түрдүү функциялар топтомун белгилүү бир, жалпы багыттар боюнча, мисалы: фирманын (уюмдун, түзүмдүн) натыйжалуулугуна жетүү; тышкы байланыштар; жана башкалар боюнча ишке ашырууга болот.

Жарнама коомчулук менен байланыш аркылуу гана эмес, андан да маанилүүсү, уюмдун негизги ишмердүүлүгү жана кардарлар менен өнөктөштөрдүн пикири аркылуу да жаралат. PR аркылуу жарнаманы жаратуу жарнама аркылуу жарнаманы жаратуудан айырмаланат. Жарнаманы колдонуу менен компания коммуникацияларды — эмнени, кайда, кантип, кимге жана канчалык көп байланышаарын көзөмөлдөйт. PR куралдары — жаңылыктар , макалалар, отчеттор жана басма сөз жыйындары — уюмдун өзүнүн көзөмөлүндө эмес. Ошого карабастан, коомчулук менен байланыш куралдарынын жарнамага караганда артыкчылыктары бар: аларды чыгаруу

жана жарыялоо бир топ арзан жана аларга көбүрөөк ишенишет, анткени алар өзүн-өзү жарнамалоонун бир түрү эмес, объективдүү жаңылык катары кабыл алынат. Жарнама көп учурда имидж менен теңештирилет, бирок булар бир эле түшүнүктүн ичиндеги ар башка категориялар. Оң бренд имиджи интеллектуалдык, өндүрүштүк жана технологиялык ресурстарды айкалыштырган глобалдык рынокто продуктунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн чечүүчү факторуна айланат. Оң имидж компаниялар үчүн гана эмес, маанилүү. Мамлекеттик органдар үчүн ал коомчулуктун, бизнестин жана маалымат каражаттарынын колдоосун камсыз кылат. Университеттер, ооруканалар жана фонддор үчүн ал каражат чогултууга жана мүмкүн болушунча эң жакшы ресурстарды тартууга жардам берет.

Кризистик кырдаалдарды башкаруу уюмдун иш-аракеттеринде жана багытында өзгөчө ролду ойнойт, ал эми коомчулук менен байланыш негизги ролду ойнойт. Кризистик кырдаалдарды башкаруу процесси беш этаптан турат:

1. Экономикадагы, технологиядагы, илимдеги жана саясаттагы тездеп бараткан өзгөрүүлөрдү жана тенденцияларды эске алуу менен уюмга жана анын имиджине таасир этиши мүмкүн болгон потенциалдуу маселелерди аныктоо;
2. Көйгөй уюм үчүн маанилүүлүгүнө жараша рейтингге ээ;
3. Иш-аракеттер стратегиялары үчүн ар кандай варианттарды иштеп чыгуу;
4. Уюмдун позициясын коомчулукка жеткирүү жана уюмдун кандай кабыл алынышына таасир этүү үчүн иш-аракеттер программасын ишке ашыруу;
5. Уюмдун максаттарына жетүү жагынан программаны баалоо.

Автордун айтымында, уюштуруучулук коммуникациялар күчөгөн сайын стратегиялык башкаруу функциясы катары PRдын мааниси өсөт. Маалымат агымдарынын көлөмү, ылдамдыгы жана масштабы жогорулап, компаниянын каржылык, материалдык жана адамдык ресурстарынан кем эмес кесипкөйлүктү талап кылат. PRдын милдеттерин коммуникациянын багыты менен аныктоого болот:

- ЖМКлар менен мамилелер;
- керектөөчүлөр менен болгон мамилелер;
- жумуш менен камсыз болгондор менен болгон мамилелер;
- инвесторлор менен мамилелер;
- мамлекеттик органдар менен мамилелер;
- жергиликтүү коомчулук менен болгон мамилелер.

PR иш-чаралары бир нече коомдук топторго жетүү менен бир катар тапшырмаларга багытталган болушу мүмкүн. Бул милдеттерге имиджин түзүү, иш-чараларды уюштуруу, кризистик кырдаалдарды башкаруу, саясий иш-аракеттер комитеттерин уюштуруу жана кайрымдуулук иш-аракеттери кирет.

Уюм атайын сунуштарды жана сунуштарды алуу үчүн адистештирилген PR фирмасын жалдайт. Бул үчүн фирма уюмдун учурдагы көйгөйлүү абалын жана коомчулук менен байланыштарын изилдеп чыгышы керек. Бул алгачкы иликтөө PR аудити деп аталат жана бир нече күндөн бир нече айга чейин созулушу мүмкүн. Баалоо жүргүзгөндөн кийин, фирма жетекчиликтин кооптонуулары негизсиз же аныкталган маселелерди чечүү фирманын компетенциясына кирбейт деген тыянакка келиши мүмкүн же аларды чечүү үчүн эксперттик сунуштарды бериши мүмкүн. Кандай болгон күндө да, консалтинг фирмасы төмөнкү отчетту даярдап, тапшырышы керек:

1. Көйгөйлүү кырдаалды жана уюмдун учурдагы мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөдөн алынган тыянактар.
2. Уюмга келтирилиши мүмкүн болгон зыян же пайда.
3. Уюмдун аракет/аракетсиздик сценарийлерин эске алуу менен кыйынчылыктарды же жаңы мүмкүнчүлүктөрдү алдын ала айтуу.
4. Ар кандай коомдук топтор менен иштөөдөгү аракет программасынын жалпы максаттары.
5. Кризистик кырдаал жаралган учурда тез арада көрүлүүчү аракеттер же байланыш жооптору.
6. Коюлган максаттарга жетүү үчүн узак мөөнөттүү план.
7. Программанын ишке ашырылышын көзөмөлдөө үчүн натыйжалуулукту баалоо пландары.
8. HR пландары жана бюджети.

Жыйынтыктап айтканда, жакшы уюштурулган жумуш агымы, процесстерди башкаруу жана коомчулук менен байланышты көзөмөлдөө менен компаниянын тышкы чөйрө менен өз ара пайдалуу мамилелерди түзүүгө толук мүмкүнчүлүгү бар экенин белгилей кетүү керек. Узак мөөнөттүү башкарууга багытталган компания учурдагы коомдук тенденцияларды, коомдук пикирди жана жүрүм-турумду көзөмөлдөөнү, ошондой эле коомчулук менен байланыш теориясынын жана практикасынын маанисин эске алышы керек.

Коомчулук менен байланыш боюнча адистердин кесиптик ишинин мазмуну коомчулук менен байланыш теориясында жана практикасында актуалдуу маселе болуп саналат. Бул ишти так түшүнбөстөн, тиешелүү адистерди кесиптик даярдоонун негизги багыттарын жана конкреттүү көрсөтмөлөрүн аныктоо мүмкүн эмес. Адистештирилген адабияттарда көптөгөн авторлор коомчулук менен байланыш боюнча адистердин кесиптик ишинин негизги аспектилерине олуттуу көңүл бурушат. Биздин оюбузча, бул маселе боюнча эң маанилүү көз караштардын айрымдарын келтиребиз, алар аздыр-көптүр так түшүнүк берет.

Алгач, коомчулук менен байланыш теориясынын жана практикасынын заманбап классиктеринин бири Сэм Блэкке кайрылалы. Ал өзүнүн "Коомчулук менен байланышка киришүү" аттуу китебинде коомчулук менен байланыш боюнча адистердин кесиптик ишин жана алардын кесиптик даярдыгынын

мазмунун негизги түшүнүк менен камсыз кылган PRдын он негизги багытын аныктайт. Бул багыттар төмөнкүлөр:

1) коомдук пикир;
2) коомчулук менен байланыш;
3) мамлекеттик мамилелер;
4) коомдук жашоо;
5) өнөр жай мамилелери;
6) каржылык мамилелер;
7) эл аралык мамилелер;
8) кардарлар менен мамилелер;
9) изилдөө жана статистика;
10) медиа.

Бул классикалык эмгекке ылайык, PR адистеринин негизги милдеттери төмөнкүлөр:

1) адамдын жүрүм-турумун түшүнүүгө негизделген консультациялар;
2) мүмкүн болгон тенденцияларды талдоо жана алардын кесепеттерин алдын ала айтуу;
3) коомдук пикирди, коомдун күтүүлөрүн жана көз караштарын изилдөө жана зарыл чараларды ишке ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
4) маалыматтын ишенимдүүлүгүнө жана толуктугуна негизделген өз ара байланышты түзүү жана колдоо;
5) чыр-чатактардын жана түшүнбөстүктөрдүн алдын алуу;
6) өз ара сыйлоону жана социалдык жоопкерчиликти өнүктүрүү;
7) жеке жана коомдук кызыкчылыктарды шайкеш келтирүү;
8) кызматкерлер, жеткирүүчүлөр жана кардарлар менен достук мамилелерди жакшыртуу;
9) өнөр жай мамилелерин жакшыртуу;
10) квалификациялуу кадрларды тартуу жана кадрлардын алмашуусун азайтуу;
11) товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногун кеңейтүү;
12) кирешелүүлүктү максималдуу түрдө жогорулатуу;
13) корпоративдик иденттүүлүктү калыптандыруу.

АКШдагы PR ассоциациясы тарабынан аныкталган коомчулук менен байланыш жаатындагы адистердин функцияларын талдоонун негизинде да түшүнүүгө болот.

1. Программалоо, ал көйгөйлөрдү талдоону, максаттарды аныктоону, уюмга колдоо жана өз ара түшүнүшүү керек болгон адамдардын топторун аныктоону жана зарыл болгон иш-чараларды пландаштырууну камтыйт;

2. Маалыматты туура баалоо жана сунуштарды иштеп чыгуу үчүн маанилүү болгон ар кандай адамдардын жана уюмдардын топтору менен түзүлгөн жана сакталган мамилелер;

3. Тышкы жана ички топтор үчүн басылмаларды, отчетторду, макалаларды жана башка маалыматтык материалдарды даярдоо жана жарыялоо;

4. Басма сөз, радио жана телевидение, кесиптик басылмалар аркылуу маалымат таратуу системаларын түзүү, басмаканалардын арасында маалыматка болгон кызыгууну калыптандыруу жана сактоо;

5. Өндүрүштүн техникалык аспектилерин билүү талап кылынган, бул багыттагы адистер менен тыгыз байланышта басылмаларды, тасмаларды, программаларды, мультимедиа каражаттарын, сүрөттөрдү чыгарууну уюштуруу;

6. Басма сөз жыйындары, көргөзмөлөр, демонстрациялар, салтанаттуу жолугушуулар, сыйлык тапшыруу аземдери ж.б. сыяктуу атайын иш-чараларды уюштуруу. Бул кылдат пландаштырууну жана координациялоону, майда-чүйдөсүнө чейин көңүл бурууну, атайын брошюраларды жана билдирүүлөрдү даярдоону талап кылат;

7. Башкалар үчүн сөз сүйлөө жана сөз сүйлөө жөндөмү;

8. Китепканада иштөө, интервьюлар, баарлашуулар жана коомдук пикир сурамжылоочуларын колдонуу сыяктуу ар кандай каражаттар аркылуу маалымат чогултуу жөндөмүн камтыган изилдөө жана баалоо көндүмдөрү.

Татаал көйгөйлөрдү чечүү жана критикалык кырдаалдарда багыт алуу көп учурда командалык ишти, командада иштей билүү жөндөмүн жана ар кандай көз караштар менен чыдамкайлыкты талап кылат. Коомчулук менен байланыш боюнча адис ар кандай пикирлерди угуп жатып, акыркы чечимди өз алдынча кабыл алышы керек. Татаал көйгөйдү чечүү мүмкүнчүлүгүнө ишенимди ойготуу жөндөмү абдан маанилүү. Критикалык жана тез өзгөрүп турган кырдаалдарда уюмдун мүчөлөрү биринчи кезекте кеңеш жана сунуштар үчүн адиске кайрылышат. Коомчулук менен байланыш боюнча адис кызмат орду менен гана эмес, жеке сапаттары менен да урмат-сыйга жана толук ишенимге ээ болушу керек, муну кырдаалды сын көз караш менен баалай алган ачык адам гана таба алат. Аларга жетекчилик үчүн кабыл алынгыс болсо да, фактыларды жашыруу аракеттеринен качуу үчүн кайраттуулук жана чечкиндүүлүк керек.

Коомчулук менен байланыштын функцияларынын, максаттарынын, максаттарынын жана принциптеринин комплекстүү жыйындысы максаттуу аудиториялар, маалымат каражаттары, инвесторлор менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат — коомчулук менен байланыш боюнча адистин иши камтылган бардык тармактар. PRга комплекстүү мамиле гана оң натыйжаларды жана узак мөөнөттүү келечекти камсыз кылат. Бул макалада коомчулук менен байланыш жана башкаруу жаатындагы жергиликтүү жана эл аралык практиктердин жана теоретиктердин эмгектерин талдап чыккан. Автор изилдөө учурунда алган эң маанилүү илимий ачылыштар төмөнкүлөр:

1. Башкаруу функциясы катары коомчулук менен байланыштын маңызы негизделет, ал коммуникациялык процесстерди оптималдаштыруудан, социалдык жактан маанилүү башкаруу чечимдерин кабыл алуудан, уюм менен

коомчулуктун ортосунда конструктивдүү мамилелерди орнотуудан, уюмдун ички чөйрөсүндө жагымдуу социалдык-психологиялык климатты түзүүдөн жана коомчулуктун уюмдун ишмердүүлүгүнө болгон реакциясын социалдык-психологиялык баалоодон турат;

2. PRдын мазмуну заманбап менеджменттин социалдык компоненти катары башкаруу процесстеринде коомдук пикирди эске алуу позициясынан ачылат.

3. Башкаруу процессинде ички жана тышкы байланыш түрлөрүн эске алуу менен PR технологияларын колдонуунун натыйжалуулугу аныкталды.

4. Социалдык-экономикалык системаларды башкарууда PRдын стратегиялык, маалыматтык жана идеологиялык иштөө ыкмалары, алардын натыйжалуулугун камсыз кылуу негизделди.

Автордун пикири боюнча, уюмду башкарууда башкарууга комплекстүү мамиле кылуу, уюмдун натыйжалуу иштеши үчүн конкреттүү, системалуу, жетүүгө мүмкүн болгон максаттарды жана милдеттерди коюу, ошондой эле персоналдын квалификациясы жана уюмдун тышкы жана ички чөйрөсү жөнүндө маалымдуулук даражасы абдан маанилүү. Бүгүнкү күндө коомчулук менен байланыштын мааниси белгилүү бир кырдаалдарда ачык көрүнүп турат: жагымдуу имиджди жана жарнаманы түзүү, атайын иш-чараларды уюштуруу жана кризистерди башкаруу. Бирок, коомчулук менен байланыш боюнча иш-чаралардын комплекстүү жыйындысы гана оң натыйжаны камсыздай алат жана уюмду каалабаган тышкы таасирлерден коргой алат, бул өзгөчө атаандаштыктын күчөгөн чөйрөсүндө абдан маанилүү. Коомчулук менен байланыш практикасын башкаруу, маркетинг жана башка учурдагы маанилүү тармактарда колдонуу теорияга бекем негизделиши керек.

**Булактардын Жана Адабияттардын Тизмеси:**

1. Алешина И.В. Менеджерлер үчүн коомчулук менен байланыш. Окуу куралы/И.В. Алешина. - М.: ИКФ "ЭКМОС", 2023. - 480 б.

2. Буари Филипп А. Коомчулук менен байланыш же ишеним стратегиясы: Француз тилинен котормо. – М.: IMAGE-Contact, INFRA-M, 2021. – 178 б.

3. Моисеев В.А. Коомчулук менен байланыш. Теория жана практика/В.А. Моисеев. – М.: ЖЧК “ИКФ Омега-Л”, 2021. – 376 б.

4. Коомчулук менен байланыш. Ишкердиктеги коомчулук менен байланыш. / Ред. Е.А. Уткин . - М.: TANDEM, 2018. 180 б.

5. Пашенцев И.Н. Коомчулук менен байланыш: бизнестен саясатка чейин/Е.Н. Пашенцев. – М.: Финпресс , 2022. – 368 б.

6. Почепцов Г.Г. Адистердин коомчулук менен байланышы/Г.Г. Почепцов. – М.: Refl -китеп, 2022. – 624 б.

***Сапарбекова А.В.*** *магистрант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Ажиматова Н.М****. э.и.к.,доцент*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШ МЕНЕН ИНФЛЯЦИЯНЫН БАЙЛАНЫШЫ

**Аннотация:**
Бул изилдөөдө Кыргызстандагы экономикалык өсүш менен инфляциянын өз ара байланышы изилденет. Тема боюнча мурдагы эмгектерге сереп жасалып, алынган натыйжалар Орто Азия мамлекеттеринин көрсөткүчтөрү менен салыштырылды. Өзгөрмөлөрдүн байланышын аныктоо үчүн 2000–2022-жылдардын кварталдык маалыматтары негизинде убакыт катарларын талдоо жүргүзүлүп, регрессиялык анализ жасалды. Алынган жыйынтыктар керектөө бааларынын индекси менен ички дүң продуктунун ортосунда терс байланыш бар экенин көрсөттү. Анализдин негизинде, туруктуу экономикалык өсүшкө жетишүү үчүн инфляциянын деңгээлин төмөн кармоо зарыл экени аныкталды.
***Негизги сөздөр:*** Орто Азия өлкөлөрү, керектөө бааларынын индекси, ички дүң продукт, регрессиялык анализ.

# СВЯЗЬ МЕЖДУ ЭКОНОМИЧЕСКИМ РОСТОМ И ИНФЛЯЦИЕЙ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация:**
В работе исследуется взаимосвязь между инфляцией и экономическим ростом в Кыргызской Республике. Проведен обзор существующих исследований по данной теме, а также выполнено сравнение тенденций с показателями стран Центральной Азии. Для эмпирического анализа использовались квартальные данные за 2000–2022 гг., методологической основой стал анализ временных рядов и регрессионные методы. Полученные результаты показали наличие отрицательной зависимости между индексом потребительских цен и валовым внутренним продуктом. Итоги исследования указывают на необходимость поддержания инфляции на низком уровне для стимулирования устойчивого экономического роста.
**Ключевые слова*:*** страны Центральной Азии, индекс потребительских цен, валовой внутренний продукт, регрессионный анализ.

# THE RELATIONSHIP BETWEEN ECONOMIC GROWTH AND INFLATION IN KYRGYZSTAN

**Abstract**
This paper examines the relationship between inflation and economic growth in the Kyrgyz Republic. Previous studies on the subject were reviewed, and the results were compared with the trends observed in Central Asian countries. The empirical analysis employed quarterly data from 2000 to 2022, using time series analysis and regression techniques. The findings revealed a negative correlation between the consumer price index and gross domestic product. The results suggest that maintaining inflation at a low level is essential to ensure sustainable economic growth in Kyrgyzstan.
**Keywords:** Central Asian countries, consumer price index, gross domestic product, regression analysis.

**Киришүү.** Туруктуу экономикалык өсүш ар бир мамлекет үчүн негизги максаттардын бири болуп саналат. Ал өлкөнүн өнүгүүсүн камсыздап, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт. Экономикалык өсүшкө таасир этүүчү бир катар факторлор бар, алардын ичинен инфляция маанилүү ролду ойнойт. Бирок илимий жана эмпирикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, инфляция менен экономикалык өсүштүн ортосундагы байланыш дайыма эле так жана бир жактуу боло бербейт. Айрым методдор колдонулганда эки өзгөрмөнүн ортосунда оң байланыш аныкталса, башка изилдөө ыкмалары тескерисинче терс көз карандылыкты көрсөтүшү мүмкүн.

Инфляциянын деңгээли экономикалык процесстерге ар кандай таасир тийгизет. Айрым көз караштарга ылайык, инфляция өсүштү шарттайт, анткени баалардын туруктуу жогорулашы адамдарды көбүрөөк үнөмдөөгө түртөт. Сакталган акчалар финансы рыногунда пайыздык чендердин төмөндөшүнө алып келип, инвестициялык активдүүлүктү күчөтөт. Бул болсо өз кезегинде экономикалык өсүштү тездетет (Феликс, 1961; Баер, 1967; Тейлор, 1983). Львова (1997) белгилегендей, саясий туруксуздук инфляция жана пайыздык чендер боюнча алдын ала божомолдоонун татаалдашына алып келип, инвестициялык чечимдерге терс таасир этет. Эгерде бийликтин алмашуусу натыйжасында негизги “оюн эрежелери” (мисалы, салык, инвестиция жана мүлккө байланышкан мыйзамдар) өзгөрсө, бул да инвестициянын көлөмүн азайтып, экономикалык өсүштү жайлатат. Кыргызстан боюнча Якышык (2007) жүргүзгөн эмпирикалык талдоодо 1995–2005-жылдар аралыгында инфляция экономикалык өсүшкө оң таасир тийгизген деген жыйынтык алынган. Изилдөөдө инфляциянын деңгээли болжол менен 11%га көбөйгөн учурда, ИДПнын 1% өсүшүнө өбөлгө түзүлөрү көрсөтүлгөн.

Айдын, Эсен жана Байрак (2016) Түркмөнстан, Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан жана Өзбекстан боюнча жүргүзгөн панелдик анализинде инфляция менен өсүштүн ортосунда сызыктуу эмес байланыш бар экенин аныкташкан. Алардын жыйынтыктары көрсөткөндөй, инфляциянын чеги 7,97% деңгээлинде белгиленген: бул көрсөткүчтөн жогору инфляция экономикалык өсүшкө терс таасир этсе, тескерисинче төмөн деңгээлдеги инфляция экономикалык өсүшкө оң таасир берет. Жыйынтыктап айтканда, ар кандай өлкөлөрдө жана ар түрдүү ыкмалар менен жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары инфляция менен экономикалык өсүштүн байланышы дайыма бир жактуу эместигин көрсөтөт. Кээ бир эмгектерде оң байланыш табылса, башкаларында тескерисинче терс көз-карандылык аныкталат. Орто Азия – бул Кыргызстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Тажикстан жана Казакстан. Орто Азия мамлекеттери эгемендүүлүк алгандан кийин пландуу системадан рыноктук экономикага өтүүдө олуттуу инфляциялык кыйынчылыктарга туш болушкан. 1990-жылдардын башында региондогу бардык өлкөлөрдө баалардын деңгээли кескин өсүп, бул көрүнүш өндүрүштүн кыскаруусу, акчанын массалык эмиссиясы жана бааларды либералдаштыруу менен түшүндүрүлгөн.

Сүрөт 1. Орто Азия өлкөлөрүндөгү ИДПнын өсүү темпинин динамикасы




**Кыргызстанда** инфляция эң жогорку чекке 1993-жылы жеткен. Андан кийинки жылдары акча реформасы жүргүзүлүп, улуттук валюта – сом жүгүртүүгө киргизилгенден кийин инфляция акырындап төмөндөгөн. Ошол эле учурда өлкөдө ички өндүрүштүн алсыздыгы жана импортко болгон көз карандылык инфляциялык басымды узак убакыт сактап турган.

Сүрөт 2. Орто Азия өлкөлөрүндөгү инфляциянын деңгээли




**Казакстанда** да эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында инфляция абдан жогору деңгээлде болгон. Бирок өлкөнүн мунай жана газ сыяктуу чийки зат ресурстарына ээ болушу кийинчерээк макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылып, инфляцияны көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берген.

**Өзбекстанда** болсо өкмөт инфляцияга каршы катуу административдик чараларды колдонгон. Акча массасын чектөө жана бааларды түз жөнгө салуу аркылуу инфляциянын темпин башка мамлекеттерге салыштырмалуу жайыраак кармай алган. Бирок бул чаралар узак мөөнөттүү өнүгүү үчүн тоскоолдуктарды жараткан.

**Түркмөнстан менен Тажикстанда** болсо саясий жана социалдык туруксуздук инфляцияны күчөтүп, экономикалык кыйынчылыктарды курчуткан. Айрыкча Тажикстанда жарандык согуш жылдарында инфляциянын деңгээли өтө жогору болгон.

Мындан тышкары, дүйнөлүк финансылык жана азык-түлүк кризистери регион өлкөлөрүнө кошумча басым жараткан. 1997–1998-жылдардагы Азия кризиси, 2007–2008-жылдардагы мунай жана буудай бааларынын өсүшү Орто Азияда инфляциянын жаңы толкунуна алып келген. Жыйынтыктап айтканда, Орто Азия мамлекеттеринде инфляциянын деңгээли ар кандай ички (өндүрүштүн абалы, акча-кредит саясаты, саясий факторлор) жана тышкы (чийки зат бааларынын өзгөрүшү, дүйнөлүк кризистер) себептердин таасиринен аныкталат. Бирок ар бир өлкөнүн ресурстук мүмкүнчүлүктөрү жана мамлекеттик саясаты инфляцияны көзөмөлдөөдө өзгөчө роль ойногон.

**Эмпирикалык изилдөө**

Бул изилдөөнүн негизги максаты – Кыргызстандагы экономикалык өсүш менен инфляциянын өз ара байланышын аныктоо. Методологиялык негиз катары убакыт катарларын талдоо (Time series analysis) ыкмасы колдонулган. Эмпирикалык маалымат катары 2000–2022-жылдар аралыгындагы керектөө бааларынын индекси (КБИ) жана ички дүң продукциянын (ИДП) кварталдык көрсөткүчтөрү пайдаланылып, алар Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий басылмаларынан алынган. КБИнин көрсөткүчү өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу пайыздык түрдө колдонулса, ИДП көрсөткүчү кошумча нарк боюнча эсептелип, мурунку жылдын бааларында (млн. сом менен) алынган. Бул моделде инфляция (КБИ) көз карандысыз өзгөрмө катары, ал эми экономикалык өсүш (ИДП) көз каранды өзгөрмө катары тандалган. Анализ жүргүзүүдө ИДПнын логарифмделген мааниси пайдаланылган.

Алгач Kruskall–Wallis тестинин жардамы менен убакыт катарларында сезондук эффект бар же жок экени текшерилди. Анализдин жыйынтыгында ИДП көрсөткүчүндө сезондуулуктун маселеси бар экени аныкталды. Бул көйгөйдү жоюу максатында “STL Decomposition” ыкмасы колдонулган. Аталган ыкма убакыт катарларын төрт бөлүккө ажыратат: сезондук компонент, тренд, сезондуктан тазаланган катар жана калдык бөлүгү. Мындан тышкары, катарларды визуалдык түрдө да байкоо жүргүзгөндө, графиктер ИДПнын айкын сезондук мүнөзгө ээ экенин көрсөттү. КБИде болсо белгилүү бир деңгээлде гана сезондуулук байкалган.

График.1. 2000-2022 жылдар аралыгындагы КБИнин кварталдык көрсөткүчтөрү




График.2. 2000-2022 жылдар аралыгындагы ИДПнын кварталдык көрсөткүчтөрү




Eviews 12 пакеттик программасы колдонулуп графиктер түзүлдү.

Таблица.2. Сезондук термелүүлөрдү талдоо.

| Kruskall Wallis тестинин жыйынтыгы | | |
|---|---|---|
| Өзгөрмөлөр | T-статистикасы | P-мааниси |
| CPI | 0.23 | 0.876 |
| GDP | 17.85 | 0.000 |

"R" 4.3.2. пакеттик программасы колдонулуп эсептелди.

Канчалык деңгээлде көзүбүзгө ишенсек болот ?

Kruskall–Wallis тестинин негизинде төмөнкү гипотезалар коюлган:

$H_0$:Сезондук таасир жок.

$H_1$: Сезондук таасир бар.

Анализдин жыйынтыгы боюнча CPI үчүн P-мааниси 0,876 болуп чыккандыктан, $H_0$ гипотезасы 1%, 5% жана 10% маанилүүлүк деңгээлдеринде четке кагылбайт. Бул болсо CPI көрсөткүчүндө сезондук таасир жок деген тыянакка алып келет. Ал эми GDP үчүн P-мааниси 0,000 болуп, $H_0$ гипотезасы бардык маанилүүлүк деңгээлдеринде четке кагылды. Демек, $H_1$ кабыл алынып, GDP көрсөткүчүндө сезондук таасир бар экендиги аныкталды.

Мындан кийинки этапта убакыт катарларынын стационардуулугун текшерүүгө өтүүдөн мурда GDPдеги сезондук компонентти алып салуу зарыл. Болбосо регрессиялык анализдин жыйынтыктары так жана ишенимдүү чыкпай калышы мүмкүн. Ошондуктан ИДПдагы сезондуулук “STL Decomposition” ыкмасы аркылуу EViews 12 программасынын негизинде коррекцияланды.

График.3. 2000-2022 жылдар аралыгындагы ИДПнын кварталдык көрсөткүчтөрүнүн сезондуулуктан арылышы







Биринчи графикте ИДПнын баштапкы көрүнүшү берилсе, экинчи графикте сезондуулуктан тазаланган абалы көрсөтүлгөн.

Эки өзгөрмөнүн өз ара байланышын талдоодон мурун колдонулган убакыт катарларынын стационардуулугун текшерүү зарыл. Эгер өзгөрмөлөр стационардуу болбосо, анда мисалы регрессиялык анализдин жыйынтыктары ишенимдүү болбой, чыныгы көз карандылыкты туура чагылдырбай калышы мүмкүн. Ошондуктан так жана ишенимдүү тыянактарды алуу үчүн алгач өзгөрмөлөрдүн стационардуу же стационардуу эместигин аныктоо милдети турат.

Таблица.3. Бирдик тамыр тестинин жыйынтыктары

| Өзгөрмө | Кеңейтилген Дики-Фуллер (ADF) тести | |
|---|---|---|
| | Тренд жана бош коэффициент | Жыйынтык |
| GDP | -9.2557*** | I (0) |
| CPI | -3.2524* | I (0) |

Eviews 12 пакеттик программасы колдонулуп эсептелди.
Түшүндүрмө: * 10%, ** 5% жана ***1% маанилүүлүк деңгээлин көрсөтөт.

Эки өзгөрмөнүн стационардуулугу Кеңейтилген Дики–Фуллер (ADF) тести аркылуу текшерилди. Тесттин натыйжалары MacKinnon (1996) тарабынан берилген 10% маанилүүлүк деңгээлиндеги критикалык маанилер менен салыштырылды. Таблицадагы маалыматтар көрсөткөндөй, ички дүң продукт да, керектөө бааларынын индекси да стационардуу экендиги аныкталды. Демек, бул өзгөрмөлөрдү кийинки эконометрикалык талдоодо колдонууга мүмкүн. Андан тышкары, ар бир өзгөрмө баштапкы маанилеринде (I(0)) стационардуу болгондуктан, алар боюнча түз регрессиялык анализ жүргүзүүгө шарт бар.

Регрессиялык анализ – бул көз каранды жана көз карандысыз өзгөрмөлөрдүн ортосундагы мамилени изилдөөгө багытталган статистикалык ыкма. Анын негизги максаты – көз карандысыз өзгөрмөлөрдүн маанилерин колдонуу аркылуу көз каранды өзгөрмөнүн маанисин алдын ала божомолдоо болуп эсептелет.

Регрессиялык теңдеме жалпы түрүндө төмөнкүдөй көрсөтүлөт: **Y=a+bX+e**

Бул жерде:

Y – көз каранды өзгөрмө (ИДП),

X – көз карандысыз өзгөрмө (CPI),

a – кесүү коэффициентини (intercept) билдирет,

b – регрессия коэффициентин билдирет жана

e – ката термини.

Бул формуланы биздин изилдөө шарттарына ылайыкташтырсак, ал төмөнкүдөй көрүнүш алат: **GDP=a+b×CPI+e**

Бул теңдеме КБИнин ИДПга тийгизген таасирин моделдөөгө аракет кылат.
**LOG(GDP)=a+b×CPI+e** , практикалык талдоодо ИДПнын логарифмделген мааниси колдонулуп, КБИ болсо өзгөрүүсүз абалда пайдаланылды:

Таблица.4. Регрессиялык анализдин жыйынтыктары

Dependent Variable: LGGDP_SA
Method: Least Squares
Date: 02/12/25 Time: 23:43
Sample: 3/01/2000 12/01/2022
Included observations: 92

| Variable | Coefficient | Std. Error | t-Statistic | Prob. |
|---|---|---|---|---|
| C | 11.15241 | 0.109566 | 101.7872 | 0.0000 |
| CPI | -0.042609 | 0.011590 | -3.676264 | 0.0004 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| R-squared | 0.130560 | Mean dependent var | 10.89050 |
| Adjusted R-squared | 0.120900 | S.D. dependent var | 0.851561 |
| S.E. of regression | 0.798426 | Akaike info criterion | 2.409152 |
| Sum squared resid | 57.37363 | Schwarz criterion | 2.463973 |
| Log likelihood | -108.8210 | Hannan-Quinn criter. | 2.431278 |
| F-statistic | 13.51491 | Durbin-Watson stat | 0.233310 |
| Prob(F-statistic) | 0.000402 | | |

Eviews 12 пакеттик программасы колдонулуп эсептелди.

Регрессиялык анализдин натыйжалары төмөнкүдөй тыянак чыгарууга мүмкүндүк берди: инфляциянын 1 бирдикке өсүшү ички дүң продукциянын көлөмүн орто эсеп менен 4,3%га кыскартат. Демек, Кыргызстанда экономикалык өсүш менен инфляциянын ортосунда терс байланыш бар экендиги аныкталды.

Гипотезаны текшерүүдө төмөнкү шарттар коюлган:

Ho: Инфляция ИДПга таасир этпейт

Ha:Инфляция ИДПга таасир этет

F-статистикасынын жыйынтыгы боюнча P-мааниси 0,000402 болуп, $H_0$ гипотезасы 1%, 5% жана 10% маанилүүлүк деңгээлдеринде четке кагылды. Ошондуктан $H_1$ кабыл алынып, инфляциянын экономикалык өсүшкө тийгизген таасири статистикалык жактан далилденди.

Детерминация коэффициенти ($R^2$) 13,1%ды түзүп, бул ИДПдагы өзгөрүүлөрдүн белгилүү бир бөлүгү инфляциянын динамикасы менен түшүндүрүлөрүн көрсөтүп турат. Мисалга, 2020-жылы Covid-19 пандемиясынын таасиринен улам ИДП олуттуу төмөндөп кеткен. Ошол жылы инфляциянын деңгээли 9,7%га жогоруласа, ИДПнын өсүү темпи 8,4%га кыскарган. Бирок 2021–2022-жылдары инфляция 11,2–14,7%га жеткенине карабастан, өлкөнүн ИДПсы кайра өсүү жолуна түшкөн.

Эгерде ушул шоктук жылдарды (2020–2022) эсепке албастан кошумча регрессиялык талдоо жүргүзсөк, анда инфляциянын 1 бирдикке жогорулашы ИДПны болжол менен 2,9%га кыскартарын таблица 5тен көрүүгө болот.

Таблица.5. Регрессиялык анализдин жыйынтыктары

Dependent Variable: LGGDP_SA
Method: Least Squares
Date: 02/12/25 Time: 23:46
Sample (adjusted): 3/01/2000 12/01/2019
Included observations: 80 after adjustments

| Variable | Coefficient | Std. Error | t-Statistic | Prob. |
|---|---|---|---|---|
| C | 10.92740 | 0.116546 | 93.76020 | 0.0000 |
| CPI | -0.029152 | 0.011518 | -2.530986 | 0.0134 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| R-squared | 0.075894 | Mean dependent var | 10.72673 |
| Adjusted R-squared | 0.064046 | S.D. dependent var | 0.789736 |
| S.E. of regression | 0.764028 | Akaike info criterion | 2.324257 |
| Sum squared resid | 45.53161 | Schwarz criterion | 2.383808 |
| Log likelihood | -90.97029 | Hannan-Quinn criter. | 2.348133 |
| F-statistic | 6.405888 | Durbin-Watson stat | 0.268457 |
| Prob(F-statistic) | 0.013386 | | |

Eviews 12 пакеттик программасы колдонулуп эсептелди.
Гипотезаны текшерүүдө төмөнкү шарттар коюлган:
Но: Инфляция ИДПга таасир этпейт
На:Инфляция ИДПга таасир этет

Анализдин жыйынтыгында F-статистикасына тиешелүү Р-мааниси 0,013386 болуп чыккан. Бул көрсөткүч 5% жана 10% маанилүүлүк деңгээлдеринде $H_0$ гипотезасын четке кагууга негиз берет. Демек, $H_1$ кабыл алынып, инфляция экономикалык өсүшкө таасирин тийгизери статистикалык жактан тастыкталды.

Детерминация коэффициенти ($R^2$) 7,6%ды түзүп, бул ИДПдагы өзгөрүүлөрдүн белгилүү бир бөлүгү КБИнин өзгөрүшү менен түшүндүрүлөрүн көрсөтүп турат. Жогоруда белгиленгендей, экономикалык өсүш – бул өлкөнүн белгилүү бир мезгилде өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейиши жана реалдуу ИДПнын жогорулашы. Изилдөөдө 2000–2022-жылдар аралыгындагы кварталдык көрсөткүчтөр пайдаланылып, өзгөрмөлөр баштапкы абалында стационардуу болгондуктан регрессиялык талдоо жүргүзүлдү. Анын натыйжалары көрсөткөндөй, инфляция 1 бирдикке жогорулаганда, ИДП орто эсеп менен 4,3%га кыскарган. Ошондой эле 2020–2022-жылдардагы өзгөчө кырдаалдарды (пандемия жана башка шоктук таасирлерди) эсепке албастан кайра жүргүзүлгөн анализде инфляциянын 1 бирдикке өсүшү ИДПны болжол менен 2,9%га төмөндөтөрү аныкталды.

Бул жыйынтыктар эмнени көрсөтөт? Кыскача айтканда, Кыргызстанда туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуу үчүн инфляциянын деңгээлин көзөмөлдөп туруу зарыл. Инфляцияны жөнгө салуу боюнча негизги ыйгарым укук Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын колунда болгондуктан, ал инфляция максаттуу диапазондон (5–7%) чыгып кеткен учурларда аны төмөндөтүү боюнча активдүү саясат жүргүзүүгө тийиш.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

Bitiglarda qo‘llangan sanskritcha o‘zlashmalardan yana biri *ïšbara* harbiy istilohidir. “Beg, shahzoda” ma’nosidagi ushbu unvonning ko‘plik shakli *ïšbaras* bo‘lib, qadimgi turkchaga toxarcha orqali sanskrit tilidan (*ïšvara* – “aslzoda, shahzoda”) o‘tgan” [22] . M.O‘lmazga ko‘ra, Vang so‘zni eski inglizcha *spearwa* – “nayza”, eski mo‘g‘ulcha *šibagun* – “qush”, dagurcha *soo* / *sogo* – “burgut”, manjchurcha *šibähu* – “qaldirg‘och” bilan taqqoslaydi. Bundan tashqari xitoy manbalariga ko‘ra, turklar jasur va kuchli odamlarni *šbara* deb atashgan[23]. A.Donuk ushbu so‘zni qadimgi turkcha *čap-, čapar* so‘zlari bilan bog‘lashga harakat qiladi[24] . Boshqa manbalarga ko‘ra *ïšbara* qadimgi turkcha *äš* (yo‘ldosh) va *böri* (qashqir) so‘zlarining birikuvidan tashkil topgandir[25] . Lekin leksemani turkchadagi o‘zlashmalar qatoriga kiritish maqsadga muvofiq bo‘ladi. Aytish lozimki, *ïšbara* so‘zi xitoy manbalarida *šabolo* tarzida qayd etilgan. Bulg‘or podshosi *Asparuh* (643-701)ning ismi ham ushbu so‘z bilan aloqador. Shuningdek, o‘rta asr manbalarida tilga olingan *Aspara* (Ashpara – Qozog‘iston Jambul viloyati ma’muriy markazi) va *Isfara* (Tojikiston Sug‘d viloyatidagi tuman[26] ) toponimi ham ushbu so‘z bilan bog‘liq. *ïšbara* unvoni bitiglarda sanoqligina o‘rinlarda tilga olingan: *“äkinti ïšbara yamtar boz atïg binip tägdi* – ikkinchi (bor) Ishbara Yamtarning bo‘z otini minib hujum qildi” (KT, 33), *“bïŋ är: bašï ïšbara Säŋün*

*Yaγlaqar* – ming (jangchi)boshi Ishbara Sangun Yag'laqar*"* (Tar, 7). Birinchi jumladagi *ïšbara yamtar* birikmasi unvon *(Ishbara)* + ism *(Yamtar)*" shaklida tarkiblanib, Kul Teginga arg'umoq sovg'a qilgan shaxsning nomini ifodalamoqda. Ikkinchi misolda esa harbiy unvonni ifodalmoqda. "Uyg'ur xoqonligi davrida yaratilgan Shine-Usu bitigida "Xitoy xalqiga tutuq berdim. Ishbaralar, tarxonlar tayinladim ..." [27] mazmunidagi jumla mavjud bo'lib, undan *ïšbara*ning unvon ekanligi anglashiladi" [28]. Eski uyg'urcha lug'atda bu so'z "yuqori martabali" ma'nosini anglatgan[29]. I Ko'k Turk xoqoni Tapar xoqon 581-yilda vafot etgach, taxt uchun xonadon a'zolari o'rtasida kurash boshlanadi va Tapar xoqonning o'g'li Umna xoqonning qisqa hukmronligi ortidan Nabar *Ïšbara Qaγan* unvoni bilan taxtga o'tirgan[30]. *ïšbara* istilohi bilan bog'liq nom va unvonlar turkiy manbalarda *Ïšbara Yamtar* (Kul Tegin), *Ïšbara Tamgan Čör* (Ongin), *Ïšbara Tamγan Tarqan* (Ongin), *Ïšbara Bilgä Köl Ïč Čör* (Ko'l Ich Cho'r) shakllarida ham uchraydi.

**Sug'dcha o'zlashmalar**. Bitigtoshlar matnida, asosan, yetti yuz kishini birlashtira olgan shaxsga nisbatan qo'llangan "ulus boshlig'i, xoqonzoda" ma'nolaridagi *šad* unvoni tilga olinadi. ДТСga ko'ra, ushbu leksema qadim so'g'd *('χšyδ)* tili bilan aloqalantirilgan. S.Klyashtorniy va V.Livshits xoqonlikka tegishli ilk manbalardan bo'lgan Bugut bitigtoshida tilga olingan *šadapït* so'zidagi *šad*ni so'g'dcha *γš'yδ, γšyδ, xšyδ* bilan bog'laydi hamda uni qadimgi forscha *xšaita* ("Avesto"da *xšaeta* – "boshliq, yetakchi" (*əxšēδ*dan*)*, arab va fors manbalaridagi *ixšid, ixšäd* bilan qiyoslaydi[31]. A.Bombachi va A.Gaben ham uni qadim eron tillaridagi *šah (shoh),* "Avesto"dagi *xšaeta* so'zlari bilan bog'liqligini qayd etadi. Unga ko'ra, *šad* Turk xoqonligi tashkil topishidan avval turklarga juan-juanlardan kirib kelgan[32]. A.Jafero'g'li ushbu leksemani eski uyg'urchadagi *šatu* – "lider, rahbar, ma'mur" so'zining qisqargan shakli sifatida ko'rsatadi [33]. Shuningdek, "Devonu lug'otit-turk"da "jur'at, jasorat" anglamidagi *šat* so'zi borki (DLT, I, 310), ushbu leksema yuqoridagi so'zlarning eski turkiy tildagi shakli bo'lsa kerak.

Asosan O'rxun-Yenisey bitigtoshlarida tilga olingan *šad* leksemasi dastlabki turkiy davlatlardagi harbiy qo'shin boshlig'i, tobe hududlar noiblariga beriluvchi harbiy unvon sifatida ko'zga tashlanadi: *"özüm Tarduš bodun üzä šad ärtim* – o'zim Tardush xalqi ustidan shad edim" (KT, 17); *"ulayu šadapït bäglär ... ataman tarqan, Tonyuquq, boyla baγa tarqan* – keyin shadapit beklar ... ataman Tarxon, To'nyuquq, Bo'yla Bag'a Tarxon" (BX, 14). Shuningdek, To'nyuquq matnida yetti yuz kishini birlashtira olgan shaxs *šad* unvoni bilan yuritilishi aytiladi: *"yäti yüz kišig ... uduzuγma uluγï šad ärti* – yetti yuz kishini uyushtiradigan ulug'i shad edi" (To'n, 5-6). Istiloh To'las Shadning balbalida asar nomi (*Tolus Šad* shaklida) bilan tilga olinadi. Xoqonzodalar muayyan hudud yoki qavmga mas'ul etib tayinlanganda ularga *šad* unvoni berilgan. Ushbu fikrni quyidagi parcha dalillaydi: *"äki oγulïma: yabγu: šad at bärtim* – ikki o'g'limga *yabg'u* va *shad* unvonini berdim" (MCh, 19). Ushbu unvondorlar qo'l ostidagi qabilalarning nomi mazkur unvon nomi bilan birga ishlatilgan. Masalan*, "sü baši Inäl qaγan Tarduš šad barzun tädi* – lashkarboshi Inal xoqon Tardush shadi borsin, dedi" (To'n, 31). *šad*lar turli darajada mustaqillikka ham ega bo'lishgan. "Xitoy yilnomalarida ashina turklarining kelib chiqishi bilan aloqador bir afsonaga ko'ra, Tukyue (turk)larning ajdodlaridan birining nomi *Natuli*

*shad* edi. Natulidan keyin taxtga uning kichik xotinining o‘g‘li keladi va u ham o‘ziga *Asyan shad* unvonini oladi” [34].

Shuningdek, bitiglarda *šadapït* istilohi bilan anglashilgan unvon ham qayd etiladiki, u asosan “qanotdagi harbiy amaldor”[35] ma’nosida tilga olinadi: *“ulayu šadapït bäglär ... ataman tarqan, Tonyuquq, boyla baya tarqan*” (BX, 14). Ushbu unvonli amaldorlar har doim oliy hukmdorning yonidan o‘rin olgan: *“Sabïmïn tükäti äšidgil: ulayu ini yigünüm, oγlanïm, biriki oγušum bodunum, biriyä šadapït bäglär* – So‘zimni tugal eshitgil! Keyinimdagi ini, jiyanim, o‘g‘il(lar)im, ittifoq urug‘im – xalqim, o‘ngdagi shadapit beklar, so‘ldagi tarxonlar, buyruq beklari” (KT, 1). Ushbu unvon ilk marta xoqonlik tarixiga tegishli dastlabki manbalardan bo‘lmish sug‘d tilida bitilgan Bugut bitigtoshida *š’δpyt* shaklida tilga olingan (B, II-2). “V.Radlov ushbu so‘zni *šad-apa-t*, A.Gaben esa *šad-pit* shaklida o‘qiydi (*-pit* ni forscha *-pati* bilan aloqalantiradi)” [36]. S.Malov Kul Tegin bitigtoshidagi *šadapït bäglär* birikmasini *shad va apa boshlig‘i*, Bilga xoqon bitigtoshidagi shunday birikmani *shadapit begi* shaklida o‘giradi. Xulosa sifatida aytish mumkinki, bitigtoshlar matnidagi leksemalar genealogik jihatdan o‘rganish natijasida o‘z va o‘zlashma qatlamga doir istilohlar qo‘llanish darajasi belgilanib, ularning asosiy qismi o‘z qatlamga tegishli ekani ko‘zga tashlanadi. Shuningdek, bitigtoshlardagi bevosita harbiy ish bilan bog‘liq barcha terminlarning o‘z qatlamga oidligi, ayni chog‘da o‘zlashma qatlamga tegishli leksemalarning salmoqli ulushini unvon va lavozim nomlari tashkil qilishi qadimgi turklar harbiy ish va mudofaa borasida o‘z an’anaviy tizimiga ega bo‘lganligi, unvonlar borasida yondosh yirik sulolalar tizimidan muayyan darajada ozuqalanganini ko‘rsatadi.

**Адабияттар:**


1.Memmedli Y. Eski türkçe şahıs adları ve unvanları... – S. 101.

2. Şirin H. Kül Tigin yazıtı... 261

3. Gabain A. V. Alttürkische Grammatik… – S. 345; Haussig H. V. Theophylakts Exkurs über die skythischen Völker, – Byzantion. VIII, 1954. – S. 426; Karl H. Menges. The Turkic Languages ... 1968. – S. 169.

4. Doerfer G. Türkische und mongolische… – S. 207-210.

5. Chavannes E. Documents sur les Tou-kiue ... – S. 141-142.

6.Ko‘k turk davri bitiglaridan bo‘lgan Ixe Ashata bitigi Altun Tamgan Tarxonning maqbarasiga tegishli ikkita toshning uch qismiga yozilgan qabr yodgorligidir. qar. Orçun Ünal. İhe Ashete Yazıtı: Yeni Bir Okuma ve Anlamlandırma Denemesi. Bilig, 2015. – S. 271-294.

7. Chavannes E. Documents sur les Tou-kiue… 1903. – S. 24, 52.

8. Caferoğlu A. Eski Uygur Türkçesi Sözlüğü**...** – S. 255.

9. Doerfer G. Türkische und Mongolische ... – S. 217

10. Golden P. B. Hazar Çalışmaları... – S. 215.

11. Bazin L. Pre-Islamic Turkic Borrowings in Upper Asia, Diogenes 43/3, 1995. – P. 35-44.; Абдураҳмонов Ғ., Рустамов А. Қадимги туркий тил ... – Б. 119.

12. Şirin H. Kül Tigin yazıtı... – S. 258.

13. Clauson G. An Etymological Dictionary ... *– **P. 417.***

***14.*** Ecsedy H. Çin Menşeli Eski Türk Unvanları, Türkçeye çev.: E. B. Özbilen, Türk Dünyası Araştırmaları, 1996. – S. 188

15. Mackerras C. Uygurlar, Türkçeye çev.: Ş. Tekin, Erken İç Asya Tarihi. – Istanbul: İletişim, 2003. – S. 433.

16. Erhan A. Yenisey yazıtlarında geçen unvanlar ve unvan niteleyicileri. – Malatya, 2011. – S. 14.
17. Bazin L. Pre-Islamic Turkic Borrowings in Upper Asia, Diogenes 43/3, 1995. – P. 39.
18. Ecsedy H. Çin Menşeli Eski Türk Unvanları... – S. 188.
19. ***Clauson G.*** An Etymological Dictionary of … ***– P. 417.***
***20.*** Bu uchun qarang: ДТС, 156; Tekin T. Kuzey Moğolistan'da yeni bir uygur anıtı: Taryat (Terhin) kitabesi, Belleten XLVI/184, 1983. – S. 836.; Orhon Türkçesi Grameri, – Ankara: Sanat Kitabevi, 2000. – S. 242.; Şirin User H. Köktürk ve Ötüken uygur... – S. 258.; Aydin E. Uygur Kağanlığı Yazıtları, – Konya: Kömen, 2011. – S. 160-161.
21. Mehmet Ö. Eski Türk Yazıtlarında Yabancı Öğeler (3) Türk Dilleri Araştırmaları 9, – Tokyo, 1999. – S. 64.
22. Clauson G. Tryjarski E. The Inscription at Ikhe Khushotu, Rocznik Orientalistyczny, 34/l, – Vvkrszava, 1971. – P. 13.
23. Ölmez M. EskiTürkYazıtlarında... – S. 184-185.
24. Donuk A. Eski türk yazıtlarındakı ... – S. 18.
25. Бобоёров Ғ. Ўзбек тили тарихи. Т. – Фан. 2022. – Б.85.
26. Shahar birinchi marta X asrda "Tabariylar tarixi"da "Isfara" deb nomlangan. Агеенко Ф. Л. – Исфара // Словарь собственных имён русского языка. Ударение. Произношение. Словоизменение. – М.: Мир и Образование. – Оникс, 2010. – С. 880.
27. Orkun H. N. Eski Türk Yazıtları, I. – Ankara: TTK, 1986. – S. 174.
28. Odabaşı Z. Türk Devletlerinde Kullanılan ... – S. 181
29. Caferoğlu A. Eski Uygur Türkçesi Sözlüğü**...** – S. 87.
30. Pritsak O. Old Turkic Regnal Names in the Chinese Sources, Journal of Turkish Studies, Niġuča Bičig: Pi Wên Shu: An Anniversary Volume in Honor of Francis Woodman Cleaves, S. 9, 1985. – S. 205-211.
31. Кляшторный С. Г., Лившиц В. А. Согдийская надпись из Бугута. – М.: Наука, ГВРЛ, 1971. – С. 121-146.
32. Şirin H. Kül Tigin yazıtı ... – S.210
33. Caferoğlu A. Eski Uygur Türkçesi Sözlüğü**...** – S. 216.
34. Бичурин Н. Я. Собрание сведений о народах... – С. 221; Liu Mau-Tsai. Çin kaynaklarına göre... S. 15-16; Taşağıl A. Gök-Türkler. I... – S. 11; Бобоёров. Ғ. Ғарбий Турк хоқонлиги... – Б. 103.
35. Donuk A. Eski Türk devletlerinde ... – S. 2–60; Gömeç S. Kök Türkçe yazılı belgelerde ...– S. 129-142.
36. Gabain A. von. Eski Türkçenin Grameri... – S. 42.

**УДК 33.336**

***Жанузаков Б.Ш.,*** *к.э.н., доцент*
*МНУ им. К.Ш. Токтомаматова*
***Куванычбек уулу Омүрбек,*** *магистрант*
*МНУ им. К.Ш.Токтомаматова*

# СОСТОЯНИЕ И ПЕРСПЕКТИВЫ РАЗВИТИЯ ЦИФРОВОЙ ЭКОНОМИКИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

**Аннотация**

В статье анализируются цифровые технологии, имеющие приоритетное значение для экономического развития Кыргызской Республики. Представлено всестороннее исследование состояния цифровой экономики в стране, а также рассмотрена программа «Цифровой Кыргызстан 2019-2023» как ключевое направление экономического развития. Определены перспективы дальнейшей цифровизации экономики. Кыргызская Республика располагает всеми необходимыми условиями для реализации цифрового потенциала и ускорения темпов цифровой трансформации. Для успешной реализации программы «Цифровая экономика Кыргызской Республики» требуется увеличение финансирования научно-исследовательских и опытно-конструкторских работ, а также повышение квалификации специалистов в сфере высоких технологий.

**Ключевые слова:** цифровая экономика; информационно-коммуникационные технологии; эффекты трансформации; показатели цифровой экономики; инновации; рост цифровой экономики; глобальное информационное пространство; Интернет.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА САНАРИПТИК ЭКОНОМИКАНЫН АБАЛЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮ КЕЛЕЧЕКТЕРИ

**Аннотация**

Бул макалада Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүндө артыкчылыктуу мааниге ээ болгон санариптик технологиялар изилденген. Кыргыз Республикасындагы санариптик экономиканын абалына комплекстүү изилдөө жүргүзүлүп, өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүндөгү артыкчылыктуу багыт катары "Санариптик Кыргызстан 2019-2023" программасына талдоо жүргүзүлүп, экономиканы санариптештирүүнүн өнүгүү келечеги аныкталды. Кыргыз Республикасында санариптик потенциалды андан ары ишке ашыруу жана экономиканы санариптештирүү темпин тездетүү үчүн бардык зарыл өбөлгөлөр бар. "Кыргыз Республикасынын санариптик экономикасы" программасын ишке ашырууда илимий-изилдөөчүлүк иштеп чыгууларды каржылоонун көлөмү көбөйтүлүүгө, жогорку технологиялар чөйрөсүндө кадрларды даярдоо жакшыртылууга тийиш.

**Ачкыч сөздөр:** санариптик экономика; маалымат жана байланыш технологиялары; трансформациялык эффектилер; санариптик экономиканын көрсөткүчтөрү; инновациялар; экономикалык өсүш; глобалдуу маалыматтык мейкиндик; интернет.

# THE STATE AND PROSPECTS OF THE DIGITAL ECONOMY DEVELOPMENT IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Annotation**

The article discusses digital technologies that have a high priority for the economic development of the Kyrgyz Republic. A comprehensive analysis of the state of the digital economy has been carried out, key areas of development have been identified within the framework of the

Digital Kyrgyzstan 2019-2023 program, and prospects for the digitalization of the economy have been outlined. The Kyrgyz Republic has all the necessary prerequisites for further realizing its digital potential and accelerating the digital transformation of the economy. The effective implementation of the Digital Economy of the Kyrgyz Republic program requires increased funding for research and development, as well as advanced training in the field of high technology.
**Keywords:** digital economy; information and communication technologies; transformational effects; indicators of the digital economy; innovation; growth of the digital economy; global information space; Internet.

**Введение.** Распространение цифровых инноваций началось в 1960-х годах, когда основной акцент делался на автоматизацию существующих технологий и бизнес-процессов. Во второй половине 1990-х годов последовал этап глобального внедрения интернета и мобильной связи. В настоящее время развитие технологической инфраструктуры и использование больших данных способствуют не только расширению доступа к интернету для миллионов пользователей, но и интеграции разнообразных цифровых услуг, продуктов и систем в единую киберфизическую среду. Масштабы развития цифровой экономики сопоставимы с промышленной революцией XVIII и XIX веков, которая радикально изменила мировой порядок и стимулировала быстрый экономический рост.

Согласно одному из отчетов Всемирного банка, «цифровая экономика (в широком смысле этого слова) — это система экономических, социальных и культурных отношений, основанная на использовании цифровых информационных и коммуникационных технологий». Несмотря на множество интерпретаций термина «цифровые технологии», это понятие остается расплывчатым. Чаще всего цифровая экономика понимается как совокупность экономических и социальных видов деятельности, обеспечиваемых информационными и коммуникационными технологиями, такими как интернет, мобильная связь и сенсорные сети, включая связь, финансовые операции, образование, развлечения и другие виды бизнеса, основанные на компьютерах, смартфонах и других устройствах. Термин «цифровая экономика» был введен в 1995 году Николасом Негропонте из Массачусетского университета, но его значение остается неясным для различных групп исследователей. Программа, утвержденная Указом Президента Кыргызской Республики № 2 от 14.12.2018 на 2019-2027 годы, содержит определение цифровой экономики. В ней говорится: «Цифровая экономика — это экономическая деятельность, в которой ключевым фактором производства являются цифровые данные. Обработка больших объемов и использование результатов анализа, по сравнению с традиционным управлением, может значительно повысить эффективность производства, технологий, оборудования, хранения, продаж и доставки товаров и услуг».

Цифровая экономика представляет собой систему экономических, социальных и культурных отношений, реализуемых с использованием цифровых информационно-коммуникационных технологий. Она направлена не только на создание условий для появления новых цифровых технологий, но

и на внедрение инновационных моделей организации бизнеса, торговли, логистики и производства. Цифровые технологии трансформируют операционные модели компаний, особенно в банковском и телекоммуникационном секторах, способствуя повышению эффективности инвестиций и открытию новых возможностей. В ЕАЭС доля цифровой экономики в ВВП составляет приблизительно 3%, или 85 миллиардов долларов. По данным компании Roland Berger, цифровая трансформация европейской промышленности может создать добавленную стоимость в 1,25 триллиона евро к 2026 году. Глобальные тенденции свидетельствуют о неизбежности перехода к цифровой экономике, что обусловлено современными требованиями. В Кыргызской Республике развитие и рост цифровой экономики в значительной степени зависят от правовой и нормативной базы.

В частности, одна IT-компания представляла Кыргызстан на 5-м Московском международном форуме «Открытые инновации», который проходил в 2016 году в технопарке «Сколково». Кроме того, кыргызские IT-специалисты известны своим высоким профессионализмом на мировом рынке оффшорного программирования. Также стоит отметить, что в настоящее время в республике работает около 60 интернет-магазинов, и наличие надежной системы электронных платежей является мощным стимулом для их роста. Ведется разработка и внедрение элементов цифрового управления в государственных учреждениях. Экономика в горных регионах нашей страны развивается крайне слабо. Бизнес, как и сельское хозяйство, находятся в упадке. Международные исследования показывают, что уровень бедности в этих районах чрезвычайно высок. После распада СССР Кыргызстан унаследовал сеть геостационарных спутников, которые могли бы принимать искусственные спутники. Эти спутники являются национальной собственностью. Запуск этих спутников при поддержке инвесторов мог бы состояться в период перехода к новой технологической парадигме. Это, в свою очередь, обеспечило бы доступ к интернету, телевидению и услугам связи во всех наших труднодоступных регионах. Научно-технический прогресс определяет характер интеграционных процессов в современном мире. Если Кыргызстану не удастся построить новую экономику для активной молодежи с высокими зарплатами и наукоемким производством и услугами, страну ждет очередной виток архаизации. Такое производство должно основываться на университетах и научных достижениях. Неудача также может привести к эскалации политической напряженности. Цифровая трансформация страны является стратегически важным направлением. Внедрение электронного документооборота и государственных услуг способствует упрощению ведения бизнеса, в частности регистрации, а также сокращает время, затрачиваемое на взаимодействие с государственными учреждениями. Это оказывает положительное влияние на валовой внутренний продукт. Со временем значительное количество услуг может быть переведено в онлайн-формат. В качестве примера можно привести регистрацию индивидуального

предпринимателя с помощью мобильного телефона в Москве. В настоящее время Кыргызстан сталкивается с трудностями полного перехода к цифровой экономике из-за сокращения высокотехнологичных отраслей и утраты квалифицированных кадров. В связи с этим необходимо определить ключевые направления, позволяющие эффективно использовать текущую рыночную ситуацию. Одним из таких направлений может стать участие отечественных программистов в разработке программного обеспечения для стран-членов ЕАЭС.

Переход к цифровой экономике помог бы исключить домашних работников в России из «черного списка». Трудовая миграция сегодня является, по сути, движущей силой экономики. Благодаря этой деятельности в Кыргызстане расширились авиационная отрасль и банковский сектор. Рост электронных платежных систем, таких как Visa, также во многом обусловлен увеличением денежных переводов от мигрантов. Что касается ЕАЭС, вступление в экономический союз упростило многие процедуры для наших работников. Однако проблемы всё ещё остаются, например, «чёрный список». Люди попадали в него в основном из-за незнания условий проживания и работы в России. Поэтому реализация таких проектов, как «Таза Коом», поможет избежать подобных трудностей в будущем. По крайней мере, в том смысле, что интернет будет доступен даже жителям самых отдалённых уголков нашей страны. Они смогут заранее найти всю необходимую информацию. Переход к цифровой экономике требует выполнения ряда условий, включая целенаправленные долгосрочные инвестиции в образование, усиление внимания к естественнонаучным дисциплинам, развитие социальной ответственности и внедрение новых образовательных стандартов для высшего образования. Важно также инвестировать в инфраструктуру цифровой экономики, такую как широкополосный интернет, связь 5G и информационно-коммуникационные технологии, а также в создание интеллектуальных киберпродуктов для управления цифровой экономикой в интересах государства. Особое значение имеют защита информационных ресурсов, обеспечение кибербезопасности и формирование законодательной базы, способствующей глобализации рынка и прозрачности границ.

Преимущество также получили станции по продаже машин и тракторов, торгово-логистические центры и сельскохозяйственные кооперативы. Налог на добавленную стоимость для переработчиков сельскохозяйственной продукции отечественного производства был снижен на 80%. Приоритет отдавался инвестиционным проектам, создающим новые рабочие места. Был запущен ряд промышленных предприятий по хранению, сортировке, упаковке и переработке сельскохозяйственной продукции, а также текстильные и швейные фабрики и предприятия по производству строительных материалов. В общей сложности по регионам страны было создано более 200 новых предприятий.

Были построены четыре новые фитосанитарные лаборатории, а также отремонтированы и восстановлены 18 ветеринарных лабораторий, в которых установлено новое оборудование.

В Кыргызской Республике было сделано следующее:

- Начался масштабный перевод государственных услуг в электронный формат.
- к Тундук ;
- Проект «Безопасный город» стартовал.
- Запущены автоматизированные информационные системы «Единый реестр правонарушений и преступлений», «Единый реестр нарушений» и многое другое.

Кроме того, до 2026 года органы местного самоуправления будут ежегодно получать 50 миллионов сомов из республиканского бюджета на разработку генеральных планов.

Доноры и финансовые учреждения достигли соглашения об увеличении финансирования проектов регионального развития.

В течение трех лет на развитие инфраструктуры в нескольких приграничных районах будут выделены миллионы сомов для обеспечения безопасности и социально-экономического развития.

Внедрение цифровых технологий должно стать приоритетом в образовании, здравоохранении, туризме, сельском хозяйстве, телекоммуникациях, банковском деле, легкой промышленности и строительстве.

Необходимые условия для продвижения к цели «цифровой экономики» (перспективы):

- Целевые долгосрочные инвестиции в сектор образования (школы);

- усиление пропорции в пользу доли естественнонаучных дисциплин (математика, физика, химия и др.), которые являются основой для развития и будущих связей и работы в области новых цифровых технологий (примеры: Южная Корея, Сингапур и др.);

- содействие социальной ответственности за будущее страны.

**Список литературы:**

[1] Cagnin C., Havas A., Saritas O. Технологический анализ, ориентированный на будущее: его потенциал для преодоления разрушительных преобразований // Технологическое прогнозирование и социальные изменения. 2013, Vol. 80, [стр. 379-385.]

[2] Боден М., Каньнин С., Карабиас В., Хегеман К. Взгляд в будущее: время, когда ЕС должен решать глобальные проблемы // Объединенный исследовательский центр Европейской комиссии Институт перспективных технологических исследований Европейского союза, 2010, [с. 44.]

[3] Всемирный банк. 2016 год. Доклад о мировом развитии 2016 «Цифровые дивиденды». 2016 год Документ о мировом развитии 2016 года «Цифровые дивиденды»]. (по состоянию на 08.01.2018).

[4] Прогнозирование мира в 2018 году 29 декабря 2017 года. The Financial Times URL: https://www.ft.com/ (по состоянию на 08.01.2018).

**УДК 339.137:658.7**

***Жанузаков Б.Ш.**, к.э.н., доцент*
*МНУ им. К.Ш. Токтомаматова*
***Бейшенкул уулу Амантур,** магистрант*
*МНУ им. К.Ш.Токтомаматова*

# ЛОГИСТИКАЛЫК КОМПАНИЯНЫН АТААҢДАШТЫККА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН БАШКАРУУ

**Аннотация**

Бул макалада логистикалык компаниянын атаандыштыкка жөндөмдүүлүгүн башкаруунун негизги аспектери талкууланат. Компаниянын рынокто туруктуулугуна таасир этүүчү негизги факторлор талдоого алынган, анын ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты, технологиялык өнүгүү, чыгымдарды оптималдаштыруу жана өзгөрүүлөргө көнүү. Барган сайын күчөгөн атаандыштык чөйрөдө компаниянын узак мөөнөтүү ийгили үчүн инновациялык чечимдерди киргизүүнүн маанилүүлүгү баса белгиленет.

**Негизги сөздөр**: логистика, атаандаштыкка жөндөмдүүлүк, башкаруу, оптималдаштыруу, санариптештирүү, автоматташтыруу, логистикалык процесстер, технология, рынок, инновация

# УПРАВЛЕНИЕ КОНКУРЕНТОСПОСОБНОСТИ ЛОГИСТИЧЕСКОЙ КОМПАНИИ

**Аннотация**

В данной статье рассматриваются основные аспекты управление конкурентоспособностью логистической компании. Анализируется ключевые факторы, влияющие на устойчивость компании на рынке, включая качество услуг, технологическое развитие, оптимизацию затрат и адаптивность к изменениям. Подчеркивается значимость внедрения инновационных решений для долгосрочного успеха компании в условиях рустующей конкуренции.

**Ключевые слова**: логистика, конкурентоспособность, управление, оптимизация, цифровизация, автоматизация, логистические процессы, технологии, рынок, инновации

# MANAGEMENT OG COMPETITIVENESS OF LOGISTICS COMPANY

**Annotation**

This article discusses the main aspects of managing the competitiveness of a logistics company. The key factors influencing the company's sustainability in the market are analyzed, including quality of services, technological development, cost optimization and adaptability to change. The importance of introducing innovative solutions for the long-term success of the company in an increasingly competitive environment is emphasized.

**Key words**: logistics, competitiveness, management, optimization, digitalization, automation, logistics processes, technology, market, innovation

**Киришуу.** Ааламдашуу жана атаандаштыктын күчөшү шартында логистикалык компаниялар базарда суроо-талапка ээ болуу үчүн процесстерин үзгүлтүксүз өркүндөтүүгө аргасыз. Логистикалык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү анын ресурстарды натыйжалуу башкаруу, чыгымдарды оптималдаштыруу жана кардарларга жогорку сапаттагы кызматтарды сунуштоо жөндөмүнө жараша аныкталат. Бул изилдөөдө логистикалык

компаниянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн негизги факторлору, аларды жогорулатуу ыкмалары жана башкаруудагы заманбап тенденциялар каралат.

Ар бир уюмга ишенимдүү материалдык же каржылык агым керек. Мында логистика маанилүү функцияны аткарат. Анткени, менеджерлер материалдардын мүмкүн болушунча натыйжалуу жана өндүрүмдүү жылышын камсыз кылууга тийиш. Буга жетишүүнүн эң жакшы жолу – интеграцияланган логистикалык функцияны түзүү, башкача айтканда, материалдардын кыймылынын бардык аспектилерин көзөмөлдөгөн функцияны уюштуруу керек.[1] Логистикалык иштердин жыйынтыгы өтө маанилүү, анткени алар түздөн-түз кардарларды тейлөөгө, чыгымдарга жана уюмдун башка иш көрсөткүчтөрүнө таасир этет. Логистика уюмдун чегинен чыгып, аны бир жагынан сырткы жеткирүүчүлөр, экинчи жагынан кардарлар жана керектөөчүлөр менен байланыштырган уникалдуу позицияга ээ. Ошондуктан уюмдар мындан ары жөн гана өзүнүн ички бизнес түзүмдөрүн башкарбастан, камсыздоо чынжырынын бир бөлүгү катары кардарлардын суроо-талаптарын канааттандырууга багытталган иш алып баруусу шарт. Логистиканын ушундай кеңири мааниге ээ болушунан улам, айрым адистер аны “камсыздоо чынжырын башкаруу" куралы катары каршат. Логистикалык компания - жүктөрдү ташуу, сактоо жана бөлүштүрүү менен байланышкан процесстерди пландаштырган, башкарган жана аларды аткарган уюм. Ал жүктөрдү жөнөтүүчүдөн алуучуга натыйжалуу жеткирүү, маршруттарды оптималдаштыруу, чыгымдарды азайтуу жана жеткирүү убактысын көзөмөлдөөнү камсыздайт.

Бул тармак өтө динамикалуу өзгөрүп турат. Так жөнгө салынган операцияларды түзүү, суроо-талапка натыйжалуу жооп кайтаруу жана башка инновациялык ыкмалар логистиканын үзгүлтүксүз өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.
Логистика материалдардын жеткирүү жана сактоо процесстерине жооп берет, алар жабдуу чынжыры боюнча жылган сайын ыңгайлашуусу зарыл. Бул процесстерге кандай ишмердүүлүк түрлөрү катышат десек, анда эгерде материалдардын уюмдар боюнча жылышын көзөмөлдөөдө төмөнкү ишмердүүлүктөр адатта кирерин көрөбүз.

Камсыздоо жана сатып алуулар. Уюм аркылуу өтүүчү материалдык агым, адатта, камсыздоо бөлүмү жеткирүүчүгө сатып алуу буйрутмасын жөнөткөндө башталат. Бул камсыздоо бөлүмү керектүү жеткирүүчүлөрдү табат, алар менен буйрутманы аткаруунун шарттарын макулдашат, жеткирүүнү уюштурат, камсыздандыруу жана төлөм иштерин жүргүзөт, ошондой эле материалдардын өз убагында уюмга жеткирилишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон бардык чараларды көрөт. Мурда бул баскыч кеңсе иштерине көбүрөөк байланышкан. Азыр болсо, бул баскыч алдыңкы ишмердүүлүктөр менен маанилүү байланыш түзгөндүктөн, ага көбүрөөк көңүл бурулууда. Логистиканын изилдөө предмети болуп материалдык жана аларга тиешелүү агымдардын кыймылын оптималдаштыруу жана логистикалык процесстин катышуучуларынын ортосунда байланыштарды түзүү саналат.

Логистиканын максаты жалпысынан 7 эрежеде чагылдырылат. Алар:

1). Керектүү товар;
2). Керектүү убакта;
3). Керектүү жерге;
4). Минималдуу чыгымдар менен;
5). Керектүү сапатта;
6). Керектүү санда;
7). Материалдык агымдын керектүү керектөөчүсүнө жеткирилиши.

Эгерде бул эрежелер аткарылса, анда логистикалык ишмердүүлүктүн максаты ишке ашты деп саноого болот.

Логистиканы санариптештерүү жүк ташуу тармагы гана эмес, электрондук документ жүгүртүү катары да түшүнүү керек. Логистика товарларды сатып алууну, ташууну, сатууну жана сактоону, ошондой эле каржы жана маалыматтын коштолгон агымдарынын башкарууну камтыйт. Санариптик технологиялар, өз кезегинде, сатып алууларды жана жеткирүү чынжырларын башкарууга, сактоону оптималдаштырууга жана товарлардын кыймылы жана инвентиризацияны сатуучудан сатып алуучуга өткөрүп берүү жөнүндө маалыматты берүүгө жардам берет. Логистикалык компаниянын атаӊдаштыкка жөндөмдүүлүгүн башкарууда санариптештеруу программасы жардам бере алат. Төмөндөгү тизме менен биз логистикадагы атаӊдаштыкты көзөмөлдөсө болорун көрсөтөбүз:

1. Жабдуулардын токтоп туруусун кыскартуу жана өндүрүштун көлөмүн көбөйтүү;
2. Өндүрүштү долборлоо жана продукцияны керетөөчүгө жеткирүү процессин тездетүү;
3. Санариптик -визуалдык моделдөө;
4. Операциялардын ачык-айкындыгын деңгээлин жогорулатуу жана жеткирүү чынжырын башкаруу циклынын бардык мезгилинде чыгымдарды азайтуу;
5. Технологиялык операцияларды жүргүзүүдө энергиянын сарпталышын азайтуу; [3,128]

Логистикалык компаниянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жөндөмдүүлүгү – бул анын базарда ийгиликтүү иштеп, кардарларды тартуу жана туруктуу өсүштү камсыз кылуу жөндөмү. Анын негизги факторлору төмөнкүлөр:

- кызматтардын сапаты – жеткирүүнүн өз убагында болушу, жүктөрдүн коопсуздугу, жогорку деңгээлдеги тейлөө;
- кызмат көрсөтүү баасы– чыгымдарды оптималдаштыруу жана атаандаштыкка жөндөмдүү тарифтер;
- технологиялык камсыздо – логистикалык процесстерди башкаруу үчүн заманбап IT-чечимдерди колдонуу;
- ийкемдүүлүк жана ыңгайлашуу – суроо-талаптын жана базар шарттарынын өзгөрүшүнө ыкчам жооп кайтаруу жөндөмү;
- репутация жана кардарлардын ишеними – тейлөө сапаты жана ишенимдүүлүк.

Логистикалык компаниялар рыноктогу позициясын бекемдөө үчүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатуу үчүн төмөнкү стратегияларды колдонушу зарыл:

- логистикалык процесстерди оптималдаштыруу – кампа жана транспорт башкаруунун автоматташтырылган тутумдарын киргизүү;
- заманбап технологияларды колдонуу – санариптештирүү, блокчейн, жасалма интеллект аркылуу суроо-талапты алдын ала болжолдоо;
- чыгымдарды төмөндөтүү – оптималдуу маршруттарды тандоо, үнөмдүү транспорттук чечимдерди колдонуу;
- персоналды өнүктүрүү – кызматкерлерди окутуу, алардын квалификациясын жогорулатуу;
- кызматтарды дифференциациялоо – кардарларга ылайыкташтырылган уникалдуу кызматтарды сунуштоо;
- экологиялык жоопкерчилик – туруктуу логистикалык тажрыйбаларды колдонуу.

Учурда атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү башкаруунун заманбап өсүүсү колго алынууда.

Заманбап логистика рыногу инновациялык технологиялардын жана кардарлардын жаңы талаптарынын таасиринде өнүгүүдө. Негизги өнүгүү тенденциялары төмөнкүлөр:

- санариптик трансформация– Big Data жана IT колдонуу аркылуу логистикалык процесстерди жакшыртуу;
- автоматташтыруу жана роботташтыруу – дрондорду жана автономдуу транспортту колдонуу;
- гибриддик логистикалык моделдер – салттуу жана санариптик чечимдерди айкалыштыруу аркылуу натыйжалуулукту жогорулатуу;
- жашыл логистика – экологиялык таза транспорт каражаттарына өтүү жана көмүр кычкыл газынын бөлүнүшүн кыскартуу.[4]

Логистикалык компаниянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү тейлөө деңгээли, технологиялык өнүгүү жана ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгү сыяктуу бир катар факторлорго көз каранды. Заманбап шарттарда атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү ийгиликтүү башкаруу үчүн инновациялык чечимдерди киргизүү, процесстерди оптималдаштыруу жана кардарлардын муктаждыктарын эске алуу зарыл. Ушундай жол менен гана компания туруктуу өнүгүүнү камсыздап, базарда бекем позицияга ээ боло алат.

Изилдөөлөргө караганда, Кыргызстанда логистика акыркы жылдары активдүү өнүгүү баскычында десек болот, инфраструктуралык жана уюштуруучулук көйгөйлөрдү эске албаганда. Өлкөдө негизги жүк ташуу автотранспорт аркылуу жүргүзүлгөндүктөн, жерибиздин тоолуу рельефинен логистикалык чыгымдарды көбөйтөт. Кыргызстан көбүнчө Кытайдан келген товарларды кайра экспорттоодо логистикалык борбор катары колдонулат. Бул жагдай Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолу долбоорун ишке ашуусу анын логистикасын өсүшүнө чоң ишеним арттырат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй негизги көйгөйлөр төмөнкүлөр деп табылды:

- инфраструктуранын жетишсиздиги;
- кампа жана логистикалык борборлордун аздыгы;
- бажы процедураларынын жайлыгы;
- санариптик логистиканын толук өнүкпөгөндүгү.

Бирок, учурдагы өлкөнүн логистикалык иштеринин динамикалык жылуулары анын өнүгүү перспективаларын белгилейт. Алар:

-эл аралык транспорттук коридорлорго интеграциялоо;
-темир жол долбоорлорунун ишке ашуусу;
-логистикалык хабдарды түзүү;
-санариптик башкаруу системаларын киргизүү;

Экономикада болуп жаткан белгиленген өзгөрүүлөргө карабастан, логистика жана анын потенциалы неоэкономикада ишмердүүлүктү уюштуруунун салттуу жана инновациялык формаларын ишке ашыруу менен байланышкан келечекти көрүү үчүн өбөлгөлөрдү түзөт.

**Колдонулган адабияттар**

1. В.П. Мельников, А.Г.Схиртладзе, А.К. Антонюк. Логистика. Учебник для СПО, 1995.- 287 с.

2. *Левкин, Г. Г. Логистика в торговых бизнес-системах: учебник* / Г. Г. Левкин. — Москва, Вологда: Инфра-Инженерия, 2024. — 228 с.

3. *Левкин, Г. Г. Основы логистики: учебное пособие* / Г. Г. Левкин. – 4-е изд. –. Москва ; Вологда: Инфра-Инженерия, 2021. – 240 с.

Балашова Е.Ю. Логистикада атаңдаштыкка жөндөмдүүлүктү башкаруу. - М,: Экономика, 2023

4.Портер М.Э. Конкурентная стратегия: Методика анализа отраслей и конкурентов(1980)

5. Афанасенко И.Д., Борисова В.В. Экономическая логистика. – СПб.: Питер, 2012. – 432 с.

6. Логистика снабжения : учебник для бакалавриата и магистратуры / В. И. Сергеев, И. П. Эльяшевич ; под общ. ред. В. И. Сергеева. — 2-е изд., перераб. и доп. — М.: Юрайт, 2015. — 524 с

7. Логистика и управление цепями поставок: Учебник. / Под ред. В.В. Щербакова. – М.: Юрайт, 2015. – 592 с.

***Ж. Садыралиев*** *э.и.д, профессордун м.а.*
*Б. Осмонов атындагы ЖАМУ*
***Каныбекова А.У.,*** *магистрант*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК САЯСАТЫНЫН АЗЫРКЫ АБАЛЫ, КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖОЛДОРУ

**Аннотация**

Бул макалада Кыргыз Республикасынын экономикасынын каржылык туруктуулугун камсыз кылууда жана мамлекеттик жөнгө салуунун негизги куралы катары салык саясатынын ролу каралат. Салыктык администрлөөнүн натыйжалуулугу бюджеттин толукталышына, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана калктын социалдык жыргалчылык деңгээлине түздөн-түз таасир этери көрсөтүлгөн. Кыргызстандагы салык саясатынын иштешинин өзгөчөлүктөрү талданган, анын курамына жалпы, жөнөкөйлөтүлгөн, патенттик жана өзгөчө салык режимдери кирет. Ошондой эле, анын өнүгүүсүнүн заманбап тенденциялары — санариптештирүү жана администрлөө механизмдерин өркүндөтүү сыяктуу багыттар белгиленген. Макаланын максаты — Кыргыз Республикасынын салык саясатын өнүктүрүүнүн концептуалдык багыттарын жана этап-этабы менен ишке ашыруучу механизмдерин аныктоо болуп саналат. Бул механизмдер салык системасынын натыйжалуулугун, ийкемдүүлүгүн жана ачыктыгын жогорулатууга багытталган. Алынган жыйынтыктар жана сунуштар салык саясатынын стратегиясын түзүүдө жана салыктык администрлөөнү өркүндөтүү чараларын иштеп чыгууда пайдаланылышы мүмкүн.

**Негизги сөздөр:** салык саясаты, Салык кодекси, салыктык администрлөө, салык салуу режими, санариптештирүү, ишкердик ишмердүүлүк, экономикалык өнүгүү.

# СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ НАЛОГОВОЙ ПОЛИТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ, ПРОБЛЕМЫ И ПУТИ СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ

**Аннотация**

В статье рассматривается роль налоговой политики как ключевого инструмента государственного регулирования и обеспечения финансовой устойчивости экономики Кыргызской Республики. Показано, что эффективность налогового администрирования напрямую влияет на наполняемость бюджета, качество предоставляемых государственных услуг и уровень социального благосостояния населения. Проанализированы особенности функционирования налоговой политики Кыргызстана, включающей общий, упрощённый, патентный и специальные налоговые режимы, а также обозначены современные тенденции её развития, такие как цифровизация и совершенствование механизмов администрирования. Цель статьи заключается в определении концептуальных направлений и поэтапных механизмов развития налоговой политики Кыргызской Республики, направленных на повышение её эффективности, гибкости и прозрачности. Полученные выводы и предложения могут быть использованы при формировании стратегии налоговой политики и разработке мер по совершенствованию налогового администрирования в стране.

**Ключевые слова:** налоговая политка, налоговой кодекс, налоговое администрирование, режим налообложение, цифровизация, предпринимательская деятельность, экономическое развитие;

# CURRENT STATE OF TAX POLICY OF THE KYRGYZ REPUBLIC, PROBLEMS AND WAYS OF IMPROVEMENT

**Annotation**

The article examines the role of tax policy as a key instrument of state regulation and ensuring the financial sustainability of the economy of the Kyrgyz Republic. It is demonstrated that the effectiveness of tax administration directly affects budget revenues, the quality of public services provided, and the level of social welfare of the population. The specific features of the functioning of tax policy in Kyrgyzstan are analyzed, including the general, simplified, patent-based, and special tax regimes. The study also outlines current development trends, such as digitalization and the improvement of administrative mechanisms. The purpose of the article is to identify conceptual directions and phased mechanisms for the development of the tax policy of the Kyrgyz Republic aimed at increasing its efficiency, flexibility, and transparency. The conclusions and recommendations obtained may be used in shaping the tax policy strategy and developing measures to improve tax administration in the country.

**Keywords:** tax policy, Tax Code, tax administration, tax regime, digitalization, entrepreneurial activity, economic development.

**Киришүү.** Салыктар мамлекеттин социалдык-экономикалык тутумунда өзгөчө орунду ээлейт, анткени алар анын каржылык туруктуулугун жана социалдык-экономикалык саясатты ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн аныктайт. Салыктык башкаруунун натыйжалуулугу түздөн-түз бюджеттин толукталышына, мамлекеттик кызматтардын сапатына жана коомдун жыргалчылык даражасына таасир этет. Тарыхый тажрыйба көрсөткөндөй, салык – ар бир мамлекеттин иштешинин ажырагыс элементи болуп саналат жана ал бюджеттин киреше бөлүгүн калыптандырууну, ошондой эле мамлекеттин жарандар алдындагы милдеттерин аткаруусун камсыздайт. Мамлекеттин салык саясаты – бул өкмөт тарабынан экономикалык жана социалдык максаттарга жетүү үчүн салыктар аркылуу жүргүзүлүүчү чаралардын жыйындысы. Ал салыктардын түрлөрүн, алардын чендерин, кимдер төлөй тургандыгын жана салыктык жеңилдиктерди белгилейт. Салык саясатынын негизги милдеттери – бюджетти толуктоо, экономиканы стимулдаштыруу, социалдык колдоо көрсөтүү, инфляцияны көзөмөлдөө жана туруктуулукту камсыз кылуу.

Изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргызстан экономикасынын рыноктук трансформация шартында салык саясатын өркүндөтүү зарылчылыгы жана иш менен камсыздоодо, ИДПнын түзүлүшүндө чакан жана орто бизнестин ролунун жогорулашы менен шартталат. Мамлекеттик фискалдык кызыкчылыктар менен ишкердикти стимулдаштыруу ортосундагы тең салмактуулукка багытталган салык саясаты туруктуу экономикалык өнүгүүнүн маанилүү шарты болуп калууда. Бул макаланын максаты – салык саясатын өркүндөтүүнүн концептуалдык багыттарын жана анын натыйжалуулугун, ийкемдүүлүгүн жана заманбап экономикалык шарттарга ыңгайлашуусун жогорулатууга багытталган этап-этабы менен ишке ашырылуучу механизмдерин аныктоо болуп саналат.

**Натыйжалар жана талкуу**

Кыргыз Республикасынын Президентинин менчик укуктарын коргоого, ишкердикти жана инвестициялык ишмердүүлүктү колдоого багытталган Жарлыктарынын алкагында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин экономиканы турукташтыруу жана нормативдик-укуктук базаны өркүндөтүү боюнча иш-аракеттер планына ылайык, 2022-жылдын 1-январынан тартып Кыргыз Республикасынын жаңы Салык кодекси күчүнө кирген. Анын кабыл алынышы улуттук экономиканын өнүгүү талаптарына шайкеш келген салык саясатын калыптандырууга жана салык мыйзамдарын системалуу реформалоого багытталган маанилүү этап болуп калды. Жаңы салык мыйзамынын негизги өзөгүн экономиканын модернизациясы жана диверсификациясы, жагымдуу инвестициялык чөйрөнү түзүү, ошондой эле айрым тармактар үчүн, өзгөчө чакан жана орто бизнес үчүн салык жүгүн азайтуу түзөт.

Мындайча айтканда, Салык кодексинин жаңы редакциясынын кабыл алынышы мамлекеттин натыйжалуу, тең салмактуу жана стимулдаштыруучу салык тутумун түзүүгө болгон умтулуусун чагылдырат. Бул өз кезегинде улуттук экономиканын туруктуу өнүгүшүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырууга өбөлгө түзөт. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын салык системасы көп деңгээлдүү түзүлүшкө ээ болуп, ага жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү салыктар кирет. Бул түзүлүш республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин киреше базасын камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Негизги жалпы мамлекеттик салыктарга киреше салыгы (10%), сатуу салыгы (ишмердүүлүк түрүнө жараша 1%дан 5%га чейин), кошумча нарк салыгы (12%) жана продукция көлөмүнө жараша эсептелүүчү акциздер кирет. Жергиликтүү бюджеттер болсо мүлк салыгынын, жер салыгынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленүүчү бир катар жыйымдардын эсебинен түзүлөт [1].

Учурда Кыргыз Республикасында салык төлөөнүн бир нече режими иштейт, алардын ар бири ишкердиктин көлөмүн жана мүнөзүн эске алат:

- **Жалпы режим** – киреше салыгын, КНСти, сатуу салыгын жана башка милдеттүү төлөмдөрдү камтыйт;
- **Жөнөкөйлөштүрүлгөн режим** – бирдиктүү салык негизинде чакан жана орто бизнес үчүн (жылдык жүгүртүүсү 30 млн сомго чейин) колдонулат, бир нече салыкты алмаштырып, бухгалтердик эсепти жөнөкөйлөштүрөт;
- **Патенттик система** – өзгөчө ишмердүүлүк түрлөрүнө (кызмат көрсөтүү, чекене соода, коомдук тамактануу) колдонулат, бул жерде ишкерлер белгиленген өлчөмдө салык төлөшөт;
- **Өзгөчө салык режимдери** – эркин экономикалык аймактарда, Жогорку технологиялар паркында жана инновациялык секторлордо иштеген субъекттер үчүн каралган [1].

Салык саясатынын маанилүү багыттарынын бири – артыкчылыктуу тармактарды стимулдаштыруу. Жеңил, тамак-аш, энергетика жана кайра

иштетүү өнөр жайларында, ошондой эле экспортко багытталган жана инновациялык ишканалар үчүн бир катар салыктык жеңилдиктер каралган. Алар мүлк салыгынан, жер салыгынан, киреше салыгынан жана сатуу салыгынан бошотуу түрүндө берилет. Бул тармактардагы жаңы ишканалар үчүн киреше салыгынын төмөндөтүлгөн чени – 5% деңгээлинде белгиленген.

Мындан тышкары, жаңы Салык кодекси жогорку технологиялык тармактарды жана экологиялык жактан таза өндүрүштү өнүктүрүүгө багытталган атайын салыктык жеңилдиктерди да камтыйт. Мисалы, Жогорку технологиялар паркындагы резиденттер программалык камсыздоону иштеп чыгуу жана IT кызматтарын экспорттоо боюнча киреше салыгынан, сатуу салыгынан жана КНСтен бошотулат; электромобиль жана электробус өндүрүү менен алектенген ишканалар КНС төлөөдөн бошотулат; эркин экономикалык аймактардын субъекттери үчүн толук салыктык бошотуу режими сакталат.
Жүргүзүлгөн реформалар жана Салык кодексинин жаңы редакциясынын кабыл алынышы Кыргыз Республикасынын салык системасынын өнүгүшүндө жаңы этапты белгиледи. Бул реформалар фискалдык натыйжалуулук менен экономикалык стимулдаштыруу ортосундагы тең салмактуулукка жетүүгө багытталган. Акыркы жылдары салыктык администрлөөдө санариптик куралдардын ролу артты, салыктык жол-жоболордун ачыктыгы жогорулады жана салык төлөөчүлөр үчүн электрондук кызматтардын спектри кеңейди [2].

**Мунун баары** салыктык башкаруунун административдик чыгымдарын кыскартууга жана салыктардын жыйналуусун жакшыртууга өбөлгө түзөт.

Ошол эле учурда, оң өзгөрүүлөргө карабастан, өлкөнүн салык системасы дагы эле бир катар структуралык жана институционалдык көйгөйлөргө туш болууда. Демек, жүргүзүлгөн реформаларга карабастан, мамлекеттик салык саясатынын актуалдуу милдети катары өндүрүштү стимулдаштырууга, инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө жана өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган тең салмактуу салык системасын калыптандыруу маселеси калууда.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексине киргизилген өзгөртүүлөр, бир жагынан, салык мыйзамдарын колдонуу процессин татаалдаштырса, экинчи жагынан, салык системасынын ачыктыгын жогорулатууга жана аны эл аралык стандарттарга ыңгайлаштырууга өбөлгө түздү. Акыркы жылдардагы реформалар салыктык администрлөөнү санариптештирүүгө, салыктардын жыйналуусун жогорулатууга жана бизнеске болгон административдик басымды азайтууга багытталган. Дүйнөлүк банктын жана PwC компаниясы даярдаган *Paying Taxes* аттуу эл аралык отчеттун маалыматына ылайык, 2010-жылдардын башында Кыргызстан салыктарды төлөө жеңилдиги боюнча рейтингде төмөнкү орундардын бирин ээлеген [7]. Бирок электрондук эсеп-фактураларды киргизүү, салыктык жол-жоболорду автоматташтыруу жана онлайн-декларациялоо сыяктуу ырааттуу реформалардын натыйжасында өлкө өз көрсөткүчтөрүн жакшырткан. Мисалы, 2012-жылы Кыргызстан болжол менен 80-орунда болсо, 2020-жылга келгенде 180ден ашык өлкөнүн ичинен 60-орундун тегерегине көтөрүлгөн.

Салыштыруу үчүн: эң жагымдуу салык режимине ээ өлкөлөрдө — Бириккен Араб Эмираттарында, Катарда жана Сауд Арабиясында — жалпы салык жүгү 20%дан ашпайт, ал эми салыктарды төлөөгө кеткен убакыт жылына 20 сааттан аз. Кыргызстанда болсо салыктык жүктүн жалпы көлөмү ички дүң өнүмдүн (ИДӨ) 30–32% тегерегинде бааланат, ал эми салыктык милдеттемелерди аткарууга кеткен убакыт 200 саатка чейин жетет. Бул көрсөткүч салыктык администрлөөнү жөнөкөйлөтүүдө дагы мүмкүнчүлүктөр бар экенин көрсөтөт [7].

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин адистеринин баалоосу боюнча, өлкөнүн экономикасына болгон салыктык жүк орто эсеп менен КМШ өлкөлөрүнүн деңгээлине жакын. Мисалы, Казакстанда ал 27% тегерегинде, Россияда – 34%, ал эми ЭЫДӨ (ОЭСР) өлкөлөрүндө – 34–35% чамасында. Демек, Кыргызстан орточо салык жүгү бар мамлекеттердин катарына кирет жана натыйжалуу салыктык башкаруунун шартында бул инвестицияларды тартууга жана ишкердик активдүүлүктү өнүктүрүүгө өбөлгө боло алат. Жалпы салык ченинин көрсөткүчү салык системасынын натыйжалуулугунун индикатору катары каралат. Ал экономикада түзүлгөн кошумча нарктын ичиндеги салык төлөмдөрүнүн үлүшүн чагылдырат. Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин маалыматына ылайык, бул көрсөткүч 30–35% чегинде өзгөрүп турат, бул болсо «салыктык тузак» деп аталган кубулуштун алдын алууга мүмкүндүк берет, анткени ашыкча салык жүгү ишканалардын инвестициялык активдүүлүгүн басаңдатат.

Жалпысынан алганда, Кыргыз Республикасынын салык саясатынын өнүгүү динамикасы татаал жана бөлүкчөлүү моделден — санариптештирүүгө негизделген, ачык жана натыйжалуу системага өтүүнү көрсөтүүдө. Бул эл аралык тенденцияларга шайкеш келип, улуттук экономиканын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөт. Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына 2021-жылкы Салык кодексинин кабыл алынган учурдан тартып киргизилген өзгөртүүлөрдү талдоо көрсөткөндөй, алардын көбү салык системасынын фискалдык функциясын күчөтүүгө, башкача айтканда, мамлекеттик бюджетке туруктуу жана өсүүчү кирешелерди камсыз кылууга багытталган. Ошол эле учурда, салыктардын фискалдык жана стимулдаштыруучу функцияларынын ортосундагы тең салмактуулук толук сакталган эмес: салыктардын жыйналуусунун көбөйүшү көп учурда ишкердик активдүүлүктү жана инвестициялык жагымдуулукту стимулдаштыруунун эсебинен жүзөгө ашууда.

Салыктык администрлөөнү өркүндөтүү боюнча чаралар көрүлүп жатканына карабастан, Кыргыз Республикасынын учурдагы салык системасы дагы деле терең реформалоону талап кылат. Ал экономикалык өсүштү камсыз кылуу жана реалдуу секторду өнүктүрүү боюнча милдеттерин толук көлөмдө аткара албай, негизинен фискалдык басым куралы бойдон калууда [3]. Ошентип, Кыргыз Республикасынын салык саясаты азырынча негизинен мамлекеттик бюджеттин толукталышы боюнча кыска мөөнөттүү максаттарга

багытталып, экономикалык активдүүлүктү жана ишкердикти өнүктүрүүнүн маанилүү аспабы катары өз мүмкүнчүлүгүн толук ача алган жок.

**Кыргызстандын салык саясатынын азыркы багыттары жана көйгөйлөрү**

Салык саясатынын негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп салык жүгүн тең эмес бөлүштүрүү маселеси эсептелет. Анын олуттуу бөлүгү мыйзамды так сактаган аз сандагы ишканалардын мойнуна түшөт, ал эми айрым экономикалык тармактар көптөгөн салыктык жеңилдиктерден пайдаланууда же салыктан качуу практикасын колдонушат. Мындай диспропорция ишкердик жүргүзүүдө тең эмес шарттарды жаратып, адилет атаандаштык принциптерин бузат. Мындан тышкары, салыктык милдеттенмелерди минималдаштырууга жол берген укуктук жана административдик боштуктардын болушу көмүскө экономиканын сакталышына өбөлгө түзүүдө. Улуттук статистикалык комитеттин баалоосу боюнча, анын көлөмү ички дүң өнүмдүн (ИДӨ) болжол менен 40 пайызын түзөт.

Салыктык башкарууну жакшыртуу боюнча көрүлүп жаткан чараларга — процесстерди санариптештирүү, электрондук эсеп-фактуралар системасын киргизүү, онлайн-кассалык аппараттарды жана «Салык» платформасын ишке киргизүүгө — карабастан, жетишилген натыйжалар азырынча чектелген мүнөзгө ээ. Түз жана кыйыр салыктардын ортосунда тең салмактуулук сакталбай келет, салыктык жол-жоболордун ачыктыгы жетишсиз, ошондой эле салык төлөөчүлөрдүн ыктыярдуу түрдө өз милдеттерин аткарууга болгон мотивациясы төмөн бойдон калууда. Бул факторлор фискалдык натыйжалуулуктун төмөндөшүнө, бюджеттик кирешелердин жетишсиздигине жана бизнес менен мамлекеттин ортосунда ишенимдин алсыздыгына алып келүүдө. Мындан тышкары, салыктык жеңилдиктердин тең эмес бөлүштүрүлүшү дагы олуттуу көйгөй бойдон калууда. Айрым тармактар мамлекеттик колдоого ээ болгону менен, чакан ишкердиктин көптөгөн сегменттери преференциялар зонасынан тышта калууда. Бул алардын өсүшүнө жана модернизациясына тоскоолдук жаратат.

**Жыйынтык**

Кыргыз Республикасынын салык системасы жалпыга тиешелүү жана атайын салыктык режимдерди айкалыштырып, ишкерлерге өз ишмердүүлүгүнө ылайыктуу режимди тандоого мүмкүнчүлүк берет. Акыркы жылдары өкмөт системаны заманбапташтырууга, анын ичинде санариптештирүүгө жана артыкчылыктуу тармактар үчүн салыктык жеңилдиктерди киргизүүгө багытталган бир катар кадамдарды жасады. Ошентсе да, айрым көйгөйлөр — эмгек акы фондунун жогорку жүгү, администрлөөнүн татаалдыгы, көмүскө экономиканын үлүшү жана укуктук туруксуздук — системалуу чечүүнү талап кылат.

Кыргызстанда салык системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн төмөнкү чаралар зарыл:

- салыктык жол-жоболорду санариптештирүүнү улантуу жана региондордо электрондук кызматтарга жеткиликтүүлүктү кеңейтүү;

- расмий жумуш менен камсыздоону стимулдаштыруу максатында эмгек акы фондунан алынуучу жүктү азайтуу;
- салык мыйзамдарынын туруктуулугун камсыз кылуу;
- чакан жана орто бизнес үчүн даректүү колдоо чараларын иштеп чыгуу.

Ошентип, Кыргызстандын салык саясатынын мындан аркы өнүгүүсү мамлекеттин фискалдык кызыкчылыктары менен катар, ишкердиктин туруктуу өсүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталышы керек. Бул узак мөөнөттүү келечекте улуттук экономиканын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1.Налоговый кодекс Кыргызской Республики (с изменениями и дополнениями на 2023–2025 гг.).

2.Алиев, Б.Х. Теория и история налогообложения: учеб. пособие / Б.Х. Алиев, А.М. Абдулгалимов, М.Б. Алиев. – М.: Вузовский учебник, 2008. – 240 с..

3.Зотиков, Н.З. Роль косвенного налогообложения в формировании доходов бюджетов / Н.З. Зотиков // Экономика и право. – Чувашский государственный университет им. И.Н. Ульянова. – Чебоксары, 2015. – №1. – С. 9-14.

4. Зотиков, Н.З. Налоговая система России: проблемы и перспективы реформирования Н.З. Зотиков // Интернет-журнал «НАУКОВЕДЕНИЕ» Том 9, №3 (май - июнь 2017) http://naukovedenie.ru publishing@nau

5.Рысбаева А.К., Карабекова А.К., Шайлообеков Ж.Ш. Налогообложение электронной коммерции // Актуальные вопросы современной экономики. – 2022. – №5. – С. 692–704.

6. Рысалиева М.Ш. О некоторых тенденциях в налоговой системе Кыргызской Республики №4. Международный научный электронный журнал International journal of professional science, 30-37

7. PricewaterhouseCoopers; The World Bank Group. Уплата налогов 2010. Международный обзор (Paying Taxes 2010. The Global Picture). — Лондон: PwC, 2010. — 120 с.

**УДК:634.51**

***Молдомусаева А.Ж.,*** *улук окутуучу*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*
***Расулжанова М.З.,*** *магистрант*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАҢГАК ТОКОЙЛОРУНУН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА АНЫ ЖАКШЫРТУУНУН ЖОЛДОРУ

## Аннотация

Кыргызстандын жаңгак токойлору дүйнөдөгү сейрек кездешүүчү табигый экосистемалардын бири болуп, биологиялык ар түрдүүлүккө жана региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө чоң салым кошот. кыркы жылдары бул токойлордун абалы климаттын өзгөрүшү, мыйзамсыз кыюулар, түшүмдү туура эмес жыйноо жана жайыт жүктөмүнүн жогорулашы сыяктуу факторлордон улам начарлап жатат. Натыйжада жаңгак дарактарынын жашаруусу начарлап, токойлордун аянты кыскарууда. Токойлорду коргоо жана калыбына келтирүү үчүн комплекстүү иш чаралар талап кылынат. Анын ичинде жергиликтүү жамааттарды тартуу, туруктуу токой пайдаланууну киргизүү, көчөттөрдү отургузуу, селекциялык иштерди күчөтүү жана мониторинг системасын жакшыртуу маанилүү. Ошондой эле мамлекеттик колдоо жана илимий негизделген башкаруу ыкмалары жаңгак токойлорунун узак мөөнөттүү сакталуусун камсыздайт. Токойлорду калыбына келтирүү климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттерине каршы күрөшүү, жергиликтүү калктын жашоо сапатын жакшыртуу, биоартүрдүүлүктү сактоо жана эрозияга каршы аракеттенүү үчүн натыйжалуу чечим болуп саналат.

**Негизги сөздөр:** токой, экология, корук, зыянкечтер, ижара, жаңгак уюлу, климат, мөңгү, биотүрдүүлүк, экосистема.

# СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ ОРЕХОВЫХ ЛЕСОВ КЫРГЫЗСТАНА И ПУТИ ИХ УЛУЧШЕНИЯ

## Аннотация

Грецкие ореховые леса Кыргызстана представляют собой одну из редчайших природных экосистем мира и вносят значительный вклад в сохранение биологического разнообразия, а также в социально-экономическое развитие региона. В последние годы их состояние ухудшается под воздействием таких факторов, как изменение климата, незаконные вырубки, нерациональный сбор урожая и увеличение пастбищной нагрузки. В результате снижается естественное возобновление ореховых насаждений и сокращаются площади лесов. Для их охраны и восстановления необходим комплексный подход, включающий активное вовлечение местных сообществ, внедрение устойчивых методов лесопользования, посадку сеянцев, усиление селекционной работы и совершенствование системы мониторинга. Наряду с этим, государственная поддержка и научно обоснованные методы управления являются ключевыми условиями долгосрочного сохранения ореховых лесов. Восстановление лесов рассматривается как эффективная мера противодействия последствиям климатических изменений, повышения качества жизни местного населения, сохранения биоразнообразия и предотвращения эрозионных процессов.

**Ключевые слова:** лес, экология, заповедник, вредители, аренда, ореховый кап, климат, ледник, биологическое разнообразие, экосистема.

# CURRENT CONDITION OF WALNUT FORESTS IN KYRGYZSTAN AND WAYS TO IMPROVE THEM

## Abstract

The walnut forests of Kyrgyzstan represent one of the world's rarest natural ecosystems and make a significant contribution to the conservation of biological diversity as well as to the socio-economic development of the region. In recent years, their condition has been deteriorating due to factors such as climate changes, illegal logging, unsustainable harvesting practices, and increased grazing pressure. As a result, the natural regeneration of walnut stands has declined, and forest areas have been shrinking. Their protection and restoration require a comprehensive approach that includes the active involvement of local communities, the implementation of sustainable forest management practices, seedling planting, the enhancement of breeding and selection work, and the improvement of monitoring systems. Additionally, governmental support and scientifically grounded management strategies are essential for the long-term preservation of walnut forests. Forest restoration is regarded as an effective measure for combating the impacts of climate change, improving the quality of life of local populations, conserving biodiversity, and preventing erosion processes.

**Key words:** forest, ecology, nature reserve, pests, lease, walnut burl, climate, glacier, biodiversity, ecosystem**.**

**Киришуу.** Кыргызстандын түштүгүндөгү Өзгөндөн Аксыга чейин созулуп жаткан жаңгак-мөмөлүү токойлор дүйнөдөгү башка токойлорго окшошпогон, сейрек кездешүүчү кооз, уникалдуу, дүйнөнүн башка жактарында кездешпеген баалуу токойлордон болуп саналат. Бул жаңгак токойлору байыркы Муз доорунан сакталып калган жалгыз гана токойлордон. Окумуштуулардын эсептөөлөрү боюнча жаңгак-мөмөлүү токойлордо 130дан ашык түрдүү дарактар жана бадалдар, дары-чөптөр бар. Арстанбаптагы токойлордо жаңгак, жапайы алма, алмурут, алча, долоно жана башка мөмөлүү дарактар өсөт. Токой бийиктеген сайын шилби, ит мурун, аса-муса, ыргай жана башка бадал дарактары менен алмашат. Бирок бүгүнкү күндө ушул токойлордун абалы мурдагы советтик мезгилге салыштырмалуу аянычтуу абалга келип калган. Жаңгак токойлорун изилдөө иштери XIX кылымда, падышалык Россия Орто Азия аймагын багындыргандан баштап, жаңгак мөмөлүү токойлорго көңүлүн бурат. Токойлорду сактоо, коргоо жана илимий изилдөө иштерин жүргүзүү максатында Токой Департаментин уюштурган. 1894–1897-жылдардын аралыгында бул департамент токойлордун жайгашуу географиясын изилдеп чыккан. Илимий изилдөө иштеринде окумуштуулар токойлордун картайып кеткендигин, токойдун табигый калыптануусу жеткиликтүү болбогондугун, токойго малдын ыксыз жайылышынын тийгизген терс таасирин, токойду сактоо зарылдыгын белгилешкен. Ошол учурда жаңгак мөмөлүү токойлордун жалпы аянты 1,5 миллион гектарга жакын болчу. (Чичикин Ю. Н. Единственные в мире. Изд. Кыргызстан. 1974 г.) Ал эми бүгүнкү күндө бул токойлордун аянты 632 500 гектар аянтты түзөт же 900 миң гектар аянтка кыскарып кеткен. Анын ичинен таза жаңгак токоюнун аянты 34 200 гана гектар. 1897-жылдын 2-июнундагы “Токойлорду өстүрүү,

токойлорду калыбына келтирүү жана токой иштери жөнүндө” жобону камтыган Туркестан крайы боюнча мыйзамдар топтомунда крайдагы тоолуу токойлорду сактоо жөнүндө кам көрүүгө өтө чоң маани берилген. Ошол кездеги Туркестандын Мамлекеттик токой чарбасынын негизги милдети тоолуу токойлордун биологиялык көп түрдүүлүгүн сактоо болгон. Бул мыйзамдарда тоолордогу токой аянттарынын азайышы жана токойлордун суюлуп кетиши жана токойдун сарамжалсыз пайдаланылышы орду толгус жоготууларга алып келери белгиленген.

Жаңгак мөмөлүү токойлорго алгачкы илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн академик А. Ф. Миддендорф 1878-жылы Туркстан крайына жасаган саякаты тууралуу өзүнүн 1882-жылы жарык көргөн “Фергана өрөөнү жөнүндө очерктер” аттуу китебинде жергиликтүү калктын токойлорду аёосуз жок кылгандыгын жазып кеткен. Ю. Н. Чичикин “Дүйнөдөгү жападан-жалгыз” аттуу китебинде Фергана өрөөнүнүн жаңгак уюлдары (кап), революцияга чейинки убактарда дүйнөлүк базарларда анын бир килограммы бир килограмм күмүштүн баасында сатылгандыгы тууралуу жазат. 1885-жылга чейин жаңгак уюлдарын даярдоо жүргүзүлгөн эмес. Уюлдардын (кап) биринчи партиялары 1885-жылы даярдалып, салмагы 20 пуд (1пуд — 16 кг) келген уюлдар чет өлкөлүк базарга, Марселге чейин жеткирилип, ал жерден ар бир пуду 70 рублден сатылган. Ошол эле убакта Марселде Персияда даярдалган жаңгак уюлдарынын ар бир пуду 20 рублдан сатылган. Мына ушул соодадан кийин Фергана өрөөнүнөн келген уюлдарга Англиядан, Франциядан жана Америкадан заказдар түшө баштаган. Революциядан кийинки жылдарда башка илимий экспедициялар жаңгак-мөмөлүү токойлордун баа жеткистиги тууралуу изилдеп чыгышкан. Мына ошол изилдөөлөрдө окумуштуулар жаңгак-мөмөлүү токойлордун Фергана өрөөнүн жана Арал деңизин суу менен камсыз кылууда зор роль ойной турганын белгилешкен. Бирок экинчи дүйнөлүк согуш учурунда жыгач жана отун даярдоо зарылдыгы жогорку деңгээлге жетип, жыл сайын 25 миң чарчы метр жаңгак-мөмөлүү токойлордон жыгач даярдалып, кыркылып турган. 1944-жылы окумуштуулар тобу атайын экспедиция жүргүзүшүп, жаңгак-мөмөлүү токойлорго өзгөчө статус берүү зарылдыгы тууралуу жогорку инстацияларга кайрылышкан. Ошол кездеги СССРдин өкмөтү бул кайрылуунун негизинде 1945-жылы апрелде Түштүк Кыргызстанда өзгөчө режимде чарба жүргүзүүчү жаңгак-мөмөлүү корукту (заказник) түзүү боюнча токтом кабыл алган. Бул токтомдо негизинен токойдо мал жаюуга, чөп орокко жана токой жемиштерин жыйноого чек койгон. Бирок бул чаралар эч качан толугу менен аткарылган эмес. Азыркы күндө токойлордо малдын ыксыз жайылышы, чөп ороктун өтө көбөйүүсү жана жаңгакты, башка токой мөмөлөрүн жерге калтырбай терип алуу жаңгак-мөмөлүү токойлордо дарактардын жана бадалдардын табигый калыбына келүүсүнө тоскоол болуп жаткан негизги себептерден болуп саналат. Чынында бул токойлордун азыркы кездеги зарылдыгы жана сапаты өзгөчө. Жаңгак

токойлорунун баа жеткистиги бир нече аспектиде көрүнөт.

Экологиялык аспектте: токойду коргоо жана сактоо, өрөөндөрдү суу менен бир калыпта камсыздоо, жер кыртыштарын эрозиялык бузулуулардан сактоо, биотүрдүүлүктү сактоо жана жакшыртуу, токойлорду калыбына келтирүү, абаны кычкылтек менен камсыз кылуу.

Экономикалык аспектте: жергиликтүү калктын токой байлыктарын туруктуу пайдалануу менен турмуш-тиричилигин өткөрүүсү жана оңдоосу, отун, малга тоют, мөмө-жемиш, дары чөптөр, мергенчилик, курулуш материалдары, токой аянттарын ижарага берүү, жакырчылыкты кыскартуу жана башкалар бар. Социалдык аспектиден караганда, эс алуу, туризм, жумуш орундары менен камсыз кылуу, токойду башкаруунун укуктук-нормативдик базаларын жакшыртуу, токой чарбаны башкаруунун биргелешкен жолдорун иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу жана башкалар өзгөчө маанилүү.

Токойлордун бардыгы тоолордо жайгашып, жер кыртышын сактоодо, сууларды жөндөп турууда, биотүрдүүлүктү камсыз кылуу менен селден сактоодо негизги ролду ойнойт. Өзгөчө, токойлор жантайыңкы боорлордо жайгашкандыктан алар жаан-чачындарды өздөрүнө сиңирип алып, сууну акырындык менен сайларга берип, кыртышты суу эрозияларынан жана суу каптоодон сактап турат.

Токойдун сууну сактоодогу ролу эбегейсиз. 1949-жылы Шульц өзүнүн формуласында суунун запастарынын 6%ын мөңгүлөр берсе, 94%ын токойлор бере тургандыгын эсептеп чыккан. Ошондуктан токойлорду сактоо, коргоо жана калыбына келтирүү бул Кыргыз Республикасынын ар бир атуулунун жоопту милдети болуп саналат. Токойду асыроо, өнүктүрүү, коргоо, бир сөз менен айтканда башкаруу керек. Совет мезгилинде токой чарбасын өнүктүрүүгө бюджеттен акча каралып, токойчулардын статусу жогору болгондуктан токойду башкаруу жер-жерлердеги токой чарбалары аркылуу жүргүзүлгөн. Эгемендүүлүктүн жылдарында токой чарбаларды мамлекет тарабынан каржылоо кыйындай баштаган, токой чарбаларынын абалы оорлошкон. Адамдардын арасында жумушсуздук күч алып, жашоо үчүн адамдар токой байлыктарына басым жасай баштады. Токой байлыктарын каалагандай жыйнашып, базарларда каалагандай сатууга өтүштү. Ошентип, жеке кызыкчылыктарын жогору коюу жана киреше табуу аң-сезими күчөп, башка бардык баалуулуктар четке кагылды. Буга кошумча адамдардын турмуш-тиричилигинин начарлашы же жакырчылыктын айынан элдин көмүр, газ, отун сатып алууга мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу, токойду коргоого, сактоого жана өстүрүүгө жалпы элдин тартылбагандыгы, токой зонасында калктын санынын өсүшү, токой аянттарында турак-жайлардын уруксатсыз курулуп жатышы, токой мыйзамдарынын аткарылбай жаткандыгы, токой зыянкечтеринин көбөйүшү, токойду сарамжалсыз пайдалануу, көзөмөлсүз мал жаюу, өлкөдөгү саясий туруксуздук токойлордун мыйзамсыз, мыкаачылык менен кыйылып жатышына түрткү болууда.

2012-жылдын 12-июлунда КР Өкмөтүнүн № 482-токтомунун негизинде Арстанбап-Ата токой чарбасынын Дашман урочищасы “Дашман” мамлекеттик жаратылыш коругу болуп уюштурулган. Табигый жаңгак токойлору “Дашман” коругунда гана сакталып калган. Жаңгактын генефонду ушул жерде болгондуктан, жаңгак ушул жерден дүйнөгө таркаган. Корук — коргоого алынган жаратылыш комплекси. Жалпы жаратылыш комплексин табигый калыбында өзгөртпөй сактоо максатында уюштурулат. Корукта жаратылышка ар тараптан илимий изилдөөлөр жүргүзүлөт жана мамлекеттик деңгээлдеги мыйзамдар менен корголот, чарбалык иштер жүргүзүлбөйт. Азыркы учурдагы жаңгак токойлорунун кейиштүү абалын эске алып, токойлорду жакшыртуунун айрым жолдорун сунуштайбыз. Жаңгак токойлорунун картайып баратканы анык. 110-130 жылдан ашык жашаган жаңгактар 24%ды, 90 жылдан ашкан жаңгактар болжол менен 20%ды түзөт. Жыйынтыгында орточо жашагандар 60%дан ашат. Калган 20-30%ы 20-60 жылга чейин жашаган бактар. Кейиштүүсү алардын ордун баса турган жергиликтүү жаш көчөттөр аз. Ушуга байланыштуу жаңгак плантацияларын түзүп, питомниктерди өнүктүрүү керек. Жаңгак-мөмө токойлорунун арасында жашаган калктын саны көбөйүүдө. Арстанбаптын чоң шаркыратмасына чейин токойлордун ичтерине үйлөр салынып, токойдун ичинде чоң айылдар пайда болду. Бул жерде токойго үй салууга болбойт деген мыйзамдар иштебей жатат. Жер маселесин чечүүдө мамлекеттик деңгээлде саясат жүргүзүү зарыл. Базар-Коргон районунун төмөнкү айылдарындагы кайрак жерлерге суу сактагыч же башка булактардын суу түтүктөрүн тартып, каналдарды казып суу чыгарып айыл массивдерин түптөө керек.

Токойдо жашаган элдер отунду да сатып алышпай, токойдон пайдаланып келишет. Арстанбап айыл өкмөтүндө 3600 үй-бүлө же 20 миңден ашык, Могол айыл өкмөтүндө 3000 түтүн же 16 миң адам жашайт. Ар бир үй-бүлө жылына орто эсепте 20 $м^3$ отун керектейт. Ошондо Арстанбапта жылына 72 000 $м^3$, Моголдо 60 000 $м^3$ отун даярдалат. Ал жердегилер отундарды өздөрү үчүн гана пайдаланбастан, күнүмдүк турмушун өткөрүү үчүн базарларда сатышат. Базар-Коргон жана Жалал-Абад шаарындагы базарларда токойлордон кыйылып келип сатылып жаткан отундарды көрүп, токойго канчалык зыян келтирилип жатканын даана билсе болот. Мыйзамсыз бак кыюуларды азайтуу үчүн токойду кайтаруу иштерин жакшыртуу зарыл. Токойчулардын айлык маяналарын көбөйтүп, аларга ыңгайлүү шарттарды түзүп берүү керек.

Токойго адамдардан башка токой зыянкечтери, малак курту, шире мителери өтө чоң зыяндарды алып келүүдө. Токойду химиялык жол менен дарылоо бир жагынан экологияга чоң зыян алып келсе, экинчи тараптан анын байлыктарын сыртка сатууга тоскоол болуп, чет элдик кардарларды жоготуп алуу коркунучун туудурат. Ошондуктан токой зыянкечтери менен күрөшүүдө биологиялык ыкманы колго алуу зарыл.

Жергиликтүү калктын малынын санынын көбөйүшү, алардын

токойдун аймагында жайылышы – башкы көйгөй. Май айында мал алыскы жайыттарга кетет, бирок сентябрдын аягында ылдый түшүп, токойго жайылат. Жаңы отургузулган көчөттөрдү мал тепселейт. Ошондуктан малдын санына эмес сапатына көңүл буруу зарыл. Асыл тукум малдын санын көбөйтүп, малдарды сарайдын ичинде багуу керек. Калкты жана жамааттарды токойду башкарууга тартууда ижаралык мамилелердин бир нече түрлөрү колдонулат. Бүгүнкү күндө 1га жердин ижара акысы 1200 сом. Мыйзамга ылайык, сынакка бардык жарандар катыша алат, бирок жергиликтүү тургундар жаңгак токою аркылуу чарбасын жүргүзгөндүктөн аларга артыкчылыктар берилет. Ижарачылар жаңгактын түшүмүн гана жыйнабастан ижара аймагындагы бак-дарактарды дагы карашы керек. Тилекке каршы көпчүлүгү түшүмүн жыйнап эле кетип калышат. Токойду сактоо жана экология маселелеринде эң башкысы элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү өтө маанилүү.

Жаңгак уюлунун баасы дүйнөлүк базарда кымбат тургандыктан, ал ”жырткычтарга” кабылды. Кыргызстандын жаңгак токойлорунан уюлдарды (каптарды) “жырткычтык” менен даярдоонун башталышы 1993–1994-жылдарга туура келет. Ошол кездеги америкалык жана түркиялык бизнесмендер жаңгак уюлунун ар бир килосуна үч доллардан төлөп, аны башка чет мамлекеттерге үч миң доллардан сатып байышты. Мына ошонун кесепетинен 150–200 жылдык жаңгактар кыйылып, токой суюлуп, токойдун өзүнөн чыккан байлык, кайрадан токойду коргоо, сактоо, калыбына келтирүү үчүн пайдаланылган жок. Токойлорду сактап калуу үчүн 2006-жылы Кыргыз Республикасынын президенти К. С. Бакиевдин баалуу дарактарды кыюуга мораторий жарыялоо боюнча жарлыгы чыккан. Мораторий жарыялангандан кийин жаңгак уюлдарын мурдагыдай мыйзамсыз жапырт кыюу азайган. Кыргызстанда токой - эң маанилүү экосистема. Себеби, токойлор абанын температурасын төмөндөтүп, нымдуулугун арттырат. Нымдуулук жаанга, карга айланып мөңгүлөргө жаайт. Демек, токой - Кыргызстанда мөңгүлөрдү сактай турган негизги факторлордун бири. Азыр Кыргызстанда мөңгүлөрдү сактап калуу үчүн токойлорду көбөйтүү керек. Батыш Тянь-Шанда мөңгүлөр бат ээрип жатат. Акыркы элүү жылда 20-30 % мөңгүлөр ээрип жок болду. Ушул жүз жылдыкта 80% мөңгүлөр ээрип жок болуп кетишин илимпоздор коңгуроо кылууда.

Токойлордун жана мөңгүлөрдү аянтын кеңейтүү жана сактоо түздөн-түз Кыргызстандын коопсуздук маселелери менен байланыштуу. Бул маселеге бүтүндөй Борбор Азиянын тынчтыгы, коопсуздугу байланган. Ошондуктан бул маселеде токой чарба кызматы, айыл чарба министрлиги жана коопсуздукту камсыздаган кызматтар бары чогуу аракеттенип, бирдиктүү иш чараларды алып барышы зарыл. Тоо токойлорунун аянты кыскарса анда мөңгүлөрдүн ээриши көбөйөт. Суунун айланасында маселелер көтөрүлөт. Ал эми мөңгү кыскара баштаса, бул маселе күн тартибине чыгат. Суунун айланасындагы пикир келишпестиктер күчөйт.

Ошону алдын ала турган бир эле маселе бул тоо токойлорунун аянтын кеңейтүү. Борбор Азиянын коопсуздугун, аймактык тынчтыкты кепилдей турган бир фактор катары тоо токойлору аркылуу мөңгүлөрдү сактап калууну ойлошубуз абзел.

**Корутунду.** Кыргызстандын жаңгак токойлору – байыркы доордон бери сакталып келген уникалдуу экосистемалардын бири. Токойлорду алыбына келтирүү климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттерине каршы күрөшүү, жергиликтүү калктын жашоо сапатын жакшыртуу, биоартүрдүүлүктү сактоо жана эрозияга каршы аракеттенүү үчүн натыйжалуу чечим болуп саналат.

**Адабияттар:**

1.Жунусов Т.Мониторинг изменения состояния орехоплодовых лесов в резуль тате антропогенного воздействия./Региональный Семинар по оценкераспространения и уровня разнообразия ореха грецкого. Бишкек. 2009.

2. Колов О. В., Мусуралиев Т. С., Бикиров Ш. Б. Орех грецкий – Кыргыз жангагы. Бишкек: Технология, 2001. 72 с.

3. Никитинский Ю.И. Биологические и экологические основы хозяйства в лесах ореха грецкого. Фрунзе: Илим. 1970.

4. Турдиев Т.И. Горные леса как региональный фактор устойчивого эколого-экономического развития Кыргызстана / Региональная экономика: теория и практика. – С. 56-63.

5. Турдукулов Э.Т.Современное состояние орехово-плодовых лесов Кыргызстана/Региональный Семинар по оценке распространения и уровня разнообрази я ореха грецкого. Бишкек. 2009.

6. Чичикин Ю.Н. Единственные в мире. - Фрунзе: Кыргызстан, 1974. 10-б

***Тыныбекова Г. Т.,** преподаватель*
*МНУ им. К. Ш. Токтомаматова*

# ВОЗМОЖНОСТИ ДЛЯ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЕЙ И РАЗВИТИЕ МАЛОГО БИЗНЕСА КАК ДРАЙВЕР РЫНКА ТРУДА В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация**

Статья исследует вклад малого и среднего предпринимательства в становление и укрепление рынка труда Кыргызской Республики. Особое внимание уделяется роли малого бизнеса как главного генератора рабочих мест, инструмента диверсификации экономической структуры и средства снижения безработицы. Рассматриваются современные перспективы роста этого сектора: меры государственной помощи, механизмы привлечения капитала, внедрение цифровых решений, улучшение инфраструктуры. Подчёркивается значение онлайн-платформ, маркетплейсов и электронных каналов сбыта, а также специальные программы по развитию предпринимательства среди молодёжи и женщин. Отдельно анализируются главные препятствия — чрезмерная бюрократия, ограниченный доступ к финансированию, недостаток профессиональных навыков у предпринимателей — и формулируются практические предложения по их устранению. В заключение утверждается, что целенаправленное стимулирование малого предпринимательства остаётся решающим условием для увеличения занятости, достижения устойчивого социально-экономического прогресса и повышения уровня экономической безопасности страны.

**Ключевые слова**: малый и средний бизнес, предпринимательская активность, рынок труда Кыргызстана, занятость населения, государственные меры поддержки МСП, цифровизация экономики, инновационные проекты, экспортный потенциал, создание рабочих мест, инфраструктурное развитие, барьеры и перспективы малого бизнеса.

# КЫРГЫЗСТАНДА ИШКЕРЛЕР ҮЧҮН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР ЖАНА ЧАКАН БИЗНЕСТИ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖУМУШЧУ РЫНОГУНУН ДРАЙВЕРИ КАТАРЫ

**Аннотация**

Макала Кыргыз Республикасынын жумушчу рыногун түзүүдө жана бекемдөөдө чакан жана орто ишкерликтин (ЧОИ) салымын изилдейт. Чакан бизнес жумуш орундарын негизги жаратуучу, экономикалык түзүмдү диверсификациялоо куралы жана жумушсуздукту азайтуунун каражаты катары өзгөчө көңүл бурулат. Сектордун өсүүсүнүн азыркы келечеги каралат: мамлекеттик жардам чаралары, капиталды тартуу механизмдери, санариптик чечимдерди киргизүү, инфраструктураны жакшыртуу. Онлайн-платформалардын, маркетплейстердин жана электрондук сатуу каналдарынын мааниси баса белгиленет, ошондой эле жаштар жана аялдар арасында ишкердикти өнүктүрүү боюнча атайын программалар. Өзүнчө талдоого алынат негизги тоскоолдуктар — ашыкча бюрократия, каржылоого чектелген жетүү, ишкерлерде кесиптик көндүмдөрдүн жетишсиздиги — жана аларды жоюу боюнча практикалык сунуштар түзүлөт. Жыйынтыктоодо чакан ишкерликти максаттуу түрдө стимулдаштыруу калкты жумуш менен камсыз кылууну көбөйтүүнүн, туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүгө жетишүүнүн жана өлкөнүн экономикалык коопсуздугун жогорулатуунун чечиүүчү шарты бойдон кала турганы баса белгиленет.

**Ачкыч сөздөр:** чакан жана орто бизнес, ишкердик активдүүлүк, Кыргызстандын жумушчу рыногу, калкты жумуш менен камсыз кылуу, ЧОИге мамлекеттик колдоо чаралары, экономиканы санариптештирүү, инновациялык долбоорлор, экспорттук

потенциал, жумуш орундарын түзүү, инфраструктуралык өнүгүү, чакан бизнестин тоскоолдуктары жана келечеги.

# OPPORTUNITIES FOR ENTREPRENEURS AND SMALL BUSINESS DEVELOPMENT AS A DRIVER OF THE LABOR MARKET IN KYRGYZSTAN


## ABSTRACT

The article examines the contribution of small and medium-sized enterprises (SMEs) to the formation and strengthening of the labor market in the Kyrgyz Republic. Particular attention is paid to the role of small business as the primary generator of jobs, a tool for diversifying the economic structure, and a means of reducing unemployment. Current growth prospects for this sector are considered: government support measures, mechanisms for attracting capital, the adoption of digital solutions, and infrastructure improvements. The importance of online platforms, marketplaces, and electronic sales channels is emphasized, as well as special programs for fostering entrepreneurship among youth and women. The main obstacles are analyzed separately — excessive bureaucracy, limited access to financing, and insufficient professional skills among entrepreneurs — and practical recommendations for overcoming them are formulated. In conclusion, it is asserted that targeted stimulation of small entrepreneurship remains a decisive condition for increasing employment, achieving sustainable socio-economic progress, and enhancing the country's economic security level.


**Keywords**: small and medium-sized business, entrepreneurial activity, labor market of Kyrgyzstan, employment of the population, government support measures for SMEs, digitalization of the economy, innovative projects, export potential, job creation, infrastructure development, barriers and prospects of small business.

**Введение.** Кыргызская Республика располагает значительным и разнообразным потенциалом для расширения малого и среднего предпринимательства (МСП), которое выступает одним из главных факторов создания стабильного рынка труда и ускорения экономического подъёма страны. Этот сектор обеспечивает рабочие места для существенной части населения, в первую очередь в регионах, помогает диверсифицировать хозяйственную структуру и снижает зависимость от крупных компаний или сырьевых отраслей. В эпоху глобальных вызовов — экономической волатильности, быстрых технологических сдвигов и перемен во внешней торговле — предпринимательская деятельность превращается в важнейший инструмент приспособления и дальнейшего развития.

В нынешних условиях глобальных трансформаций предпринимательство выдвигается на передний план как один из основных способов увеличения занятости и повышения благосостояния граждан. Согласно оценкам международных организаций (включая Всемирный банк и МОТ), благодаря мерам поддержки МСП в последние годы число занятых в этом сегменте заметно выросло — в отдельных периодах прирост составлял 10–15 %. В сельской местности примерно 30–35 % жителей либо ведут собственное дело, либо трудятся в малом бизнесе (включая фермерские хозяйства), что напрямую способствует оживлению отдалённых территорий и сокращению бедности. Данные показатели ярко иллюстрируют, насколько критично

развитие МСП для экономического прогресса и раскрытия созидательного потенциала Кыргызстана. В условиях современных глобальных сдвигов и цифровизации предпринимательство прочно входит в стратегию достижения долгосрочного устойчивого роста экономики и улучшения качества жизни населения.

**Значение малого бизнеса для рынка труда Кыргызстана**

Малое и среднее предпринимательство (МСП) играет центральную роль в экономике Кыргызстана и остаётся ведущим источником рабочих мест для населения. По актуальным данным Национального статистического комитета Кыргызской Республики, в 2024 году на малых и средних предприятиях было занято около 114,4 тысячи человек, что составляет примерно 4,2 % от общей численности занятых в экономике. При этом число зарегистрированных индивидуальных предпринимателей на начало 2025 года превысило 488 тысяч, а крестьянских (фермерских) хозяйств — около 475 тысяч.

Сфера деятельности МСП чрезвычайно широка и разнообразна: ведущие направления — оптовая и розничная торговля (более 34 % предприятий), промышленное производство (около 12 %), строительство (свыше 10 %), услуги (включая образование, здравоохранение, транспорт, бытовые услуги), сельское хозяйство, а также информационно-коммуникационные технологии и переработка. В сельских и отдалённых районах малый бизнес часто обеспечивает занятость 30–40 % жителей, что способствует оживлению регионов, сдерживает внутреннюю миграцию в крупные города и помогает удерживать население на местах. МСП вносит значительный вклад в диверсификацию экономики страны, снижая зависимость от крупных промышленных и энергетических отраслей. Благодаря своей гибкости и сравнительно низким операционным издержкам малые предприятия быстро реагируют на изменения рыночных условий — это особенно ценно в периоды глобальной нестабильности и внутренних экономических вызовов.

Малый бизнес существенно повышает уровень самозанятости и стимулирует развитие сельских территорий. Значительная часть вновь создаваемых рабочих мест (особенно в последние годы) приходится именно на малые предприятия, индивидуальное предпринимательство и фермерские хозяйства. В итоге развитие МСП не только поддерживает экономическую стабилизацию и рост ВВП (доля сектора в ВВП в отдельные периоды достигала 43–51 %), но и укрепляет социальную стабильность: через создание рабочих мест улучшаются возможности для молодёжи и женщин, повышается уровень доходов населения и общее качество жизни в стране.

**Возможности для предпринимателей в Кыргызстане 1. Государственная поддержка и льготы**

Правительство Кыргызской Республики придаёт большое значение развитию малого и среднего бизнеса (МСБ), рассматривая его как ключевой фактор экономического роста, создания рабочих мест и повышения уровня жизни населения. Государственные программы активно помогают тысячам предпринимателей ежегодно.

**Финансовая помощь:**

Одним из главных механизмов поддержки остаётся **льготное кредитование**. В последние годы через различные госпрограммы (включая проекты Фонда развития предпринимательства) выдаются кредиты по существенно сниженным ставкам — чаще всего около **8% годовых**, что намного выгоднее стандартных рыночных условий.

Например, в 2025 году запущен масштабный проект на 500 млн сомов, в рамках которого предприниматели могут получить до 5 млн сомов на срок до 5 лет для развития производства (пищевая, текстильная, химическая промышленность, стройматериалы, туризм, образование, здравоохранение, стартапы и др.). Также работают механизмы **гарантийного покрытия** через Гарантийный фонд — это снижает риски для банков и делает финансирование доступнее для начинающих и развивающихся компаний.

**Обучение, консультации и развитие навыков:**

За последние годы десятки тысяч предпринимателей прошли бесплатные или субсидируемые тренинги и семинары. Программы охватывают бизнес-планирование, маркетинг, цифровые инструменты, экспортную деятельность, финансовый менеджмент и многое другое.

Особое внимание уделяется **молодёжному и женскому предпринимательству**: специальные проекты помогают тысячам молодых людей (в том числе значительной доле женщин) запустить своё дело.

**Поддержка экспорта:**

Государство активно содействует выходу местных производителей на внешние рынки. Предприятия получают помощь в участии в международных выставках, ярмарках, сертификации продукции, модернизации оборудования и логистике. Благодаря таким мерам многие компании малого бизнеса смогли заключить выгодные контракты и заметно увеличить объёмы экспорта.

**Гранты, субсидии и специальные меры:**

Ежегодно выделяются значительные средства на **гранты** и субсидии для инновационных проектов, технологических стартапов, социальных предприятий и приоритетных отраслей. Поддержка направлена на внедрение новых технологий, расширение ассортимента и повышение конкурентоспособности.

Кроме того, существуют целевые программы для отдельных категорий (возвращающиеся мигранты, жители определённых регионов, участники социальных контрактов), включая беспроцентные кредиты и грантовую помощь. В целом, в Кыргызстане создана довольно разветвлённая система господдержки МСБ, которая постоянно обновляется и дополняется новыми инструментами. Предпринимателям стоит внимательно отслеживать актуальные программы на сайтах Министерства экономики и коммерции, Фонда развития предпринимательства и других госструктур — многие возможности действительно позволяют стартовать или масштабировать бизнес на выгодных условиях.

**2. Развитие цифровых технологий**

В последние годы Кыргызстан переживает настоящий цифровой бум, который открывает широкие перспективы для предпринимателей, особенно в сегменте малого и среднего бизнеса. Расширение доступа к интернету, рост популярности электронных платежей и появление удобных онлайн-сервисов существенно снижают барьеры для старта и масштабирования компаний, делая бизнес более быстрым, доступным и ориентированным на клиента.

**Бурный рост электронной коммерции**

Рынок интернет-торговли в стране демонстрирует впечатляющую динамику. По актуальным данным, в 2024 году объём внутреннего рынка e-commerce составил около **$359–360 млн**, с ростом примерно на 14–15% по сравнению с предыдущим годом. В 2025 году показатель уже достиг **$525 млн** (рост около 15%), а за первое полугодие 2025-го было совершено порядка 1 млн онлайн-покупок на сумму ~1,7 млрд сомов (+56% к аналогичному периоду 2024-го).

Популярные категории остаются прежними: одежда, электроника, товары для дома, продукты питания. Более 60% покупок совершается через мобильные устройства и приложения — мобильная коммерция доминирует и продолжает набирать обороты.

**Маркетплейсы — локальные и международные**

Местные платформы (такие как Marketplace.kg, Kyrgyzmarket и другие) уверенно занимают свою долю рынка — количество продавцов и покупателей на них растёт на 30–40% ежегодно.

Ещё больший импульс даёт выход на международные маркетплейсы: **Wildberries**, **Ozon**, **Alibaba** и другие. Тысячи кыргызстанских предпринимателей (в частности, около 15 000 продавцов на Wildberries) активно продают за рубеж, получая доступ к огромным аудиториям и генерируя значительные объёмы экспорта. Это один из самых эффективных способов для малого бизнеса выйти за пределы страны.

**Электронные платежи и безналичный оборот**

Сфера цифровых платежей растёт опережающими темпами. Объём операций через электронные кошельки, мобильные приложения и системы (включая Elcart, MegaPay, международные сервисы) значительно увеличился. QR-платежи в 2025 году достигли рекордных показателей — сотни миллионов транзакций и сотни миллиардов сомов.

Сегодня более 75% розничных точек принимают безналичные платежи, а бесконтактные и мобильные решения активно проникают даже в регионы и сельскую местность, ускоряя обслуживание и стимулируя онлайн-продажи.

**Онлайн-сервисы, доставка и удалённая работа**

Помимо прямой торговли, расцветают смежные цифровые направления: доставка еды (Lafka, Yandex.Eda и аналоги), сервисы бронирования жилья/транспорта, онлайн-консультации, фриланс-платформы, дистанционное обучение. Многие из этих сервисов за последние годы удвоили клиентскую базу и существенно нарастили выручку.

Это создаёт благоприятную экосистему: предприниматели могут запускать бизнес с минимальными вложениями, работать удалённо и охватывать клиентов по всей стране (и за её пределами).

**Перспективы и тренды на ближайшие годы**

По состоянию на конец 2025 года количество интернет-пользователей в Кыргызстане превысило **6,4–7 млн человек** (проникновение интернета — около 88–90% населения). Ожидается дальнейший рост аудитории и цифровизации. Прогнозы по электронной коммерции: рынок продолжит расти на 13–15% ежегодно. К 2028 году внутренний объём может достичь **$600 млн** и более, а с учётом экспортного потенциала через глобальные платформы — потенциал ещё выше. Государственная программа развития электронной коммерции на 2023–2026 годы, создание Парка электронной коммерции, улучшение логистики и инфраструктуры только усиливают эти тенденции. Для предпринимателей это идеальное время входить в цифровой сектор: низкий порог входа, растущий спрос, доступные инструменты платежей и маркетплейсы, господдержка. Те, кто быстро адаптируется к онлайн-форматам, получают серьёзное конкурентное преимущество.

**3. Инкубаторы и бизнес-акселераторы**

Бизнес-инкубаторы, акселераторы и технопарки стали важным элементом поддержки стартапов и инновационного предпринимательства в Кыргызстане. Эти структуры помогают новичкам преодолевать первые трудности: предоставляют рабочие пространства, менторство, образовательные программы, доступ к оборудованию, инвесторам и рынкам, значительно повышая шансы на успех инновационных проектов.

**Роль и вклад инкубаторов и акселераторов**

Инкубаторы дают стартовую инфраструктуру (офисы, коворкинги, лаборатории), консультации по бизнес-планированию, маркетингу, финансам и юридическим вопросам. Акселераторы фокусируются на быстром росте: интенсивные программы (обычно 3–6 месяцев), менторство от опытных предпринимателей, помощь в подготовке питча и привлечении инвестиций, выход на внутренний и внешний рынки.

На 2025–2026 годы в стране работает сеть из десятков таких структур: от университетских бизнес-инкубаторов (открыты в более чем 30 вузах) до специализированных акселераторов и технопарков. За последние годы через них прошли сотни проектов, многие из которых успешно запустились, привлекли финансирование и начали масштабирование. Успешность проектов на выходе часто достигает 60–80% — компании либо становятся коммерчески жизнеспособными, либо привлекают инвестиции.

**Ключевые показатели и результаты (по последним доступным данным)**

- Объём господдержки и грантов на развитие инкубаторов и акселераторов в последние годы — сотни миллионов сомов ежегодно.
- Сотни стартапов получили менторство, субсидии, гранты или прямые инвестиции.

- Привлечено значительное внешнее и местное финансирование (миллионы долларов) благодаря партнёрствам с международными донорами и фондами.
- Многие выпускники программ демонстрируют быстрый рост: удвоение выручки за первые месяцы, выход на экспорт, создание десятков рабочих мест.

**Основные активные программы и инициативы (2025–2026)**

- **Accelerate Prosperity** — один из ведущих акселераторов в Кыргызстане (инициатива Aga Khan Development Network). Проводит программы для экспортоориентированных бизнесов, женского предпринимательства, молодых предпринимателей до 30 лет, включая Inspire Cup (4-недельная инкубация от идеи до MVP и Demo Day в 2026 году). Фокус на менторстве, инвестициях и масштабировании.
- Университетские и региональные бизнес-инкубаторы (в 30+ вузах, включая АУЦА, Кыргызскую государственную академию и другие) — поддержка студенческих и молодёжных проектов, хакатоны, доступ к лабораториям.
- **Central Asia Startup** (от Central Asia Capital и Минобразования) — старт в 2026 году: 6-месячная акселерация, субсидии, гарантированный рынок сбыта через промышленные предприятия, фокус на технологические стартапы и импортозамещение.
- Технопарки и специализированные центры (например, Technopark Meta Hall) — проводят хакатоны (Digital Farmer Hackathon 2025), предоставляют оборудование, лаборатории для IT, агротеха, инноваций.
- Другие заметные: MOST Business Intelligence, KG Labs, партнёрства с USAID, Silkway Accelerator (региональный, открыт для кыргызстанских команд), Tamyr Platform (для социальных предпринимателей).

**Значение для экономики и общества**

Такие структуры создают рабочие места (особенно высококвалифицированные), способствуют появлению инноваций в IT, агротехе, финтехе, зелёных технологиях и других секторах. Участники программ отмечают значительный положительный эффект: рост бизнеса, новые рынки, уверенность в развитии. Около 80% выпускников подтверждают, что поддержка стала решающей для их успеха.

**Перспективы на ближайшие годы**

Правительство, международные партнёры (AKDN, USAID и др.) и частные фонды планируют расширение сети: новые инкубаторы, больше акселерационных программ, увеличение грантов и инвестиций. К 2026–2028 годам ожидается поддержка сотен дополнительных проектов, рост привлечённых инвестиций (десятки миллионов долларов) и укрепление экосистемы стартапов. Это делает Кыргызстан всё более привлекательным для молодых предпринимателей и инновационных команд.

Для тех, кто хочет запустить или развить стартап, сейчас отличное время: множество бесплатных или субсидируемых программ, активное менторство и растущий доступ к деньгам. Следите за анонсами на сайтах Accelerate Prosperity, Минэкономики, Минобразования, технопарков и вузов — заявки часто открыты круглый год или по сезонам.

Такие шаги позволят малому бизнесу стать настоящим двигателем устойчивого и инклюзивного экономического роста Кыргызстана.

**Выводы.** Малое предпринимательство и развитие малого бизнеса выступают в качестве ключевых драйверов рынка труда и экономического роста в Кыргызстане. Они создают рабочие места, способствуют повышению доходов населения и укреплению социальной стабильности, обеспечивая диверсификацию экономики и снижение зависимости от крупных промышленных предприятий и внешних факторов. Для достижения этих целей необходимо продолжать активную поддержку предпринимательских инициатив, внедрять инновационные подходы и создавать благоприятные условия для начинающих и действующих предпринимателей. Важнейшей задачей является совершенствование законодательной базы, снижение административных барьеров и развитие инфраструктуры, что позволит малому бизнесу успешно расти, масштабироваться и интегрироваться в национальную и международную экономику. Обеспечение гармоничного развития малого бизнеса — стратегический приоритет, который способна реализовать государственная политика в партнерстве с частным сектором, международными организациями и гражданским обществом. Такой системный подход гарантирует устойчивое экономическое развитие и повышение уровня жизни населения Кыргызстана в долгосрочной перспективе.

**Список использованной литератур:**

1. Нормативно-правовые акты и государственные документы (КР)

Налоговый кодекс Кыргызской Республики (определения малого бизнеса, выручка до 8 млн сомов) — источник fin.kg.

Закон КР «О неналоговых платежах».

Национальная стратегия развития Кыргызской Республики (актуальные редакции по поддержке предпринимательства).

Программы развития МСБ (Малого и среднего бизнеса) Министерства экономики и коммерции КР.

1. Статистические данные и отчеты

Национальный статистический комитет КР (Нацстатком): Ежегодные отчеты по промышленному производству, занятости и деятельности малых предприятий — источник stat.gov.kg.

Отчеты по состоянию индивидуального предпринимательства и фермерских хозяйств (2023-2024) — источник 24.kg.

***Нурдинова Ж.Д.,*** *улук окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Ажиматова Э.А.,*** *магистрант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# АРАЛЫКТАН ОКУТУУНУН ПРОБЛЕМАСЫ ЖАНА ПЕРСПЕКТИВАСЫ

**Аннотация**

Бул макалада заманбап электрондук каражаттарды жана интернетти колдонуу менен аралыктан окутуунун кеңири колдонулушу жөнүндө каралат. Автор аралыктан окутууну салттуу окутуу менен салыштырып, алардын артыкчылыктары менен кемчиликтерин карап чыгат. Заманбап маалыматтык технологиялар билим берүү процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү сунуштай тургандыгы белгиленет. Бирок, окутууну үзгүлтүксүз жана динамикалуу процесс катары кароо керек болсо да, аралыктан окутууга толук өтүү кабыл алынгыс экендигин да айтып кетүү абзел.
**Негизги сөздөр:** аралыктан окутуу, билим берүү, билим берүүнү маалыматташтыруу, инновациялык технологиялар, аралыктан окутуу технологиялары, Интернет

# ДИСТАНЦИОННОЕ ОБУЧЕНИЕ: ПРОБЛЕМЫ И ПЕРСПЕКТИВЫ

**Аннотация**

В данной статье рассматривается широкое распространение дистанционного обучения с использованием современных электронных средств и интернета. Автор сравнивает дистанционное обучение с традиционным обучением, анализируя их преимущества и недостатки. Отмечается, что современные информационные технологии открывают новые возможности для повышения эффективности образовательного процесса. Однако следует отметить, что, хотя обучение следует рассматривать как непрерывный и динамичный процесс, полный переход к дистанционному обучению недопустим.
**Ключевые слова:** дистанционное обучение, образование, информационное образования, инновационные технологии, технологии дистанционного обучения, Интернет

# DISTANCE LEARNING: PROBLEMS AND PROSPECTS

**Abstract**

This article discusses the widespread use of distance learning using modern electronic means and the Internet. The author compares distance learning with traditional learning, analyzing their advantages and disadvantages. It is noted that modern information technologies offer new opportunities for improving the efficiency of the educational process. However, it should be noted that although learning should be considered as a continuous and dynamic process, a complete transition to distance learning is not acceptable.
**Keywords:** distance learning, education, information education, innovative technologies, distance learning technologies, Internet

**Киришуу.** Адамзаттын ааламдашуу заманында башына түшкөн сыноолорго ар дайым даяр турушу 2019-жылдагы алааматтын келишинде билинди, себеби саламаттыкты сактоо жана билим берүү министрликтерине түшкөн түйшүк канчалык денгээлде даяр экендигин тастыктап койду десем жанылышпайм.Дүйнөлүк COVID-19 пандемиясы көптөгөн өлкөлөрдөгү билим берүү системасына олуттуу таасирин тийгизип, жаңы техникалык

чечимдерди киргизүүнү тездетти жана жаныча жолдорун иштеп чыгууга мажбурлады. Коом жарым-жартылай даяр болгон көптөгөн кыйынчылыктарга жана көйгөйлөргө туш болду. Кыргыз Республикасында 2020-жылдын март айында бардык деңгээлдеги билим берүү мекемелери шашылыш түрдө аралыктан жана аралаш окутууга өтүштү. Окутуунун үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу жана толук кандуу билим берүү процесси үчүн бардык шарттарды түзүү маанилүү жана артыкчылыктуу милдет болуп калды. Белгилей кетүүчү нерсе, аралыктан окутуу жаңылык эмес жана он жылдан ашык убакыттан бери билим берүү процессине интеграцияланып келет. Компьютерлештирүүнүн тездик менен өнүгүшүнө байланыштуу аралыктан окутуу акырындык менен биздин күнүмдүк жашообуздун бир бөлүгүнө айланып баратат. Акыркы жылдары ал заманбап жашоонун реалдуулугуна жооп катары кеңири жайылды. Орус психологу С.Ю.Степанов туура белгилегендей, "бүгүнкү күндө билим берүү ишмердүүлүгү барган сайын санариптик жана технократиялык мүнөздөмөлөргө ээ болууда" [3, 195-бет]. Коронавирус пандемиясынын жылдарында аралыктан жана аралаш окутуу технологиялары кеңири таралган көрүнүшкө айланды. Билим берүү системасынын салттуу компоненттери өзгөрдү. Билим берүү мекемелери жаңы реалдуулукка ыңгайлашуунун жана окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн коопсуз шарттарды түзүүнүн татаал процессинен өттү. Белгилей кетүүчү нерсе, аралыктан окутуунун өзгөчөлүктөрү жана анын заманбап дүйнөдөгү ролу көптөгөн заманбап окумуштууларынын изилдөө предмети болуп саналат. Акыркы жылдары изилдөөлөр өзгөчө популярдуу болуп калды. Мисалы, И.А. Дудковская, О.В. Орусова жана В.А. Шамахов өз эмгектерин пандемия учурунда университеттердин аралыктан окутууга өтүү учурундагы билим берүүнүн салттуу жана инновациялык формаларын талдоого арнашкан. Л.Ю. Бурнашева, В.Д. Бутенас, О.И. Веселицкий, Е.Р. Гузуева, В.С. Ерофеева, А.А. Жамборов, С.М. Зияудинова, Т.М. Редькина жана Д.Д. Хабаров ар кандай деңгээлдеги билим берүү уюмдарында аралыктан окутуунун келечеги жана артыкчылыктары, ошондой эле жогорку кесиптик билим берүүдө компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүдөгү күндүзгү жана аралыктан окутуунун потенциалы жөнүндө жазышкан.

М.М. Борисевич, Н.И. Вытовтова, С.В. Кривых, Т.А. Наумова, Е.В. Неборский, О.В. Самохина, Ю.В. Сорокопуд, А.Н. Стаценко, А.А. Цахаева жана башкалардын изилдөөлөрү онлайн билим берүү контекстинде кесиптик окутуунун өзгөчөлүктөрүн, атайын билим берүү муктаждыктары бар адамдар үчүн кесиптик билим алууга жеткиликтүүлүктү камсыз кылууну жана өзгөчө кырдаалдарда окуучулардын,студенттердин жана магистранттардын аралыктан окутууга социалдык-психологиялык адаптациясын изилдеген. М.А. Казакова, Г.М. Карпенко жана башкалар аралыктан окутууну уюштурууну жана Skype онлайн платформасын колдонууну да изилдешти ал эми кээ бир Zoom платформасы менен иш алып барып,билим берүүнү үзгүлтүккө учуратпоонун аракетинде болушту. Н.С.Абрамов, П.Боровский, В.Б. Мелехин,

В.П.Фраленко жана Ю.М.Цыгалов аралыктан билим берүүнүн тобокелдиктери, онлайн курстардын кеңири колдонулушу жана студенттердин илимий билимдерди өз алдынча табуу, топтоо жана кайра чечмелөө жөндөмү жөнүндө талкуулар жүргүзүштү. Бирок, мындай изилдөөлөр аз жана жеткиликсиз экенин белгилей кетүү керек. Бүгүнкү күнү аралыктан окутуунун жарактуулугу жана натыйжалуулугуна байланыштуу көптөгөн аспектилер толук изилдене элек жана актуалдуу бойдон калууда. Аралыктан окутууда билим алуунун мүмкүнчүлүгү жана деңгээли талаштартыштуу. Бул макаланын максаты - аралыктан окутууну өнүктүрүүнүн негизги көйгөйлөрүн, кыйынчылыктарын жана келечегин талдоо. 20кылымдын аягында жана 21-кылымдын башында интернет технологияларынын өсүп өнүгүшү көптөгөн үй-бүлөлөр үчүн жеке компьютерлер менен камсыз болушуна жана интернет жеткиликтүү болуп калды. Алгачкы компьютерлерде окуу процессин жөнөкөйлөтүп жана автоматташтырган оюн түрүндөгү билим берүү программалары пайда болду. Акырындык менен интернет байланыш аркылуу пикир алмашуу мүмкүнчүлүктөрү көбөйдү. Жогорку ылдамдыктагы интернеттин жайылышы аралыктан окутуунун жайылышына өбөлгө түзүп, дүйнөнүн каалаган жеринде окутуу үчүн онлайн семинарларды колдонууга мүмкүндүк берди. Кыргыз республиканын “Билим берүү" Мыйзамынын негизине ылайык "Аралыктан окутуу технологиялары - бул негизинен маалымат жана телекоммуникациялык тармактарды колдонуу менен студенттер менен окутуучулардын ортосундагы кыйыр (алыстан) өз ара аракеттенүү аркылуу ишке ашырылган билим берүү технологиялары", башкача айтканда, аралыктан окутуу окуучулардын билим берүү мекемесинде физикалык катышуусуз билим алууну камтыйт. Билим берүү программаларынын дисциплиналары боюнча мугалимдер тарабынан иштелип чыккан ар кандай маалыматтык технологиялардын жана окутуу ыкмаларынын жардамы менен студенттин белгилүү бир билимдерин, көндүмдөрүн, практикалык жөндөмдүүлүктөрүн жана таанып билүү ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын өздөштүрүүнүн жекелештирилген процесси жүрөт. Айта кетүүчү кетүүчү нерсе, "электрондук окутуунун киргизилиши бардык деңгээлдеги билим берүү мекемелеринин уюштурулушуна олуттуу таасирин тийгизет". Билим берүү мекемелери көбүнчө эки окутуу моделин колдонушат: толугу менен аралыктан жана жарым-жартылай аралыктан. Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлиги тарабынан мезгил-мезгили менен киргизилген жай жүрүүчү "адаптивдүү карантин" билим берүү мекемелерине аралыктан окутуудан аралаш окутууга үзгүлтүксүз өтүүгө мүмкүндүк берди. Бирок, жогорку окуу жайларынын көпчүлүгү негизинен аралыктан окутууга басым жасашкан. COVID-19 пандемиясынан улам аралыктан окутууга кескин өтүү билим берүүнүн сапатынын жана жеткиликтүүлүгүнүн начарлашына алып келгенин белгилей кетүү керек.

Ошентип, аралыктан окутуу толугу менен студенттин белгилүү бир билим берүү платформасында онлайн режиминде гана иштөөсүн камтыйт

(мисалы, К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинде аралыктан окутууда ар түрдүү платформалар пайдаланып жатты,атай кетсем ZOOM жана Google MEET платформасында билим берүү программаларынын дисциплиналарын окуу (ал кайтарым байланышка ээ, билимди баалоону, баа журналын жүргүзүүнү, аудио, видео, тексттик файлдарды жана презентацияларды тиркөөгө мүмкүндүк берет). Аралыктан окутуу технологияларын жарым-жартылай колдонуу онлайн жана оффлайн сабактарды кезектештирүүнү камтыйт. Окутуунун бул формасы эң натыйжалуу жана натыйжасыз да болушу мүмкүн. Бирок, реалдуу убакыт режиминде өткөрүлүүчү жана студенттер технологияны колдонуп, окутуучу менен бетме-бет иштешкен онлайн сабактардан айырмаланып, аралыктан окутуу тапшырмаларды аткаруу, жазуу тесттерин жазуу жана жаздырылган сабактарды көрүү үчүн ийкемдүү графиктерди түзүүгө мүмкүндүк берет. Бирок, окутуучу бардык аткарылган тапшырмаларды жана жыйынтыктоочу иштерди баалап, кредиттерди берип, экзамендерди дайындай турганын белгилей кетүү маанилүү, мунун баары окуу жайдын бекитилген сабак графигине ылайык жүргүзүлөт. Мындай окутуулар орто мектептерде да дал ушундай эле өңүттө жүрүп жатты. Системалык өткөөл мезгилдин азыркы этабында билим берүү мекемелери үчүн билим берүү системасынын туруктуу иштешин жана анын үзгүлтүксүз өнүгүшүн камсыз кылуу маанилүү.

Белгилей кетүүчү нерсе, аралыктан окутуу белгилүү бир артыкчылыктарды берет:

-ийкемдүү окуу графигин түзүү мүмкүнчүлүгү;

-коомдук транспортту колдонуунун кажети жок болгондуктан, жол жүрүү убактысын үнөмдөө;

-илим берүү мекемесинен алыс окуу мүмкүнчүлүгү;

-интерактивдүү технологияларды жана көрсөтмө куралдарды ыңгайлуу колдонуу;

- экзамендерди жана тесттик сессияларды аралыктан өткөрүү;

- мугалимдердин терс таасирин жок кылуу мүмкүнчүлүгү (сейрек учурларда).

Санариптештирүү жана аралыктан окутуу окуучуларга жана студенттерге кеңири мүмкүнчүлүктөрдү бергени менен (жеке билим берүү траекторияларын ишке ашыруу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат), алар бир катар кыйынчылыктарды да жаратат. Тилекке каршы, аралыктан окутуунун терс жактары оң жактарынан алда канча көп. Албетте, азыр онлайн режиминде көптөгөн адистештирилген билим берүү тиркемелери бар, мисалы, чет тилдерин, программалоону жана башкаларды үйрөнүү үчүн тиркемелер бар. Аларды мобилдик түзмөктөргө да орнотууга болот (бул көптөгөн колдонуучулар үчүн жеткиликтүүлүктү бир топ жеңилдетет). Бирок, Ю.М. Цыгалов туура белгилегендей, аралыктан окутуу балдардын жана студенттерин "баарлашуу көндүмдөрүн жана командалык иштерин өнүктүрбөйт, анткени студенттер окутуучу, мугалимдер окуучу менен жана башка окуучулар жана студенттер менен минималдуу байланышта болушат"

[5, 63-бет]. Төмөнкүдөй жетишсиздиктер кездешип алардын үстүнөн иштөө каралат.

– санариптик инфраструктуранын даярдыгынын төмөн деңгээли, техникалык жабдуулардын жетишсиздиги;

– окутууну аралыктан окутуу форматына ыңгайлаштыруунун кыйынчылыктары;

– билим берүү процессинин катышуучуларынын ортосундагы түз байланыш көйгөйү:

– окутуу ыкмаларын өзгөртүүдөгү, жаңы билимдерди жана педагогикалык көндүмдөрдү өздөштүрүүдөгү, методикалык колдоону жакшыртуудагы кыйынчылыктар;

– кадимки билим берүү учурундагыдай эле окууну көзөмөлдөөнү сактоонун мүмкүн эместиги;

– студентти же окуучуну аныктоо көйгөйү (арыз ээсинин инсандыгын аныктоо мүмкүн эместиги; тапшырманы аткаруунун көз карандысыздыгын текшерүү, тышкы жардам);

– окуу материалынын көпчүлүк бөлүгү өз алдынча окууга бөлүнөт, окуучулардын жана студенттердин окууга көңүл буруусу кыйын;

– аралыктан окутууну уюштуруудагы көйгөйлөр, анткени бардык эле окуучулардын жана студенттердин үйдө технологиялык жактан жабдылган жумуш орду жок;

– окуучулардын гана эмес, мугалимдердин да ашыкча иштөөсүнөн улам мажбурлап обочолонуудан жана ашыкча иштөөдөн улам психологиялык жана эмоционалдык абалдын начарлашы;

– окуучулардын жана студенттердин окууга болгон мотивациясынын жоголушу;

– интернет коопсуздугу көйгөйү.

Бүгүнкү күндө аралыктан окутуу заманбап адамдардын виртуалдык социалдашуусунун негизги компонентине айланып баратат. Келечектеги билим берүү тенденцияларын так алдын ала айтуу өтө кыйын. Бирок, эгерде аралыктан окутуу келечектин билими деп эсептесек, анда онлайн окутууга толугу менен өтүүнү көрөбүз. Окутуунун бул жаңы форматына толук ыңгайлашуу жана аны кабыл алуу үчүн көп убакыт талап кылынат.

Мугалимдик кесиптин баары да өзгөрөт. Белгилей кетүүчү нерсе, аралыктан окутуу жөн гана окуу китептеринин же тапшырмалардын сүрөттөрүн билим берүү платформаларына (мисалы, Moodle, Skype, ZOOM, Zillion ж.б.) жайгаштырууну камтыбайт. Эң татаал аспект - интерактивдүү окутууга багытталган жогорку сапаттагы аралыктан окутууну түзүү. Окуу процессинде окуучуларга материалды өз алдынча өздөштүрүү үчүн ар дайым убакыт бөлүнөт, ошондой эле курс учурунда мугалимдин консультациялык колдоосу ж.б. (мисалы, видеоконференция). Зарыл болгон учурда, жеке консультация да өткөрүлүшү мүмкүн, анын жүрүшүндө мугалим татаал теманы түшүнүүгө жана зарыл болгон санариптик окутуу жана методикалык материалдарды тандоого жардам бере алат. Окуучулардын санариптик көндүмдөрүн

өркүндөтүү, окутуу компетенттүүлүгүн өнүктүрүү жана жогорку сапаттагы билим берүү контентин камсыз кылуу бирдей маанилүү. Студенттер ошондой эле маалымат базаларына жана билим берүү мекемесинин маалымат чөйрөсүн камсыз кылган электрондук китепкана системасына акысыз кирүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланышат. Кайсы өлкөдө болбосун билим берүүнүн сапаты коомдун экономикалык өнүгүүсүнө таасир этүүчү маанилүү фактор болуп саналат. Кайсы гана өлкөнүн болбосун калкы үчүн толук убакытта иштеп, жашоого каражат табуу мүмкүнчүлүгү маанилүү. Ошондуктан, өзгөчө пандемия учурунда билим берүү процессинин үзгүлтүксүз жана толук кандуу иштешин камсыз кылуу өтө маанилүү. Билим берүүнү санариптештирүү боюнча көптөгөн мамлекеттик долбоорлор кайра карап чыгууну жана карап чыгууну талап кылат. Тактап айтканда, толук аралыктан окутууга өтүүдөн качуу керек, анткени мугалимдер менен түз байланыштын жоктугу окуу процессине терс таасирин тийгизип, билим берүүнүн сапатын төмөндөтөт. Онлайн сабактар да салттуу билим берүүнү алмаштыра албайт. Билим берүү мекемелеринин натыйжалуу жана ийгиликтүү иштешин камсыз кылуу үчүн окуу процессин класстык жана класстан тышкаркы окутууну кезектештирип уюштуруу сунушталат. Аралыктан окутуу үчүн жетиштүү техникалык ресурстарга (гаджеттер, ноутбуктар жана жогорку сапаттагы интернет байланышы) ээ болуу жана бул ресурстарды колдонуу көндүмдөрүн, башкача айтканда, билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн санариптик сабаттуулукту өнүктүрүү зарыл экенин белгилей кетүү маанилүү. Биз белгилеген тема аралыктан окутуунун оң жана терс жактарын, анын өзгөчөлүктөрүн жана коомдун жана билим берүүнүн андан ары өнүгүшүнө тийгизген таасирин андан ары терең изилдөө үчүн келечектүү. Жыйынтыктап айтканда аралыктан окутуудагы эң негизги нерсе – бул окуучулардын жана студенттердин өз алдынча таанып билүү (когнитивдик) ишмердүүлүгүн уюштуруу.

Окутуунун негизинде билим алуучуларда төмөндөгудөй негизги компетенциялар иштелип чыгуусу керек.

- Өз алдынча билим алууга даярдык
- Маалыматтык ресурстарды колдонууга даярдык
- Социалдык өз ара аракеттенүүгө даярдык
- Коммуникативдик компетенттүүлүк
- Көйгөйлөрдү чечүүгө даярдык

Көрсөтүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында аралыктан окутуунун артыкчылыктары болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

1. Пандемия учурунда окутуунун мажбурланган мүнөзү.
2. Аралыктан окутуу окуучуларга тааныш чөйрөдө калып, жашоонун кадимки ритмин сактоого гана эмес, ошондой эле жеке окуу графигин түзүүгө мүмкүндүк берет.
3. Мектепте аралыктан окутуу ыкмаларын өздөштүргөн адам өмүр бою практикалык түрдө окуй алат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Гузуева, Э.Р. Заманбап билим берүүдөгү аралыктан окутуунун ролу / Э.Р. Гузуева, С.М. Зияудинова, А.А. Жамборов // Илим, маданият, билим берүү дүйнөсү. - 2020. - № 3 (82).
2. Петренко, Н.А. Орусиянын билим берүү системасын санариптештирүүнүн өзгөчөлүктөрү / Н.А. Петренко, Е.А. Волошина // Көп маданияттуу билим берүү чөйрөсүндө филологдун кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу: IV Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдарынын жыйнагы, 2021-жылдын 7-8-октябры, Евпатория / Ю.К. Картавая, И.Б. Каменская, М.А. Шалина, А.Н. Шевченконун ред. кеңеши; И.Б. Каменскаянын жалпы ред. астында. – Симферополь: И.П. Корниенко А. А., 2021. – Б. 183-189.
3. Степанов, С. Ю. Келечекте мектеп билим берүүсүнүн шакекче аныкталышынын келечеги / С. Ю. Степанов // Заманбап мектептин ишмердүүлүгүндөгү психологиялык, педагогикалык жана соматикалык өзгөрмөлөр: шакекче аныкталышынын таасири / автордук жыйнак: С. Ю. Степанов, И. В. Рябова [ж.б.]; С. Ю. Степанов тарабынан редакцияланган. – Москва: Москва мамлекеттик педагогикалык университети, 2017. – Б. 195-216.
4. "Кыргыз Республикасынынбилим берүү жөнүндө" Мыйзамы (акыркы редакциясы): 19.02.2022).
5. Цыгалов, Ю.М. Жогорку билим берүүдөгү аралыктан билим берүүнүн таасири жана тобокелдиктери / Ю.М. Цыгалов // Менеджмент боюнча консалтинг. - 2020. - № 10. - Б. 61-73.

**УДК 37 (09)**

***Садирова Тамара,*** *магистрант*
*Заманбап Эл аралык Университетинин*
***Сабиров К.А.,*** *улук окутучу*
*Заманбап Эл аралык Университетинин*

# ХИКС-КЫЛЫМДА БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА ОРУС-ТУЗЕМ МЕКТЕПТЕРДИН РОЛУ

**Аннотация**

Бул иште XIX кылымда кыргыздардын билим берүү системасында өзгөчө орунду ээлеген орус-тузем мектептеринин тарыхый ролу жана мааниси талданат. Изилдөөдө аталган мектептердин пайда болуу шарттары, максаттары жана окутуу мазмуну каралып, алардын салттуу элдик билим берүү менен өз ара байланышы ачып көрсөтүлөт. Орус-тузем мектептери аркылуу кыргыз коомунда сабаттуулуктун жогорулашы, жаңы билимдердин (орус тили, арифметика, география, тарых ж.б.) жайылышы жана жаңыча ой жүгүртүүнүн калыптанышы талданат. Ошондой эле бул мектептердин колониялык билим берүү саясатынын алкагындагы орду, анын оң жана терс жактары илимий негизде бааланат. Иш XIX кылымдагы кыргыз коомунун маданий-агартуу өнүгүшүн түшүнүүгө жана орус-тузем мектептеринин тарыхый таасирин комплекстүү баалоого багытталган.

**Ачкыч сөздөр:** XIX кылым, кыргыздар, билим берүү, агартуу, орус-тузем мектептери, салттуу билим берүү, сабаттуулук, орус тили, маданий байланыштар, колониялык саясат, агартуу иши, коомдук өнүгүү

# РОЛЬ РУССКО-ТУЗЕМНЫХ ШКОЛ В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗОВ В XIX ВЕКЕ

**Аннотация**

В данной работе анализируются историческая роль и значение русско-туземных школ, занимавших особое место в системе образования кыргызов в XIX веке. В исследовании рассматриваются условия возникновения этих школ, их цели и содержание обучения, а также раскрывается их взаимосвязь с традиционной народной системой образования. Анализируется влияние русско-туземных школ на повышение уровня грамотности в кыргызском обществе, распространение новых знаний (русского языка, арифметики, географии, истории и др.) и формирование нового типа мышления. Также с научной точки зрения оценивается место данных школ в рамках колониальной образовательной политики, их положительные и отрицательные стороны. Работа направлена на более глубокое понимание культурно-просветительского развития кыргызского общества XIX века и комплексную оценку исторического влияния русско-туземных школ.

**Ключевые слова:** XIX век, кыргызы, образование, просвещение, русско-туземные школы, традиционное образование, грамотность, русский язык, культурные связи, колониальная политика, просветительская деятельность, общественное развитие

# THE ROLE OF RUSSIAN-NATIVE SCHOOLS IN THE EDUCATION SYSTEM OF THE KYRGYZ PEOPLE IN THE XIX CENTU

**Abstract**

This paper analyzes the historical role and significance of Russian-native schools, which occupied a special place in the education system of the Kyrgyz people in the 19th century. The study examines the conditions under which these schools emerged, their goals and curriculum, and reveals their relationship with the traditional folk education system. It analyzes the impact of Russian-native schools on increasing literacy levels in Kyrgyz society, the dissemination of new

knowledge (Russian language, arithmetic, geography, history, etc.), and the formation of a new type of thinking. From a scholarly perspective, the place of these schools within the framework of colonial educational policy is also assessed, including their positive and negative aspects. The work is aimed at a deeper understanding of the cultural and educational development of Kyrgyz society in the 19th century and a comprehensive evaluation of the historical influence of Russian-native schools.
**Keywords:** 19th century, Kyrgyz people, education, enlightenment, Russian-native schools, traditional education, literacy, Russian language, cultural relations, colonial policy, educational activity, social development

**Киришуу.** XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздардын салттуу билим берүү системасынын (медресе, молдо мектеби, үй-бүлөлүк тарбия) катарында падышалык Россия тарабынан уюштурулган орус жана орус-тузем мектептери пайда болгон. Бул мектептер кыргыз коомунун билим берүү тарыхында өзгөчө орунду ээлеп, жаңы типтеги светтик билим берүүнүн алгачкы формасы катары тарыхта калган. Азыркы учурда он эки жылдык билим берүү системасына өтүү маалында, бир караганда оңой көрүнгөнү менен бул татаал процесс экендигине ынандык. Бул теманын **актуалдуулугу коомду агартуу маселесинде** маанилүү орунда боло бермекчи.

Октябрь революцияна чейинки билим берүү боюнча көптөгөн чыгыш таануучу окумуштуулар С.М. Граменицкий, В.В. Вельяминов-Зернов, В.И. Кушелевский, А.Л. Кун, В.П. Наливкин, Н.С. Ликошин жана дагы советтик доордогу тарыхчылар В.В. Бартольд, В.М. Плоских, Н. Архангельский, В. Билик, А.Э. Измайлов, А.Е. Захарова, Б. Жамгырчиев, И.М. Муминов, Ш. Рахимий, Д. Айтмамбетов, А. Шукуров, К. Үсөнбеков, И.Б. Бекбоев, К.Е. Бендриков, А. Мухаммаджонов, Р. Рахимов, Г.Кронгардт, М. Рахимова, М.М.Эсенгулова, И.А. Алимов, М.О. Алихожиев, С.Д. Болтабаев, К. Бендриков, Ш. Вахидов, Г.С. Исобаева, Ш.Т. Колдошев, Б.Б. Маллабаев, Г.Ф. Салижанова, Ө.А. Султанов, Б.М. Расулов, Л.Марченко, Т.Д. Худайканкулов, М.Ш. Султановалар М.Иманкулов, К.Молдокасымов, Т.Н. Өмүрбеков, Т. Өмүрзакова, А. Кубатовалар ушул темага назар салып эмгектерди жараткан.

Орус-тузем мектептеринин пайда болуу шарттарына ошол учурдагы тарыхый мезгил, саясый абал, капиталисттик коомдун табияты буга жооп болмокчу. *Буга жооп катары Э. Мамбетаку- нов "Педагогиканын негиздери" аттуу эмгегинде – " Тарбиялоо процессинин максаты коомдун өнүгүшүнө ылайык аныкталган коомдук функцияны алып баруучу жаш муундарды калыптандыруу багытындагы коомдук муктаждыкты чечүүгө арналат. Эгерде, тарбиялоо процессинин максаты коомдун нукура абалына ылайыктуу аныкталбай калса, анда тарбиялоо системасы сөзсүз түрдө кризиске учурайт"[1. 84-б] – деп жазат.* Кыргызстандын аймагында орус-тузем мектептеринин пайда болушу Россия империясынын колониялык башкаруу саясаты менен түздөн-түз байланыштуу болгон. Бул тууралуу тарыхчы Л. **Марченко** төмөнкүчө жазат: «Русско-туземные школы в Кыргызстане возникли как элемент административно-колониальной политики Российской империи и были направлены на подготовку местных кадров для низших звеньев управления» [2. -49-б.].

Автордун пикири боюнча, бул мектептердин ачылышы агартуучулук максат менен гана чектелбестен, империялык башкаруунун практикалык муктаждыктарын канааттандырууга багытталган. Окутуунун максаты жана мазмуну кандай болгондугу тууралуу айта турган болсок, орус-тузем мектептеринде негизги предметтер катары орус тили, арифметика, жазуу жана баштапкы география окутулган. Бул жөнүндө К. **Бендриков** мындай деп белгилейт:«Обучение в русско-туземных школах ограничивалось элементарными знаниями по русскому языку и счету, что соответствовало задаче формирования исполнительных кадров из числа коренного населения» [3. **289-б**] М. Рахимова өзүнүн “Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы” аттуу эмгегинде жогорудагы К. Бендриковдун оюна кошулуп, колониялдык билим берүүнүн табиятын мындайча мисал келтирет: “Администрациянын административдик, экономикалык жана саясый аппараты жергиликтүү элден кызматчыларды тартпай туруп, ишти так жолго коюуга мүмкүн эместигин практика көрсөткөн. Бул жөнүндө, айрым алганда француз колониялык доктринасынын билим берүү тармагындагы авторлорунун бири М. Делафос төмөнкүчө жазган: “Сөз администрациянын, өнөр жайдын, айыл чарбанын, санитардык кызматтын бардык тармагына европалыктарга жардам берүүгө жөндөмдүү болгон жергиликтүү кадрларды киргизүү жөнүндө жүрөт. ... Бул болсо биз менен жакындашууга аракеттенбеген, биздин принциптер менен методдорго ишенбеген жергиликтүү калкка күчтөп буйрук берүүгө жардам берет. Күч колдонуу мында эч кандай пайда бербейт. Бирок, пропаганданы өзүбүз жүргүзсөк ишендирүү жолу менен бир нерсеге жетишүү да абдан кыйын”-деп баяндайт. [4. 141-б]

Орустардын келиши менен билим берүүдө прогрессивдүү жактары да болгонун Ө. Осмонов өзүнүн “Кыргызстандын тарыхы” аттуу эмгегинде: “Кыргызстан Россиянын курамына кирген соң билим беүү тармагында да бурулуш башталган. Кыргызстанда мектептер сан жагынан өсүп, аларда билим берүүнүн сапаты жакшыра баштаган. Кыргыздар балдарын, башка мусулман дининдеги элдер сыяктуу диний мектептерде, медреселерде окуткан. Ошону менен катар орус бийликтери 1886-жылдан баштап “орус-жергиликтүү” мектептерин уюштура баштаган. Алар диний билимден тышкары орус тили, орус адабияты жана маданияты үйрөтүлгөн. 1883-жылы Ош уездинде 41 мектеп болуп, анда 391 окуучу билим алса, 1914-жылы 229 мектеп иштеп, анда 3,2 миң окуучу (анын ичинен-33 кыз) окуган. Пишпек уездинде 1,3 миң окуучусу бар 59 мектеп иштеп, Кара-Кол уездинде 2,3 окуучу окуган 128 мектеп иштеген. Мектептерде билим берүү диний сабактар менен гана чектелбестен, эсеп, география, тарых, табият таануу, ж.б. сабактарды окутуу күчөгөн”,-деп жазат [5. 299-б].

Белгилүү тарыхчы Т. Кенесариев да ушул ойго кошулуп: “С покорением Кыргызстана Россией начались в системе образования. В Кыргызстане росло число школ, повысился уревень обучения, изменилось еге содержание. Раньше кыргызы, как и другие мусульманские народы, обучали своих детей в

религиозных школах-медресе. Начиная с 1886 года, наряду с ними русские власти организовали так называемые русско-туземные школы... . В программу входили такие предметы, как арифметика, география, история, природоведение и другие...”[6. 90-б] –деп баяндайт. Ошентип колонизаторлордун аракеттери аракеттери ар дайым эле терс натыйжа бербестен, пайдалуу жактары да тарыхта кенен айтылат. Ы. Мукасовдун “Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы” аттуу эмгегинде: “Кыргызстандын Россиянын составына кошулушу менен крайда орус элинин алдыңкы маданиятынын таасири туюла баштаган. Анын таасири менен XIX кылымдын аягында жергиликтүү калктын рухий ойгонуусу башталган. Бул Кыргызстанда агартуучулуктун пайда болушу үчүн база болгон. Орус коомчулугунун алдыңкы өкүлдөрү кыргыздарга билим берүүнү жана агартуучулукту жайылтуу, алардын жашоо-турмуштарын жакшыртуу үчүн өздөрүнүн бардык күч-аракетин жумшаган. Натыйжада орус-жергиликтүү мектептери ачыла баштаган, анда орус балдары гана эмес, башка элдердин, анын ичинде кыргыз балдары дагы окушкан. Кыргыз балдар үчүн орус-жергиликтүү мектептери менен катар эле жаңы усулдагы мектептер да ачылган. Алардын “прграммаларында табигый илимдерге кыйла орун берилген, бул албетте прогрессивдүү мааниге ээ болуу менен өз кезегинде крайда диний эмес маданияттын айрым элементтеринин таралышына мүмкүндүк ачкан”-деп Л. Перепелицинанын айтканын мисал келтирет [7. 167-б ]. Айрым мектептерде ислам дини боюнча сабактар да өткөрүлгөн. Бул чара жергиликтүү калктын ишенимин арттыруу максатын көздөгөн. Кыргызстандагы алгачкы орус-тузем мектептери XIX кылымдын аягында ачыла башташы Кокон хандыгынын кыйрашы жана капиталисттик коомдогу Россия империясынын Орто Азияны каратып алуусу менен байланыштуу. Кыргызстандын аймагында биринчи орус-тузем мектептер XIX кылымдын 80-жылдарында ачылган. Бул тууралуу М. **Иманкулов** төмөнкүчө жазат:«Первая русско-туземная школа в северных районах Кыргызстана была открыта в 1884 году в Токмакском уезде, а в 1887 году аналогичное учебное заведение начало функционировать в Оше» [8. **43-б**]. Бул мектептерде окуган кыргыз балдары кийинчерээк котормочу, катчы, мугалим сыяктуу кызматтарды аркалай баштаган. Орус-тузем мектептеринин тарыхый ролун баалоодо алардын оң жана терс жактарын комплекстүү кароо зарыл. Г. **Кронгардт** бул маселеге токтолуп, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарат: «Несмотря на ограниченность программы, русско-туземные школы сыграли определенную роль в формировании начальной грамотности и приобщении кыргызов к письменной культуре» [9. **67-б**]. Ошол эле учурда мектептердин саны аз болуп, жалпы калкты камтууга мүмкүнчүлүгү жетишсиз болгон. Орус-тузем мектептери падышалык Россиянын колониялык саясатынын бир бөлүгү катары каралган. Бул тууралуу К. **Пален** өзүнүн ревизиялык отчетунда мындай деп жазган: «Народные школы для туземцев должны давать минимум знаний, достаточный для хозяйственных и административных нужд края» [10. **92-б**].

Бул цитата орус-тузем мектептеринин билим берүү мүмкүнчүлүгү атайын чектелгенин далилдейт.

Жыйынтыктап айтканда, XIX кылымдагы орус-тузем мектептери кыргыздардын билим берүү тарыхында эки жактуу мааниге ээ. Алар бир жагынан сабаттуулуктун жаңы формасын киргизип, светтик билим берүүнүн пайдубалын түптөсө, экинчи жагынан колониялык саясаттын чектөөлөрүнөн улам кеңири жана терең билим берүү системасына айлана алган эмес. Ошого карабастан, бул мектептер кыргыз агартуучулугунун кийинки өнүгүшүнө тарыхый негиз болуп берген.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Эсенбек Мамбетакунов. Педагогиканын негиздери. Бишкек, 2019.-84-б.
2. Марченко Людмила Юрьевна. *Русские и русско-туземные школы в Кыргызстане во второй половине XIX – начале XX вв. – Бишкек, 2005.* – 48–54-б.
3. Бендриков Константин Евгеньевич. *Очерки по истории народного образования в Туркестане.* – Москва, 1960. – 289–290-б.
4. Рахимова Магрифа. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы. Бишкек, 2009.-141-б.
5. Осмонов Өскөн. Кыргызстандын тарыхы. –Бишкек, 2019.-299-б.
6. Кененсариев Ташманбет. Культурогенез Кыргызстана.-Бишкек, 2010.-90-б.
7. Мукасов Ысманалы. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы.-Бишкек, 2004.-167-б.
8. Иманкулов Муратбек Калматович. *Развитие системы образования в Кыргызстане в начале XX века.* – Бишкек, 2012. – 42–46-б.
9. Кронгардт Генрих Карлович. *Население Киргизии в последней трети XIX – начале XX века.* – Фрунзе: Илим, 1989. – 67-б.
10. Пален Константин Николаевич фон. *Отчет по ревизии Туркестанского края. Учебное дело.* – Санкт-Петербург, 1910. – 92-б.

**УДК 372.4**

***Доноев Т. А.,*** *улук окутуучу*
*Заманбап Эл аралык университети*

# КОЛЛЕДЖДЕ МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУНУН РОЛУ ЖАНА МААНИСИ

**Аннотация**

Макала колледждерде математиканы окутууда маалыматтык технологияларды колдонуунун айрым маселелерине арналган. Маалыматтык технологиялардын заманбап кесип ээлерин даярдоодогу ролу, алардын алгылыктуу мүмкүнчүлүктөрү чечмеленген. Маалыматтык технологиялар өзгөчө математикалык кырдаалдарды жана геометриялык сүрөттөлүштөрдү анимациялоо аркылуу көрсөтмөлүү берүүдө эффективдүү каражат экенин көрсөтүлгөн.

**Ачкыч сөздөр:** маалыматтык коом, маалыматтык технологиялар, математиканы окутуу, мультимедиялык технологиялар, презентация.

# РОЛЬ И ЗНАЧЕНИЕ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ПРЕПОДАВАНИИ МАТЕМАТИКИ В КОЛЛЕДЖЕ

**Аннотация**

Статья посвящена некоторым вопросам использования информационных технологий при преподавании математики в колледжах. Интерпретируется роль информационных технологий в подготовке современных профессионалов, их приемлемые возможности. Было показано, что информационные технологии являются особенно эффективным средством наглядной передачи математических ситуаций и геометрических изображений посредством анимации.

**Ключевые слова:** информационное общество, информационные технологии, преподавание математики, мультимедийные технологии, презентация.

# THE ROLE AND IMPORTANCE OF USING INFORMATION TECHNOLOGY IN TEACHING MATHEMATICS IN COLLEGE

**Annotation**

The article is devoted to some issues of the use of information technology in teaching mathematics in colleges. The role of information technology in the training of modern professionals and their acceptable capabilities are interpreted. It has been shown that information technology is a particularly effective means of visual transmission of mathematical situations and geometric images through animation.

**Keywords**: information society, information technology, teaching mathematics, multimedia technologies, presentation.

**Киришүү.** Коомду маалыматташтыруу мезгилинде адамды өнүктүрүүгө эң зарыл болгон – маалыматтарды чогултуу жөндөмдүүлүгү, жана ошондой эле маалымат менен иштөө үчүн жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу жөндөмдүүлүгү зор мааниге ээ болот. Орто кесиптик билим берүүнүн максаты студенттерге белгилүү бир билим суммасын берүү гана

эмес, алардын таанып-билүү кызыкчылыктарын, ишке чыгармачыл мамилени өнүктүрүү, өз алдынча билимди алуу жана көндүмдөрүн байытуу, аларды практикалык ишмердүүлүгүндө колдонуу маанилүү болуп эсептелет. Колледждеги математика курсу – студенттерден туруктуу, түйшүктүү жана көлөмдүү өз алдынча иштөөнү талап кылган эң көп убакытты талап кылган окуу предмети. Ошондуктан, мугалимдин негизги милдеттеринин бири – математиканы окутуунун жана ой жүгүртүүнүн маданиятынын элементтерин үйрөтүү жана өнүктүрүү. Бул үчүн окутуунун мазмундук аспектисин деталдуу иштеп чыгуу, окуучулардын таанып билүү жөндөмдүүлүгүн, алардын окуу иш-аракеттериндеги активдүүлүгүн өнүктүрө турган методдордун, формалардын, технологиялардын түрлөрүн тандап алуу зарыл. Предметке болгон кызыгууну сактап калуу жана сабактарда сапаттуу окутуу процессин жүргүзүү үчүн маалыматтык технологиялар активдүү колдонулат.

**Математика сабагында маалыматтык технологиялардын ролу.** Азыркы күндө заманбап коом адам ишмердүүлүгүнүн бардык тармактарын маалыматташтырууга багыт алганы белгилүү. Маалыматтын тездик менен өсүп жаткан агымы жыл сайын илимий билимдин жалпы көлөмү менен анын билим берүү мекемесинде өздөштүрүлүп жаткан бөлүгүнүн ортосундагы ажырымдын көбөйүшүнө алып келүүдө [1].

Ушуга байланыштуу, колледжде математиканы окутуу ыкмаларындагы жана методдорундагы артыкчылыктардан болуп, даяр билимди берүүдөн маалыматты өзү табуу, сактоо, тандоо, сапаттуу иштетүү жана аны колдонуу ыкмаларын үйрөтүү эсептелет. Азыркы заманбап математика сабагынын максаты болуп окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсүн, сабакта студенттердин активдүүлүгүн жана демилгелүүлүгүн жогорулатуу жана предмет тууралуу анын түшүнүктөрүн калыптандыруу эсептелет [2; 3; 4]. Аны ишке ашыруу үчүн компьютерди колдонуу чоң мүмкүнчүлүктөрдү пайда кылат.

Биздин оюбузча, математиканы окутууда заманбап маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн билгичтик менен пайдалануу төмөнкүдөй ийгиликтерди камсыз кылат:

- таанып-билүү иш-аракеттерин активдештирүү, студенттердин жетишүү сапатын жогорулатуу;
- сабактарда колдонууга арналган заманбап электрондук окуу материалдары менен окуу максаттарына жетишүү;
- студенттерге өз алдынча билим алуу жана өзүн өзү башкара билүү көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- окутуунун ыңгайлуулугун жогорулатуу;
- студенттерде пайда болгон дидактикалык кыйынчылыктарды азайтуу;
- студенттердин маалыматтык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, маалыматтык-коммуникациялык компетенциясын калыптандыруу;
- коопсуздук эрежелерин сактоо менен студенттердин компьютерде иштөө көндүмдөрүнө ээ болуусу.

Маалыматтык технологияларды колдонуу мугалимге окуу маалыматынын керектүү дидактикалык бирдиктерин ачык көрсөтүүгө, окуучулардын математикага болгон кызыгуусун арттырууга, окуучулардын таяныч фактыларын жана үлгү боюнча иш-аракет ыкмаларын топтоого жардам берет [5; 6; 7].

Математиканы окутууда маалыматтык технологияларды колдонуу менен окуу процессинде олуттуу өзгөрүүлөр болот:

- окутуу процесси сапаттуу окутуу үчүн зарыл болгон ой жүгүртүүнү, элестетүүнү өнүктүрүүгө багытталат;
- окуучулардын таанып-билүүчүлүк жана өз алдынча иш-аракеттерин натыйжалуу уюштуруу камсыз кылынат;
- кызматташууга, өзүн-өзү өркүндөтүүгө, чыгармачылыкка ж.б. жөндөмдүүлүктөр байкалат.

Математика сабактарында компьютердин жардамы менен кыймылдуу көрсөтмөлүүлүк проблемасын чечүүгө болот, мында экран студенттердин көңүл буруусун активдештирет, кээде буга класс менен фронталдык иштөөдө дагы жетишүүгө болбойт.

Мультимедиа сабактары төмөнкү дидактикалык маселелерди чечүүгө жардам берет:

- предмет боюнча негизги билимди өздөштүрүү;
- үйрөнгөн билимди системалаштыруу;
- өзүн өзү башкара билүү жөндөмүн калыптандыруу;
- жалпысынан окуп үйрөнүүгө жана айрыкча математиканы окуп үйрөнүүгө мотивациялоо;
- окуучуларга окуу материалынын үстүнөн өз алдынча иштөөдө окуу-методикалык жардам көрсөтүү.

**3. Математика сабагында колдонулган маалыматтык технологиялардын түрлөрү.** Математика сабактарында маалыматтык технологиялардын эки түрү басымдуу колдонулат: презентация жана слайдшоу. Алар студенттерге материалды визуалдык жана жеткиликтүү түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет. Презентация мугалимдин класс менен фронталдык иштөөсүнүн маалыматтык камсыздоосу болуп саналат жана слайддардан турат. Бул маалыматтын негизги түрлөрү – текст, сүрөттөр, чиймелер.

Power Point программасы аркылуу түзүлгөн презентацияларды колдонуу тажрыйбасы математика сабагынын сапатын жогорулата тургандыгын көрсөттү. Компьютердик презентациялар – бул маалыматты сунуштоонун эң заманбап технологиялары. Сабакта презентацияны колдонуунун формалары жана орду ошол сабактын мазмунуна, сабакта коюлган максатка жараша болот. Жаңы материалды окуп үйрөнүүдө презентацияны колдонуу окуу материалын иллюстрациялоого мүмкүндүк берет. Оозеки көнүгүүлөрдү аткарууда презентация тапшырмаларды ыкчам көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Окуу презентациясы сабактын конспектиси болушу мүмкүн. Бул учурда ал салттуу сабактын негизги компоненттеринен турат: тема, максат, сабактын

иш планы, негизги түшүнүктөр, үй тапшырмасы. Математика сабактары үчүн анимацияланган чиймелерди колдонуу, окуучулардын графиктери, чиймелери менен теоремаларды далилдөө жана мисалдарды иштөө, схеманы аткаруу, таблицаны колдонуу ж. б. у. с.

Сабактарда ар кандай түрдөгү электрондук тиркемелер колдонулат:

- аудио-видео тартуунун иллюстрациялары жана демонстрациялары;
- иллюстрациялык материалды жана коюлган божомолдорду жана чечимдерди кийинки текшерүү менен көйгөйлүү суроолорду берүүнү айкалыштырган тиркемелер, тесттер, кроссворддор, табышмактар түрүндө билимди фронталдык текшерүү жана өзүн-өзү текшерүү;
- материалды эң толук көрсөтүүгө мүмкүндүк берген тема боюнча сабактардын сериясын иштеп чыгуу, дүйнөнү бүтүндөй кабылдоонун сүрөтүн тартуу, бир предмет боюнча билимдин ар түрдүү тармактарын ийгиликтүү интеграциялоо;
- Visual Basic программалоо тилин колдонуу менен сабактарга электрондук тиркемелерди иштеп чыгуу.

Математика сабагында маалыматтык технологиялар сабактын ар кандай баскычтарында колдонулушу мүмкүн:

Материалды кайталоодо:

- Тестирлөө
- Даяр чиймелердеги тапшырмалар. Презентациялоо
- Үй тапшырмасын текшерүү. Презентациялоо

Жаңы материалды үйрөнүүдө:

- Презентация түрүндө берилген лекция
- Окуу китептеринин жардамы менен өз алдынча изилдөө
- Динамикалык моделдердин демонстрациясы
- Интернеттен өз алдынча маалымат издөө.

Үйрөнгөн материалды бекемдөөдө:

- Электрондук симулятор
- Билимди контролдоо
- Тестирлөө
- Окуучулардын эмгектерин, изилдөө долбоорлорун презентациялоо

**Корутунду.** Заманбап окуу процессине окутуунун жаңы ыкмалары киргизилүүдө, алар окуу материалын натыйжалуу өздөштүрүүгө багытталган. Эң маанилүү ыкмалардын бири – маалыматтык технологияларды окутууда колдонуу жана аларды математиканы окутууда колдонуу. Салттуу билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу окуу процессин айырмалоого мүмкүндүк берет, колледждин математика мугалимине окуу маалыматын сунуштоонун ар кандай жолдорун кеңейтүүгө мүмкүндүк берет, окуу процессин ийкемдүү башкарууга мүмкүндүк берет.

**Адабияттардын тизмеси:**

1. Калдыбаев С.К., Бойко Е. Реализация повестки дня в области устойчивого развития на период до 2030 года // Alatoo Academic Studies. – Б., 2018. – № 1. – С. 52–58.
2. Тихоненко А.В. Реализация развития критического мышления младших школьников на уроках математики // Вестник Таганрогского гос. пед. института. Физико-математические и естественные науки / А.В.Тихоненко, Ю.В. Трофименко. – Таганрог, 2012. – №1. – С. 82-91.
3. Калдыбаев С.К., Доноев Т.А. Билим алуучунун сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү: адабияттарга анализ // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2022. – № 4. – С. 61-68.
4. Калдыбаев С.К. Таанып билүү активдүүлүгүнүн ролу жана мааниси // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2022. – № 3. – С. 66-74.
5. Полат, Е.С. Новые педагогические и информационные технологии в системе образования. – М.: Издательский центр «Академия», 2003. – 224 с.
6. Калдыбаев С.К., Ахсутова А. Основные направления информатизации образования в Кыргызстане // Международный журнал экспериментального образования. – М., 2018. – №8. – С. 18-23.
7. Роберт И.В. Современные информационные технологии в образовании: дидактические проблемы: перспективы использования. – М., 2010. – 140 с.

***Кадырбекова Ч. К.** к.э.н., доцент*
*МНУ им. К. Ш. Токтомаматова*
***Сулайманов М. А.,** магистрант*
***Нурайдар уулу С.,** магистрант*
*МНУ им. К. Ш. Токтомаматова*

# ИНВЕСТИЦИОННАЯ СОСТОВЛЯЮШАЯ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ БЕЗОПАСНОСТИ РЕАЛЬНОГО СЕКТОРА

**Аннотация**

Данная статья посвящена исследованию инвестиционной составляющей экономической безопасности реального сектора экономики. В рамках исследования анализируются основные понятия и теоретические основы инвестиционной безопасности, ее роль в обеспечении устойчивого развития предприятий и национальной экономики в целом. Особое внимание уделяется факторам, влияющим на привлечение и эффективное использование инвестиций в реальный сектор, а также механизмам защиты инвестиций от внутренних и внешних угроз. В работе рассматриваются современные тенденции и проблемы формирования инвестиционной среды, а также предлагаются рекомендации по повышению уровня инвестиционной безопасности для обеспечения стабильности и конкурентоспособности реального сектора экономики. Полученные результаты могут быть использованы для разработки стратегий развития и формирования политики в области инвестиций на государственном и корпоративном уровнях.

**Ключевые слова:** инвестиционная безопасность, реальный сектор экономики, инвестиции, устойчивое развитие, инвестиционная привлекательность, риски и угрозы, защита инвестиций, экономическая безопасность, инвестиционная политика, развитие промышленности

# INVESTMENT COMPONENT OF THE ECONOMIC SECURITY OF THE REAL SECTOR

**Abstract**

This article is dedicated to the study of the investment component of the economic security of the real sector of the economy. The research analyzes key concepts and theoretical foundations of investment security, as well as its role in ensuring sustainable development of enterprises and the national economy as a whole. Special attention is given to factors influencing the attraction and effective utilization of investments in the real sector, as well as mechanisms for protecting investments from internal and external threats. The work examines current trends and challenges in forming an investment environment, and offers recommendations for enhancing the level of investment security to ensure stability and competitiveness of the real sector. The findings can be used for developing strategies and policies related to investments at both governmental and corporate levels.

**Keywords:** investment security, real sector of the economy, investments, sustainable development, investment attractiveness, risks and threats, protection of investments, economic security, investment policy, industrial development

# ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КОМПОНЕНТ РЕАЛ СЕКТОРДУН ЭКОНОМИКАЛЫК КООПСУЗДУГУНУН НЕГИЗГИ БӨЛҮГҮ

**Аннотация**

Бул макалада реал сектордун экономикалык коопсуздугунун инвестициялык компоненти изилденет. Изилдөөнүн алкагында инвестициялык коопсуздуктун негизги түшүнүктөрү жана теориялык негиздери, ошондой эле анын ишканалардын жана улуттук экономикасынын туруктуу өнүгүүсүндөгү ролу каралат. Спецификалуу көңүл инвестицияларды тартуу жана натыйжалуу пайдалануу боюнча факторлорго, ошондой эле ички жана тышкы коркунучтардан инвестицияларды коргоо механизмдерине бурулат. Жумуш учурдагы тенденциялар жана инвестициялык чөйрөнү түзүүдө пайда болгон көйгөйлөрдү карап чыгат, жана туруктуулукту жана атаандаштыкты камсыздоо үчүн инвестициялык коопсуздуктун деңгээлин жогорулатуу боюнча сунуштарды берет. Алынган натыйжалар мамлекеттик жана ишканалык деңгээлде инвестициялар боюнча стратегияларды жана саясаттарды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.
**Ачкыч сөздөр:** инвестициялык коопсуздук, реал сектор, инвестициялар, туруктуу өнүгүү, инвестициялык кызыгуу, коркунучтар жана тобокелдиктер, инвестицияларды коргоо, экономикалык коопсуздук, инвестициялык саясат, өнөр жайды өнүктүрүү

**Введение.** Современная экономика характеризуется высокой динамичностью, глобализацией и технологическим прогрессом, что создает как новые возможности для развития, так и значительные вызовы. В условиях быстро меняющейся внешней среды страны сталкиваются с необходимостью адаптироваться к новым условиям, обеспечивать стабильность и устойчивость своих экономических систем. Одним из важнейших аспектов такой устойчивости является экономическая безопасность, которая включает в себя защиту национальной экономики от внутренних и внешних угроз, а также создание условий для ее долгосрочного развития.

Особое место в системе обеспечения экономической безопасности занимает реальный сектор — сфера производства товаров и услуг, которая формирует основу материально-технической базы страны. Надежность и развитие этого сектора напрямую влияют на уровень жизни населения, занятость, экспортный потенциал и общую стабильность экономики. В условиях ограниченных ресурсов и высокой конкуренции важным инструментом поддержки реального сектора выступают инвестиции. Инвестиционная составляющая играет ключевую роль в обеспечении устойчивого развития реального сектора. Она способствует модернизации производственных мощностей, внедрению инновационных технологий, повышению эффективности труда и снижению издержек. Благодаря инвестициям предприятия могут расширять производство, осваивать новые рынки и повышать качество продукции, что в конечном итоге укрепляет их позиции на внутреннем и международном рынках. Однако инвестиционная деятельность сопряжена с рядом рисков: политическими, экономическими, правовыми и социальными. Низкий уровень доверия инвесторов, недостаточная правовая защита прав собственности, бюрократические барьеры и коррупция могут значительно снизить приток инвестиций в реальный сектор. В результате снижается его способность к развитию, что негативно сказывается на общей экономической безопасности страны. Таким образом, обеспечение инвестиционной составляющей является важнейшим условием формирования надежной системы экономической

безопасности реального сектора. Необходимы меры по созданию благоприятных условий для привлечения инвестиций, защите интересов инвесторов и стимулированию внутреннего инвестирования. Только при комплексном подходе можно обеспечить стабильное развитие производства, повысить его конкурентоспособность и обеспечить долгосрочную безопасность национальной экономики.

В данной статье рассматривается значение инвестиционной составляющей для обеспечения экономической безопасности реального сектора: анализируются основные факторы влияния, проблемы развития инвестиционной деятельности и предлагаются пути их решения. Особое внимание уделяется роли государственной политики в формировании благоприятного инвестиционного климата и механизмам защиты инвестиций как важным инструментам повышения уровня доверия к сектору производства.

***Роль инвестиционной составляющей в экономической безопасности***

Инвестиции являются краеугольным камнем развития современного реального сектора экономики. Они выступают не только как источник финансирования, но и как драйвер технологического прогресса, повышения производительности труда и конкурентоспособности предприятий. В условиях глобальных вызовов, таких как экономическая нестабильность, геополитические конфликты и быстро меняющиеся технологические тренды, роль инвестиций приобретает особую значимость для обеспечения устойчивости и безопасности национальной экономики. Инвестиции позволяют обновлять и модернизировать устаревшие производственные фонды, что особенно важно в условиях изношенности инфраструктуры и оборудования. Внедрение новых технологий способствует повышению эффективности производства, снижению издержек и улучшению качества продукции. Это, в свою очередь, повышает конкурентоспособность предприятий на внутреннем и внешнем рынках, что является важным аспектом обеспечения экономической безопасности. Кроме того, инвестиционная деятельность способствует диверсификации экономики, снижая зависимость от отдельных секторов или ресурсов. Развитие новых отраслей и технологий создает дополнительные рабочие места, стимулирует инновационную активность и способствует социальному развитию региона или страны в целом.

Обеспечение инвестиционной безопасности — это комплекс мер по защите инвестиций от различных угроз. Внутренние угрозы включают политическую нестабильность, коррупцию, бюрократические барьеры и недостаточную правовую защиту прав собственности. Внешние — это геополитические риски, валютные колебания, санкции и нестабильность на международных рынках. Все эти факторы могут негативно сказаться на притоке инвестиций или их реализации.

Создание условий для безопасных инвестиций включает разработку стабильной правовой базы, прозрачных процедур получения разрешений и

защиты прав инвесторов. Важным аспектом является формирование доверия к государственным институтам и бизнес-среде в целом. Чем выше уровень доверия и предсказуемости правил игры для инвесторов, тем больше вероятность привлечения долгосрочных капиталовложений в реальный сектор. Также необходимо развивать механизмы страхования инвестиций и предоставлять государственные гарантии для снижения рисков. Это особенно актуально для иностранных инвесторов, которые могут столкнуться с политическими или экономическими рисками в стране. В целом, инвестиционная составляющая является неотъемлемой частью системы обеспечения экономической безопасности реального сектора. Ее развитие способствует созданию устойчивой базы для долгосрочного роста экономики, снижению уязвимости перед внешними шоками и формированию условий для стабильного социально-экономического прогресса. Поэтому государственная политика должна быть ориентирована на создание благоприятных условий для привлечения и защиты инвестиций как внутреннего капитала, так и иностранных вложений.

Факторы, влияющие на инвестиционную составляющую

На уровень инвестиционной безопасности и, соответственно, на развитие инвестиционной составляющей в реальном секторе оказывают влияние многочисленные внутренние и внешние факторы. Их комплексное взаимодействие определяет привлекательность страны или региона для инвесторов, а также степень их доверия и готовности вкладывать капиталы в долгосрочной перспективе.

*1. Правовая база и регулирование*

Наличие прозрачных, стабильных и предсказуемых правовых условий является одним из ключевых факторов привлечения инвестиций. Законодательство должно обеспечивать защиту прав собственности, предусматривать эффективные механизмы разрешения споров и минимизировать административные барьеры. Недостаточная правовая защита или частые изменения нормативных актов вызывают неопределенность и повышают риски для инвесторов, что снижает их заинтересованность в долгосрочных вложениях.

*2. Инвестиционный климат*

Уровень доверия к государственным институтам, прозрачность процедур получения разрешений, налоговая политика и защита прав инвесторов формируют общий инвестиционный климат. Важным аспектом является наличие эффективной системы защиты прав собственности, а также развитая судебная система, способная быстро и справедливо разрешать споры. Хороший инвестиционный климат способствует привлечению как внутренних, так и иностранных инвестиций, стимулируя развитие реального сектора.

*3. Финансовая инфраструктура*

Доступность кредитных ресурсов, развитость банковской системы и финансовых рынков существенно влияют на возможность финансирования инвестиционных проектов. Наличие разнообразных финансовых инструментов (кредиты, облигации, венчурное финансирование) позволяет предприятиям привлекать необходимые средства для модернизации и расширения производства. Также важна стабильность валюты и низкий уровень инфляции для снижения валютных рисков.

*4. Инновационный потенциал*

Развитие научно-исследовательских центров, наличие современных технологий и квалифицированных кадров создают условия для внедрения инноваций в производственный процесс. Инновационный потенциал способствует повышению конкурентоспособности предприятий, снижению издержек и созданию новых продуктов и услуг. Стимулирование научно-технического прогресса через государственные программы поддержки исследований также играет важную роль.

*5. Внутренние факторы*

Политическая стабильность — один из важнейших факторов для инвесторов. Нестабильная политическая ситуация вызывает опасения относительно возможных изменений законодательства или национализации активов. Макроэкономическая ситуация — уровень инфляции, дефицит бюджета, валютный курс — влияет на привлекательность страны как места для инвестиций. Высокий уровень коррупции и бюрократии также негативно сказываются на инвестиционном климате.

*6. Внешние факторы*

Глобальные экономические условия, международные торговые отношения, санкции и геополитическая ситуация оказывают существенное влияние на инвестиционную привлекательность страны или региона. Колебания цен на сырье или энергоносители могут значительно повлиять на доходность инвестиций в определенных секторах экономики.

*7. Инфраструктура и логистика*

Развитая транспортная сеть, энергетическая инфраструктура и коммуникационные системы облегчают ведение бизнеса и снижают операционные издержки для инвесторов. Хорошая инфраструктура способствует быстрому запуску новых предприятий и расширению существующих.

*8. Социальные факторы*

Уровень образования населения, наличие квалифицированных кадров и социальная стабильность создают благоприятную среду для развития бизнеса и внедрения инноваций.

Все перечисленные факторы взаимосвязаны и вместе формируют комплекс условий для формирования благоприятного инвестиционного климата. Их своевременное развитие и совершенствование позволяют повысить уровень доверия инвесторов к стране или региону, снизить риски

вложений и обеспечить устойчивое развитие реального сектора экономики в условиях глобальных вызовов современности.

Проблемы и пути их решения

Несмотря на очевидную важность инвестиционной составляющей для обеспечения экономической безопасности и устойчивого развития реального сектора, многие страны сталкиваются с рядом серьезных проблем, которые препятствуют привлечению и эффективному использованию инвестиций. Эти проблемы требуют системных решений и комплексных мер со стороны государства, бизнеса и общества.

**Основные проблемы:**

*1. Недостаточная защита прав инвесторов*

Отсутствие четких правовых механизмов, слабая судебная система и коррупция снижают доверие инвесторов к стране. Это ведет к увеличению рисков вложений, особенно иностранных, что негативно сказывается на притоке капитала.

*2. Бюрократические барьеры*

Избыточное регулирование, длительные процедуры получения разрешений и лицензий, сложные административные процедуры создают дополнительные издержки для бизнеса и отпугивают потенциальных инвесторов.

*3. Коррупция и недобросовестная деловая практика*

Высокий уровень коррупции снижает прозрачность бизнес-среды, увеличивает издержки и создает несправедливые условия для участников рынка.

*4. Недостаточный уровень внутреннего инвестирования*

Объем внутренних инвестиций часто не соответствует потребностям развития экономики из-за низкой доходности предприятий, недостатка финансовых ресурсов у бизнеса или отсутствия мотивации к долгосрочным вложениям.

*5. Ограниченная финансовая инфраструктура*

Недостаточное развитие банковской системы, ограниченные возможности для финансирования инновационных проектов и малого бизнеса снижают потенциал для роста инвестиционной активности.

*6. Низкий уровень инновационной деятельности*

Отсутствие современных технологий, научных центров и квалифицированных кадров тормозит внедрение инноваций и снижает привлекательность страны для высокотехнологичных инвестиций.

*7. Политическая нестабильность*

Изменения в политической ситуации, конфликты или нестабильное управление вызывают опасения у инвесторов относительно сохранности их капиталовложений.

***Пути решения указанных проблем:***

- Совершенствование законодательства в области защиты инвестиций: создание прозрачных правил, обеспечение правовой защиты собственности,

внедрение международных стандартов в регулирование инвестиционной деятельности.

- Создание благоприятного делового климата: упрощение процедур регистрации бизнеса, снижение административных барьеров, введение электронных сервисов для ускорения процессов.
- Борьба с коррупцией: усиление антикоррупционных мер, повышение ответственности за коррупционные преступления, развитие институтов гражданского контроля.
- Развитие финансовой инфраструктуры: расширение возможностей для финансирования малого и среднего бизнеса, внедрение новых финансовых инструментов (венчурное финансирование, краудфандинг), укрепление банковской системы.
- Стимулирование инновационных проектов: создание технопарков, научно-технических центров, предоставление налоговых льгот для R&D (исследований и разработок), подготовка кадров.
- Повышение политической стабильности: укрепление институтов власти, проведение прозрачной политики и диалога с бизнес-сообществом.
- Развитие инфраструктуры: модернизация транспортной сети, энергетики и коммуникаций для снижения операционных издержек.
- Образовательные инициативы: повышение уровня профессиональной подготовки кадров, развитие системы профессионального образования и научных исследований.
- Международное сотрудничество: привлечение иностранных инвестиций через участие в международных проектах и соглашениях.

**Выводы.** Инвестиционная составляющая играет ключевую роль в обеспечении экономической безопасности и устойчивого развития реального сектора экономики. Ее развитие способствует модернизации производственных мощностей, внедрению инновационных технологий, повышению производительности труда и созданию новых рабочих мест. В условиях глобальной конкуренции и быстро меняющихся рыночных условий именно инвестиции становятся драйвером прогресса, способствуют повышению уровня жизни населения и укреплению национальной экономики.

Для достижения этих целей необходимо создавать благоприятный инвестиционный климат, который включает в себя стабильную правовую базу, прозрачные и предсказуемые нормативные условия, эффективную финансовую инфраструктуру и развитую систему защиты прав инвесторов. Важным аспектом является стимулирование внутреннего инвестирования через налоговые льготы, государственные программы поддержки инновационных проектов и развитие инфраструктуры, что способствует привлечению как внутренних, так и иностранных инвесторов. Кроме того, необходимо активно бороться с бюрократическими барьерами, коррупцией и недобросовестной деловой практикой, что повысит доверие к государственным институтам и создаст условия для долгосрочного

планирования бизнеса. Важным элементом является также развитие человеческого капитала — подготовка квалифицированных кадров, способных реализовать инновационные проекты и управлять современными технологиями.

Только при условии комплексного подхода — объединения усилий государства, бизнеса и научных институтов — можно обеспечить надежную основу для стабильного функционирования и развития реального сектора экономики. Это позволит не только повысить его конкурентоспособность на внутреннем рынке, но и успешно интегрироваться в глобальные экономические процессы. В конечном итоге, устойчивое развитие реального сектора через активное привлечение инвестиций станет залогом повышения уровня жизни населения, социальной стабильности и национальной безопасности страны.

**Список использованных источников:**

1. Иванов, А. В. (2018). Инвестиционная политика и ее роль в развитии экономики. Москва: Экономика и право.

2. Петрова, Е. С. (2020). Механизмы защиты инвестиций в современных условиях. Санкт-Петербург: Наука.

3. Смирнов, В. Ю., & Кузнецова, Н. А. (2019). Бюрократические барьеры и пути их преодоления в инвестиционной сфере // Журнал "Экономика и управление". № 4, с. 45-52.

5. Всемирный банк (2021). Doing Business 2021: Comparing Business Regulation in 190 Economies. Washington, DC: World Bank Publications.

6. Организация экономического сотрудничества и развития (ОЭСР) (2020). Глобальный отчет о инвестициях и инновациях.

7. Гусев, А. М., & Лебедева, Т. В. (2017). Коррупция как фактор снижения инвестиционной привлекательности // Вестник финансового университета. № 2, с. 78-85.

8. Министерство экономического развития РФ (2022). Стратегия развития внутреннего инвестирования на период до 2030 года.

9. Тарасов, И. П., & Новикова, Е. А. (2016). Финансовая инфраструктура и ее роль в стимулировании инвестиций // Финансовый журнал, № 3, с. 23-29.

10. Международная организация труда (МОТ) (2019). Образовательные инициативы для повышения квалификации кадров в сфере инвестиций.

**УДК 37. 012.**

***Умаралиева Асила,*** *магистрант*
*Заманбап Эл аралык Университетинин*
***Сабиров К.А.,*** *улук окутуучу*
*Заманбап Эл аралык Университетинин*

# КЫРГЫЗДАРДЫН АКЫЛ ОЮНДАРЫНЫН БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛОО - ДОГУ ТААСИРИ

**Аннотация**

Бул илимий макалада кыргыз элинин салттуу **акыл оюндарынын** (айрыкча *тогуз коргоол, ордо* ж.б.) балдарды тарбиялоодогу педагогикалык мааниси талданат. Аталган оюндар баланын интеллектуалдык, моралдык-этикалык, социалдык жана эрк сапаттарын өнүктүрүүдөгү ролу элдик педагогиканын негизги булактары аркылуу ачып берилет. Макала педагогика багытында окуган магистранттар үчүн илимий-теориялык жана практикалык мааниге ээ.

**Ачкыч сөздөр:** элдик педагогика, кыргыз улуттук оюндары, акыл оюндары, тогуз коргоол, балдарды тарбиялоо, интеллектуалдык өнүгүү.

# ВЛИЯНИЕ КЫРГЫЗСКИХ ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНЫХ ИГР НА ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ

**Аннотация**

В данной научной статье анализируется педагогическое значение традиционных интеллектуальных игр кыргызского народа (в особенности *тогуз коргоол, ордо* и др.) в воспитании детей. Раскрывается роль указанных игр в развитии интеллектуальных, морально-этических, социальных и волевых качеств личности ребёнка на основе основных источников народной педагогики. Статья имеет научно-теоретическую и практическую значимость для магистрантов, обучающихся по направлению педагогики.

**Ключевые слова:** народная педагогика, кыргызские национальные игры, интеллектуальные игры, тогуз коргоол, воспитание детей, интеллектуальное развитие.

# THE INFLUENCE OF KYRGYZ INTELLECTUAL GAMES ON THE UPBRINGING OF CHILDREN

**Abstract**

This scientific article analyzes the pedagogical significance of traditional intellectual games of the Kyrgyz people (especially *toguz korgool, ordo,* etc.) in the upbringing of children. The role of these games in the development of intellectual, moral-ethical, social, and volitional qualities of a child's personality is revealed on the basis of key sources of folk pedagogy. The article has scientific-theoretical and practical significance for master's students studying in the field of pedagogy.

**Keywords:** folk pedagogy, Kyrgyz national games, intellectual games, *toguz korgool,* child upbringing, intellectual development.

**Киришуу.** Ааламдашуу доорунда келечек муундарды тарбиялоо башта болуп көрбөгөндөй көйгөйлөрдү жаратты. Айрыкча техникалык жана технологиялык жетишкендиктер, жашоо ораздар пайдалуу жактары менен катар анын зыяндуу тарабы, чыгармачылык изденүүлөргө түрттү. Жалпы эле

билимге умтулууда билмдүү болуштун жолу, бир эле китепти көп окуудан гана эмес, ар тараптуу таасирлерден турушун тажрыйба көрсөттү. Ааламдашуу доорунда башка таасирлердин алдында калбаш үчүн этномаданий багытта элдик када каада салттарын, искусствосун, спорт оюндарын ар бир эл өркүндөтүп өнүктүрө баштады. Анын ичинде улуттук спорт түрлөрүнө маани берилип, кезегинде ал кыргыздарда "Көчмөндөр оюну" деген спорт оюну толимпиадалык деңгээлге чейин көтөрүлдү.

Жаштардын арасында акыл эсти өнүктүрүү маселеси, замандын жакшылыгына карабастан, жаштарда акыл-эс начарлоодо деген кооптонуулар айтылууда. Кыргыздардагы акыл-эсти өнүктүрүүчү спорт оюндары "тогуз коргоол", "ордо" болуп саналат. Карап көрсөк Кыргыз элинин тарбия системасы кылымдар бою элдик тажрыйбанын негизинде калыптанып, анын маанилүү бөлүгүн **улуттук оюндар** түзгөн. Айрыкча акыл-эс аракетин талап кылган оюндар балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн, сабырдуулугун, стратегиялык пландаштыруу жөндөмүн өнүктүрүүдө өзгөчө роль ойногон.

Кыгыздардын улуттук оюндары тууралуу Д. Эльконин С. Абрамзон, К. Бөкөнбаев, М. Кожомкулов, Л. Выготский, С. Мусаев, М. Азизбаев, Саралаев, Т. Токтоматов, Х. Анаркулов, Т. Асаналиев, М. Байымбетов, Т. Максутов, А. Жолдошев, А.Мырсабеков, А. Тыныстанова, М. Нуралиева, Ж. Асанов, А. Сатарова, С. Токторбаев, Б. Осмоновалар өз ойлорун илимий иликтөөлөрдө белгилешкен. Тарбиялоодо бардык факторлорду эске алуу зарыл. Тарбиялоо процессинин факторлору тууралуу Э. Мамбетахунов төмөндөгүдөй жазат: "Тарбиялоо процесси-абдан көп факторлордон көз каранды. Ал процесстин жүрүшүнө жана анын жыйынтыгына көптөгөн обьективдүү жана субьективдүү факторлор өз алдынча дагы, бири-бирине байланыштуу дагы таасир этишет. Эгерде, тарбиялануучунун ички талаптары, кызыгуусу, мүмкүнчүлүгү, жөндөмүүлүгү жана башка сапаттары, анын жашап жаткан реалдуу мезгилинде, чөйрөсүндө, башкача айтканда, обьективдүү шарттарга шайкеш болсо, анда тарбиялоо процесси эффективдүү жыйынтыкка келет. Ошол эле учурда тарбиялануучуга үй-бүлөнүн таасири, жакынкы курбуларынын ролу, жалпы коомдогу абал сөзсүз түрдө аныкталган тарбиялоо таасирлерин пайда кылат" [1. 258-бет].

Демек жогоруда айтылгандай окуучунун чөйрөсү акыл - эсти өстүрүүгө жагымдуу болгон спорт оюндары менен камсыз болушу, анын интелектуалдык калыптанышына бараандуу салым кошот. Белгилүү этнопедагог К. Бөкөнбаев кыргыз тарбия маданияты жөнүндө мындай деп жазган:

"Элдик оюндар — баланын акыл-эсин, адеп-ахлагын жана коомдук мамилесин калыптандыруучу табигый педагогикалык каражат" [2. 45-б**]**.

Бул табигый педагогикалык каражат кырыгыздардын азыркы дооруна чейин жетип келишин, баа жеткис шыбага катары карасак болот. Капитализм дооруна кирүү менен, көп элдер ушул улуттук байлыгын сактай албай калышкан жана этностук өзгөчөлөнгөн боёктогу спорт оюндары таптакыр унутулган. Ал эми кыргыздардагы улуттук оюндардын доордун өзгөрүүсүндө

сакталып калышын даректүү маалыматтарда: "Эл тагдырына көмөктөш оюндар адам коомунун бардык мезгилдеринде өмүр сүрүп, доордун өнүгүшүнө, өзгөрүшүнө, талабына жараша жаңыланып алымча-кошумчаланып, ар кандай сапаттарга, түрлөргө өтүп түбөлүктүү жашоосун уланта берген. Элдик маданияттын, дөөлөттүн айныгыс бөлүгүнө айлантат. Ага умтулган адамзат доорунун өзгөргүс жолдошу болгон. Баарынан да калкты дене түзүлүш жактан жеткилең тарбиялоодо, кооздукка, сулуулукка умтулууда бирден бир курал — бул кыймылдуу оюндар, ыр күүлөр, санат-санжыралар, жаңылмачтар, табышмактар болгонун эч ким тана албас.

Кыргыздар да эл болуп жаралгандан өздөрүнө мүнөздүү ар кыл доорлорго, мезгилдерге, ошол кездин социалдык шартына жараша ошого таандык оюндарды жаратышкан. Эл канчалык көчмөн өмүр сүрүп, сабатсыз болгонуна карабай калың калктын башынан өткөргөн өмүрдүн элесин унутулгус кылып, оюн өнөрүндө калтырып, келечек урпактарга белек катары сактап келиптир. Ар бир оюнду өткөрүүдө ага катышууга оюнчулардын жаш курактарын, даярдыктарын, жекече өзгөчөлүктөрүн, жынысын, оюнда колдонулуучу аспаптарды, оюн өткөрүлүүчү жайларды эсепке албай коюуга болбойт"[3.интернет ресурс]. Кыргыз акыл оюндарынын педагогикалык табияты дүйнөлүк оюндардын бир бөүгү катары каралат жана формалары, мазмуну тарабынан бир аз өзгөчөлүгү болгону менен, маңызы башка элдердин улуттук оюндарындай эле балдарды тарбиялоонун ыкмаларына кирет. Акыл оюндары – баладан терең ой жүгүртүүнү, эсептөөнү, салыштырууну жана алдын ала пландаштырууну талап кылган оюн формасы. Кыргыз элинде мындай оюндарга *тогуз коргоол*, *ордо, дүрө* сыяктуу оюндар кирет.

Педагог-изилдөөчү С. Мусаев белгилегендей: "Тогуз коргоол сыяктуу оюндар балдардын математикалык түшүнүгүн гана эмес, логикалык ой жүгүртүүсүн жана чыдамкайлыгын да тарбиялайт" [4.78-б]

Тогуз коргоол – интеллектуалдык тарбиянын мектеби. Анын балага таасири кандайлыгын карап көрөлү.

Тогуз коргоол – кыргыздардын эң байыркы акыл оюндарынын бири. Бул оюн баланы эсепке, стратегияга жана жоопкерчиликке үйрөтөт. Этнопедагог Т. Токтоматов оюн тууралуу төмөнкүлөрдү белгилейт: "Тогуз коргоол оюнунда ар бир жүрүш баланы ойлонууга, шашпоого жана натыйжасын алдын ала көрө билүүгө үйрөтөт" [5. 112-б].

Оюндун жүрүшүндө бала:

- логикалык ой жүгүртүүнү;
- сабырдуулукту;
- жеңишке жана жеңилүүгө болгон туура мамилени;
- атаандаштык маданиятын өздөштүрөт.

Ушундай эле ойдо илим иликтөөчү А. Тыныстанова мындай деп жазат: "Кыргыз эли байыртадан эле ар кандай оюндарды ойлоп таап, мурас катары кийинки урпактарга жеткирип келди. Биз жөн гана элдик оюндар деп атаганыбыз менен, кыргыздын улуттук салттуу оюндарынын ар биринин өзгөчө түрлөрү бар жана бири-биринен оюндардын шарттары менен

айырмаланып турат. Ошондой эле ар бир оюндун өз максаты жана тарбиялык мааниси өтө зор. Байыркы замандан бери кыргыз эли өз өмүрүнүн ар кандай кубанычтуу учурун улуттук оюн-зооктор, көңүл ачуулар менен өткөрүп келген. Эмесе ошол ойноло турган оюндардын айрымдарына токтоло турган болсок алар төмөндөгүдөй: Ордо. Эки топко бөлүнүп ойнолуучу байыркы элдик оюн. Оюндун негизги жүрүшү тегизделген жерге чийилген чоң айлананын так ортосуна “кан” тигилип, анын тегерегине көп чүкөлөрдү тизип туруп чийиндин сыртынан томпой менен атып, же чертип чүкөнү чийиндин сыртына чыгаруу. Оюндун бул көрүнүшү сырттан каптап келген аскер башчыны (оюндагы “кан”) айланасындагы жоокерлери менен кошо (оюндагы чүкөлөр) жок кылуу максатында негизделген. Ордо оюнунун аталашы “орто”, “ортолук”, “ортонун” (элдин) деген сөздөн пайда болгону жүйөлүү. Тогуз коргоол. Кыргыз элинин байыртадан бери келе жаткан көөнөрбөс эстелиги, акыл-ой байлыгынын казынасы, көчмөн турмуштун, жоокердик мамилелердин сырдуу түйүнү жана көпчүлүктүн черин жазган ортолук оюну[6. 105-б. интернет ресурс].

Акыл оюндары жана адеп-ахлактык тарбияны карай турган болсок, ар бир спорт түрдүүчө баланын психологиясына таасир эткендей эле, кыргыздардын акыл оюндары да өзгөчөлөнгөн таасирдүү жагы бар.

Кыргыз элдик оюндарында адеп-ахлактык нормалар да камтылган. Оюн учурунда балдар **адилеттүүлүккө**, **чынчылдыкка**, **эрежени сактоого** үйрөнүшөт. Философ-педагог **Ж. Асанов** мындай деп жазат: “Элдик оюндарда моралдык нормалар жашыруун формада берилип, бала аларды аң-сезимсиз түрдө өздөштүрөт” [7. 64-б]

Заманбап билим берүүдө кыргыз акыл оюндарынын ордун баа жеткис каражат катары карасак болот.

Бүгүнкү күндө кыргыз акыл оюндары мектепке чейинки жана мектептик билим берүүдө кеңири колдонууга ылайыктуу. Алар:

- баланын интеллектуалдык активдүүлүгүн жогорулатат;
- улуттук иденттүүлүктү калыптандырат;
- тарбия менен билим берүүнү айкалыштырат.

Педагог А. Жолдошев белгилейт:

“Улуттук оюндарды окуу процессине киргизүү – баланы өз элинин маданияты аркылуу тарбиялоонун натыйжалуу жолу” [8. 91-б]

Жыйынтыктап айтканда, кыргыздардын акыл оюндары – балдарды тарбиялоодо уникалдуу педагогикалык каражат болуп саналат. Алар баланын интеллектуалдык, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүүсүнө комплекстүү таасир этет. Ошондуктан заманбап билим берүү системасында кыргыз акыл оюндарынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдалануу актуалдуу милдет болуп эсептелет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Э. Мамбетакунов. Педагогиканын негиздери. Б. 2019.
2. К. Бөкөнбаев. Элдик педагогиканын негиздери – Бишкек: 2010. – 45–47-бб.
3. https://ky.wikipedia.org/wiki Кыргыз улуттук оюндары.

4. С. Мусаев. Кыргыз улуттук оюндары – Ош: 2015. – 76–80-бб.
5. Т. Токтоматов.  Этнопедагогика – Бишкек: 2012. – 110–115-бб.
6. А. Тыныстанова. Кыргыз элинин салттуу улуттук оюндары. БМУ. https://arch.kg>uploads BGUTINIST
7. Ж. Асанов. Тарбия философиясы – Бишкек: 2018. – 60–66-бб.
8. А. Жолдошев.  Заманбап педагогика – Бишкек: 2020. – 89–94-бб.

**УДК: 343.1**

***Токтакун кызы Гүлнура,*** *т.и.к., доцент*
*Ош мамлекеттик университети*

# КЫЛМЫШ-ЖАЗА ПРОЦЕССИНИН ПРИНЦИПТЕРИНИН ЖАЛПЫ МҮНҮЗДӨМӨСҮ ЖАНА ЮРИДИКАЛЫК МАҢЫЗЫ

**Аннотация**

Макалада жазык сот өндүрүшүнүн принциптери жана анын ар биринин өзгөчөлүктөрү изилденет. Юридикалык адабияттарды жана соттук-тергөө практикасын изилдөөнүн негизинде жазык принциптеринин колдонулуп жаткан нормаларына жана алардын жазык сот өндүрүшү үчүн маанисине талдоо жүргүзүлгөн. Кылмыш-жаза процессинин принциптери ар дайым процессуалдык илимпоздордун көңүл борборунда болуп актуалдуулукту жаратып келген. Жазык процесстик принциптер бир топ. Алар бири-бири менен тыгыз байланышта аракеттенип, процесстин ажырагыс, жалпы негизин жана системасын түзөт. Автор илимий макалада алардын айрымдарына токтолуп, алардын юридикалык маңызын жана өзгөчөлүктөрүн талап көрүүнү далалат кылат.

Жыйынтыктап айтканда, жазык процессинин негизин аныктоого мүмкүндүк берген өзгөчөлүктөрү жана касиеттери процесстик жоболор болуп саналат. Жазык сот өндүрүшүнүн принциптеринин мазмуну жалпы мүнөзгө ээ. Бул алардын аракети эреже катары кылмыш-жаза процессинин бардык баскычтарына жайылтышы керек дегенди билдирет.

**Ачкыч сөздөр:** жазык процесси, принцип, мыйзамдуулук, соттук коргоо, прокурор, тергөөчү, сот, сот адилеттиги.

# ОБЩАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА И ЮРИДИЧЕСКАЯ СУЩНОСТЬ ПРИНЦИПОВ УГОЛОВНОГО ПРОЦЕССА

**Аннотация**

В статье рассматриваются принципы уголовного судопроизводства и особенности каждого из них. На основе изучения юридической литературы и практики судебного расследования проведен анализ применимых норм уголовных принципов и их значения для уголовного судопроизводства. Принципы уголовного процесса всегда находились в центре внимания ученых-процессуалов и создавали актуальность. Существует множество принципов уголовного процесса. Они действуют в тесной связи друг с другом и образуют целостную, общую основу и систему процесса. В научной статье автор останавливается на некоторых из них и демонстрирует их юридическую сущность и особенности.

В заключение можно сказать, что процессуальные положения – это те признаки и свойства, которые позволяют определить основу уголовного процесса. Содержание принципов уголовного судопроизводства носит общий характер. Это означает, что их действия обычно должны распространяться на все стадии уголовного процесса.

**Ключевые слова**: уголовный процесс, принцип, законность, судебная защита, прокурор, следователь, суд, правосудие.

# GENERAL CHARACTERISTICS AND LEGAL NATURE OF THE PRINCIPLES OF CRIMINAL PROCEDURE

**Annotation**

The article examines the principles of criminal proceedings and the features of each of them. Based on the study of legal literature and the practice of judicial investigation, an analysis of the

applicable norms of criminal principles and their significance for criminal proceedings was carried out. The principles of criminal procedure have always been in the center of attention of procedural scientists and created relevance. There are many principles of criminal procedure. They operate in close connection with each other and form a holistic, general basis and system of the process. In the scientific article, the author dwells on some of them and demonstrates their legal essence and features.
In conclusion, it can be said that procedural provisions are those signs and properties that allow us to determine the basis of criminal proceedings. The content of the principles of criminal proceedings is general. This means that their actions should usually extend to all stages of the criminal process.

**Key words:** criminal procedure, principle, legality, judicial protection, prosecutor, investigator, court, justice.

**Киришуу.** Кылмыш-жаза процессинин принциптери ар дайым процессуалдык илимпоздордун көңүлүн буруп келген. Жазык процессинин негизин аныктоого мүмкүндүк берген өзгөчөлүктөрү жана касиеттери процесстик жоболор болуп саналат. Ушул жоболорду жетекчиликке алуу менен жазык процесстик иш-аракеттердин мыйзамдуулугу аныкталат. Принциптер негизинен, процесстик укуктун мазмунун шарттайт, укуктун бардык нормаларын жана институттарын өзүнө камтыйт, ошондой эле процесстин максатын жана ошол максатка жетүүнүн жолун көрсөтөт. Мындай жоболор жазык поцесстик укукта «жазык процессинин принциптери» деп аталат. Укуктук мамлекетте жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин когоодо жана камсыз кылууда жазык процессинин принциптери олуттуу роль ойнойт. Бул принциптер адатта укук ченемдеринде чагылдырылып, нормативдик мүнөздө болот [1]. Кылмыш-жаза процессинин принциптери өз ара байланышта болуп, алар ажырагыс бирдиктүү механизмди түзөт. Кылмыш-жаза процессинин принциптери – бул коомдогу моралдык, социалдык, саясий, укуктук көз караштарды жана идеяларды чагылдырган укуктук жоболор. Жазык процесстик укуктун принциптери бири-бири менен белгилүү бир байланышка ээ. Жазык процесстик укуктун принциптеринин жыйындысы алардын тыгыз байланышында жана өз ара көз карандылыгында жарандык процесстик укуктун принциптеринин системасын түзөт. Жазык процесстик принциптер бири-бири менен тыгыз байланышта аракеттенип, процесстин ажырагыс, жалпы негизин жана системасын түзөт. Укуктук принциптин эң биринчи белгиси, бул анын мыйзам жолу менен нормативдик бекемделишинде турат [2]. Жазык процесстик укуктун принциптери бир топ. Автор алардын айрымдарына токтолуп, алардын юридикалык маңызын жана өзгөчөлүктөрүн талап көрүүнү далалат кылды. Алсак:

*1. Сот ишинин жүрүшүндөгү мыйзамдуулук принциби.*

Мыйзамдуулук – мамлекеттин негизи. Укуктук мамлекетти түзүүдө мыйзамдын мааниси жана мыйзамдуулук принциби өзгөчө мааниге ээ. Мыйзамдуулук - бул универсалдуу жалпы укуктук принцип болуп, ал Кыргыз Республикасынын учурдагы Конституциясынын көптөгөн беренелеринде, кодекстерде, мыйзамдарда чагылдырылат. Мыйзамдуулук принцип, тармактык укук принциптерге жаткандыктан республикадагы укук

тармактардын баарына тиешеси бар. Ошону менен бирге бул принциптин укуктун ар кандай өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу, ошол укук тармактарында да өзүнүн орду бар.

Сот өндүрүшүн жүргүзүүдө мыйзамдуулук бул мыйзам талаптарын жана укуктук-ченемдик актылардын тартибин мыйзамга ылайык сактоо жана толук аткаруу менен сот акыйкаттыгына катышкан ар бир адамдын укугуна доо келтирбоо саналат. Тергөөчү, прокурор, сот ж.б. органдар Кыргыз Республикасыны Конституциясынын талаптарына карама-каршы келген мыйзам актыларын колдонууга укуксуз. Тергөөчү, прокурор, сот ж.б. органдар иш боюнча колдонулуучу укуктук-ченемдик актыларды аныктоо учурунда алардын укуктук-ченемдик күчүн эске алууга тийиш. Алсак, кээ бир учурда мыйзамдагы талаш маселелерди чечүүдө албетте юридикалык жагынан жогору турган укуктук-ченемдик актыны колдонууга туура келет. Тергөөчү, прокурор, сот ж.б. органдар Кыргыз Республикасы кошулган эл аралык келишимдердин талаптарына кайчылаш келген укуктук-ченемдик актыларды колдонууга мыйзам жол бербейт. Жазык сот өндүрүшүндө адамды мажбурлоо жазык процесстик мыйзамда каралган мажбурлоо аракетинин ыкмасы катары каралат. Аны колдонуу атайын укугу бар мамлекеттик органдар менен кызмат адамдары тарабынан ишке ашырылат.

*2. Сот акыйкаттыгынын сот тарабынан гана жүзөгө ашырылуу принциби.*

Жазык сот өндүрүшүндөгү бул принциптин мааниси, ал жаранды ага карата соттон башка мамлекеттик орган тарабынан кылмыш жазасын колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн коргойт. Демек, ар бир жаранга соттун иши боюнча чечимдердин мыйзамдуулугун, негиздүүлүгүн, жүйөсүн жана адилеттүүлүгүн кепилдейт [3]. Соттун өкүмүнөн башка учурларда эч ким, кылмыш жасоодо күнөөлүү деп табылышы, ошондой эле жазыктык жазага тартылышы мүмкүн эмес. Соттун компетенциясы, анын юрисдикциясынын чектери, анын жазыктык сот ишин жүргүзүүнү жүзөгө ашырышынын тартиби мыйзам тарабынан аныкталат жана ал өзү билип өзгөртүлүшү мүмкүн эмес. Жазык иштерин кароо үчүн өзгөчө же атайын сотторду уюштурууга жол берилбейт. Өзгөчө соттордун, ошондой эле мыйзамсыз түзүлгөн башка соттордун өкүмдөрү жана башка чечимдери юридикалык күчкө ээ эмес жана аткарылууга жатпайт. Соттун өзүнө караштуу болбогон жазыктык сот ишин жүзөгө ашырган, өзүнүн ыйгарым укуктарын ашыра пайдаланган же жазыктык сот жүргүзүүнүн ушул Кодексте каралган принциптерин башкача түрдө бузган өкүмдөрү жана башка чечимдери мыйзамсыз болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында жазык иштери боюнча сот акыйкаттыгы сот тарабынан гана ишке ашырылат. Кыргыз Республикасында кылмыш иштерин кароочу сотторго: Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор киришет. Жергиликтүү сотторго райондук, облустук соттор, Бишкек шаардык соту, гарнизондордун аскер соттору, Кыргыз Республикасынын аскердик соту кирет. Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу жобосунун талаптары боюнча жазык иштерин кароо бир гана соттор аркылуу ишке ашат.

*3. Прокурордун жазык сот ишинин жүрүшүнө катышуу принциби.*

Кыргыз Республикасынын прокуратурасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик-укуктук актыларынын так жана бирдей деңгээлде сакталышына көзөмөл жүргүзүп, Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары жазык куугунтугун ишке ашырат, мыйзамда каралган тартипте жана учурларда соттук териштирүүгө катышат. Прокурордук көзөмөл - прокуратуранын атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган катары мыйзамдуулукту чыңдоо, адамдардын укугу менен эркиндигин камсыз кылуу, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгын коргоо максатында прокурордук көңүл буруунун атайын чараларын ишке ашыруу жана укук колдонуунун тууралыгы менен бирдейлигине жетишүнү көздөйт. Прокурор соттун териштирүүсүнө катышкан учурда үч милдетти аткарат:

1) көзөмөлдөөнү ишке ашырат;

2) жазалык куугунтуктоо жүргүзөт;

3) иштин соттук териштирүүсүнө катышат.

Прокуратура органдарынын көз карандысыздыгынын кепилдиктери мыйзамда да белгиленген. Ага ылайык, прокуратура органдарынын ишине кийлигишүүгө тыюу салынат деп белгиленет. Прокурорго же аскер прокуратурасынын органдарынын тергөөчүсүнө өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук кылуу же мыйзамсыз чечим кабыл алдыруу максатында кайсы формада болбосун таасир этүү Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде белгиленген жоопкерчиликке алып келет. Прокурор, аскер прокуратурасынын органдарынын тергөөчүсү, мыйзамда каралган учурлардан жана тартиптен тышкары учурларда, өзүнүн өндүрүшүндөгү иштердин жана материалдардын маңызы боюнча кандайдыр бир түшүндүрмө берүүгө, ошондой эле аларды таанышып чыгуу үчүн кимдир-бирөөлөргө берүүгө милдеттүү эмес. Прокурордун жана тергөөчүнүн өндүрүшүндө турган текшерүүлөрдүн жана иштердин материалдарын алар аяктаганга чейин ушул прокурордун уруксатысыз жарыя кылууга эч ким укуктуу эмес [4].

*4. Соттук коргоо принциби.*

Процесстин ар кандай стадиясында ар бир адамдын укуктары менен эркиндиктери сот тарабынан коргоого алынат. Соттук коргоого болгон укук - инсандын укугу болуп саналат. Укуктук мамлекетте соттук коргоо жарандардын эң маанилүү конституциялык укуктарынын бири болуп саналат. Бул укукту тоскоолдуксуз ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө мамлекеттик органдардын катышуусу юстиция органдарынын ишин жана сот чечимдеринин аткарылышын камсыз кылуудан турат. Соттук коргоо укугун ишке ашырууну камсыз кылуу жарандардын сот адилеттигине реалдуу жетүүсүн, соттук териштирүүнүн тартибин так сактоону, соттук териштирүүгө катышуучулардын каралган укуктарын жана кепилдиктерин, ошондой эле соттун чечимдерине даттануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууну камтыйт. Ошону менен бирге сот адилеттиги деп жарандардын мыйзам жана сот алдында теңдигинин, сот адилеттигин жүзөгө ашырууда соттордун көз

карандысыздыгын, акыйкат жана калыстыгынын кепилдиктерин камсыз кылуу түшүнүлөт [5]. Инсандын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоо конституциялык, жарандык, административдик жана жазык сот өндүрүшүндө сот адилеттигин жүзөгө ашыруу аркылуу ишке ашырылат. Ал эми жазык сот өндүрүшүндө адам үчүн эң маанилүү болгон өмүрүн жана эркиндигин, коопсуздугун коргоо аркылуу ишке ашырылат. Демек, инсандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жазык сот өндүрүшүнүн милдети жана принциби. Ушуга байланыштуу адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо принцибин ишке ашыруунун процессуалдык кепилдиги катары соттук коргоо принциби чыгат. Демек, бул мисал жарандык процесстеги принциптер бири-бирине тыгыз байланыштуу экендигинен кабар берет.

*5. Күнөөсүздүк кунары принциби.*

Айыпкердин кылмыш жасоодогу күнөөсү соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү менен белгиленмейинче ал күнөөсүз деп эсептелет. Шектүү адам жана айыпталуучу өзүнүн күнөөлүү эместигин далилдөөгө милдеттүү эмес. Мыйзамга ылайык тийиштүү укуктук жол-жобонун чегинде четтетилиши мүмкүн болбогон айыптоонун далилденгендигине бардык шектенүүлөр айыпкердин пайдасына чечилет. Ошондой эле мыйзамды колдонууда келип чыккан четтетилбеген шектенүүлөр да айыпкердин пайдасына чечилүүгө тийиш. Сот тарабынан атайын айып тагылмайын, айыпкерди күнөөлүү деп кароого (табууга) жол бербей турган укук. Күнөөсүздүк презумпциясы жеке адамдын укугун сактоо үчүн атайын Декларациянын негизинде 1789-жылы Парижде кабыл алынган. Ал коюлган күнөөдөн айыпкердин болгон мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп коргонуусу, бардык укуктардан пайдаланууга шарт түзүп берүү максатын караган. Бул жобо боюнча айыпкер өзүнүн күнөөсүз экенин далилдөөгө укуктуу, бирок милдеттүү эмес болуп саналат. Башкача айтканда, анын күнөөлүү экенин ошо күнөөнү койгон киши (тергөөчү, прокурор) далилдеши керек. Тергөөчү айыпкерди күнөөлүү деп тапкандан кийин ал прокурор тарабынан текшерилип, кийин сотко ашырылат. Сот өкүмү ошол мамлекеттин атынан чыгат, ошондуктан айыпкерди күнөөлүү дешке сотко гана укук берилген. Мындан тышкары соттолгондон кийин да күнөөлүү адамдын жогорку инстанцияга арыздануусуна укук берилет [6].

*6. Инсандын кол тийгистиги принциби.*

Жеке кол тийбестик деген жарандар эгерде мыйзам бузса мыйзам чегинде жана мыйзам жол берген бардык нормаларды сактоо менен гана жоопко тартылуусу шарт. Андан башка учурларда аны кармоого, камакка алууга мүмкүн эмес деген маанини түшүндүрөт. Жекече кол тийбестик укугу соттун гана чечими менен камакка алууга жол берилерлиги менен кепилденет. Айыпталуучунун бөгөт коюу чарасы катары аны камакка алууну колдонуп жаткан сот, ал адамга кандай себептер менен мындан жеңилирээк чара колдонууга уруксат эместигин негиздеп берүүгө тийиш. Кыйноо - аны колдонуу менен адамдан керектүү көрсөтмөнү алуу үчүн атайлап анын денесин оорутуп зыян келтирүү, тулку-боюна же аң-сезимине запкы азабын

келтирүүнү иш жүргүзүүчү расмий кызмат адамынын өзү же башка бирөө аркылуу таасир берип ишке ашырышы. Уруп-сабоо жабырлануучунун денесине же аң-сезимине аны такай сабап- тепкилееге алуу менен кыйноо, коркутуп-үркүтүп опузалоо, анын адамдык сапатын шылдыңга алуу, зордоо, уйку бербөө, тамак-аш жана суу бербөө, муздак бөлмөгө камоо, колу-бутун байлоо ж.б. мисалдар кирет. Шектүү адамды, айыпталуучуну, жабырлануучуну, күбөнү алар өз эркинен тышкаркы нерселерди айтып берүүсү үчүн денелерине жана аң-сезимине таасир этүү менен, ал аракеттерде зордоо, келекелөө, кыйноолор менен коштолгон ыкманы пайдалуу кылмыш жоопкерчилигине алып келет.

*7. Жазык иштери боюнча сот ишин жүргүзүүдө жарандардын укуктарын жана эркиндиктсрин коргоо принциби.*

Сот, прокурор, тергөөчү жазык процессиие катышкан жарандардын укуктарын жана эркиндиктерии коргоону камсыз кылууга, аларды жүзөгө ашыруу учун шарт түзүп берүүгө, процесстии катышуучуларынын мыйзамдуу талаптарын канааттандырууга карата өз учурунда чара көрүүгө милдеттүү. Эч ким өзүнө, өз жубайына жана мыйзамда белгиленген жакын туугандарына карата каршы күбөлүк кылууга мыйзам мажбурлабайт. Жазык иштери боюнча сот ишинде жарандын укуктары менен эркиндиктерии бузуунун натыйжасында ага келтирилген зыяндыи орду мыйзаида белгиленген негиздер боюнча жана тартипте орду толтурулууга тийиш. Жабырлануучуга, күбөгө же ишке катышкан башка адамдарга, алардын үй бүлө мүчөлөрүнө, жакын туугандарына зомбулук колдонуу, мүлкүн жок кылуу же зыянга учуратуу ж.б. мыйзамсыз коркунучтуу иш-аракеттерди жасап басмырлоого мыйзам боюнча тыюу салынат. Эгрде жогорудагы мыйзамга каршы аракеттерге дуушар кылынгандыгы туралуу жетиштүүмаалыматтар болсо сот, прокурор, тергөөчү, алдын-ала текшерүү органы өз кызмат укуктарынын чегинде ошол адамдардын өмүрүн, ден-соолугун, ар-намысын, кадыр-баркын жана мүлкүн коргоого байланыштуу чараларды көрүүгө милдеттүү. Адамдын укугу менен эркиндигин сактоо принцибинин бузуулушу кылмыш иш өндүрүшүндө ал адамга материалдык да, моралдык да зыян алып келүүсү мүмкүн [7].

*8. Иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөө принциби.*

Жазык иши боюнча тергөө жана соттук териштирүү жүргүзүүдө тергөөчү жана сот кылмыш жасоого көмөк көрсөткөн себептерди жана шарттарды аныктоосу шарт. Жазык сот өндүрүшүндө ишти изилдөөнүн ар тараптуулугу, толуктугу жана калыстыгы бири-бири менен тыгыз байланышып, бир толук бүтүндүктөгү принципти туюндурат. Алар өз ара шарттуу жана өз ара ырааты алмаштырылбаган принциптер болуп саналат. Алардын бирөөсүнө эле толук баа бербөө изилдөөнүн бир тараптуулугу менен толук эместигине жол берет да, натыйжада иш боюнча чындыка жетүүгө тоскоолдук жаратат. Демек, аталган ар бир элементтин өз орду жана мазмуну бар. Тергөөчү, прокурор, сот иштин жагдайын ар тараптан, толук жана калыс иликтеп чыгуу үчүн бардык жагдайларды эске алууга, айыпталуучунун

пайдасына чечиле турган же ага каршы жагдайларды эске алуусу шарт. Тергөөнүн же соттук кароонун бир тараптуу айыптоо же актоо багытында жүрүшү иштин ар тараптын изилдешине шек келтирет. Фактылардын толук изилдениши жазык иши боюнча бардык жагдайларды аныктоого багытталат. Жазык сот өндүрүшүндө изилдөөнүн объективдүүлүгү тергөөнү жана соттук териштирүүнү жүргүзүүчүлөрдүн эч бирөөгө тарапташ болуп, жан тартпагандыгы менен негизделет. Сот адилеттигин жүргүзүүчүлөрдүн иштин чечилишине карата жеке кызыкчылыгынын болбошун мыйзам талап кылат.

*9. Сот отурумдагы тил принциби.*

Кылмыш-жаза сот өндүрүшү мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт. Сот өндүрүшү жүргүзүлүп жаткан тилди билбеген ишке катышуучу адамдарга эне тилинде билдирүү жасоо, көрсөтмө берүү, өтүнмө билдирүү, иштин материалдары менен таанышуу, сотто чыгып сүйлөө жана котормочутин кызматынан пайдалануу укугу берилет [8].

Жазык сот ишинин ошол сот жүрүп жаткан тилди билбеген же жеткиликтүү өздөштүрө албаган катышуучунун укугун коргоо мамлекеттеги ченемдук-укуктук актыларда камтылган. Сот жүрүп жаткан тилин билбеген адамга өз эне тилинде көрсөтмө берүүгө укук берилет. Ошондой эле өз эрки менен тандап алган башка тилде көрсөтмө бергенүүгө жана тилмечтин кызматынан пайдаланууга мыйзам уруксат берет. Сот жүрүп жаткан тиешелүү тилди билген, бирок өз эне тилинде көрсөтмө берүүнү каалаган катышуучу мындай укуктан ажыратылбайт. Сот отурумдагы тил жазык-процессинин бардык баскычында колдонулат. Бир эле аймактагы кылмыш ишин тергөө жана соттук териштирүү бир эле тилде жүзөгө ашырылат. Тергөөнүн жана соттун айрым актылары сот процессинин катышуучуларына алар билген тилде которулуп тапшырылат. Сот процессинде катышуучу адам ал тилди билбеген учурда бардык процессуалдык иштердин аралыгында мыйзам боюнча тилмеч менен камсыз кылынууга тийиш. Сот отурумда жазык процессинин катышуучуларына эгерде тил принциптерине тыюу салынса Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу катары каралат.

*10. Соттук териштирүүнүн маалымдуулугу принциби.*

Мамлекеттик сырды сактоо таламдарына каршы келгенден башка учурларда, бардык соттордо ишти териштирүү ачык жүрөт. Ишке катышып жаткан адамдардын жеке турмушунун жашыруун жактары жөнүндө маалыматтардын ачыкка чыгышына жол бербөө максатында жыныстык жана башка кылмыштар жөнүндөгү иштер, ошондой эле жашы жетелектердин кылмыштары жөнүндө иштер боюнча каралган учурда жана жабырлануучунун, күбөнүн же ишке катышып жаткан башка адамдардын, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн же жакын тууганддарынын коопсуздугун камсыз кылуу талап кылынган учурларда соттун жүйөлөштүрүлгөн аныктамасы же судьянын токтому боюнча соттук жабык териштирүүгө жол берилет. Соттун жабык заседаниесинде иштерди угуу жазыктык сот ишинин бардык эрежелерин сактоо менен жүзөгө ашырылат. Соттун өкүмү ачык жарыяланат.

*11. Далилдерди калыс жана эркин баалоо принциби.*

Далилдер жана далилдөө институттары жалпысынан жазык укуктук процесстин теориясында борбордук орунду ээлейт. Улуттук мыйзамдарда документтерге жана башка жазуу жүзүндөгү актыларда укуктук мамилелерди, укуктук камсыздоонун стандарттары иштелип чыгат жана жарандык сот адилеттигинин максаттары аныкталат [9]. Мыйзам боюнча, сот өз чечимин сот отурумунда изилденген далилдерге гана негиздей алат. Биринчи инстанциядагы сот далилдерди тике өздөрү изилдөөгө милдеттүү. Далилдерди изилдөө- соттук далилдердин аныктыгын билүүгө багытталган соттун процесстик иш аракеттери. Далилдерди ийгиликтүү изилдөө үчүн сот фактылар жөнүндөгү маалыматтардын булактарынын сапаттуулугуна жана сотко билдирилген маалыматтардын чын экендигине ишенимдүү болууга тийиш. Сот иш боюнча келтирилген далилдерди соттун 1-инстанциясындагы жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде баалайт. Башкача айтканда ишке мааниси бар кайсы жагдайлардын аныкталгандыгын же аныкталбай калгандыгын, бул иш боюнча кайсы мыйзам колдонула тургандыгын, жана доонун канааттандырылууга жатар-жатпасын аныктайт. Сот далилдерди баалоодо мыйзамды, укуктук аң-сезимдүүлүктү жетекчиликке алып, иштин бардык жагдайларынын натыйжасы менен соттук отурумда ар тараптан, толук жана объективдүү кароого негизделген өзүнүн ички ишенимин ойго алат. Сот үчүн эч кандай далилдер алдын-ала белгиленген укуктук күчкө ээ болбойт. Далилдөө материалдарынын толуктугу, ички ишенимдеринин эркиндиги жана баалоонун тикелиги, соттордун далилдерди туура баалоолорунун эң негизги шарттарынан болуп эсептелет. [10].

Сот, сот арачысы, прокурор жана тергөөчү өздөрүнүн милдеттерин аткарууда иштин жыйынтыгына алдын ала ынанымдын же жеке кызыкчылыктардын таасиринде болбоого, каралып жаткан конкреттүү кылмыш ишине карата бир тараптуу болбоого же бир тараптын кызыкчылыктары үчүн экинчи тарапка зыян келтирүүчү негизсиз аракеттерди көрбөөгө тийиш. Сот, сот арачысы, ошондой эле прокурор, тергөөчү болгон далилдердин жыйындысына негизделген өзүнүн ички ишенимине таянып, мыйзамды жетекчиликке алуу менен далилдерди баалайт. Сотко чейинки өндүрүштө тергөөчү, прокурор тарабынан далилдерди баалоо сот үчүн милдеттүү мааниге ээ болбойт. Эч кандай далил алдын ала белгиленген юридикалык күчкө ээ эмес жана сот тарабынан кийин бааланат.

Жыйынтыктап айтканда, жазык процессинин негизин аныктоого мүмкүндүк берген өзгөчөлүктөрү жана касиеттери процесстик жоболор болуп саналат. Ушул жоболорду жетекчиликке алуу менен жазык процесстик иш-аракеттердин мыйзамдуулугу аныкталат. Жазык процесстик укуктун принциптери бири-бири менен белгилүү бир байланышка ээ. Жазык процесстик укуктун принциптеринин жыйындысы алардын тыгыз байланышында жана өз ара көз карандылыгында жарандык процесстик укуктун принциптеринин системасын түзөт. Жазык процесстик принциптер бири-бири менен тыгыз байланышта аракеттенип, процесстин ажырагыс,

жалпы негизин жана системасын түзөт. Жазык сот өндүрүшүнүн принциптеринин мазмуну жалпы мүнөзгө ээ. Бул алардын аракети эреже катары кылмыш-жаза процессинин бардык баскычтарына жайылтышы керек дегенди билдирет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Интернет ресурс: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_47980701_50920998.pdf
2. Кармышаков, М. А. Жарандык процесстик укуктун негизги принциптери / М. А. Кармышаков, К. Г. Токтакун // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – No. 7. – P. 177-180. – DOI 10.26104/NNTIK.2023.73.97.035. – EDN JBVUEE.
3. Шигуров А.В. Проблемы реализации принципа осуществления правосудия только судом. Журнал «Инженерные технологии и системы» 2009 5-7стр.
4. Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамы 2021-жылдын 10-сентябры № 114 5-берене
5. Каледа Т.С. Судебная защита в уголовном процессе: проблемы, теории и практики. Журнал «Проблемы современной науки и образования» 2013 5-7стр.
6. Интернет ресурс: https://ky.wikipedia.org/wiki
7. Патиев, Н. М. Жарандык процесстеги доо коюуга укуктуулук жана доону камсыз кылуу шарттары / Н. М. Патиев, Г. Токтакун Кызы // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Укук. – 2023. – No. 2(3). – P. 87-97. – DOI 10.52754/16948661_2023_2(3)_14. – EDN BIHDGT
8. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессуалдык кодекси 2021-жылдын 28-октябры № 129 21-берене
9. Токтакун, К. Г. Жазуу жүзүндөгү далилдердин классификациясы жана анын далилдөөчү күчү / К. Г. Токтакун, К. Б. Мамашарип // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – No. 9. – P. 214-217. – DOI 10.26104/NNTIK.2023.27.21.048. – EDN MMZPXC.
10. Токтакун Кызы, Г. Еще раз о понятии доказательства в гражданско-процессуальном праве / Г. Токтакун Кызы, З. У. Матисакова // Бюллетень науки и практики. – 2024. – Т. 10, № 7. – С. 469-473. – DOI 10.33619/2414-2948/104/54. – EDN XSGGFY.

**УДК: 94/340.141 (575.2)**

***Токтакун кызы Гүлнура,*** *т.и.к., доцент*
*Ош мамлекеттик университети*

# КЫРГЫЗДАРДЫН АДАТ УКУГУНУНА ТАРЫХЫЙ-УКУКТУК САРАСЕП

**Аннотация**

Бул макалада кыргыздардын коомдук турмушунда адат укугунун орду изилденет. Кыргыздардын салттуу адат укугуна мүнөздөмө берип изилдеген тарыхчы. укук таануучу окумуштуулардын илимий эмгектери талдоого алынат. Ар бир окумуштуунун эмгектерине тарыхый-укуктук аспектиде салыштырма анализ жүргүзүлөт. Илимий иште тарыхый, салыштырма укуктук, формалдуу-логикалык жана хронологиялык методдор колдонулду.

Илимий иштин жыйынтыктары ушул темага кызыккан аспираттарга, окумуштууларга. студенттерге багытталат.Ошондой эле, илимий иштин материалдарында камтылган илимий жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин укук тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн.

**Негизги сөздөр:** *адат укугу, укук тарыхы, сот системасы, кылмыш, жаза, коом, уруу, салттуу укук.*

# ИСТОРИКО-ПРАВОВОЙ АНАЛИЗ ОБЫЧНОГО ПРАВА КЫРГЫЗОВ

**Аннотация**

В данной статье рассматривается место обычного права в общественной жизни кыргызов. Анализируются научные труды историков и правоведов, характеризующих и изучающих традиционное обычное право кыргызов. Труды каждого ученого подвергаются сравнительному анализу в историко-правовом аспекте. В научной работе использовались исторический, сравнительно-правовой, формально-логический и хронологические методы.

Результаты научной работы рекомендованы аспирантам, ученым и студентам, интересующимся данной темой. Также научные выводы, взгляды и результаты научных исследований, содержащиеся в материалах научной работы, могут быть использованы при преподавании истории права Кыргызстана и соседних народов.

**Ключевые слова:** *обычное право, история права, судебная система, преступление, наказание, общество, племя, традиционное право*

# HISTORICAL AND LEGAL ANALYSIS OF THE CUSTOMARY LAW OF THE KYRGYZ PEOPLE

***Abstract***

This article examines the place of customary law in Kyrgyz public life. It analyzes the scholarly works of historians and legal scholars who characterize and study traditional Kyrgyz customary law. Each scholar's work is subjected to a comparative analysis from a historical and legal perspective. Historical, comparative legal, formal-logical, and logical methods were used in the study.

The results of this study are intended for graduate students, scholars, and undergraduates interested in this topic. Furthermore, the scientific conclusions, views, and research findings contained in this study can be used in teaching the legal history of Kyrgyzstan and neighboring peoples.

**Key words*:*** *customary law, legal history, judicial system, crime, punishment, society, tribe, traditional law*

**Киришуу.** Белгилүү бир коомдо же аймакта тарыхый жактан калыптанган жана мамлекеттин коргоосуна алынган жүрүм-турум эрежелеринин жалпы жыйындысы адат деп аталат (укуктук мааниде). 16 кылымга чейин адат укугу Европада укуктун негизги булагы катары кызмат кылган. Адат укугун укуктун тарыхый биринчи таризи катары карасак болот. Ал эми анын тартипке келтирилген жыйнактары заманбап жазма укукка өтүүнүн кадамы катары каралат. Буга мисал катары 12 таблица мыйзамын айтсак болотАл эми азыркы убакта дүйнөлүк практикада укук тутумдарында колдонуудагы адат укугунун ролу ар кандай. Кыргыз Республикасында адат укугу укуктун жардамчы булагы катары пайдаланат. Башкача айтканда, өлкөбүздө адат укугу мыйзамдарда түз же кыйыр пайдаланууга жол берилет. Алсак, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексиндеги айрым мүлктүк мамилелер ишкердик каада-салттар менен жөнгө салынат. Адат укугу - аларды көп ирет салттуу пайдалануудан улам коомдо калыптанып калган жана мамлекеттик бийлик тарабынан санкцияланган, жазылбаган жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысы.

Тарыхыбызга кайрылсак, кыргыздардын күнүмдүк турмушунда маанилүү маселелерди жана талаш-тартыштарды чечүүдө, коомдук мамилелерди жөнгө салууда адат укугунун орду чоң болгон. 19-кылымдын революцияга чейинки орус тилдүү булактарында кыргыздар арасындагы салттуу бийлердин соттору жөнүндө маалыматтар учкай түрдө кездешет [1]. Көчмөн кыргыздарда соттук функцияларды аткарган бийлер соту болгон. Ал эми административдик кызматтарга байланыштуу «бий» коомдук термини байыркы замандан бери эле белгилүү. Кыргыздын мамлекеттик түзүмү жөнүндө Чун Юань Батыш чөлкөмүндө көргөн-уккандын баянында мындай деп белгилейт. «Алардын өкмөттөрү би деп аталат. Кээ бирлеринин карамагында 10-20 айбан болсо, кээ бирлери 20-30 айбанды башкарат... Алардын баары бурут болсо да, бирден ашык би бар. Ар бир би өз жерин башкарат жана өзүнүн букаралары бар. Күчү, бийлиги жагынан тең, бири экинчисине чачы болсо да баш ийбейт. Би өлсө, анын уулу же агасы би болуп отурат, бирок бул орунга башкалар боло албайт». Кытай булагынан алынган үзүндүлөр тастыктагандай, байыркы буруттардын (кытай булактарында кыргыздар ушундай аталат) өздөрүнүн бийлери болгон.

Кыргызстан Россия империясынын курамына каратылганга чейинки салттуу сот процессинин жүрүшү, кылмыштын түрлөрү, жазалоо тартиби тууралуу маалыматтар элдик оозеки чыгармаларда, санжыра булактарында, эл арасында айтылып калган макал-лакаптарда, накыл сөздөрдө эскерилет. Жазуу түрүндөгү тарыхый булактар саналуу гана. Патриархалдык-уруулук түзүлүштө жашаган кыргыздардын жарандык жана кылмыш иштеринин арасына так чек коюлган эмес. К.К. Пален белгилегендей, ар кандай таарынычтар жана адам өлтүрүү эгер бир уруунун арасында болсо кун төлөө аркылуу, уруудан сырткары болсо өч алуу менен аяктаган [2]. Ошол эле учурда кыргыздар диний ишеним, ырым-жырымдарга да таянышып, бардык

жаман жоруктарды адамды шайтан тукурду деп баалашып “шайтан азгырды”, “шайтан баштады”, “шайтан мойнуна минди” дешип карашкан [3]. Демек, мындан көрүнүп тургандай кыргыздар ырым-жырымдарга да ишенишкенин байкоого болот. Бардык кылмыштарды “күнөө” деп эсептешкен. Күнөөлүүнү жазалоодо, талаш маселелерди чечүүдө уруунун, уруктун аксакалдарынын ролу чоң болгон. Салттуу сот бийлигинин башында турган бийлер үчүн ар кандай кылмыш иштерин териштирүү адаты калыптанган. Кыргыздардын салттуу адат укугунун негизги максаты коомдогу конфликттерди, талаш-тартыш маселелерди чечүү болгон. Адат укугунун негизги булагы катары кылымдар бою күндөлүк турмушта колдонулуп, кайталанып калыптанган салты, үрп-адаты – “адат” болгон.

Совет дооруна чейинки тарыхый булактарга таянсак, Кокон хандыгында кылмыштар үчүн жазалоонун бир канча түрлөрү кездешкен. Мисалы, кулагын кесүү, бармагын кесүү, орго салуу, көзүн оюп алуу ж.б. Кокон хандыгына саякаттап келген Ф.Назаров бул тууралуу “30 кой уурдаган адамдын кылыч менен оң бармагын кесип, анын канын токтотуу максатында ысык майга малып, андан кийин кое беришкенин мен өз көзүм менен көрдүм” [4] – деп эскерет күндөлүгүндө.

1821-1822-жылдары Кыргызстандын азыркы аймагы аркылуу Кытайга саякат жасаган орус саякатчысы Е.Тимковский «кыргыздар кытайча бурут... ээлерин бий деп аташат. Кээ бир бистерде 10дон 20га чейин, башкаларында 20дан 30га чейин. Көптөгөн ордолорго бөлүнүп, ар бир ордодо бий болгон бул элдин жалпы аты кыргыз, бирок алардын тукум куучулук, сейрек касиеттери бири-биринен көз каранды [5]. Кыргыздардын санжыраларынын айтымында, кыргыздардын ата-бабалары урук арасында чоң беделге ээ болгон, белгилүү бир ишенимге татыктуу болгон бийлер болгон. Кыргыз коомунда бийлер адегенде административдик, чарбалык жана соттук функцияларды аткарып келишкен. Тактап айтканда, бийлердин административдик функциясына токтолуп, С.Абрамзон «кыргыздар улууларын бий деп; ар бир уруунун өзүнүн бийи бар; наамдары тукум кууп өткөн» [6].

Кыргыздар уруктарга, бир нече айылдан турган урууларга бөлүнүп, өздөрүнүн уруу башчылары, уруу бийлери болгон. Уруу бийлеринин милдети кылмыш жана жарандык иштерди жана башка экономикалык жана социалдык мүнөздөгү талаштуу маселелерди чечүү болгон. С.Кожоналиевдин айтымында, бийлердин кызматы тукум куучулук эмес, бирок феодалдардын башка өкүлдөрүнө караганда бийлердин балдарынын бул наамды алуу мүмкүнчүлүгү көбүрөөк болгон. [7]. Ошол эле учурда кыргыздын каада-салтын жакшы билген, өз уруулаштарынын арасында белгилүү кадыр-баркка ээ болгон адам бий болгон.

19-кылымдын 2-жарымынан баштап кыргыз коомунда манапчылык институтунун түптөлүшү менен бийлер соттук функцияларды аткара башташкан. С.Кожоналиевдин айтымында, бийлер негизги манаптарга көз каранды болуу менен жердештеринин кылмыш иштерин, аракеттерин жана жарандык талаш-тартыштарын чечкен. Бийлер сотунда кыргыз элинин каада-

салт мыйзамдары боюнча кылмыш иштери боюнча айыпталуучу жана жарандык иштер боюнча соттолуучу жоопкер, ал эми жарандык иштер боюнча доогер, кылмыш иштери боюнча жабырлануучу доогер болгон [8]. Салттуу кыргыз коомунда азыркы Кыргызстандын түндүгүндө жана түштүгүндө казылар башкача аталып келген: түндүктө бийлер, түштүктө казы (казы). Бул чиновниктер түндүккө жогорку манаптар тарабынан, түштүккө Кокон хандыгынын тушунда хандар тарабынан дайындалган. Б.Жамгерчинов белгилегендей, 19-кылымдын экинчи жарымынан баштап адам өлтүрүүнүн социалдык мазмунунда өзгөрүүлөр болгон. Автордун айтымында, эгерде 11-кылымдын биринчи чейрегине чейин бий өз урууларынын үстүнөн ар тараптуу бийлик жүргүзө алса жана ал уруунун башчысы жана башкаруучусу болуп эсептелсе, бул кылымдын орто ченинде бийдин мааниси сот бийлиги менен гана чектелип калган. Ошентип, кыргыз коомунда эзелтеден эле административдик кызматты аркалаган бий 18-кылымдын ортосунан баштап соттук функцияларды аткара баштаган.

Революцияга чейинки көптөгөн авторлор бийлер соту урук-уруу кызыкчылыгын, карапайым элдин кызыкчылыгын билдирген бейтарап орган болгон деп ырасташат. Салттуу коомдо бием шайланбай, урук жана уруу арасында кадыр-барктуу, кадыр-барктуу адам бием болуп калган. Ч.Ч.Валиханов: «бийлерди» эч ким формалдуу түрдө шайлабайт, «формалдуу түрдө эч ким тарабынан бекитилбейт» деп белгилейт [9]. Булар көбүнчө негизги манаптардын бир туугандары, уулдары жана башка туугандары болгон. Уруу, уруу өкүлдөрү өз каалоосу боюнча бий тандоого жана арыз жазууга укуктуу болгон. Көбүнчө көчмөндөрдүн каада-салтын, үрп-адатын жакшы билген адамдарга кайрылышкан. Бирок көпчүлүк учурда, биринчиден, тигил же бул кландын өкүлдөрү өздөрүнүн уруктарынын аксакалдарына арыз менен кайрылышкан. Адатта аксакалдар аларды жараштырып, жабырлануучунун өтүнүчүн канааттандырууга аракет кылышчу. Эгерде жабырлануучу бул жерден ыраазы болбосо, анда ал өзүнүн жакын туугандарына, таасирдүү адамдарга же үй-бүлөсүнүн ата-бабаларына кайрылган. Акыркысы өзүнүн атчандары, таасирдүү адамдары аркылуу, же маселе өтө маанилүү болсо, башка түрдөгү ата-баба менен жеке байланышып турган. Бийлер үй-бүлөсүнүн негизги манаптары же аларды алмаштырган таасирдүү адамдарынын бул жыйындарында: жабырлануучунун доосун сотсуз канааттандыруу же бийликти дайындоо маселеси чечилген. Эгерде иш анчалык мааниге ээ болбосо жана төгүндөлгүс далилдер бар болсо, анда айыпталуучу (соттолуучу) тарабынан негизги манаптар (бийлер) жабырлануучуга аларга коюлган доону төлөп берүүнү жана келтирилген зыяндын ордун толтурууну талап кылышкан. Бийлер соту жалгыз жана коллегиалдуу болгон [1].

**Жыйынтык.** Адат укугу - аларды көп ирет салттуу пайдалануудан улам коомдо калыптанып калган жана мамлекеттик бийлик тарабынан санкцияланган, жазылбаган жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысы. Кыргыздардын салттуу адат укугунун негизги максаты коомдогу

конфликттерди, талаш-тартыш маселелерди чечүү болгон. Адат укугунун негизги булагы катары кылымдар бою күндөлүк турмушта колдонулуп, кайталанып калыптанган салты, үрп-адаты – “адат” болгон. Кыргыздардын күнүмдүк турмушунда маанилүү маселелерди жана талаш-тартыштарды чечүүдө, коомдук мамилелерди жөнгө салууда адат укугунун орду чоң болгон.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Токтакун, К. Г. Отражение бийства в дореволюционных исторических источниках / К. Г. Токтакун // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2017. – № 10. – С. 146-149. – EDN YMHTKS.
2. Пален, К.К. Народные суды Туркестанского края [Текст] / К.К. Пален. – СПб.: Сенат. тип, 1909. – 311 с.
3. Маковецкий, П.М. Материалы для изучения юридических обычаев киргизов [Текст] / П.М.Маковецкий. – Омск: Тип. Окр. штаба, 1886. – 84 с.
4. Назаров Ф. Н. Записки о некоторых народах и землях средней части Азии Филиппа Назарова, отдельного сибирского корпуса, переводчика, посланного в Коканд в 1813 и 1814г. [Текст] / Ф.Н.Назаров // Вестник Европы. – СПб., 1821, ч. 118, 120. № 24.
5. Еще раз о народном суде в Туркестанском крае [Текст] // Туркестанский сборник. – Ташкент: [б.и.], 1908.Том.491. – С.99-102.
6. Временное положение об управлении Туркестанской области [Текст]: Временное положение об управлении Туркестанской области от 11 июля 1865 года. – СПб., 1867.
7. Временные правила для аульных судей [Текст]. Центр.гос.арх. КР, ф.160-И, оп.1, ед.хр.№105.
8. Все подданейший доклад особого комитети по устройству средниазиатсих областей по проекту положения об управления в Семириченской и Сыр-Даринской областях [Текст]. – Ташкент, 1880.
9. Высочайше утвержденное Временное Положение об управлении Туркестанской областью. 6 августа 1865 г. [Текст]: Полн. Собр. Закон. Российской Империи – 2. Т. 40. Отд. 1. – СПб., 1867. – № 42372. Ъ
10. Токтакун, К. Г. Меры наказания в осуществлении правосудия кыргызов (1855-1917 гг.) / К. Г. Токтакун // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2017. – № 12. – С. 164-165. – EDN YTFTVC.

***Кадырбекова Ч. К.,*** *к.э.н., доцент*
*МНУ им. К. Ш. Токтомаматова*
***Сулайманов М. А.,*** *магистрант*
***Нурайдар уулу С.,*** *магистрант*
*МНУ им. К. Ш. Токтомаматова*

# ИННОВАЦИОННАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ПРЕДПРИЯТИЯ: СОСТОЯНИЕ И НАПРАВЛЕНИЯ ПОВЫШЕНИЯ ЭФФЕКТИВНОСТИ

**Аннотация**

Данная статья посвящена анализу современного состояния инновационной деятельности предприятий, выявлению ключевых факторов, влияющих на её развитие, а также определению основных направлений повышения эффективности инновационных процессов. В работе рассматриваются современные тенденции в области инноваций, роль инновационной деятельности в обеспечении конкурентоспособности и устойчивого развития предприятий. Особое внимание уделяется методам оценки эффективности инновационных проектов, а также стратегиям их внедрения и масштабирования. В статье представлены практические рекомендации по оптимизации инновационной деятельности, повышению инвестиционной привлекательности и созданию условий для постоянного внедрения новых технологий и бизнес-моделей. Итогом исследования является формирование комплексного подхода к развитию инновационной деятельности предприятий, способствующего повышению их эффективности и адаптации к быстро меняющимся условиям рынка.

**Ключевые слова:** инновационная деятельность, эффективность, развитие предприятия, инновационные проекты, стратегия, конкурентоспособность, технологические инновации, управление инновациями.

# INNOVATIVE ACTIVITY OF THE ENTERPRISE: CURRENT STATE AND DIRECTIONS FOR IMPROVING EFFICIENCY

**Abstract**

This article is dedicated to analyzing the current state of innovative activity within enterprises, identifying key factors influencing its development, and determining main directions for enhancing the efficiency of innovation processes. The work examines modern trends in the field of innovation, the role of innovative activities in ensuring competitiveness and sustainable development of enterprises. Special attention is given to methods for evaluating the effectiveness of innovative projects, as well as strategies for their implementation and scaling. The article presents practical recommendations for optimizing innovative activities, increasing investment attractiveness, and creating conditions for continuous introduction of new technologies and business models. The outcome of the research is the formation of a comprehensive approach to developing innovative activities within enterprises, aimed at improving their efficiency and adapting to rapidly changing market conditions.

**Keywords:** innovative activity, efficiency, enterprise development, innovation projects, strategy, competitiveness, technological innovations, innovation management.

# ИННОВАЦИЯЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮК ИШКАНАСЫ: АБАЛЫ ЖАНА НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУ БАГЫТТАРЫ

**Аннотация**

Бул макалада ишканалардын инновациялык ишмердүүлүгүнүн учурдагы абалы талданат, анын өнүгүүсүнө таасир эткен негизги факторлор аныкталат жана инновациялык процесстердин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн негизги багыттар белгиленет. Изилдөөнүн алкагында инновациялар жаатындагы заманбап тенденциялар, инновациялык ишмердүүлүктүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүк жана туруктуу өнүгүү үчүн мааниси каралат. Мындан тышкары, инновациялык долбоорлордун эффективдүүлүгүн баалоо ыкмалары, алардын ишке ашырылышы жана масштабдоо стратегиялары каралат. Макалада инновациялык ишмердүүлүктү оптималдаштыруу, инвестициялык кызыгуштуулукту жогорулатуу жана жаңы технологиялар менен бизнес-моделдерди үзгүлтүксүз киргизүү шарттарын түзүү боюнча практикалык сунуштар берилет. Изилдөөнүн жыйынтыгы — ишканалардын эффективдүүлүгүн жогорулатууга жана тез өзгөрүп жаткан рынок шарттарына адаптациялоого көмөктөшчү комплекстүү ыкманы түзүү болуп саналат.

**Ключевые слова:** инновациялык ишмердүүлүк, натыйжалуулук, ишкана өнүгүүсү, инновациялык долбоорлор, стратегия, атаандаштыкка жөндөмдүүлүк, технологиялык инновациялар, инновацияларды башкаруу.

**Введение.** Современная экономика характеризуется высокой динамичностью, технологическим прогрессом и жесткой конкуренцией. В таких условиях успешное развитие предприятий во многом зависит от их способности внедрять инновации, создавать новые продукты, услуги и бизнес-модели. Инновационная деятельность становится ключевым фактором повышения конкурентоспособности, устойчивого развития и адаптации к быстро меняющимся условиям рынка.

В условиях глобализации и цифровизации бизнес-среда претерпевает значительные изменения. Компании вынуждены постоянно искать новые подходы к производству, маркетингу, управлению и взаимодействию с потребителями. В этом контексте инновации выступают не только как средство повышения эффективности, но и как важный инструмент формирования уникальных конкурентных преимуществ. Они позволяют предприятиям реагировать на вызовы времени, снижать издержки, расширять рынки сбыта и повышать качество продукции и услуг.

Современное состояние инновационной деятельности предприятий

На сегодняшний день большинство компаний осознают важность инноваций для достижения стратегических целей. Согласно исследованиям, уровень инвестиций в научно-исследовательские и опытно-конструкторские работы (НИОКР) постоянно растет, а предприятия активно внедряют новые технологии в производственные процессы, маркетинг и управление. Однако уровень эффективности реализации инновационных проектов зачастую остается низким из-за недостаточной оценки рисков, слабой координации внутри компании и нехватки ресурсов. Многие предприятия сталкиваются с проблемами недостаточной поддержки со стороны государства, отсутствием квалифицированных кадров и слабой инфраструктурой для инновационной деятельности.

Кроме того, существует проблема недостаточной систематизации процессов управления инновациями. Многие организации не имеют четко сформулированной стратегии развития инновационной деятельности или не

используют современные инструменты оценки эффективности проектов. В результате значительная часть инвестиций оказывается неэффективной или реализуется с задержками. Также стоит отметить тенденцию к росту открытых инноваций — активному привлечению внешних источников знаний, технологий и партнерств для ускорения разработки новых решений. Внедрение цифровых технологий позволяет автоматизировать процессы разработки и внедрения инноваций, что способствует сокращению времени выхода новых продуктов на рынок.

**Направления повышения эффективности инновационной деятельности**

*1. Улучшение системы управления инновациями*

Эффективное управление инновационными проектами включает создание специализированных подразделений или центров инноваций внутри компании, которые отвечают за координацию, развитие и внедрение новых идей. Важно внедрять современные методы оценки и отбора проектов, такие как портфельный анализ, мультикритериальная оценка, сценарное моделирование и системы раннего предупреждения о рисках. Развитие корпоративной культуры, ориентированной на постоянное совершенствование, риск-менеджмент и поощрение инициативности сотрудников способствует созданию благоприятной среды для инноваций. Межфункциональное взаимодействие — объединение усилий различных отделов (R&D, маркетинг, производство, финансы) — обеспечивает комплексный подход к реализации проектов и повышает их шансы на успех. Внедрение систем автоматизации управления проектами и информационных платформ позволяет централизовать данные, отслеживать прогресс и быстро реагировать на возникающие проблемы.

*2. Инвестиции в научные исследования и развитие*

Повышение финансирования НИОКР (научно-исследовательских и опытно-конструкторских работ) позволяет создавать более качественные, технологичные и конкурентоспособные продукты. Внутренние ресурсы компании могут дополняться внешним финансированием: государственными грантами, венчурными инвестициями, краудфандингом или стратегическими партнерствами с университетами, научными центрами и технологическими компаниями. Создание специальных фондов или программ поддержки инновационных проектов способствует развитию прорывных технологий и ускоряет коммерциализацию результатов исследований. Важным аспектом является формирование системы оценки эффективности инвестиций в НИОКР для оптимизации затрат и повышения отдачи.

*3. Внедрение современных технологий*

Использование цифровых технологий — автоматизация производственных процессов (например, Industry 4.0), применение искусственного интеллекта для анализа больших данных, машинного

обучения для прогнозирования спроса и оптимизации цепочек поставок — позволяет ускорить разработку новых решений, снизить издержки и повысить качество продукции. Внедрение облачных платформ обеспечивает гибкость в управлении информацией, способствует обмену знаниями внутри организации и облегчает коллаборацию между командами. Использование интернета вещей (IoT), дополненной реальности (AR) и виртуальной реальности (VR) открывает новые возможности для проектирования, обучения персонала и обслуживания продукции.

*4. Создание условий для инновационного предпринимательства*

Развитие инфраструктуры для стартапов — технопарков, инкубаторов, акселераторов — способствует появлению новых идей и их коммерциализации. Внутри крупных предприятий важно создавать корпоративные стартап-лаборатории или внутренние акселераторы для стимулирования инициатив сотрудников. Это помогает выявлять перспективные идеи на ранних стадиях развития и быстро внедрять их в бизнес-процессы компании.

*5. Обучение и развитие кадров*

Подготовка специалистов в области инноваций включает повышение квалификации сотрудников через тренинги по новым технологиям, управлению проектами (например, Agile, Scrum), методологиям дизайн-мышления и креативного мышления. Развитие культуры постоянного обучения помогает формировать команду профессионалов с актуальными знаниями и навыками для реализации сложных проектов. Также важно привлекать внешних экспертов, участвовать в конференциях и форумах для обмена опытом.

*6. Развитие системы интеллектуальной собственности*

Защита результатов исследований через патенты, авторские права или товарные знаки стимулирует дальнейшие инвестиции в развитие технологий. Эффективная система управления интеллектуальной собственностью позволяет не только защищать инновации внутри компании, но и получать доход от лицензирования или продажи прав на технологии.

*7. Стимулирование внутренней мотивации сотрудников*

Создание системы поощрений за участие в инновационных проектах — премии, бонусы, карьерный рост — повышает заинтересованность персонала в развитии новых идей. Внутренние конкурсы инновационных предложений или программы «предпринимательского» стимулирования помогают выявлять талантливых сотрудников и мотивировать их к активному участию.

*8. Разработка долгосрочных стратегий развития инновационной деятельности*

Компании необходимо формировать четкие стратегии с определением целей по внедрению новых технологий на краткосрочную (1-2 года), среднесрочную (3-5 лет) и долгосрочную (более 5 лет) перспективу с учетом рыночных тенденций, конкурентной среды и технологических трендов. Стратегии должны включать планы по развитию ключевых компетенций,

расширению исследовательских направлений и созданию условий для постоянного обновления портфеля инноваций.

***Дополнительные направления:***

*9. Формирование партнерских экосистем*

Создание сетей сотрудничества с университетами, научными центрами, технологическими компаниями и стартапами позволяет обмениваться знаниями, совместно разрабатывать новые решения и ускорять внедрение инноваций.

*10. Улучшение клиентского взаимодействия*

Активное привлечение клиентов к процессам разработки новых продуктов через обратную связь, тестовые версии или пилотные проекты помогает лучше понять потребности рынка и адаптировать инновационные решения под реальные требования.

*11. Использование методов открытых инноваций*

Привлечение внешних источников идей через конкурсы идей (crowdsourcing), сотрудничество с внешними экспертами или использование платформ открытых данных расширяет возможности поиска новых решений за пределами организации.

*12. Оптимизация бизнес-процессов*

Постоянный анализ внутренних процессов с целью выявления узких мест позволяет повысить эффективность работы команд по реализации инновационных проектов.

*13. Создание системы оценки эффективности инновационной деятельности*

Разработка KPI для оценки вклада инноваций в бизнес-показатели помогает контролировать прогресс и корректировать стратегию развития.

Обобщая все направления, можно сказать: повышение эффективности инновационной деятельности требует системного подхода с акцентом на развитие человеческого капитала, внедрение современных технологий, создание благоприятной среды для творчества и сотрудничества как внутри компании, так и за ее пределами.

**Выводы.** Инновационная деятельность является важнейшим инструментом повышения эффективности предприятий в условиях современной динамичной и конкурентной экономики. В условиях быстрого технологического прогресса, глобализации и постоянных изменений рыночных условий успешное внедрение инноваций становится ключевым фактором выживания и развития бизнеса. Для достижения максимальных результатов необходимо систематически совершенствовать управление инновациями, что включает создание эффективных структур и процессов, стимулирующих генерацию, отбор и реализацию новых идей.

Инвестиции в научные исследования и разработки позволяют создавать уникальные продукты и технологии, повышая конкурентоспособность компании на внутреннем и международном рынках. Внедрение современных технологий, таких как автоматизация, искусственный интеллект, большие данные и облачные решения, способствует ускорению процессов разработки

и производства, снижению издержек и повышению качества продукции. Создание благоприятной среды для развития новых идей — через развитие инфраструктуры для стартапов, инкубаторов, технопарков — стимулирует предпринимательскую активность внутри организации и за ее пределами. Развитие человеческого капитала — обучение сотрудников новым навыкам, формирование культуры инноваций и мотивация персонала — является фундаментом успешной реализации инновационных проектов. Защита интеллектуальной собственности через патенты, авторские права и товарные знаки создает стимулы для дальнейших инвестиций в развитие технологий и обеспечивает конкурентные преимущества. Важным аспектом является также формирование долгосрочных стратегий развития инновационной деятельности, которые позволяют ориентироваться на будущие технологические тренды, рыночные потребности и внутренние возможности компании.

Комплексный подход к развитию инновационной деятельности предполагает не только внутренние усилия компании, но и активное взаимодействие с внешней средой: партнерами, научными учреждениями, стартапами и клиентами. Создание партнерских экосистем расширяет возможности поиска новых решений, обмена знаниями и совместного внедрения технологий. Постоянное совершенствование бизнес-процессов, оценка эффективности инновационных инициатив и адаптация стратегий позволяют своевременно реагировать на вызовы рынка. Только системный и целенаправленный подход к развитию инновационной деятельности обеспечит предприятиям не только сохранение своей позиции в текущих условиях конкуренции, но и возможность занять лидирующие позиции в своей отрасли. Постоянное внедрение новых идей, развитие технологий и человеческого потенциала способствует формированию устойчивого роста бизнеса, повышению его рентабельности и долгосрочной жизнеспособности. В условиях высокой неопределенности современного мира способность к инновациям становится залогом успеха любой организации — это инвестиция в будущее компании и ее стабильное развитие на долгие годы вперед.

**Список использованных литератур:**

1. Алексеев, В. В. (2018). Инновационная деятельность предприятий: теория и практика. Москва: Экономика.
2. Бланк, И. А., & Гусев, В. В. (2017). Управление инновациями: стратегии и инструменты. Санкт-Петербург: Питер.
3. Гусев, В. В., & Иванова, Е. А. (2019). Инновационный менеджмент: современные подходы и методы. Москва: Юрайт.
4. Котлер, Ф., & Келлер, К. Л. (2016). Маркетинг для инновационных компаний / Перевод с англ. — М.: Вильямс.
5. Литвинова, Н. В., & Смирнов, А. П. (2020). Инновационная политика и управление инновациями в современных условиях экономики. Новосибирск: Наука.
6. Михайлов, А. И., & Петрова, Т. В. (2015). Стратегии развития инновационных предприятий. Москва: Финансы и статистика.

7. Остервалдер, Х., & Пигню, Ч. (2010). Business Model Generation: A Handbook for Visionaries, Game Changers, and Challengers / Перевод на русский язык — М.: Манн, Иванов и Фербер.
8. Тарасов, А. Ю., & Иванова, Е. В. (2021). Инновационный менеджмент: теория и практика современного бизнеса. Москва: Юрайт.
9. Шумпетер, Йозеф Алоис (2009). Теория экономического развития / Перевод с англ.— М.: Экономика.
10. Юрьев, А.В., & Сидоров, П.В. (2019). Инновационные процессы в современной экономике: теория и практика управления. Казань: Казанский университет.

**УДК.378.02.372.**

**Джоошбекова Зинагүл Рысбаевна,** пед.и.к., улук окутуучу
**Алиева Бусалима Маннаповна,** пед.и.к., доцент
**Шамшиева Айзирек Таалайбековна,** окутуучу
Ош мамлекеттик университети

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК БААЛУУЛУКТАРДЫН БАЛАНЫН ИНСАН КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**Аннотация**

Бул макалада үй-бүлөлүк баалуулуктардын балдардын инсандык калыптануу процессиндеги фундаменталдык ролу терең анализделет. Үй-бүлө ичиндеги өз ара аракеттешүүлөр, ата-энелердин көрсөткөн үлгүсү, үй-бүлөнүн карманган принциптери жана традициялары жаш муундун дүйнөнү кабыл алуусуна, алардын жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрүнө жана адеп-ахлагына олуттуу таасир этет. Ар кандай изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, үй-бүлөдөгү бекем жана позитивдүү баалуулуктар балдарда өзүнө ишенүү, башкалардын сезимдерин түшүнүү (эмпатия), жоопкерчиликтүү болуу, ошондой эле толеранттуулук, урматтоо жана кызматташтык сыяктуу маанилүү инсандык сапаттардын өнүгүшүнө шарт түзөт. Макала ошондой эле үй-бүлөлүк баалуулуктардын коомдогу жалпы моралдык климатка тийгизген таасирин жана аларды сактоонун зарылдыгын баса белгилейт.

***Ачкыч сөздөр:*** үй-бүлө, баалуулуктар, ата-эне, жүрүм-турум, толеранттулук, кызматташтык, моралдык климат, каада-салттар, үй-бүлөлүк баалууулуктар.

# ВЛИЯНИЕ СЕМЕЙНЫХ ЦЕННОСТЕЙ НА ФОРМИРОВАНИЕ РЕБЕНКА КАК ЛИЧНОСТИ

**Аннотация**

В статье представлен глубокий анализ фундаментальной роли семейных ценностей в процессе формирования личности ребёнка. Взаимодействие внутри семьи, пример родителей, а также принципы и традиции, которых придерживается семья, оказывают существенное влияние на мировосприятие подрастающего поколения, его поведенческие особенности и моральные устои. Многочисленные исследования показали, что прочные и позитивные семейные ценности способствуют развитию важных личностных качеств у детей, таких как уверенность в себе, понимание чувств других (эмпатия), ответственность, а также толерантность, уважение и сотрудничество. В статье также подчёркивается влияние семейных ценностей на общий моральный климат в обществе и необходимость их сохранения.

***Ключевые слова:*** семья, ценности, родители, поведение, толерантность, сотрудничество, моральный климат, традиции, семейные ценности.

# THE INFLUENCE OF FAMILY VALUES ON THE FORMATION OF A CHILD AS AN INDIVIDUAL

**Abstract**

This article provides an in-depth analysis of the fundamental role of family values in the process of personality formation of children. Interactions within the family, the example set by parents, and the principles and traditions adhered to by the family have a significant impact on the perception of the world by the younger generation, their behavioral characteristics, and their morals. Various studies have shown that strong and positive family values foster the development

of important personality traits in children, such as self-confidence, understanding the feelings of others (empathy), responsibility, as well as tolerance, respect, and cooperation. The article also highlights the impact of family values on the overall moral climate in society and the need to preserve them.
**Keywords**: family, values, parents, behavior, tolerance, cooperation, moral climate, traditions, family values.

**Киришуу.** Адамдын жашоосунда, аны коргоодо, калыптандырууда жана руханий муктаждыктарын канааттандырууда, ошондой эле анын алгачкы социалдашуусунда өзгөчө ролду *үй-бүлө* ойнойт. Баланын инсандыгы анын жашоосу жана ишмердүүлүгү өтүп жаткан бардык коомдук мамилелердин таасири астында калыптанат. Бирок ата-эненин адеп-ахлактык маданиятынын деңгээли, алардын жашоо пландары жана умтулуулары, социалдык байланыштары, үй-бүлөлүк каада-салттары жаш адамдын инсандыгынын өнүгүшүндө чечүүчү мааниге ээ. Ата-эненин сүйүүсү балдардын эмоционалдык, руханий жана интеллектуалдык чөйрөсүн байытууга жана ачууга жардам берет.

Үй-бүлө – баланын алгачкы социалдык чөйрөсү жана тарбиялоо институту. Баланын инсан катары калыптанышында үй-бүлөлүк баарлашуу негизги ролду ойнойт. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамиле, баарлашуу стили жана эмоционалдык байланышы баланын келечектеги жашоосундагы жүрүм-турум, адеп-ахлак жана социалдык көндүмдөрүн түзүүдө чечүүчү фактор болуп эсептелет. Тарбиянын башаты үй-бүлө болуп саналат. Лев Толстой мындай дейт " Бардык бактылуу үй- бүлөлөр бири-бирине окшош, ал эми ар бир бактысыз үй-бүлө өзүнчө бактысыз"[6]. Баса белгилей турган нерсе, балдарды өстүрүүнүн маанилүү аспектиси бул – баарлашуу. Балдар менен натыйжалуу баарлашуу аларга бактылуу жана жоопкерчиликтүү адам болуп өсүүсүнө жардам берет. Балдар менен кантип жана качан сүйлөшүү керектигин, эң негизгиси, аларды чыдамдуулук жана түшүнүү менен кантип угуу керектигин билүү – өтө маанилүү. Ата-энелер, албетте, балдарын жакшы көрүшөт, бирок, ошону менен бирге, алар менен сүйлөшүп жана аларды уга билиши да керек. Байланыш эки тараптуу аракеттен көз каранды жана аны токтотууга болбойт. Ата-энелер балдарын күчкө салбастан, алардын максималдуу потенциалын өнүктүрүүгө жардам бериши керек. Башка энелердин жана аталардын турмуштук жагдайлары менен таанышуу – ата-энелерге ар кандай кырдаалдарды жеңүү үчүн жаңы адаттарды жана ыкмаларды колдонууга жардам берет [12, 28].

Баланын инсан болуп калыптанышына жана өнүгүшүнө үй-бүлөнүн таасири чоң. Үй-бүлөлүк жана коомдук тарбия бири-бири менен байланыштуу, бири-бирин толуктап турат жана белгилүү убакта бири-бирин алмаштырат. Үй-бүлөлүк тарбия башка бардык тарбиянын түрлөрүнө караганда өзгөчөлөнөт, анткени анын негизги өзгөчөлүгү ата-эненин балдарга болгон сүйүүсү болуп саналат, ал балдардын ата-энеге болгон жоопту сезимдерин пайда кылат. Үй-бүлөнүн балага тийгизген таасирине токтолсок:

1. Үй-бүлө коопсуздук сезиминин негизи катары кызмат кылат. Байланыш мамилелери келечектеги өз ара мамилелердин өнүгүшү үчүн гана эмес, баланын стресстик кырдаалдарда пайда болгон тынчсыздануу сезимдерин азайтууга көмөктөшөт.
2. Ата-эненин жүрүм-туруму бала үчүн маанилүү болуп эсептелинет. Балдар, адатта, башка адамдардын жүрүм-турумун тууроого умтулушат жана көбүнчө алар эң жакын байланышта болгондорду тууравшат.
3. Үй-бүлө баланын турмуштук тажрыйбага ээ болушунда чоң мааниге ээ. Ата-эненин таасири өзгөчө күчтүү, анткени алар бала үчүн зарыл турмуштук тажрыйбанын булагы болуп саналат. Мындан тышкары, балдар менен көп баарлашуу өтө маанилүү. Социалдык өз ара аракеттенүүлөргө кубанган балдар жаңы шарттарга башка балдарга караганда жакшыраак ыңгайлашып, айланадагы өзгөрүүлөргө позитивдүү реакция кылышат.
4. Үй-бүлө баланын тартибин жана жүрүм-турумун калыптандырууда маанилүү фактор болуп саналат. Ата-энелер жүрүм-турумдун белгилүү түрлөрүн кубаттоо же айыптоо, ошондой эле жаза колдонуу же жүрүм-турумда өздөрү үчүн алгылыктуу эркиндик даражасына жол берүү аркылуу баланын жүрүм-турумуна таасир этет.
5. Үй-бүлөдөгү баарлашуу бала үчүн үлгү болуп калат. Үй-бүлөдөгү баарлашуу балага өзүнүн көз караштарын, нормаларын жана идеяларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Баланын өнүгүүсү ага үй-бүлөдө баарлашуу үчүн канчалык жакшы шарттар түзүлгөндүгүнөн көз каранды.

Үй-бүлө бала үчүн төрөлгөн жери жана негизги жашоо чөйрөсү болуп саналат. Үй-бүлөдө аны түшүнгөн жана кандай болсо ошондой кабыл алган жакын адамдары бар. Үй-бүлөдү бала өзүн эркин, жай сезүүсү керек, мындайча айтканда үй-бүлөнүн негизги функциясы болгон психотерапиялык функция аткарылыш керек.

**Таблица 1.- Үй-бүлөнүн баалуулуктары**

| **№** | **Баалууулуктар** | **Кыскача аныктамасы** | **Үй-бүлө чөйрөсүндө калыптанышынын жолдору** |
|---|---|---|---|
| 1 | Сүйүү | Үй-бүлө мүчөлөрүнүн эмоционалдык жакындыгы, бири-бирине болгон мээрими | Ата-эненин мээримдүү мамилеси, жылуу сөз, физикалык жакындык |
| 2 | Урмат жана сый-урмат | Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-биринин пикирин, каалоосун эске алуусу | Үлгү көрсөтүү, улууларды сыйлоо маданиятын үйрөтүү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Жоопкерчилик | Өз иш-аракеттери үчүн жооп берүү жөндөмдүүлүгү | Балдарга милдеттер жүктөө, ишеним көрсөтүү |
| 4 | Чынчылдык | Ишенимге негизделген мамиле, калп айтпоого умтулуу | Ачык сүйлөшүү, туура эмес иш-аракетти талдоо |
| 5 | Өз алдынчалык | Ар бир мүчөнүн көз карандысыз чечим кабыл алуу жөндөмү | Баланын өз алдынча тандоо жасоосуна шарт түзүү |
| 6 | Колдоо жана түшүнүү | Ар мүчөнүн эмоциясын, муктаждыгын таануу жана ага жардам көрсөтүү | Диалог, эмоционалдык колдоо, таяныч берүү |
| 7 | Ыймандуулук жана адептүүлүк | Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ынтымагы, жалпы максаттарга умтулуусу | Чогуу убакыт өткөрүү, үй-бүлөлүк иш-чараларды уюштуруу |
| 8 | Ыймандуулук жана адептүүлүк | Нравалык принциптерге баш ийүү, коомдук нормаларды сактоо | Руханий-адептик баалуулуктар тууралуу тарбия берүү |
| 9 | Кызматташтык | Үй-бүлө ичиндеги жардам көрсөтүү жана жамааттык иштерге активдүү катышуу | Орто милдеттерди чогуу аткаруу (үй жумуштары, дем алыш күндөрү) |
| 10 | Салт-санааларга берилгендик | Салт-санааларга берилгендик | Балдарга милдеттер жүктөө, ишеним көрсөтүү |

Үй-бүлөдө бала курчап турган дүйнө жөнүндөгү билимдин башатын алат, ал эми ата-эненин жогорку маданий жана билим берүүчү потенциалында баштапкы билимдерди гана эмес, өмүр бою бүтүндөй маданиятты ала берет. Үй-бүлө – бул белгилүү бир моралдык-психологиялык климат, бала үчүн – бул адамдар менен болгон мамилелердин биринчи мектеби. Дал ушул үй-бүлөдө баланын жакшылык жана жамандык, адептүүлүк, материалдык жана руханий баалуулуктарга болгон урматтуу мамиле жөнүндө түшүнүктөрү калыптанат. Үй-бүлөдөгү жакын адамдары менен ал сүйүү, достук, милдет, жоопкерчилик, адилеттүүлүк сезимдерин башынан өткөрөт.

Коомдук тарбиядан айырмаланып, үй-бүлөлүк тарбиянын белгилүү бир өзгөчөлүгү бар. Табияты боюнча үй-бүлөлүк тарбия сезимге негизделген. Башында үй-бүлө, эреже катары, ушул социалдык топтун адеп-ахлактык атмосферасын, анын мүчөлөрүнүн өз ара мамилелеринин стилин аныктоочу сүйүү сезимине негизделет: назик мамиле, эркелетүү, камкордук, чыдамкайлык, кең пейилдик, кечиримдүүлүк, милдет сезими. Ата-эненин сүйүүсүнө ээ болбогон бала башка адамдардын кайгысына кайдыгер, каардуу, таш боор болуп чоңоёт, теңтуштарынын арасында уятсыз, тил албас, кээде –

туюк, баш калкалоочу жайы жок, ашыкча уялчаак болуп калат. Ал эми ашыкча сүйүү, эркелетүү, таазим кылуу жана урматтоо атмосферасында чоңойгон кичинекей адам эрте эле өзүндө эгоизмдин, назик мүнөздүн, эркеликтин, текебердиктин, эки жүздүүлүктүн белгилерин өнүктүрөт.

Балага жакшы тарбия берип, коомго пайдалуу адам катары даярдоо ата-эненин иш-аракеттеринин негизги маңызын түзгөн. Эл оозунда "Уулуң жакшы болсо көркүң жакшы, кызың жакшы болсо кымбатсың", "Жакшы уул асмандагы жылдыз, жакшы кыз жакадагы кундуз" деп айтылган. «Баланын тентек болмогу үйүнөн, эрдин тентек болмогу бийинен», «Балаң пайдалуу болсо, аштыгың айдалуу», «Бала жакшысы-атанын даңкы, кыз жакшысы – эненин даңкы» «Балаң жакшы болсо өргө чыгарат, балаң жаман болсо, көргө тыгат» ж.б. макалдар менен баланын тарбиясы ата-эненин турмушу, жашоосу менен тыгыз байланышта экендигине көңүл бурган [2, 4]. Эгерде үй-бүлөдө сезимдердин гармониясы жок болсо, анда мындай үй-бүлөлөрдө баланын өнүгүүсү татаалдашат, үй-бүлөлүк тарбия инсанды калыптандыруунун жагымсыз факторуна айланат. Үй-бүлөлүк тарбиянын дагы бир өзгөчөлүгү – үй-бүлө ар кандай курактагы социалдык топту түзөт: анда эки, үч, кээде төрт муундун өкүлдөрү бар.

Демек, бул – ар кандай баалуулук багыттары, турмуштук көрүнүштөрдү баалоонун ар кандай критерийлери, ар кандай идеалдар, көз караштар, ишенимдер. Бир эле адам тарбиялануучу да, тарбиялоочу да боло алат: балдар – апалар, аталар – чоң энелер жана чоң аталар – чоң чоң энелер жана чоң чоң аталар. Бул карама-каршылыктардын түйүнүнө карабастан, бардык үй-бүлө мүчөлөрү бир дасторконго чогулушат, чогуу эс алышат, үй чарбасын жүргүзүшөт, майрамдарды уюштурушат, белгилүү бир каада-салттарды жаратышат, мүнөзү боюнча ар кандай болгон өз ара мамилелерге киришет. Ошентип, баланын ишмердүүлүгүн уюштурууда ата-энелер ага ийгилик кырдаалын кантип түзүүнү эске алышы максатка ылайыктуу, анын аркасында алынган жетишкендиктердин субъективдүү сезими пайда болот, алар канчалык кичинекей болбосун. Баланын ниеттерин позитивдүү бекемдөө, ийгиликти алдын ала айтуу, баланын позитивдүү сапаттарына көңүл буруу, ишмердүүлүктүн мотивин күчөтүү эффективдүү болот.

Үй-бүлө – бул баланын биринчи баарлашуу мектеби деген тыянакка келүүгө болот. Үй-бүлөдөгү баалуулуктар баланын инсан болуп калыптанышына эбегейсиз таасир этет. Үй-бүлөдө бала улууларды урматтоого, карыларга жана оорулууларга кам көрүүгө, бири-бирине колдон келген жардамын көрсөтүүгө үйрөнөт. Жакын адамдары менен баарлашууда, биргелешкен тиричилик эмгегинде анда милдет сезими, өз ара жардамдашуу калыптанат. Үй-бүлө баланы таанып-билүү, предметтик, оюн, чыгармачылык, билим берүү, коммуникативдик сыяктуу ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүнө биринчи болуп аралаштырат.

## Адабияттар:

1. Антонова Л.И., Цветкова Н.А. Роль семейных традиций и ритуалов в представлениях старших дошкольников о семье // Современные гуманитарные исследования. – 2006. - № 1.
2. Базаркулов Сайфулла, Адептик баалуулуктарды калыптандырууда үй-бүлөнүн ролу, MANAS Din Bilimleri Araştırmaları Dergisi (MDBD) 2022 Cilt: 01 Sayı: 1 Manas Journal of Religious Sciences (MJRS) 2022 Volume: 01 No: 1 Research Paper / Araştırma Makalesi, 4-б.
3. Божович Л.И. Личность и ее формирование в детском возрасте. - М., 1968.
4. Герасимова И. А. Структура семьи. М., 1974.
5. Гаранина Т.П. Семейные традиции и их роль в воспитании детей. - Минск, 1983.
6. Даминова Инабаткан, Бала тарбиялоодо үй-бүлөлүк баарлашуунун ролу, Ош мамлекеттик педагогикалык университети, “А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы” илимий-усулдук журналы. 2024-ж. №.2 (24). 2-Т.
7. Дружинин В.Н. Психология семьи: 3-е изд. - СПб.:Питер, 2008. - 176 с.
8. Земска М. Семья и личность. - М., 1986.
9. Лесгафт П.Ф. Семейное воспитание ребенка и его значение. - М., 1991.
10. Социология семьи под ред. А. И. Антонова. М., 2005.
11. Семейно - бытовая культура. /под ред. Д.И. Возняцкого. - Минск, 1987.
12. Хишам аль-Талиб, Абдулхамид Абу Сулайман, Омар аль-Талиб, Балдарды тарбиялоо боюнча сабактар, Ата-эне менен баланын мамилеси, Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT) Бишкек – 2021, 28-бет.

УДК:37.013.4

***Жутанова Гульмира Атанбековна,*** *пед.и.к., доцент*
***Сарытаева Мунира Өмүрзаковна,*** *окутуучу*
***Акматов Өмүрзак Сарытайович,*** *ф.и.д., профессор*
*Ош мамлекеттик университети*

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДА СТУДЕНТТЕРДИН КРЕАТИВДҮҮЛҮК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ ЖАНА ДЕҢГЭЭЛДИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ИНТЕГРАЦИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК МААНИСИ

**Аннотация**

Бул макалада жогорку окуу жайында студенттердин креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө жасалма интеллект (ЖИ) жана деңгээлдик технологиялардын интеграциясынын педагогикалык мааниси талданат. XXI кылымдагы билим берүү — чыгармачылык жөндөмдөрдү, инновация жаратуу жөндөмүн жана өз алдынча ой жүгүртүүнү калыптандырууга багытталган. Креативдүүлүк — студенттин көйгөйлөрдү жаңыча чечүү, идеяларды генерациялоо жана практикалык колдонмолорду иштеп чыгуу жөндөмү менен байланышкан комплекстүү сапат. Бул сапатты өнүктүрүү үчүн жекелештирилген окутуу, адаптивдүү тапшырмалар жана чыгармачылыкка багытталган методдор өзгөчө мааниге ээ. Макалада ЖИнин билим берүүдөгү мүмкүнчүлүктөрү — интеллектуалдык репетиторлор, деңгээлге ылайык тапшырмалар, автоматташтырылган баалоо системалары — терең талданат. Ошондой эле деңгээлдик технологиялар студенттин ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылык жөндөмүн этап-этабы менен өнүктүрүүдө кандай роль ойной турганы көрсөтүлөт. Улуттук билим берүү саясаты — “Санарип Кыргызстан” программасы, 12 жылдык билим берүү концепциясы жана компетенттүүлүккө негизделген окутуу — бул багыттардын актуалдуулугун бекемдейт. Натыйжада, ЖИ менен деңгээлдик технологияны айкалыштыруу — студенттердин чыгармачылык потенциалын ачууга, педагогикалык процессти жекелештирүүгө жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга шарт түзөт. Макалада теориялык негиздер менен катар практикалык сунуштар да берилет, бул билим берүүнү модернизациялоого багытталган комплекстүү мамилени чагылдырат.

**Ачкыч сөздөр**: жасалма интеллект; деңгээлдик технологиялар; креативдүүлүк компетенттүүлүгү; жекелештирилген окутуу; чыгармачылык жөндөм; билим берүүнүн сапаты; санариптик билим берүү; адаптивдүү тапшырмалар

# ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ ИНТЕГРАЦИИ ИСКУССТВЕННОГО ИНТЕЛЛЕКТА И УРОВНЕВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В РАЗВИТИЕ КРЕАТИВНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ СТУДЕНТОВ В ВЫСШЕМ УЧЕБНОМ ЗАВЕДЕНИИ

**Аннотация**

В данной статье рассматривается педагогическое значение интеграции искусственного интеллекта (ИИ) и уровневых технологий в развитие креативной компетентности студентов в высших учебных заведениях. Образование XXI века направлено на формирование творческих способностей, способности к инновациям и самостоятельному мышлению. Креативность — это комплексное качество, связанное со способностью студента решать проблемы по-новому, генерировать идеи и разрабатывать практические решения. Для развития этой компетентности важны персонализированное обучение, адаптивные задания и методы, ориентированные на творчество. В статье

подробно анализируются возможности ИИ в образовании — интеллектуальные репетиторы, задания по уровням, автоматизированные системы оценки. Также показана роль уровневых технологий в поэтапном развитии мышления и творческих способностей студентов. Национальная образовательная политика — программа «Цифровой Кыргызстан», концепция 12-летнего образования и обучение, основанное на компетентностях — подтверждают актуальность данного направления. В результате интеграция ИИ и уровневых технологий способствует раскрытию творческого потенциала студентов, персонализации педагогического процесса и повышению качества образования. В статье представлены как теоретические основы, так и практические рекомендации, отражающие комплексный подход к модернизации образования.

**Ключевые слова:** искусственный интеллект; уровневые технологии; креативная компетентность; персонализированное обучение; творческие способности; качество образования; цифровое обучение; адаптивные задания

# PEDAGOGICAL SIGNIFICANCE OF INTEGRATING ARTIFICIAL INTELLIGENCE AND LEVEL-BASED TECHNOLOGIES IN DEVELOPING STUDENTS' CREATIVE COMPETENCE IN HIGHER EDUCATION

**Abstract**

This article examines the pedagogical significance of integrating artificial intelligence (AI) and level-based technologies in developing students' creative competence in higher education institutions. Education in the 21st century is aimed at fostering creative abilities, innovation skills, and independent thinking. Creativity is a complex quality associated with a student's ability to solve problems in new ways, generate ideas, and develop practical applications. To enhance this competence, personalized learning, adaptive tasks, and creativity-oriented methods are essential. The article provides an in-depth analysis of AI's potential in education — including intelligent tutors, level-based assignments, and automated assessment systems. It also highlights how level-based technologies contribute to the step-by-step development of students' thinking and creative abilities. National education policies — such as the "Digital Kyrgyzstan" program, the 12-year education concept, and competence-based learning — reinforce the relevance of this approach. Ultimately, the integration of AI and level-based technologies creates conditions for unlocking students' creative potential, personalizing the pedagogical process, and improving the quality of education. The article presents both theoretical foundations and practical recommendations, reflecting a comprehensive approach to educational modernization.

**Keywords:** artificial intelligence; level-based technologies; creative competence; personalized learning; creative abilities; education quality; digital education; adaptive tasks

Санариптик доордун шартында билим берүү системасы глобалдык трансформацияга дуушар болууда. Технологиялык өнүгүү, маалыматтык-коммуникациялык каражаттардын кеңири колдонулушу жана жасалма интеллекттин (ЖИ) билим берүү чөйрөсүнө кириши — окутуу процессинин мазмунун, формасын жана методологиясын түп-тамырынан өзгөрттү. Бул өзгөрүүлөр жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү маселесин өзөктүү жана актуалдуу багыт катары көтөрүп чыкты. XXI кылымдагы кесиптер стандарттуу эмес ой жүгүртүүнү, инновация жаратуу жөндөмүн жана тез адаптациялануу мүмкүнчүлүгүн талап кылат. Мындай шартта креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүп калыптандыруу — билим берүү системасынын негизги максаты катары

каралууда. Креативдүүлүк — студенттин өз алдынча ой жүгүртүүсү, көйгөйлөрдү жаңыча чечүү жана идеяларды ишке ашыруу жөндөмү менен байланышкан комплекстүү сапат. Бул сапатты өнүктүрүү үчүн салттуу окутуу ыкмалары жетишсиз болуп, заманбап санариптик жана интеллектуалдык технологиялардын жардамы талап кылынат.

Жасалма интеллект жана деңгээлдик технологиялар билим берүү процессин жекелештирүүгө, чыгармачылыкка багыттоого жана студенттин потенциалын ачууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет. ЖИнин негизинде иштеген интеллектуалдык репетиторлор, адаптивдүү тапшырмалар жана автоматташтырылган баалоо системалары — студенттин өз алдынча иштөөсүн, рефлексиялык жөндөмүн жана чыгармачылык изденүүсүн активдештирет. Ал эми деңгээлдик технологиялар студенттин билим деңгээлине жараша тапшырмаларды этап-этабы менен сунуштап, ой жүгүртүүнү системалуу өнүктүрүүгө шарт түзөт. Бул макалада аталган технологиялардын интеграциясы аркылуу креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн теориялык жана практикалык аспекттери каралат. Теманын актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү саясатынын негизги документтеринде да чагылдырылган. Атап айтканда:

– “Санарип Кыргызстан 2019–2023” программасы билим берүү мекемелеринде санариптик ресурстарды, интеллектуалдык платформаларды жана адаптивдүү окутуу системаларын киргизүүнү максат кылат [10].

– Компетенттүүлүккө негизделген окутуу концепциясы студенттин чыгармачылык жөндөмүн, сынчыл ой жүгүртүүсүн жана инновация жаратуу жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган [2]

– 12 жылдык билим берүү концепциясы чыгармачыл инсанды калыптандыруу, санариптик көндүмдөрдү өнүктүрүү жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максаттарын камтыйт. [12]

Мындай мамлекеттик багыттар — ЖИ жана деңгээлдик технологияларды билим берүү процессине интеграциялоонун актуалдуулугун бекемдеп, чыгармачылыкка багытталган окутууну ишке ашырууга негиз түзөт.

XXI кылымдагы билим берүү — адамдын чыгармачылык потенциалын ачууга, инновация жаратууга жана стандарттуу эмес ой жүгүртүүгө багытталган. Бул доордо билим берүү системасы салттуу мазмундан алыстап, компетенттүүлүккө негизделген, санариптик жана интеллектуалдык технологиялар менен интеграцияланган формага өтүүдө. Креативдүүлүк компетенттүүлүгү — заманбап билим берүүнүн өзөктүү компоненти катары студенттин интеллектуалдык, социалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүн камсыздайт.

Креативдүүлүк — бул студенттин жаңы идеяларды жаратуу, көйгөйлөрдү стандарттуу эмес жолдор менен чечүү жана инновациялык чечимдерди сунуштоо жөндөмү. Бул сапат Bloom таксономиясында жогорку деңгээлдеги когнитивдик ишмердүүлүк катары каралат. Креативдүүлүк компетенттүүлүгү төмөнкү компоненттерди камтыйт:

– Идеяларды генерациялоо

- Проблемаларды талдоо жана чечүү
- Өз алдынча ой жүгүртүү
- Иновация жаратуу жана ишке ашыруу
- Рефлексия жана өз ишин баалоо

Бул компоненттерди өнүктүрүү үчүн билим берүү процесси жекелештирилген, чыгармачылыкка багытталган жана технологиялык жактан колдоого алынган болушу керек.

Креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө билимди этап-этабы менен өздөштүрүү — педагогикалык процесстин негизги шарты болуп саналат. Билим берүү теориясында бул багытта билимди ырааттуу жана логикалык негизде өздөштүрүүнү камсыз кылган деңгээлдик мамилелер кеңири колдонулат. Алар окутуунун мазмунун структуралаштырууга, окутуу максаттарын тактоого жана студенттин ой жүгүртүүсүн тереңдетүүгө багытталган [1.9]

Билимди өздөштүрүүнүн мындай моделдери, адатта, бир нече иреттүү деңгээлдерди камтыйт. Алар төмөнкүдөй негизги багыттарды өзүнө камтыйт:

1. Билим деңгээли – негизги түшүнүктөрдү, фактыларды жана маалыматтарды өздөштүрүү.
2. Түшүнүү деңгээли – алынган маалыматты интерпретациялоо жана түшүндүрүү.
3. Колдонуу деңгээли – билимди практикалык кырдаалда колдонуу жөндөмүн өнүктүрүү.
4. Көйгөй чечүү деңгээли – маселелерди логикалык жана чыгармачылык менен талдоо.
5. Чыгармачылык деңгээл – жаңы идеяларды жаратуу, долбоор иштеп чыгуу жана инновациялык чечимдерди сунуштоо.
6. Баалоо деңгээли – өз ишин сын көз менен карап, натыйжаларды баалоо жана рефлексия жүргүзүү.

Бул деңгээлдер билимди ырааттуу трансформациялоого өбөлгө түзүп, студенттин интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмүн системалуу өнүктүрүүгө шарт түзөт. Ар бир деңгээл мурункусунун негизинде курулуп, студенттин ой жүгүртүүсүн, аналитикалык жана чыгармачылык потенциалын тереңдетүүгө багытталган [1.9].

Мындай деңгээлдик мамиле билим берүүнү жекелештирүүгө, тапшырмаларды студенттин дараметине ылайык татаалдаштырууга жана чыгармачылыкка багытталган окутуу чөйрөсүн түзүүгө мүмкүндүк берет [3.5] Натыйжада, студенттердин креативдүүлүк компетенттүүлүгү өнүгүп, алар өз алдынча ой жүгүртүүгө, идея жаратууга жана практикалык чечимдерди иштеп чыгууга жөндөмдүү болушат [4.6].

Жасалма интеллект (ЖИ) менен деңгээлдик технологияларды интеграциялоо — XXI кылымдагы билим берүүнүн трансформациялык багыты. Бул интеграция студенттин билим деңгээлине, кызыгуусуна жана чыгармачылык жөндөмүнө жараша жекелештирилген окутуу чөйрөсүн түзүүгө багытталат. Педагогикалык модель конструктивизм, адаптивдүү

окутуу жана компетенттүүлүккө негизделген билим берүү принциптерине таянат.

Кыргыз Республикасынын билим берүү саясаты ЖИ жана деңгээлдик технологияларды интеграциялоого ыңгайлуу шарт түзүүдө. Бул багыттар бир катар стратегиялык документтерде чагылдырылган. Алар санариптик билим берүүнү өнүктүрүү, компетенттүүлүккө негизделген окутууну киргизүү жана чыгармачыл инсанды калыптандыруу максаттарын көздөйт.

Таблица 1. Негизги стратегиялык багыттар

| Негизги багыттар | Мазмуну |
|---|---|
| Санариптештирүү | Санариптик билим берүү, ЖИ технологияларын киргизүү |
| Компетенттүүлүк | Чыгармачылык, сынчыл ой жүгүртүү, инновация жаратуу |
| 12 жылдык окутуу | Чыгармачыл инсанды калыптандыруу, сапатты жогорулатуу |

Бул стратегиялык багыттар билим берүүнү модернизациялоого, чыгармачылыкка багытталган чөйрө түзүүгө жана студенттин потенциалын ачууга өбөлгө түзөт [6.7.8].

Жасалма интеллект (ЖИ) билим берүү процессине интеграциялануууда чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачып бергени менен, айрым чектөөлөрдү жана тобокелдиктерди да камтыйт. Аны натыйжалуу колдонуу үчүн педагогикалык чөйрөдө анын оң жана терс жактарын тең салмактуу баалоо зарыл [2.3.4] Төмөндө ЖИнин билим берүүдөгү таасири салыштырма таблицада көрсөтүлөт:

Таблица 2. Жасалма интеллекттин оң жана терс жактары

| Оң жактары | Терс жактары |
|---|---|
| Жекелештирилген окутуу мүмкүнчүлүгү | Студенттин эмоционалдык абалын эске албоосу |
| Адаптивдүү тапшырмалар жана интеллектуалдык репетиторлор | Мугалимдин ролун автоматташтыруу коркунучу |
| Автоматташтырылган баалоо жана кайтарым байланыш | Жасалма баалоо — чыгармачылыкты толук чагылдыра албайт |
| Убакытты үнөмдөө жана ресурстардын эффективдүү колдонулушу | Маалымат коопсуздугу жана жеке маалыматтын корголушу |
| Санариптик көндүмдөрдү өнүктүрүү | Технологияга көз карандылык жана сынчыл ой жүгүртүүнүн азайышы |
| Инновация жаратуу үчүн стимул | Бардык студенттер үчүн жеткиликтүүлүк маселеси (интернет, жабдуу) |

Бул факторлор эске алынып, ЖИни деңгээлдик технологиялар менен айкалыштыруу — чыгармачылыкка багытталган, тең салмактуу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүгө өбөлгө болот [3.5].

Жасалма интеллект (ЖИ) жана деңгээлдик технологияларды билим берүү процессине натыйжалуу интеграциялоо үчүн төмөнкү практикалык сунуштар берилет. Бул сунуштар билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, чыгармачылыкка багытталган окутууну камсыз кылууга жана студенттин потенциалын ачууга багытталган:

Таблица 3. ЖИ жана деңгээлдик технологиялар боюнча практикалык сунуштар

| Сунуштар | Максаттары |
|---|---|
| Мугалимдер үчүн тренингдер | ЖИ жана деңгээлдик технологияларды колдонуу жөндөмүн өнүктүрүү |
| Санариптик платформаларды локалдаштыруу | Кыргыз тилинде ресурстарды түзүү жана адаптациялоо |
| Чыгармачылык ишмердүүлүктү баалоо | Портфолио, рефлексиялык журналдар жана долбоордук иштер аркылуу чыгармачылыкты баалоо |
| Студенттик долбоорлорду колдоо | Идеяларды ишке ашыруу жана инновация жаратуу мүмкүнчүлүгүн түзүү |
| Университеттер аралык тажрыйба алмашуу | Ийгиликтүү моделдерди жайылтуу жана масштабдоо |
| Санариптик этика боюнча сабактар | ЖИ колдонууда коопсуздук жана жоопкерчилик түшүнүгүн калыптандыруу |

Бул сунуштар билим берүү мекемелерине ЖИ жана деңгээлдик технологияларды ишке ашырууда стратегиялык багыт берет.

Жасалма интеллект (ЖИ) менен деңгээлдик технологияларды билим берүү процессине интеграциялоо — студенттин чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө натыйжалуу ыкма катары өзүн көрсөтүүдө [1.9]. Бул интеграция теориялык жактан негизделип, практикалык сунуштар менен бекемделгенде, билим берүүнүн сапаты жана мазмуну жаңы деңгээлге көтөрүлөт.

Таблица 4. Жасалма интеллект жана деңгээлдик технологиялардын интеграциясынын билим берүүгө тийгизген таасири

| Натыйжа | ЖИнин салымы | Деңгээлдик технологиянын салымы |
|---|---|---|
| Студенттик чыгармачылык | Адаптивдүү тапшырмалар, идея генерациялоо | Чыгармачылык деңгээл аркылуу ишмердик |
| Жекелештирилген окутуу | Интеллектуалдык репетиторлор | Дараметке жараша тапшырма татаалдашуусу |

| | | |
|---|---|---|
| Мугалимдин ролунун өзгөрүшү | Маалымат берүүчүдөн фасилитаторго өтүү | Чыгармачылык өнөктөш катары иш алып баруу |
| Санариптик көндүмдөрдүн өнүгүшү | ЖИ менен иштөө көндүмдөрү | Технологиялык этаптар аркылуу практикалык иш |
| Билим берүүнүн сапаты | Реалдуу убакытта кайтарым байланыш | Этаптык окутуу аркылуу терең өздөштүрүү |

Жасалма интеллект менен деңгээлдик технологияларды билим берүү процессине интеграциялоо — XXI кылымдын талаптарына жооп берген инновациялык ыкма катары каралууда. Бул интеграция студенттин чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө, окутууну жекелештирүүгө жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган. ЖИнин интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрү менен деңгээлдик технологиянын этаптык окутуу модели айкалышканда, студенттердин потенциалы толук ачылып, билим берүү чөйрөсү тең салмактуу, коопсуз жана чыгармачылыкка багытталган формада өнүгөт.

Практикалык сунуштар жана натыйжалар таблицасы — бул интеграцияны ишке ашырууда стратегиялык багыт катары кызмат кылат. Демек, ЖИ менен деңгээлдик технологияларды максаттуу жана тең салмактуу колдонуу — билим берүүнү модернизациялоонун негизги фактору болуп саналат.

**Адабияттар:**

1.Блум Б. Таксономия образовательных целей: Классификация целей для разработки учебных программ. – М.: Педагогика, 1986. – 320 с.

2.Борбордук Азия Университети. Компетенттүүлүккө негизделген окутуу концепциясы. – 2020. – Режим доступа: https://kutbilim.kg/news/inner/kompetentt-l-kk-negizdelgen-okutuu-ky (дата обращения: 31.10.2025).

3.Горбунов А.А. Цифровизация образования: роль ИИ и педагогических технологий // Вестник цифровой педагогики. – 2021. – Режим доступа: https://cyberpedagogy.ru/articles/ai-in-education (дата обращения: 31.10.2025).

4.InoZpress. Жасалма интеллект жана билим берүү: кризис, чакырык жана жаңы көз караш // InoZpress.kg.. – 2024. – Режим доступа: https://inozpress.kg/zhasalma-intellekt-zhana-bilim-beryy-krizis-chakyryk-zhana-bilim-beryy-boyuncha-zha%2ad%2a3y-kez-karash (дата обращения: 31.10.2025).

5.Кемелов Р. Билим берүү процессинде жасалма интеллектти колдонуу мүмкүнчүлүктөрү // Научный журнал БАFE. – 2023. – Режим доступа: https://science.bafe.edu.kg/билим-берүү-процессинде-жасалма-инте/ (дата обращения: 31.10.2025).

6.Кутбилим. 12 жылдык билим берүү концепциясынын мазмуну. – 2024. – Режим доступа: https://kutbilim.kg/news/inner/kyrgyz-respublikasynda-12-zhyldyk-zhalpy-orto-bilim-ber-kontseptsiyasy/ (дата обращения: 31.10.2025).

7.Kutbilim.kg.. Мектеп мугалимдери менен окуучулардын жасалма интеллект боюнча маалымдуулугу кандай? – 2023. – Режим доступа: https://kutbilim.kg/analytics/inner/mektep-

mugalimderi-menen-okuuchulardyn-zhasalma-intellekt-boyuncha-maalymduulugu-kanday (дата обращения: 31.10.2025).
8.Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. 12 жылдык билим берүү концепциясы. – Бишкек, 2022. – Режим доступа: https://edu.gov.kg/kg/policy/education/12-year-education-concept/ (дата обращения: 31.10.2025).
9.Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Компетенттүүлүккө негизделген билим берүү стандарты. – Бишкек, 2023. – Режим доступа: https://edu.gov.kg/kg/policy/education/standards/ (дата обращения: 31.10.2025).
10.Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Санарип Кыргызстан 2019–2023 программасы. – Бишкек, 2023. – Режим доступа: https://edu.gov.kg/media/files/0cbf58c7-0e41-4d18-bfdc-5d68eecce023.pdf (дата обращения: 31.10.2025).
11.Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. “Санарип Кыргызстан” концепциясы (2021–2040). – Бишкек, 2021. – Режим доступа: https://mineconom.gov.kg/ky/document/258 (дата обращения: 31.10.2025).
12.Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети. 12 жылдык билим берүү концепциясы. – Бишкек, 2024. – Режим доступа: https://edu.gov.kg/posts/3614/ (дата обращения: 31.10.2025).
13.Рысбаев С. Деңгээлдик окутуу технологиясы: теория жана практика. – Бишкек: Билим, 2015. – 212 б.
14.Смирнова Е.В. Искусственный интеллект в образовании: возможности и вызовы // Образование и наука. – 2022. – № 6. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48562345 (дата обращения: 31.10.2025).

***Мамашарип кызы Б.,*** *ю.и.к., улук окутуучу*
*Ош мамлекеттик университети*
***Махмудов А.Н.,*** *улук окутуучу*
*Ош мамлекеттик университети*

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК МАМИЛЕЛЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУЧУ УКУКТУК ПРИНЦИПТЕР

**Аннотация**

«Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуучу укуктук принциптер» аттуу макалада үй-бүлө укугуна тиешелүү негизги принциптердин мазмуну жана алардын коомдогу мааниси талданат. Автор үй-бүлөлүк мамилелерди калыптандырууда жана жөнгө салууда мыйзам үстөмдүгү, тең укуктуулук, ыктыярдуулук, балдардын кызыкчылыгын коргоо өңдүү принциптердин ролуна токтолот. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын үй-бүлө мыйзамдарында каралган жоболор практикалык мисалдар менен негизделип, укуктук принциптердин иш жүзүндө колдонулушу талкууланат. Макала юридикалык практикада жана үй-бүлө укугун окутууда пайдалуу булак катары сунушталат.

**Ачкыч сөздөр:** конституция, үй-булө, мамилелер, жубайлар, ата-эне, балдар, принциптер, келишим, нике, юридикалык, мүлк, кызыкчылык, ыктыяр, мыйзамдуу ж.б.

# ПРАВОВЫЕ ПРИНЦИПЫ РЕГУЛИРУЮЩИЕ СЕМЕЙНЫЕ ОТНОШЕНИЯ

**Аннотация**

В статье "правовые принципы, регулирующие семейные отношения" анализируется содержание основных принципов, относящихся к семейному праву, и их значение в обществе. Автор останавливается на роли таких принципов, как верховенство закона, равноправие, добровольность, защита интересов детей в формировании и регулировании семейных отношений. Также, положения, предусмотренные семейным законодательством Кыргызской Республики, будут обоснованы практическими примерами и будут обсуждаться практическое применение правовых принципов. Статья рекомендуется как полезный ресурс в юридической практике и преподавании семейного права.

**Ключевые слова:** конституция, семья, отношения, супруги, родители, дети, принципы, контракт, брак, юридические, имущественные, интересы, воля, законные и т. д.

# LEGAL PRINCIPLES GOVERNING FAMILY RELATIONS

**Annotation**

The article "legal principles governing family relations" analyzes the content of the basic principles related to family law and their significance in society. The author focuses on the role of principles such as the rule of law, equality, voluntariness, and protection of children's interests in the formation and regulation of family relations. Also, the provisions stipulated by the family legislation of the Kyrgyz Republic will be substantiated by practical examples and the practical

application of legal principles will be discussed. The article is recommended as a useful resource in legal practice and teaching family law.

**Key words:** constitution, family, relations, married couple, parents, children, principles, contract, marriage, legal, property, interests, will, legitimate, etc.

**Киришүү.** Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин Преамбуласында анын, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, никеге туруунун, никени токтотуунун жана аны жараксыз деп табуунун шарттары менен тартибин белгилээри, үй-бүлө мүчөлөрүнүн: жубайлардын, ата-энелер менен балдардын (ж.о.э. асырап алуучулардын жана асырап алынгандардын) ортосунда, ал эми үйбүлө мыйзамдарында каралган учурларда жана чектеринде башка туугандар менен бөлөк адамдардын ортосундагы жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк мамилелерди жөнгө салаары аныкталган [1].

Демек, Кыргызстандагы үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу биринчи кезекте Конституцияга жана анын принциптери менен ченемдерине негизденет жана аларга ылайык жүзөгө ашырылат.

Башкача айтканда, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын сап башында Конституция турат.

Кыргыз Республикасынын аракеттеги Конституциясы үй-бүлө маселелерине түздөн түз 20-статьяны арнаган [2].

Андагы конституциялык жоболорго ылайык, биринчиден, үй-бүлө коомдун негизи катары таанылат.

Экинчиден, үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда тураары белгиленген.

Үчүнчүдөн, атаны, энени урматтоо жана аларга камкордук көрүү балдардын ыйык парзы катары аныкталган.

Төртүнчүдөн, балдар Кыргыз Республикасынын эң баалуу байлыгы болуп эсептелет.

Бешинчиден, мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене-бой жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу шарттарды түзүү менен аларды мекенчилдикке жана атуулдукка тарбиялайт. Мындан сырткары, Конституциянын башка да бир катар принциптери менен ченемдери үй-бүлөнү жана үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салышат. Алсак, 24-статьяда “Кыргыз Республикасында эркектер жана аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ” деп жазылып турат. Бул конституциялык жобо никеге турууда, үй-бүлөдө чогуу жашоодо болобу же ажырашып жатып, мүлктү бөлүштүрүүдө болобу – кандай учурда болбосун, эркек менен аял жубай катары да, жаран катары да бирдей, башкача айтканда, тең укукка ээ болушаарын айгинелейт. Ушул эле статьянын 1-бөлүгү эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эместигин

бекитет. Демек, үй-бүлөдө жубайлардын бири экинчисин эч кандай басмырлай албайт. Эгерде ага жол берсе, ошол адам – күйөөсү болобу же аялы болобу - мыйзамга ылайык жоопкерчиликке тартылат.

Бул аспектте Кыргыз Республикасынын Конституциянын 25-статьясынын 1-бөлүгү адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна кол салууга жол берилбестигин так белгилейт.

Эгерде жубайлардын бири кандайдыр басмырлоого же болбосо өмүрүнө жана ден соолугуна кол салууга дуушар болсо, ал адамга, 61-статьяга ылайык, Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет. Андан сырткары, ар бир адамга квалификациялуу юридикалык жардам алууга укук берилген. Мыйзамда каралган учурларда мындай юридикалык жардам мамлекеттин эсебинен көрсөтүлүүгө тийиш. Кыргыз Республикасынын Негизги мыйзамынын 26-статьясынын жоболору да түздөн-түз үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салышат. Аларга ылайык, үй-бүлө, биринчиден, мыйзамда белгиленген нике курагына жеткен эркек менен аялдын ыктыярдуу никеге туруусунун негизинде түзүлөт.

Экинчиден, никелешип жаткан эки адамдын макулдугусуз никеге жол берилбейт.

Үчүнчүдөн, нике мамлекет тарабынан катталат.

Төртүнчүдөн, балдарга камкордук көрүү, аларды тарбиялоо атасынын да, энесинин да бирдей укугу жана милдети болуп саналат.

Бешинчиден, эмгекке жарамдуу, жашы жеткен балдары ата-энелерине камкордук көрүүгө милдеттүү.

Алтынчыдан, жубайлар никеде жана үй-бүлөдө тең укуктарга жана милдеттерге ээ.

Бала жана аны менен байланышкан мамилелерди жөнгө салуучу принциптер менен ченемдер Конституциянын 27- статьясында бекитилишкен.

Биринчиден, ар бир бала анын дене-боюнун, акыл-эсинин, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укуктуу.

Экинчиден, Кыргыз Республикасында баланын эң маанилүү кызыкчылыктарын колдоо жана камсыз кылуу принциби колдонулат.

Үчүнчүдөн, баланын өнүгүшү үчүн зарыл болгон жашоо шарттарын камсыз кылуу жоопкерчилиги атасына жана энесине, камкорчуга жана көзөмөлчүгө жүктөлөт.

Төртүнчүдөн, мамлекет жетим балдарга жана ата-энесинин багуусунан ажыраган балдарга 18 жашка чейин камкордук көрөт, тарбиялайт жана окутат. Ошол эле учурда, аларга башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билимди акысыз алууга шарт түзөт. Аларга социалдык камсыздоо көрсөтүлөт.

Албетте, Кыргыз Республикасынын Конституциясы мамлекеттин жана коомдун Негизги мыйзамы катары үй-бүлөнү жана үй-бүлөлүк мамилелерди

жөнгө салуучу башка да принциптер менен ченемдерди бекитет. Ошондуктан, алар Үй-бүлөлүк кодекстин негизин түзүшөт. Ал эми Үй-бүлөлүк кодекстин өзүндө конституциялык жоболор – принциптер менен ченемдер – андан аркы мыйзамдык конкреттүүлүккө ээ болушат.

Кыргыз Республикасынын аракеттеги Үй-бүлө кодекси 2003-жылдын 30-августунда кабыл алынган [1].

Үй-бүлө кодекси түзүмдүк жактан 8 бөлүмдөн, 18 главадан, 177 статьядан турган. Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 16-июлундагы Мыйзамына ылайык, «Ата энесинин көзөмөлчүлүгүнөн ажыраган балдарды тарбиялоонун формалары» аттуу 6 бөлүмү күчүн жоготкон. Мындан сырткары, Кодекстин бир катар беренелери да күчүн жоготуп келет. Себеби азыркы учурга Үй-бүлө кодекси 25 жолу толуктоолорго жана өзгөртүүлөргө дуушар болду [3].

Мазмуну жагынан Үй-бүлө кодекси үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуунун принциптерин бекитүүгө өзгөчө көңүл бурат.

Үй-бүлө кодексинин 1-статьясынын 3-бөлүгүндө үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу принциптери катары төмөнкүлөр белгиленген:

1. нике курагына жеткен эркек менен аялдын ыктыярдуу баш кошуусу;
2. жубайлардын никедеги жана үй-бүлөдөгү укуктарынын жана милдеттеринин теңдиги;
3. үй-бүлөнүн ички маселелерин өз ара макулдашып чечиши;
4. баланын эң жакшы кызыкчылыктарын камсыз кылуу;
5. балдарды үй-бүлөдө тарбиялоого артыкчылык берүү;
6. балдардын бейпилдигине жана өсүп-жетилишине камкордук кылуу;
7. үй-бүлөнүн жашы жетпеген жана эмгекке жарамсыз мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуу.

Ушуга байланыштуу үй-бүлө мыйзамдарынын үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуусу:

- үй-бүлөнү чыңдоого;
-үй-бүлө мамилелерин өз ара сыйлашуу, өз ара жардамдашуу сезимдеринде куруугa;
-үй-бүлөнүн алдындагы анын бардык мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин камсыз кылууга;
-кимдир-бирөөнүн үй-бүлөнүн ишине оюна келгендей кийлигишүүсүнө жол бербөөгө;
-үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз укуктарын тоскоолдуксуз жүзөгө ашыруусун камсыз кылууга;
-үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын сот жана башка укук коргоо органдары аркылуу коргоону камсыз кылууга багытталгандыгын жана ушундай зарылчылыктан улам келип чыккандыгын аталган статьянын 1-бөлүгү ачыктайт.

Биздин оюбузча, Үй-бүлө кодекси үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуунун башка да принциптерин бекитет.

Алар кайсы принциптер?

Кыргыз Республикасынын аракеттеги Үй-бүлө кодексинин 1, 3, 5, 6, 7-жана башка тиешелүү статьяларын талдоо көрсөткөндөй, бул Кодекс үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууда, биздин пикирибизде, төмөнкү укуктук принциптерди да колдонот.

1) Үй-бүлө кодексинин 1-статьясынын 1-бөлүгүндө "үй-бүлө - коомдун негизи" деп жазылган. Бул конституциялык принцип.

Себеби Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгүндө "Үй-бүлө – коомдун негизи" деп бекитилген.

Демек, коомдун, андан барып, мамлекеттин социалдык пайдубалын үй-бүлө түзөт. Үй-бүлө болбосо, коом да, мамлекет да болбойт.

Ушундан улам, Конституция ошол эле беренеде "Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат" деп так белгилейт.

Ошону менен бирге, коом менен мамлекетке үй-бүлөнү жана үй-бүлөлүк мамилелерди коргоого алуу милдети жүктөлөт.

2) Үй-бүлөлүк мамилелерди коом жана мыйзам тарабынан артыкчылыктуу жөнгө салуу принциптери.

Аларга ылайык, үй-бүлө, аталык, энелик, балалык, биринчиден, бүткүл коом тарабынан камкордукка алынууга тийиш.

Экинчиден, алар мыйзам тарабынан артыкчылыктуу коргоого алынууга тийиш.

Бул принциптер үй-бүлөнүн жана жалпы эле үй-бүлөлүк мамилелердин коомду жана мамлекеттин алдындагы өзгөчө ордун жана маанисин айгинелешет.

Ошону менен бирге, Үй-бүлө кодекси мамлекеттин алдына тиешелүү милдеттерди коет. Алардын негизгилеринин бири – бул мамлекеттин жарандарды үй-бүлөлүк турмушка, жубайлыкка, аталыкка жана энеликке даярдоону камсыз кылуу милдети.

Эгерде балдар жетим калса же кандайдыр бир башка себептер менен ата-энесинин камкордугунан ажырап калса, андай балдарды багууну, тарбиялоону, окутууну мамлекет өзү камсыз кылат. Башкача айтканда, булардын баары мамлекетке милдет катары жүктөлөт (1-бер.).

3) Никенин мыйзамдуулугу.

Бул принцип Үй-бүлө кодексинин 1-статьясынын 2-бөлүгүндө бектилген. Ага ылайык, Кыргыз Республикасында жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоого ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында катталган гана нике таанылат.

4) Нике келишиминин эркиндиги.

Үй-бүлө кодексинин 43-45-статьяларынын жоболоруна ылайык, жубайлар же никеге туруп жаткан эркек менен аял өз каалоолору боюнча, болгондо да каалаган учурда нике келишимин түзүшү мүмкүн.

Башкача айтканда, нике келишимин түзүү никеге туруп жаткан эркек менен аялдын же никеде турган жубайлардын өз эрки болу саналат. Алар

каалашса, нике келишимин түзүшөт, каалашпаса түзүшпөйт. Үй-бүлө кодекси бул маселени чечүүнү никедеги адамдардын өз эркине коет.

Нике келишимин түзүү никеге туруп жаткан эркек менен аялдын же никеде турган жубайлардын милдети эмес, укугу болуп саналат.

Үй-бүлө кодекси нике келишиминин өзүн жубайлардын никеге тургандагы же аны бузган учурдагы мүлктүк укуктарын жана милдеттерин аныктоочу жубайлардын же никеге туруп жаткан адамдардын макулдашуусу катары аныктайт (43-ст.).

Биринчиден, жубайлар нике келишимдин негизинде мыйзам аркылуу белгиленген ортодогу менчик режимин өзгөртүүгө, жубайлардын ортосундагы бардык мүлкүнө орток, үлүштүк же өз-өзүнчө менчигине, анын айрым түрлөрүнө же жубайлардын ар биринин мүлкүнө менчик режимин белгилөөгө укуктуу.

Экинчиден, нике келишими жубайлардын колундагы жана ошондой эле алардын алдыда боло турган мүлкүнө да түзүлүшү мүмкүн.

Үчүнчүдөн, жубайлар нике келишиминде бири-бирине каралашуу жагынан өз укуктары менен милдеттерин, бири-биринин кирешелерине катышуу ыкмаларын, ар бири үйбүлө чыгымдарын чыгаруу тартибин аныктап алууга; нике бузулган учурда ар бирине бериле турган мүлктү чектеп алууга, ошондой эле жубайлардын мүлктүк мамилелерине тиешелүү болгон дагы башка ар кандай жоболорду аныктап алууга укуктуу.

5) Никенин мыйзамдуулугуна диндин тиешесиздиги.

Мыйзамдуу жол менен катталган нике диний уюмдар же дин адамдары тарабынан бекитилүүгө муктаж эмес.

Ошону менен бирге, нике жана үй-бүлө маселелерине тиешелүү диний ырым жырымдар да укуктук мааниге ээ эмес.

6) Үй-бүлө мамилелеринде укуктук чектөөлөргө жол берилбеши.

Никеге турганда жана үй-бүлө мамилелеринде социалдык, расалык, этностук, тилдик белгилери же дин тутуусу, ден соолугун чектөөлөрү боюнча жарандардын укуктарын чектөөнүн кандай гана түрүнө болбосун тыюу салынат.

7) Үй-бүлө мамилелериндеги гендердик теңчилик.

Бул принциптин негизинде, биринчиден, Кыргыз Республикасында аялдар менен эркектер тең укукка ээ.

Экинчиден, аялдар менен эркектер өз укуктарын жүзөгө ашырууда бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ.

Үчүнчүдөн, аялдар жана эркектер үй-бүлө мамилелеринде жеке жана бирдей мүлктүк укуктарга жана милдеттерге ээ болушат.

Төртүнчүдөн, үй-бүлө мүчөлөрү жана алар менен бирге жашап жаткан адамдардын ортосундагы мамилелер гендердик теңчилик принцибине негизделет.

Бешинчиден, үй-бүлө мүчөлөрү жана алар менен бирге жашап жаткан адамдардын ортосундагы мамилелер инсандын ар-намысы менен аброюн сыйлоо принцибине негизделет.

Алтынчыдан, үй-бүлө мамилелеринде гендердик укукту кемсинтүүгө тыюу салынат.

Жетинчиден, үй-бүлө мамилелериндеги гендердик теңчилик коом жана мамлекет тарабынан коргоого алынат.

8) Үй-бүлө мамилелерин жөнгө салууда жарандык мыйзамдардын колдонулушу.

Үй-бүлө мыйзамдары менен жөнгө салынбаган үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мүлктүк жана мүлктүк эмес жеке мамилелерге жарандык мыйзамдар колдонулат.

Бирок, колдонулуп жаткан жарандык мыйзамдар ал үй-бүлөдөгү мамилелердин маани-мазмунуна карама-каршы келбеши керек.

9) Үй-бүлө мамилелеринде окшоштугуна жараша мыйзам колдонуу принциби.

Эгерде үйбүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелер үйбүлө мыйзамдары же тараптардын макулдашуусу менен жөнгө салынбаса жана аталган мамилелерди түздөн-түз жөнгө салуучу жарандык укуктук ченемдер жок болгон учурда, эгерде ушул мамилелердин маани-мазмунуна карама-каршы келбесе, аларга окшош мамилелерди жөнгө салуучу үй бүлөлүк же жарандык укук ченемдери колдонулат.

Мындай ченемдер жок болгондо үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары менен милдеттери үй-бүлөлүк жана жарандык укуктун негиздери менен принциптеринин жалпы башатынан, ошондой эле гумандуулуктун, акыл-эстүүлүктүн жана адилеттүүлүктүн принциптеринин негизинде аныкталат.

10) Үй-бүлө мамилелеринде эл аралык укуктун принциптери менен ченемдеринин колдонулушу.

Үй-бүлө мамилелерин жөнгө салууда Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде үй бүлө мыйзамдарында каралгандан башка эрежелер белгиленсе, анда эл аралык келишимдин эрежелери колдонулат.

Ошентип, жогоруда белгиленген укуктук принциптер үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуунун жалпы башатын, маңызын жана мазмунун алдын ала аныктап, бул чөйрөдөгү коомдук мамилелерди жөнгө салуу механизминин өзөгүн түзөт деген тыянак чыгарсак болот.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси, 2003-ж. 30-авг. № 201 //Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин Жарчысы. – 2004. - №1. - 1-ст.

2. “Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2021-ж. 5-майы № 59 //Эркин Тоо. – 2021. – 5-май.

3. «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2012-ж. 16-июл., №114 //http://www.cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203714/40.

***Омошев Т.Т.,*** *п.и.к., профессор*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Куваков Ж.,*** *окутуучу*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*

# АЙЛАНА - ЧИЙҮҮ МАДАНИЯТТУУЛУГУН ӨРКҮНДӨТҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ

**Аннотация**

Макалада студенттерге алгач көргөн билгендерин элестөө, анын скелетин аң сезиминде түзүү, окшоштуруу анын чиймесин кагаз бетине сүрөтүн түшүрүү аны айтып берүү жагы каралган. Чийме куралдарын колдоно билүү, коопсузук жактарын эске алуу, сүрөт менен байланыштыруу менен жаңы темага өтүү. Жөнөкөйдөн – татаага өтүү менен геометриялык маселелерди чыгаруу көндүмдөргө ээ болууну формулалар аркылуу гана ишке ашырыбыз. Чийүүдө, эсептөөдө ката кетирбөө керектигин алдын ала эскертүү жумуштарын айтабыз, анткени практикада колдонулуп калса, катастрофа, кыйроо болбоо аракеттерин жүргүзүү керектигин түшүндүрөбүз. Айлана жана тегеректи орбита, алкак, система, галлактика, кысылуу, жарылуу, тароо, жайылуу, сфера, шар, сыйымдуулук, көлөм, чексиз түз сызык, чексиз тегиздик, бет, чексиз мейкиндик, чексиз аалам, кысылуу, кеңейүү, убакыт, мезгил, доор түшүктөрү менен байланыштырабыз.

**Түйүндүү сөздөр:** Борбор, чекит, циркуль, карандаш, айлана, радиус, диаметр, хорда, туюк ийри сызык, түз сызык, жаныма, кесилиши, кесилишпеси, жаа, тик бурчтуу декарт системасы, чекиттин жана кесиндинин көлөкөсү (проекциясы), чекиттен түз сызыкка чейинки аралык, перпендикуляр, параллель, жантык, айланалардын абалы, айланалардын көптүгү, ичинде, сыртындагы абалдары. Формулалар боюнча аныктоо, чиймеси боюнча формуласын билүү. Окшоштугу, айырмасы, бирдейлиги. Практикада, турмушта, бардык сабактарда жана ааламда байкай билүү жана эсептөөлөрдү жүргүзүү.

# КРУГ – ИНСТРУМЕНТ ДЛЯ СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ КУЛЬТУРЫ РИСОВАНИЯ

**Аннотация**

В статье студентам предоставляется возможность сначала представить себе увиденное и известное, создать его скелет в своем сознании, смоделировать, перенести его рисунок на бумагу и рассказать о нем. Развивается умение использовать инструменты рисования, учитывать аспекты безопасности, переходить к новой теме, связывая ее с изображением. Мы освоим навыки решения геометрических задач от простых до сложных только с помощью формул. Мы расскажем о задачах предварительного предупреждения, чтобы не допустить ошибок при рисовании и вычислениях, поскольку, если они будут применены на практике, мы объясним, что необходимо принимать меры во избежание катастроф и разрушений. Мы свяжем круг и окружность с понятиями орбиты, рамки, системы, галактики, сжатия, взрыва, расширения, сферы, шара, объема, бесконечной прямой, бесконечной плоскости, поверхности, бесконечного пространства, бесконечной вселенной, сжатия, расширения, времени, периода, эпохи.

**Ключевые слова:** центр, точка, циркуль, карандаш, окружность, радиус, диаметр, хорда, замкнутая кривая, прямая линия, касательная, пересечение, непересечение, дуга, прямоугольная декартова система координат, тень (проекция) точки и отрезка, расстояние от точки до прямой линии, перпендикуляр, параллель, наклон, положение окружностей, количество окружностей, положения внутри, снаружи. Определение по формулам, знание

формулы по чертежу. Подобие, различие, тождество. Способность наблюдать и производить вычисления на практике, в жизни, во всех областях знаний и во Вселенной.

# THE CIRCLE – A TOOL FOR IMPROVING DRAWING CULTURE

**Annotation**

This article gives students the opportunity to first imagine what they see and know, create its skeleton in their minds, model it, transfer it to paper, and talk about it. Students develop the ability to use drawing tools, consider safety aspects, and move on to a new topic, linking it to the image. We will master the skills of solving geometric problems, from simple to complex, using formulas alone. We will discuss advance warning problems to avoid drawing and calculation errors, since if they are applied in practice, we will explain the need to take measures to avoid disasters and destruction. We will connect the circle and circumference with the concepts of orbit, frame, system, galaxy, compression, explosion, expansion, sphere, sphere, volume, infinite line, infinite plane, surface, infinite space, infinite universe, compression, expansion, time, period, and era.

**Keywords:** center, point, compass, pencil, circle, radius, diameter, chord, closed curve, straight line, tangent, intersection, non-intersection, arc, rectangular Cartesian coordinate system, shadow (projection) of a point and segment, distance from a point to a straight line, perpendicular, parallel, slope, position of circles, number of circles, positions inside, outside. Definition by formulas, knowledge of formulas from a drawing. Similarity, difference, identity. The ability to observe and perform calculations in practice, in life, in all fields of knowledge and in the Universe.

Айлана формасындагы билген - көргөн мисалдарын студенттерден сурайбыз жана толуктоолорду жүгүзөбүз. Боз үйдүн керегесинин негизин формасы, түндүгү (чамгарак), ордо оюунун ойноодогу туюк ийри сызык, токмок таштамай ойноодогу отургандардын жайланыш абалы, ийдиштердин оозу - бочка, челек, чара, суу куюуучу жана краска куюуучу ийдиштердин жана түрдүү ченемдеги трубалардын жана цилиндр формасындагы кудуктун оозу, обруч, баскетболдун колесосу, велосипед, мотоцикл, тракторлор, автомашиналардын колесосу, тебетей, шөкүлө, глобустагы экаватор жана мердиан сызыктары, цилиндр жана конустардын негизинин чеги, Күн, Жер, Ай жана башка планеталарынын орбитасы ж.б.у.с. элестетүү менен ар бир студент чиймелерин өз алдынча сызышат. Студенттердин чийүү маданиятын жогорулатууда: чийме каражаттарын колдонууну, эстетикалык жактан чийме кооз, так, элестүүгө мүмкүнчүлүк жаралгандай, чийме маселени чыгарууга жардамчы шарт түзгөндөй, изделүүчү элементти көрө алууга мүмкүнчүлүк жагдай түзүлгөндөй, маселенинин каркасын (чиймесин) туура, так түзүү маселе 50 % га чыгарылды деген ойду ишке ашырууга аракет жасайбыз.

Чийменин туура чийилишинен: ар бир студенттин фигуранын аныкта масын айта алышы, темага тиешелүү теореманы, аксиоманы билиши, анын элементтеринин бири - бири менен байланышы, абалын байкай алышы, натыйжа жана жыйынтык чыгара алышы, изделүүчү элементти көрө алышы жана эсептөөлөрдү катасыз жүргүүгө түз пропорциялаш болуусу шарт.

Окутуучу – студент же студент – окутуучу диалог жүргузүү менен сабакты улантабыз. Алар чийген чиймелеринен эмнелерди көргөндүгүн айтышат: чекит, ийри сызык, жаа, кесинди, бурч.

- Силер чийген чиймеңер эстетикалык жактан сулуубу?

- Жок, анчейин эмес.

-Чийүүдө кайсы куралды колдонсок туура болгудай?

-Циркулду.

-Циркулдун жылгыз шыйрагы турган чекит эмне деп аталат?

-Борбор.

-Айлананын борбору айланага тиешелүүбү?

Алардан туура да, туура эмес жоопторду уккан соң талкуу аркылуу **жок** деген жыйынтыкка келдик. Борбор деп аталган чекит жок болсо, айлана чийе алабызбы?

Жок.

Мындан борборду айлананы чийүү үчүн гана шарттуу түрдө гана алабыз. Эгерде баскетбол колесосунун ортосуна теннистин же биллиардын шарындай шарикти жардамчы зымдар менен жылгыз кылып орнотуп койсо, топ колесого түшөбү? Же ушундай эле көрүнүштү челекке, чарага, трубага сыяктуу ийдиштерге орнотуп койсо ашыкча түйшүк жаралмак, ж.у.с. мисал дарды элестүү айтуу менен борбор деп аталган чекит айланага тишелүү эмес деген жыйынтыкка келебиз.

Тегеректин борбору, тегерекке тиешелүү анткени жогорудагы мисал дардагы ийдиштердин түбү тешилип калса эмне болорун силер билесиңер да.

-Айлананын башталышы жана аяккы чекиттерди көргөзгүлөчү?

-Ар бир студент өзүнчө көрсөтүшөт. Толуктоо жүргүзөбүз: Айлананын каалаган чекити башталышы да аягы боло алат деген пикирге келебиз.

-Айлана сүйрү, сегиз формасындагы туюк сызыктардан айырмачылыгы?

-Айлананын ар бир чекити анын борборунан бирдей аралыкка алыстатылган жана $y = \sqrt{r^2 - x^2}$ функциясын канааатандырган чекиттердин көптүгү болот. Айлананын каалаган чекити - башталышы да аягы да болуп калат. Муну ар бир студент тегиздиктин ар түрдүү координатасында айлананы чийишкен.

Айтылгандарды ар бир студент өздөрү чийген чиймеден көрсөтүшөт.

-Айлананын эки чекитинин арасындагы аралык эмне деп аталат?

-Жаа. -Борбордон айлананын каалаган чекитине чейинки аралык же циркулдун арымы эмне деп аталат?

-Радиус - Айлананын эки чекитин туташтырган кесинди эмне деп аталат?

-Хорда. - Борбор аркылуу өткөн хорданы эмне деп атайбыз?

-Диаметр. Студенттерден айлана менен түз сызык кандай абада болорун кагазга чийип, өз оюн айтып беришет. Мектепте окугандарын эстөө менен аракет жа сашат. Айлананын радиусун R, айланадан L түз сызыкка чейинки аралыкты D менен белгилесек:

1°. $R < D$ шартта. айлана менен түз сызыгы жалпы чекитке ээ болбойт.

2°. $R = D$ болсо, айлана менен түз сызык бир жануу чекити ээ болуп L түз сызыгы бул учурда айланага жаныма болуп калат.

3°. $R > D$ болсо, айлана менен түз сызык 2 чекитте кесилишет.

-Айлана менен түз сызык бир чекитте кесилишсе, б.а. жалпы бир чекитке ээ болсо, ал түз сызык айланага карата кандай аталат?

-Жаныма. Борбор айлана сызууда циркульдун жылгыз шыйрагын коюу үчүн гана керек.

-Айлананын узундугун: $C=2\cdot\pi\cdot R = \pi\cdot d$ формуласы менен табабыз.

-Айлананын жаасынын узундугу кайсыл формула менен эсептелет?

-Жаанын эки четки чекитин айлананын борбору менен туташтырсак, анда борбордук бурч пайда болот. Жаанын узундугу айлананын борбордук бурчу нан көз каранды. Жаанын узундугун $\iota = \frac{\pi\cdot R\cdot\alpha}{180}$ формуласы менен эсептейбиз. $\pi = \frac{C}{2R} = \frac{C}{D} \approx 3,14$, R - айлананын радиусу, d - айлананын диаметри, $\alpha$ айлана нын борбордук бурчунун чоңдугу.

Цилиндр, конус, кесилген конус, сфера жана шар темаларын өтүүдө айлана көп колдонулат. Биз студенттерге мектеп программасынын материал дарын кайталоо менен алардын эсине салуу мисал - маселелерди чыгарууда, практикаларды өтөөдөгү сабак учурунда окуучуларга түшүндүрүүдө жана алардын суроолоруна жооп берүүдө колдонуларын эске салабыз.

-Айлананын теңдемесин кантип келтирип чыгарабыз?

-Студенттер менен бирге тик бурчтуу декарт координата системасына борбо ру О координата башталышына дал келген, радиусу **r = OA** болгон айлананы чийебиз. (1 - чийме). 1 - чейректеги A(x;y) чекитин борбор менен туташтыр сак OA = **r** кесиндисин алабыз. A чекитинен ox жана oy окторун перпендикуляр жүргүзүү менен A чекитинин ox жана oy октордогу проекциясы деп билебиз. Ox огу менен кесилишкен чекитти C, oy огу менен кесилишкен чекитти B менен белгилеп аларды туташтыруудан OCA тик бурчтуу үч бурчтугу түзүлөт. Пифагордунтеоремасын колдонуп:

$OC^2 + AC^2 = OA^2$ жазбыз жана тиешелүү маанилерин коёбуз:

$OC^2 = x^2$, $AC^2 = y^2$,

$OA^2 = r^2 \rightarrow x^2 + y^2 = r^2$ (1).

Бул борбору координата башталышында O(0;0) жаткан радиусу r болгон айлананын теңдемеси.

2 – чиймеде борбору C(a;b), радиусу r =3 болгон айлананын M жана N чекиттеринен **ox** огуна перпендикуляр сызыктарды жүргүзсөк ($n_1$ жана $n_2$ жа нымалары) Д жана T чекиттеренен oy огуна перпендикуляр сызыктарды жүр гүзсөк ($m_1$ жана $m_2$ жанымалары) берилген айланага 4 жаныма сызык пайда болот. Бул 4 жанымалардын кесилишинен айланага сырттан сызылган квадра түзүлөт. Квадраттын жактары айланага жаныма болуп калат.




1-чийме




2-чийме

$x^2 + y^2 = r^2 \rightarrow y = \sqrt{r^2 - x^2}$ функциянын графиги айлана болот. Радиусу r, борбору C(a;b) болгон 1 - чейректе жаткан айлананы карайлы. (2 - чийме). CAB тик бурчтуу үч бурчтугунан Пифагордун теоремасын негизинде $AC^2 + AB^2 = BC^2$.

AC = x – a – мунун ох огундагы проекциясы (көлөкөсү) KQ. AB = y - b – мунун оу огун дагы проекциясы (көлөкөсү) SH. BC =r экендигин эске алып, ордуна койсок: $(x - a)^2 + (y - b)^2 = r^2$ (2). Бул формула бор бору C(a; b), радиусу r болгон айлананын жалпы теңдемеси деп аталат. Мындан катеттердин октордогу проекциялары нын квадраттарынын суммасы айлананын радиусунун квадратына барабар де ген натыйжа келип чыгат. Бул айлананын (2) теңдемеси болуп калат. Бул (2) теңдеменин жекече учурларын карап көрөлү: $(x - a)^2 + (y - b)^2 = r^2$ (2)

1. a = 0, в ≠ 0, r ≠ 0 болсо, $x^2 + (y - b)^2 = r^2$ болуп, борбору C(0; b) болот. b > 0 болсо, C чекити (оу) ордината огунун жогору жагында, ал эми b < 0 болсо, C борбору ордината огунун төмөн жагында жатып калат.

2. a ≠ 0, b = 0, r ≠ 0 болсо, $(x - a)^2 + y^2 = r^2$ болуп C(a; 0) болот. a > 0 болсо, C чекити (ох) абсисса огунун оң жагында, ал эми a < 0 болсо, C борбору чекити абцисса огунун сол жагында жаткан абалда болот.

3. a = 0, b = 0, r ≠ 0 болсо, $x^2 + y^2 = r^2$ болуп, айлананын борбору C координита башталашы менен дал келген учур болот.

r = 2 болгон учурдагы айлананы түрдүү чейректердеги жаткан абалда рын карайлы: $x^2 + y^2 = 4$, C(0; 0) жана r = 2.

1. $(x - 5)^2 + (y - 3,5)^2 = 4$, a = 5, b = 3,5 r = 2. C(5; 3,5) 1 - чейректе

2. $(x + 3,5)^2 + (y - 4,5)^2 = 4$, a = - 3,5. b = 4,5 r = 2. C(-3,5; 4.5) 2 - чейректе

3. $(x + 1,5)^2 + (y + 4)^2 = 4$, a = - 1,5 b = - 4 r = 2. C(-1,5; -4) 3 - чейректе

4. $(x - 6)^2 + (y + 2)^2 = 4$, a = 6 b = - 2, r = 2. C(6; -2) 4 - чейректе жайгашышкан.

4 - учурда ох огу айланага, 3 – учурда оу огу айланага жаны ма болгондугун байкай алабыз. Төмөнкүдөй жөнөкөйдөн - татаалга өтүү принцибинин негизинде маселерди чыгаруунун түрдүү жолдорун студенттер дин ар бирин доскага өздөрү чыгаруусуна көмөктөшөбүз.

№1. Ар бир учурлар үчүн айлананын теңделерин түзүү № 385

1. Айлананын борбору координата башталышы менен дал келет, анын радиусу r = 3. Чыгарылышы: $x^2 + y^2 = 9$ 3 - учур

2. Айлананын борбору C (2; -3) чекити менен дал келет, анын радиусу r =7.Чыгарылышы: $(x - 2)^2 + (y + 3)^2 = 49$. Жалпы учур (2) формула.

3. Айлана координата башталышы аркылуу өтөт жана анын борбору C(6; -8) чекити менен дал келет. Чыгарылышы: $r = |OC| = \sqrt{6^2 + 8^2} = \sqrt{100} = 10$. $(x - 6)^2 + (y + 8)^2 = 100$.

4. Айлана A(2; 6) чекити аркылуу өтөт жана борбору C(-1; 2). Чыгарылышы: $r = |AC| = \sqrt{(-1-2)^2 + (2-6)^2} = \sqrt{25} = 5$. $(x + 1)^2 + (y - 2)^2 = 25$.

5. A(3; 2) жана B(-1; 6) чекиттери айлананын диаметрлеринин биринин четки чекиттери. Чыгарылышы: $d = |AB| = \sqrt{(-1-3)^2 + (6-2)^2} = \sqrt{32} = 4\sqrt{2}$. $r = d : 2 = 4\sqrt{2} : 2 = 2\sqrt{2}$. $r = 2\sqrt{2}$. $C(x_0;y_0)$, $x_0 = (3 - 1) : 2 = 1$; $y_0 = (2+6) : 2 = 4$. $y_0 = 4$. C(1; 4). $C(x_0; y_0)$ – A жана B чекиттеринин тең ортосундагы чекит, ал айлана үчүн борбордун кызматын аткарат. $(x - 1)^2 + (y - 4)^2 = 8$.

6. Айлананын борбору координата башталышы менен дал келет жана $3x - 4y + 20 = 0$ түз сызыгы айланага жаныма болот. Чыгарылышы:

$d = \frac{/Ax_0+By_0+C/}{\sqrt{A^2+B^2}} = \frac{/3\cdot0-4\cdot0+20/}{\sqrt{3^2+4^2}} = \frac{20}{5} = 4$.

$d = 4 = r$.

$x^2 + y^2 = 16$.

7. C(1; -1) айлананын борбору жана $5x - 17y + 9 = 0$ түз сызыгы айланага жаныма. Чыгарылышы: d - чекиттен түз сызыкка чейинки аралык.

$d = \frac{/Ax_0+By_0+C/}{\sqrt{A^2+B^2}} = \frac{/5\cdot1-12\cdot(-1)+9/}{\sqrt{5^2+12^2}} = \frac{26}{13} = 2$.

$d = 2 = r$.

$(x - 1)^2 + (y + 1)^2 = 4$.

8. Айлана A(3; 1) жана B(-1; 3) чекиттери аркылуу өтөт жана анын борбору $3x – y - 2 = 0$ түз сызыгында жатат. Чыгарылышы:

1°. A менен B нын тең ортосу $K(x_0; y_0)$ чекитинин координатасын табабыз.

2°. K чекитине перпендикуляр түз сызык тургузуп, ($l_2$) теңдемесин түзөбүз.

3°. A жана B аркылуу өткөн AB хордасынын теңдемесин ($l_1$) түзөбүз.

4°. $l_1$ жана $l_2$ түз сызыктарынын теңдемелерин система катары карап чыгарсак анда биз издеген айлананын борборунун координатасын тапкан болобуз.

$C(x_0; y_0)$, A(3; 1), B(-1; 3), AC = BC

$(x_0 - 3)^2 + (y_0 - 1)^2 = (x_0 + 1)^2 + (y_0 - 3)^2$

$x^2{}_0 - 6x_0 + 9 + y^2{}_0 - 2y_0 + 1= x^2{}_0 + 2x_0 + 1 + y^2{}_0 - 6y_0 + 9$

$- 8x_0 = - 4y_0 \rightarrow y_0 = 2x_0$

$3x – y – 2 = 0 \rightarrow y = 3x-2 \rightarrow y_0=3x_0 – 2$, $y_0=2x_0 \rightarrow 3x_0 -2=2x_0 \rightarrow x_0=2, y_0=4$

C(2; 4), A(3; 1), $AC = r = \sqrt{1 + 9} = \sqrt{10}$. $(x - 2)^2 + (y - 4)^2 = 10$.

Айлана A(1; 1), B(1; -1) жана C(2; 0) чекиттери аркылуу өтөт. Чыгарылышы: $|AB| = 2$. $|AC| = \sqrt{2}$. $|BC| = \sqrt{2}$. Мындан айлана тең капталдуу үч бурчтуктун чокулары аркылуу өтөрүн байкадык. Негизи AB = 2, бийиктиги CK = 1 болгон үч бурчтуктун аянты $S = \frac{1}{2}AB \cdot KC = 0,5 \cdot 2 \cdot 1 = 1$. S

$= 1$. $S = \frac{abc}{4R}$ - бул үч бурчтукка сырттан сызылган R ра диусун табалы: $1 = \frac{2\sqrt{2}\sqrt{2}}{4R} \to R=1$. $AC \subset L$. L(1,5; 0.5) – AC кап талынын теӊ ортосу. A(1; 1) жана C(2; 0) чекиттери аркылуу өткөн түз сызыктын теӊдемесин түзөбүз. A жана C чекиттери аркылуу түз сызыктын теңдемеси: $\frac{x-1}{2-1} = \frac{y-1}{0-1} \to x - 1 = 1 - y$, $x + y - 2 = 0$, $y = - x + 2$; $y - y_0 = k(x - 1)$ $y - 0,5 = x - 1,5 \to y = x - 1,5 + 0,5 = x - 1 \to$ $y = x$ - КС: $y = 0$, $0 = x - 1 \to x = 1$. C(2; 0). $(x - 1)^2 + y^2 = 1$.

а) A жана B чекиттеринин теӊ ортосун табабыз;б) A чекитине перпендикуляр тургузабыз, ($l_1$) теӊдемесин түзөбүз;

в) A чекити менен C чекитинин ортосун табабыз;

г) A чекитине перпендикуляр тургузабыз, ($l_2$) теӊдемесин түзөбүз;

д) Эки перпендикулярдын теңдемелерин система катары карап чыгар сак, анда айлананын борборунун координатасы табылат.

Айлана $M_1(-1; 5)$; $M_2(-2; -2)$ жана $M_3(5; 5)$ чекиттери аркылуу өтөт.

$M_1M_2 = \sqrt{(-2+1)^2 + (-2-5)^2} = \sqrt{1+49} = \sqrt{50} = 5\sqrt{2}$.

$M_1M_3 = \sqrt{(5+1)^2 + (5-5)^2} = \sqrt{36+0} = \sqrt{36} = 6$.

$M_2M_3 = \sqrt{(5+2)^2 + (5+2)^2} = \sqrt{49+49} = \sqrt{98} = 7\sqrt{2}$.

$p = 0,5 \cdot ( 5\sqrt{2} + 6 + 7\sqrt{2}) = 0,5 \cdot (12\sqrt{2} + 6) = 6\sqrt{2} + 3$.

$S = \sqrt{p(p-a)(p-b)(p-c)} =$

$= \sqrt{(6\sqrt{2}+3)(6\sqrt{2}+3-5\sqrt{2})(6\sqrt{2}+3-6)(6\sqrt{2}+3-7\sqrt{2})} =$

$= \sqrt{(6\sqrt{2}+3)(3+\sqrt{2})(6\sqrt{2}-3)(3-\sqrt{2})} = 3 \cdot 7 = 21$. $S = 21$.

$S = \frac{abc}{4p} \to R = \frac{abc}{4p} = \frac{5\sqrt{2}\cdot 6\cdot 7\sqrt{2}}{4\cdot 21} = 5$. $R = 5$.

$M_1M_2$: $\frac{x+1}{-2+1} = \frac{y-5}{-2-5} \to \frac{x+1}{-1} = \frac{y-5}{-7}$. $7x + 7 = y - 5 \to 7x - y + 12 = 0 \to$ $y = 7x + 12$, мында $k_1 = 7$ жана $k_2 = -\frac{1}{7}$.

$Q \epsilon M_1M_2$ Q(-1,5; 1,5)

$y - y_0 = k(x-x_0)$

$-1,5 = -\frac{1}{7}(x + 1,5)$

$7y - 10,5 = - x - 1,5 \to$ $h_Q$: $x + 7y - 9 = 0$.

$M_2M_3$: $\frac{x+2}{5+1} = \frac{y+2}{5+2} \to x + 2 = y + 2 \to y = x$ мында $k_1 = 1$ жана $k_2 = -1$.

$L \in M_2M_3$ L(1,5; 1,5)

$y - y_0 = k(x - x_0)$

$y - 1,5 = - (x - 1,5)$, $y - 1,5 = - x + 1,5$. $h(M_1)$: $x + y - 3 = 0$.

$\begin{cases} x + 7y - 9 = 0 \\ x + y - 3 = 0 \end{cases}$ $\begin{cases} x + 7y - 9 = 0 \\ -x - y + 3 = 0 \end{cases} \to 6y = 6 \to y = 1$. $x + 1 - 3 = 0 \to$ $x = 2$. Изделүүчү айлананын теңдемеси: $(x - 2)^2 + (y - 1)^2 = 25$.

№386. C(3; -1) айлананын борбору болуп эсептелет; $2x - 5y + 18 = 0$ сызы гындагы хорда айлана менен кесилишет да анын узундугу 6 га барабар. Бул

айлананын теңдемесин түзгүлө. Чыгарылышы: $2x - 5y + 18 = 0$, $C(3; -1)$ d – чекиттен түз сызыкка чейинки аралык.

$d = \frac{/Ax_0+By_0+C/}{\sqrt{A^2+B^2}} = \frac{/2\cdot3-5\cdot(-1)+18/}{\sqrt{2^2+5^2}} = \frac{29}{\sqrt{29}} = \sqrt{29}$. $d = \sqrt{29}$. $d = СК$. Тик бурчтуу СКВ үч бурчтугунда: $BC^2 = KC^2 + KB^2$, $KB = 0{,}5l = 6 : 2 = 3$.

$BC^2 = (\sqrt{29})^2 + 3^2 = 29 + 9 = 38 = R^2$.

$(x - 3)^2 + (y + 1)^2 = 38$.

Жообу: $(x - 3)^2 + (y + 1)^2 = 38$.

№ 387. $R = \sqrt{5}$ радиуска ээ болгон айлана $M_1(3; 1)$ чекитинде $x - 2y – 1 = 0$ түз сызыгына жанышат. Бул айлананын теңдемесин түзгүлө.

Чыгарылышы: $(x_0 - 3)^2 + (y_0 - 1)^2 = 5$. $R = M_1O = \sqrt{5}$.

$(x_0 - 3)^2 + (y_0 - 1)^2 = 5$, $(x_0 - 1)^2 + y_0^2 = 10$

$$\begin{cases} x_0^2 - 2x_0 + 1 + y_0^2 = 10 \\ x_0^2 - 6x_0 + 9 + y_0^2 - 2y_0 + 1 = 5 \end{cases}$$

$4x_0 – 8 + 2y_0 – 1 = 5 \rightarrow 4x_0 + 2y_0 = 14 \rightarrow 2x_0 + y_0 = 7 \rightarrow y_0 = 7 – 2x_0$

$x_0^2 - 2x_0 + 1 + (7 - 2x_0)^2 = 10 \rightarrow x_0^2 - 2x_0 + 1 + 49 - 28x_0 + 4x_0^2 = 10 \rightarrow$

$5x_0^2 - 30x_0 + 40 = 0 \rightarrow x_0^2 - 6x_0 + 8 = 0 \rightarrow x_0 = 3 – 1 = 2, x_0 = 3 + 1 = 4$. $x_0 = 2$, $y_0 = 3$, $x_0 = 4$, $y_0 = -1$. Жообу: $(x - 4)^2 + (y + 1)^2 = 5$ жана $(x - 2)^2 + (y - 3)^2 = 5$.

№388. $2x + y - 5 = 0$, $2x + y + 15 = 0$ түз сызыктары айланага жаныма болушат, алардын бири $A(2; 1)$ чекитинде жанган айлананын теңдемесин түзгүлө. Чыгарылышы: $2x + y – 5 = 0 \rightarrow y = - 2x - 5 \rightarrow k_1 = - 2$, $k_1 = k_2$ $2x + y + 15 = 0 \rightarrow y = - 2x - 15$, $k_2 = - 2$. Эки түз сызык параллель. $A(2; 1)$ чекити $2x + y – 5 = 0$ түз сызыгында жатат. $A(2;1)$ чекитинен $2x+y+15=0$ түз сызыгына чейинки аралыкты табабыз. $d = \frac{/Ax_0+By_0+C/}{\sqrt{A^2+B^2}} = \frac{/2\cdot2+1+15/}{\sqrt{2^2+1^2}} = \frac{20}{\sqrt{5}}$ бул айлананын диаметри. $r = d : 2 = \frac{20}{2\sqrt{5}} = \frac{10}{\sqrt{5}} = 2\sqrt{5}$. $r = 2\sqrt{5}$. Айлананын борборун $C(x_0;y_0)$ десек. $(2 - x_0)^2 + (1 - y_0)^2 = 20$, $\frac{/4x_0+y_0+15/}{\sqrt{2^2+1^2}} = r = 2\sqrt{5}$.

$4x_0 + y_0 + 15 = 0$, $y_0 = - 4x_0 - 5$, $(2 - x_0)^2 + (1 - y_0)^2 = 20 \rightarrow$

$4 - 4x_0 + x^2_0 + 36 + 48x_0 + 16x_0^2 = 20 \rightarrow 17x^2_0 + 44x_0 + 20 = 0$.

$x_0 = \frac{-22\mp\sqrt{484-340}}{17}$, $x_0 = \frac{-22-12}{17} = -2$. $x_0 = - 2$. $y_0=3$. Жообу: $(x+3)^2 + (y-3)^2=20$.

№389. $A(1; 0)$ чекити аркылуу өтүп, $2x + y + 2 = 0$, $2x + y – 18 = 0$ түз сызыктарына жаныма болгон айлананын теңдемесин түзгүлө.

Чыгарылышы: $\begin{cases} 2x + y + 2 = 0 \\ 2x + y - 18 = 0 \end{cases}$ $\begin{cases} y = -2x - 2 \\ y = -2x + 18 \end{cases}$ $\begin{cases} k = -2 \\ k = -2 \end{cases}$ $k_1 = k_2$ $l = m$.

$y = - 2x - 2$ $d = \frac{/Ax_0+By_0+C/}{\sqrt{A^2+B^2}} = \frac{/2\cdot5+8+2/}{\sqrt{2^2+1^2}} = \frac{20}{\sqrt{5}}$. $r = d : 2 = \frac{20}{2\sqrt{5}} = \frac{10}{\sqrt{5}} = 2\sqrt{5}$

$y = - 2x + 18$ $(x - x_0)^2 + (y - y_0)^2 = 20 \rightarrow (1 - x_0)^2 + y_0^2 = 20$

$x_0 = 5$, $y_0 = 8$ Жообу: $(1 - x_0)^2 + y_0^2 = 20$.

Жыйынтыгында студенттерге айлананын негизги элементтери:

**Борбору** – цирульдун жылгыз шыйрагы турган чекит.

**Радиусу** – борбордон айлананын каалаган чекитине чейинки аралык

**Хорда** - айлананын эки чекитин туташтыруучу кесинди.

**Диаметр** - айлананын борбору аркылуу өтүүчү хорда. Диаметр - эки радиуска барабар болгон кесинди.

**Жаа** – айлананын эки чекитинин арасындагы ийри же борбордон чыккан эки радиус түзгөн бурчка туура келген айлананын бөлүгү. Айлана – теге ректин чеги болгон туюк ийри сызык.

**Айлана** - Ай, айлан, айланайын, тегерен, тегеренейин, кур, курчоо, кучактоо, жаргылчак, тегирмен түшүнүктөрү менен тыгыз байланышта. Жогорудагы айтылыштар “Айлана” түшүнүгүнүн ачкыч сөздөрү экенин баса белгилеп төмөндөгүдөй кошумча материалдары берүү маанилүү.

Радиан – узундугу 1 радиуска барабар болгон хорданын жаага таянган борбордук бурчу аталат.

Градус – айлананын 1 / 360 бөлүгүнө барабар болгон борбордук бурч.

Саат – айлананын 1 / 24 бөлүгүнө туура келген жаанын борбордук бурчу аталат.

Град – айлананын 1 / 400 бөлүгүнө туура келген жаанын борбордук бурчу.

Миңдик же артилерия бөлүгү – айлананын 1 / 6000 бөлүгүнө туура келген жаанын борбордук бурчу.

1 радиан = $57^o,3$ = 63,9 град = 3,82 саат = 955 ≈ 1000 арт. бөлүү.

$1^o = \pi/180 = 1\frac{1}{9}$ град = $\frac{1}{15}$ саат = 4 минута = $16\frac{2}{3}$ арт. бөлүү.

1 град = $\pi / 200 = 1^o\frac{1}{9}$ = 0,06 саат = 3,6 минута = 15 арт. бөлүү.

1 саат = $\pi / 12 = 15^o = 16\frac{2}{3}$ град = 250 арт. бөлүү.

1 арт. бөлүү = $\pi/3000 = 0{,}06^o = 3', 6$ = 1 град / 15 = 0,004 саат = 14,4 саат.

Айлананын ички бурчу $360^o$ экенин эске алып, сааттык жана градустук чен бирдиктердин катышын карайлы:

24 саат - $360^o$

1 саат - $15^o \to 15^o$ - 1 саат = 60 минута $\to 1^o$ - 4 минутага туура келет.

60 минута – $15 \cdot 60' \to 15'$ - 1 минута = 60 секунда

1 минута = 60 секунда, $1' = 60''$

60 секунда – $15 \cdot 60'' \to$ 1 секунда - $15'' \to 15''$ - 1 секунда. $1''$ - 0,0666...секунда

1 радиан = $57^o$, 29577951 = $3427'$,746771 = $206264''$,80625.

$1^o = 3600'' = 0'$, 017455329, $60'' = 0'$, 00029089.

$1'' = 0^r$,000004848. Бул предметтер аралык байланышты ишке ашыруу макса тында жана дүйнө карашын байытууда колдонулат. Жыйынтыгында студент тердин чексиз аалам таануусун байытууда “Айлана” түшүнүгүнүн билүү маанилүү экендигин айгинелейт.

Ошондой эле: ката, туура эмес, натура сөздөр сабакта көп эле айтылып, студенттер ага өтө эле этибар бербей калышкан. Андыктан ошол сөздөрдү төмөндөгүдөй айтылыштар менен алмаштырып, өзөгүн маанисине жеткире айтуу “Ката” деген ойду студенттер азайтууга өбөлгө болуу менен алардын сапаттуу билим алышына түз пропорциялаш болот деген пикирдебиз.

**Ката айтылыш –** ойдун маанисин угуучуга так, туура жеткире албайт, түшүнүктүн мазмунун ачып бербейт, айтыла турган ой жетишердик эмес. **Ката чыгарылыш –** жооп туура эмес, берилишти канаатандырбайт. Формуланы, закон – эрежелерди туура эмес колдонгон, эсептөөнү натура жүргүзгөн, рационалдуу иштей албаган, кошумча шартарды эске алган эмес.

**Ката чийме** – өлчөөлөр туура келбейт, аныктамасына , касиетине жооп бербейт, масштаб эске эске алынбаган, чийме куралдарын натуура пайдаланган.

**Ката график –** эстетикалык жактан эч кандай кооз эмес, симметриялуу (борборго, у = х функциясынын графигине) эмес, берилген функцияны же барабардыкты канааттандырбайт, чекиттерди натура бириктирген.

## Колдонулган адабияттар:

1.И.Б. Бекбоев, А.А.Бөрүбаев, А.А.Айылчиев.Геометрия 10 – 11. Бишкек – 2009

2.И.Бекбоев, А.Абдиев, С.Салыков. Геометрияны 10 – 11 класстарда окутуу. Бишкек. Педагогика 2003 .

3.И.Б.Бекбоев, А.А.Бөрүбаев, А.А.Айылчиев. Геометрия 7 – 9. Бишкек. Билим 2006.

4. Кут билим газетасы. 9. 12. 2022 - ж. № 46 (10983), 10 - бет.

5.Клетеник Д.В. Сборник задач по аналитической геометрии. Москва “Наука” 1986.

**УДК: 340**

***Ибраимова Гулзада Замирбековна,*** *улук окутуучу*
*Ош мамлекеттик университети*

# УКУК ТЕОРИЯСЫНДАГЫ ЭЛДЕШҮҮ ИНСТИТУТУ БОЮНЧА ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Аннотация**

Элдешүү институту процессуалдык теория илиминде маанилүү ролду ойнойт. Иш жүзүндө элдешүүдөн кийин кылмыш иштерин токтотуу боюнча суроолор дайыма кызыгууну жаратып келген. Сунушталган макалада элдешүү институту боюнча жалпы маалымат жана анын маңызы каралат.

Илимий иштин методологиялык негизин жалпы илимий методдор, салыштырма-укуктук, системалык анализ, формалдуу-укуктук методдор түзөт. Изилдөөнүн жыйынтыктары заманбап кылмыш-жаза процессинде элдешүү институтунун натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатуу үчүн алгы шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берет. Ушул багыттагы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштар тараптарды элдештирүү аркылуу кылмыш ишин токтотуунун формасын оптималдаштыруу үчүн колдонууга сунушталат. Айрым изилдөө материалдары жогорку квалификациялуу юридикалык адистерди даярдоодо окуу материалы катары колдонулушу мүмкүн.

**Негизги сөздөр:** элдешүү институту, медиация, укук, жоопкерчилик, кылмыш, кылмыш-жаза процесси

# ОБЩАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ИНСТИТУТА ПРИМИРЕНИЯ В ПРАВОВОЙ ТЕОРИИ

**Аннотация**

Институт примирения играет важную роль в процессуальной науке. На практике вопросы прекращения уголовных дел после примирения сторон всегда вызывали интерес. В представленной статье рассматриваются общие сведения об институте примирения сторон и его сущности.

Методологическую основу научной работы составляют общенаучные методы, сравнительное право, системный анализ, формально-юридические методы. Результаты исследования позволяют создать предпосылки для существенного повышения эффективности института примирения сторон в современном уголовном и уголовном судопроизводстве. Предлагаются рекомендации по совершенствованию законодательства в данной области для оптимизации формы прекращения уголовных дел путем примирения сторон. Отдельные материалы исследования могут быть использованы в качестве учебных материалов при подготовке высококвалифицированных юридических специалистов.

**Ключевые слова:** институт примирения сторон, медиация, право, ответственность, преступление, уголовное и уголовное судопроизводство

# GENERAL CHARACTERISTICS OF THE INSTITUTE OF CONCILIATION IN LEGAL THEORY

**Abstract:**

The institution of reconciliation plays an important role in procedural science. In practice, the termination of criminal cases following reconciliation has always been of interest. This article examines general information about the institution of reconciliation and its essence.

The methodological basis of this research is comprised of general scientific methods, comparative law, systems analysis, and formal legal approaches. The results of this study provide the basis for significantly increasing the effectiveness of reconciliation in modern criminal proceedings. Recommendations are offered for improving legislation in this area to optimize the termination of criminal cases through reconciliation. Certain materials from this study can be used as teaching materials in the training of highly qualified legal specialists.

**Key words:** reconciliation, mediation, law, liability, crime, criminal proceedings.

**Киришүү.** Коомдук турмушта экономикалык, саясий жана руханий коомдук мамилелер канчалык татаалдашкан сайын, коомдо карама-каршы келген ар кандай кызыкчылыктардын кагылышуусу көбөйүп жатат. Жарандардын кызыкчылыгынын коомдо карама-каршы келүүсү адатта конфликтивдүү кырдаалдарга алып келет. Ошого жараша коомдук мамилелердин өнүгүү динамикасынан келип чыккан конфликттерди жана карама-каршылыктарды чечүүнүн цивилизациялуу жолдорун жана каражаттарын издөө актуалдуулукту жаратат [1]. Юридикалык каражаттарды колдонуу аркылуу элдештирүү жол-жоболору байыркы Рим укугунан келип чыккан. Ага ылайык элдешүү келишими (transactio) аркылуу тараптар өз талаптарын далилдөөдө кыйынчылыктарга дуушар болгондо жана далилдөө мүмкүн эмес болгондо өз ара элдешүү жөнүндө келишимге келишкен. Рим тарыхынын классикалык доорунун аягында транзакция аты аталбаган келишим (contractus innominatus) катары жарандык милдеттенменин өз алдынча булагына айланат. Мындай келишимдерден келип чыгуучу доолор, аларга эч кандай конкреттүү аталыштар ыйгарылбаган жана буюмду бир адамдан экинчи адамга өткөрүп берүү менен түзүлбөгөн доолор аркылуу укуктук коргоого ээ болот. Кийинки мезгилде юридикалык илим менен практиканын өнүгүшү менен элдешүү түшүнүгү кеңири жайыла баштаган.

Заманбап укуктун азыркы этабында элдешүү институттун абалы укук теориянын алкагында актуалдуу болуп баратат. Талаш-тартыш мамилелерди чечүүдө катышуучулар өздөрүнүн мыйзамдуу укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын коргоо укугун ишке ашырып, элдешүүнүн ар кандай жол-жоболорун пайдалануу менен элдешүү институтун көбүрөөк колдонушат. Элдешүү жол-жоболору – талашып жаткан тараптардын өз ара жана үчүнчү жактын ортосундагы аракеттеринин ырааттуулугу, процесстин катышуучуларынын укуктук абалын калыбына келтирүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн каражаты болуп санлат. Мындай мүмкүнчүлүк сот системасынын ишин жеңилдеткенге да жардам берет. Башкача айтканда, тараптардын юридикалык пикир келишпестиктерин чечүүнүн альтернативдүү варианттарын тандоого шар түзүп, сот тутумунун жүгүн азайтат. Демек, альтернативдик процедура катары коомдо элдешүү жол-жоболору институтун интенсивдүү өнүктүрүү зарыл. Азыркы учурда мамлекетте элдешүү жол-жоболору жазык, арбитраждык жана жарандык сот өндүрүшүндө өзгөчө активдүү колдонулууда [2]. Бул медиация сыяктуу укуктук чыр-чатактарды чечүүнүн соттон тышкаркы формаларын киргизүү менен тыгыз байланышкан. Элдешүү бардык кылмыш түрлөрүнө тиешелүү эмес. Мыйзамда каралган

кылмыштар боюнча иштер гана элдешүү аркылуу каралышы мүмкүн. Оор же өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттолгондугу жоюлбаган же алынып салынбаган адамдар элдешүү аркылуу кылмыш жоопкерчилигинен бошотулууга укуктуу эмес.

Ошентип, азыркы укуктук реалдуулуктун реалдуулугу жазык сот өндүрүшүндө гуманизм принцибинин ролунун жогорулашынын жана арбитраждык жана жарандык сот өндүрүшүндө дискрециянын кеңейишинин натыйжасында талаш-тартыштарды тынчтык жолу менен чечүү талабын көрсөтүп турат, бул жалпысынан конфликттердин бардык түрлөрүндө укуктук кырдаалды чечүүнүн альтернативалуу (соттон тышкаркы) жана соттук жарашуу жол-жоболорун кеңири колдонуунун дүйнөлүк тенденциясына ылайык келет. Ата мекендик укуктук адабияттарда жарашуу жол-жоболорун жана талаш-тартыштарды чечүүнүн альтернативдүү ыкмаларын изилдөөнүн мисалдары бар. Окумуштуулардын пикири боюнча медиация коомдук мамилелерди шайкеш келтирүүгө жардам берет, элдештирүү жол-жоболорун элге жайылтуу жана кеңири колдонуу бийлик менен жарандардын эң маанилүү саясий, экономикалык жана социалдык милдети деп эсептешет [3]. Бул маселени чечүүнүн ийгилиги өз убагында мыйзамдык жаңылануларга да, бул багыттагы илимий изилдөөлөрдүн сапатына да көз каранды.

Учурда талаш-тартыштарды тынчтык жолу менен чечүү үчүн ар кандай медиация уюмдарын жана түзүмдөрүн түзүү боюнча жигердүү иштер жүрүп жатат. Жалпысынан алганда, эл аралык жана бүткүл мамлекеттик деңгээлде, экономикалык ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөлөрүндө "макулдашуу багыты" бар уюмдар бар. Элдешүү институту эл аралык ишкердик мамилелерде, мисалы, Эл аралык соода палатасын түзүү аркылуу колдонулат. Мамлекеттердин ортосундагы эл аралык кызматташтыктын ар түрдүү тармактарында мамлекеттер аралык мамилелерде келип чыккан карама-каршылыктарды тынчтык жолу менен чечүүнүн конкреттүү ыкмалары тиешелүү ченемдик же рекомендациялык актыларда сунушталат [4]. Коомчулуктун макулдугунун артыкчылыгы жана кызыкчылыктардын тең салмактуулугуна жетишүү жөнүндөгү заманбап демократиялык идеялардын шартында укуктук жөнгө салуунун ажырагыс элементи катары макулдашуу потенциалы укуктук байланыштарды ирээтке келтирүүдө жана укуктук мамилелерди туруктуу өнүктүрүүдө чагылдырылган. Мындан сырткары, элдешүү жана медиация түшүнүктөрүнүн кандай айырмачылыктары бар дген суроо жаралбай койбойт. Илимий эмгектерде элдешүү жана медиация түшүнүктөрүнүн көптөгөн аныктамалары бар жана алардын баары укуктук талаш-тартышты (чыр-чатакты) чечүү үчүн түзүлгөн. Медиация менен элдештирүү кызматтарынын ортосунда кандай айырма бар деген суроого төмөндөгүдөй иүшүндүрмө берсек болот. Медиация чыр-чатакты өз ара пайдалуу келишим аркылуу чечүүгө багытталган, ал эми элдештирүү чыр-чатакты, анын ичинде мажбурлоо менен токтотууга багытталган [5].

Жыйынтыктап айтканда, азыркы учурда мамлекетте элдешүү жол-жоболору жазык, арбитраждык жана жарандык сот өндүрүшүндө көп

колдонулуп жаткандыгы маалым болду. Элдешүү бардык кылмыш түрлөрүнө тиешелүү эмес. Мыйзамда каралган кылмыштар боюнча иштер гана элдешүү аркылуу каралышы мүмкүн. Оор же өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттолгондугу жоюлбаган же алынып салынбаган адамдар элдешүү аркылуу кылмыш жоопкерчилигинен бошотулууга укуктуу эмес.

Илимий иштин натыйжалары мамлекет жана укуктун теориясы, кылмыш-жаза укугу, кылмыш-жаза процессинин теориясына салым кошот деп ишенебиз. Изилдөөнүн жыйынтыктары заманбап кылмыш-жаза процессинде жарашуу институтунун натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатуу үчүн алгы шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берет. Ушул багыттагы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштар тараптарды элдештирүү аркылуу кылмыш ишин токтотуунун формасын оптималдаштыруу үчүн колдонууга сунушталат. Айрым изилдөө материалдары жогорку квалификациялуу юридикалык адистерди даярдоодо окуу материалы катары колдонулушу мүмкүн.

**Колдонулган адабияттар**

1. Интернет ресурс: https://lawinfo.ru/articles/5215/effektivnost-primiritelnyx-procedur-v-rossiiskoi-federacii
2. Гриненко А.В. Гуманизация уголовно-процессуального законодательства: социальные причины и правовые последствия // Библиотека криминалиста. Научный журнал. 2012. № 1(2). С. 103.
3. Половникова И. И. ИНСТИТУТ ПРИМИРЕНИЯ В УГОЛОВНО-ПРОЦЕССУАЛЬНОМ ПРАВЕ РОССИИ // Вестник магистратуры. 2018. №9-1 (84). URL: https://cyberleninka.ru/article/n/institut-primireniya-v-ugolovno-protsessualnom-prave-rossii (дата обращения: 27.10.2025).
4. Аликперов Х.Д. Освобождение от уголовной ответственности в связи с примирением ем с потерпевшим // Законность. - 2015. - № 6. - С. 12.
5. Шараева Яна Анатольевна Сравнительный анализ института примирения и медиации в уголовном процессе // Юридическая наука и практика: Вестник Нижегородской академии МВД России. 2014. №2 (26). URL: https://cyberleninka.ru/article/n/sravnitelnyy-analiz-instituta-primireniya-i-mediatsii-v-ugolovnom-protsesse (дата обращения: 27.10.2025).

***Гапарова А.,*** *магистрант*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*

# Ч.АЙТМАТОВДУН АЗЫРКЫ АДАМДАГЫ АДАМГЕРЧИЛИК, АДИЛДИК, ЖАКШЫЛЫК САПАТТАРДЫН ЖЕТИШСИЗДИГИ ЖӨНҮНДӨГҮ ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ОЙЛОРУНУН УЧУРДАГЫ АКТУАЛДУУЛУГУ

**Аннотация**

Макалабызда Ч.Айтматовдун "Сократты эскерүү түнү, же маңгыбаш терисинин үстүндөгү сот" аттуу публицистикалык драманы тарыхый эс-тутум жана коомдук-философиялык, социалдык призмадан талдоого алып, Ч.Айтматов адам, акыйкат жана коом темалары боюнча айткан ойлоруна анализ берилет. Ошондой эле анын Сократтын образы аркылуу берген ойлорунун универсалдуулугу жана анын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу каралат. Чыгармадагы метафоралар, тарыхый аналогиялар жана автордук позициялар аркылуу трактат формасында берилген философиялык идеялар, азыркы доордогу адамзаттын абалын түшүнүүгө өбөлгө болору изилдөөнүн негизги багытын түзөт. Коом өнүккөнү менен адамдардан пейили тарып баратканы жазуучу Ч.Айтматовдун биз изилдөөгө алган драмасынын башкы проблемасы болгондугун макалабызда далилдөөгө аракет кылдык. Жана бул коога бүгүнкү күндө дагы өсүүнүн гана үстүндө экендигин аныктоо аркылуу айтматовдук коомдук ойлордун актуалдуулугу дагы да жогорку деңгээлде экендиги тастыкталды.

**Түйүндүү сөздөр:** адамгерчилик, нарктуулук, сөздүн баасы, акыйкаттык, боорукерлик, кайдыгерлик, ишеним, ишенбөөчүлүк, актуалдуулук

# АКТУАЛЬНОСТЬ ПУБЛИЦИСТИЧЕСКИХ РАЗМЫШЛЕНИЙ Ч. АЙТМАТОВА О НЕДОСТАТКЕ ЧЕЛОВЕЧНОСТИ, СПРАВЕДЛИВОСТИ И ДОБРОТЫ В СОВРЕМЕННОМ ЧЕЛОВЕКЕ

**Аннотация**

В данной статье рассматривается публицистическая драма Чингиза Айтматова «Ночь поминовения Сократа, или Суд на шкуре манкурта» с точки зрения исторической памяти, общественно-философского и социального анализа. В работе исследуются размышления Айтматова о человеке, истине и обществе. Особое внимание уделяется универсальности идей писателя, выраженных через образ Сократа, и их актуальности в современном мире. Через метафоры, исторические аналогии и авторские позиции драма, написанная в форме философского трактата, помогает глубже осмыслить состояние человечества в наши дни. Несмотря на развитие общества, духовность и доброта людей, по мнению писателя, уменьшаются — это основная проблема произведения, которую мы постарались доказать в статье. Установлено, что данное явление не только сохраняется, но и усиливается, что подтверждает высокую степень актуальности общественно-философских идей Айтматова в наши дни

**Ключевые слова**: человечность, нравственность, ценность слова, справедливость, сострадание, равнодушие, вера, недоверие, актуальность

# THE LASTING RELEVANCE OF CHINGIZ AITMATOV'S PUBLICIST REFLECTIONS ON THE MODERN DEFICIT OF HUMANITY, JUSTICE AND COMPASSION

**Annotation**

This article undertakes an analysis of Chingiz Aitmatov's publicist drama, "The Night of Reminiscing about Socrates, or The Trial of the Mangibash's Hide," through the lenses of historical memory, socio-philosophical thought, and social issues. It offers an interpretation of the writer's ideas concerning the individual, truth, and society. Particular emphasis is placed on the universality of the concepts Aitmatov articulates through the figure of Socrates and their enduring relevance in the contemporary world.

Utilizing metaphors, historical analogies, and a distinct authorial stance, the work unfolds its philosophical tenets in a treatise-like form, providing profound insight into the current state of humanity. The author underscores that, despite societal progress, essential human qualities such as kindness and magnanimity are diminishing—a concern that lies at the heart of the examined drama.

The article seeks to demonstrate that this issue not only persists but is increasingly exacerbated in modern society, thereby affirming the continued significance of Aitmatov's social and philosophical worldview.

**Keywords:** humanity, morality, the power of the word, justice, compassion, indifference, faith, distrust, relevance.

**Киришуу**. Адамды улуу, даанышман, залкар кылчу сапаттары кайсылар деген суроо коюлса, албетте, сап башында адамгерчилик, нарктуулук, терең билим, айкөлдүк, кечиримдүүлүк деген сыяктуу сапаттар айтылаары бышык. Адам бул сапаттарды кайдан алат? Ушундай болуп төрөлөбү, же, буларды үйрөнүүгө болобу? деген кезектеги суроолор жабалактайт эмеспи. Бул меселдерге Айтматовдун өзүнүн көркөм каармандары аркылуу жооп берүүгө болот. Дүйшөн, Жамыйла, Сейде, Танабай, Толгонайлар эмне деген залкар инсандар. Ушулардын кимиси жогорку билимге ээ? Эч кимиси. Анда, демек, адамгерчилик, адилдик сапаттар тубаса гана болот экен да деген жооп сага өзүнөн-өзү келет. Философия илимдеринин доктору, профессор С.Жумагулов өзүнүн "Философия Чингиза Айтматова" деген китебинде минтип жазат: "Ч.Айтматовдун кыргыз элине сиңирген өзгөчө эмгеги катары, улут койнунда эмне деген инсандык бийиктиктер бар экендигин ишенимдүү көрсөтө алгандыгы" [1] дейт.

Бүгүнкү күндө ааламда адамзаттын жашоосу болуп көрбөгөндөй өзгөрүүлөргө учурап, жаңыча жашоо мыйзамдары пайда болуп, ошол мыйзамдарга жараша инсандардын да мүнөзү, дүйнө таанымы, иш-аракеттери деги эле бүтүндөй жашоосу өзгөрүп жаткандыгы, тилекке каршы, өзгөрүү дайым эле жакшы жакты көздөй баратпагандыгы аң-сезимдүү ар бир кишини ойлондурбай койбосо керек. Мен да ошол инсандардын катарын толуктап, бүгүнкү макаламды окурмандарга Ч. Айтматовдун улуу ойлорунун негизинде, жазуучубуз жазып кеткен окуялар менен азыркы учурда биздин чөйрөбүздө катталып жаткан ар түрдүү кылмыштарды, адилетсиздиктерди, бактылуулук учурларды ж.б. жүрөктүн түпкүрүндө жаткан маселелерди салыштырып карап чыгуу актуалдуу деп ойлойм. Ч.Айтматов - көркөм чыгармаларында жана публицистикаларында адамзаттын руханий дүйнөсүнө, тарыхый эс тутумуна жана нравалык-этикалык баалуулуктарына терең көңүл бурган. Ошол өңүттөгү публицистикалык чыгармаларынын бири: “Сократты эскерүү түнү же Маңгыбаш терисинин үстүндөгү сот” аттуу чыгармасы. Бул

драмада Айтматов байыркы грек философу Сократтын образы аркылуу ар кыл доорлордогу адамзаттын негизги суроолоруна жооп издейт: адам ким? Анын акыйкат алдындагы, коом алдындагы, өз абийири алдындагы милдеттери кайсылар? Эркиндик деген эмне жана ал кандай баа менен камсыздалат? Белгилүү болгондой, бул суроолор миңдеген жылдар мурда кандай болсо, бүгүн да ошол боюнча актуалдуу. Келечекте дагы миңдеген жылдарды ушул боюнча карытаары бышык.

Автор XX кылымдагы идеологиялык режимдердин, тоталитардык бийликтин, руханий манкуртташтыруу процессинин кесепеттерин көрсөтүп, окурманды терең ой жүгүртүүгө чакырат. «Сократты эскерүү түнү» — бул адамдын ар-намысы менен абийиринин ортосундагы татаал шайкештик, дүйнө тааным менен бийликке баш ийүүнүн ортосундагы карама-каршылык, акыл-эстин үстөмдүгү тууралуу философиялык трактат.

Көрсө, азыр бизде болуп жаткан көйгөйлөрдү улуу жазуучубуз Ч. Айтматов көп жылдар мурун көрөгөчтүк менен айтып кетиптир. Бул жазуучунун чыгармаларын окусак, ал учурдагы адамдардын баёолугун, мээнеткечтигин, бири-бирине адалдыгын даңазалаптыр. Бүгүнкү күндө адамдардагы дал ушул сапаттар сейректикке айланды. Себеби, ал чыгармаларды окуп бүткөндөн кийин эле мындай суроолор пайда болот: кана, ошол баёолук? Кана ошол кездеги билимге умтулгандык? Кана ошол кездеги эненин баласына болгон мээрими? Кана ошол кездеги адилеттүүлүк? деген сыяктуу толгон-токой суроолор жаралат. Кыргыз элинде да, казакта элинде да түтүн бүлөткөн канча үй-бүлө болсо, бир сапарга чыгып баратканда, эшигине кулпу салбаган бир да үй-бүлөнү кезиктире албайсын. Ушул бир кыска гана абал – эшикке кулпу салынбаган доор – бүтүндөй бир доордун, бир элдин аң-сезим деңгээлин, бири-бирине болгон ишенимин, адамгерчилик маданиятын чагылдырган көрүнүш болчу. Бул ишенимдин түбүндө – «менин мүлкүмдү эмес, менин жүзүмдү уурдап албагын» деген улук түшүнүк жаткан. Ар бир адам өзүнүн гана эмес, башкалардын да намысына жоопкер сезилген. Кулпу жок жашоо – бул коомдогу моралдык мыйзамдардын эң бийик тепкичке чыккан учуру болчу. Бул – мыйзам эмес, ар-намыс көзөмөлдөгөн мезгил эле, ал кулпунун үстүнө дагы бир нече коопсуздук камералары, сигнализациялар жана темир тосмолор орнотулуп калганына күбө болобуз. Мунун өзү – адамдардын бири-бирине болгон ишеними гана эмес, бүткүл коомдук байланыштын да чоң кризиске кептелгенин көрсөтүп турат. Ишеним ордуна шек, боорукерлик ордуна кайдыгерлик, тилектештик ордуна өзүмчүлдүк келгенсиди. Коом руханий жактан кулпу салынып баратат. Ар бир адам өзүнүн дүйнөсүнө бекитилип, «башкаларга ишенбөө» — жашоонун нормасына айланып калды.

Ч.Айтматов айылдык кыргыздардын ушул сапаттары адамдыктын дүйнөлүк эталону экендигин жакшы билген, ошондуктан Жамийла, Сейит, Сейде жана башка каармандардын мунөздөрү бүгүнкү күндө дагы актуалдуу. Мен Айтматовдун “Сократты эскерүү түнү же Маңгыбаш терисинин үстүндөгү сот” аттуу чыгармасын окуп чыгып, азыркы бизде болуп жаткан

көйгөйлөр менен салыштыруунун негизинде бир нече, окшоштуктарды жана айырмачылыктарды байкадым. Чыгармада Калия, Сократ, Миңдөөлөт, Айсулуу, Чыңгыз хан, карыя, Чагатай, Ду Дау, Айдай жана Карачоку аттуу кишилердин образдары мени өзгөчө ойго салды. Бул кишилердин образындагы саткындык, адилетсиздик, көрө албастык, алдамчылык, кыянаттыктар, жогоруда саналып өткөн айтматовдук көркөм каармандардын мүнөздөрүнө карама-каршы турат. Ч.Айтматов эмне үчүн баштапкы каармандары жогорудагыдай баары жакшы да, ал өмүрүнүн акырында адамдар жөнүндө "Сократтагыдай" ойго келген бул канчалык деңгээлде реалдуу? - деген суроо жаралат.

Эзели, эшигине кулпу салбаган кыргыз бүгүн үйүн тегерете коргон куруп, кош кабат кулпу аз келгенсип эшигине ажаан ит байлачу болду. Башка өңүттөн карай турган болсок, бир кылым мурда ата-бабаларыбыз атың өчкүр аракты ичмек турсун анын түсү кандай болорун да билген эмес.

Меймандостук эки элде тең өзгөчө сый менен көрсөтүлчү. Тойлорубуз болсо, мурда өзгөчө шаан-шөкөт менен, каалоо тилектердин коштоосунда улуу муун менен кызыктуу өтчү. Бирок азыр ошол наркыбыз сакталып калдыбы? Ал эми бүгүнкү күндө эшик кулпусуз калбастыгын айтпаганда да, бул көрүнүштүн түпкү себебин издеп отурсак, ал сөзсүз түрдө коомдогу тарбия, билим берүү, маданият жана руханий багыттын солгундашынан кабар берет. Кыргыз жана казак элдеринин байыркы көчмөн маданиятында ар бир үй-бүлө башка бир үй-бүлөнүн коопсуздугуна да моралдык жактан жоопкер болгон. Ал эми бүгүнкү күндө — «өз үйүңдү гана сакта» деген түшүнүк үстөмдүк кылууда.

Ошентип, бир кезде кулпу салынбаган эшик — ишенимдин символу болсо, бүгүнкү темир кулпу — коомдук ажырымдын белгиси болуп калды. Мунун өзү — биз кайда бараткандыгыбызды ойлонууга, руханий жаңылануга жана моралдык жоопкерчиликти кайрадан ойготууга чакырган чоң белги.

"Башка өңүттөн карай турган болсок, бир кылым мурда ата-бабаларыбыз атың өчкүр аракты ичмек турсун, анын түсү кандай болорун да билген эмес" [2] – деп айткан Айсулуу аттуу каармандын оюна чыгармадан көзүм түшкөн эле... Бул жөн гана ичкиликке болгон мамиле эмес, бул — жашоонун өзөгүнө болгон мамиле болчу. Алар үчүн аруу акыл, тунук жүрөк, таза ой — жашоонун мааниси болчу. Кылымдарды карыткан салт-санаа, адеп-ахлак менен көктөн түшкөндөй касиеттүү мамиле кылган элбиз. Үй-бүлөнүн ынтымагы, баланын тарбиясы, атага болгон урмат менен энеге болгон сый — бул баалуулуктар адамдын аң-сезиминде бекем орун алган.

Мен бул чыгармадан Сократ ысымына ээ каармандын өзгөчө оюна токтолгум келип турат. Ал: " Ар ким өз доорун, ага кубаты, күчү жетпегендер өздөрү байланышкан чөйрөнү, өз үй-бүлөсүн, эгер бул да колунан келбесе, кара башын жүрөктөн чыкпаган жалган сөздөрдүн уусунан арачалап коргоп турууга милдеттүү" [3] – деп, чыгармада жанындагы пикирлештерине кайрылган эле. Бул жөн гана сөз эмес, бул адамзаттыктын ички мыйзамы. Бул

— ар бир адамдын жаратkandын алдында, коомдун алдында, өзүнүн абийири алдында көтөрүүгө тийиш болгон жоопкерчилиги. Бул сөз — кайсы доордо болбосун жандуу бойдон кала турган акыйкат.

Чыгармадагы Калия аттуу каармандын чоң атасы жөнүндөгү пикири ар бир окурманды таң калдырбай койбосо керек. Ал сөзүндө: " Өткөн кылымдын аяк ченинде мобул Айсулуунун бабасы Кийизбайдын бүт болгон малы моюну узун кыштан чыга албай кырылып, короосу бош калыптыр. Менин бабам Рысбек да чаңытып, чубатып мал айдаган бай болсо керек. Мал сурап келген Кийизбайга беш жылга 500 жылкысын карызга берген экен. Ал убакта азыркыдай нотариус да жок. Бердим, алдым деген улуттук касиетке байланышкан эркектик сөз гана болгон" [4] – деп эскерет. Бүгүн болсо ошол сөздүн салмагы жеңилдеп, ишеним — юридикалык кагаздарга, нотариалдык мөөрлөргө, күбөлөрдүн кол тамгасына көз каранды болуп калды. Эркектин сөзү — кагазга түшүрүлгөн келишимден алда канча бийик турган доордон, бүгүн — **адамдын колу эмес, тили дагы кепил болбой калган заманга** жеттик. Киши сөзүнө карап эмес, мүмкүнчүлүгүнө, пайдасына карап мамиле кыла баштады. Ишеним — коомдун табигый куралы болбой, жасалма системага айланып кетти. Бул окуя — Рысбектин да, Кийизбайдын да эл ичинде кандай ыйык түшүнүк менен жашаганын көрсөтөт. Алардын ортосундагы байланыш мал менен эмес, **адамгерчилик менен** жүргүзүлгөн. Анткени ошол замандын эли билип турган: бүгүн мен берсем — эртең элге жакшылык кайтат. Бүгүн мен ишеним көрсөм — бул менин адамдык беделимдин белгиси.

Азыр болсо ушундай мамилени түшүнгөндөр азайды. Карыз бермек турсун, карыз сураган кишиге шек менен карап, «бул акчаны кайтарабы же сөз менен алдайбы» деп, биринчи туюм ишенбестик менен башталат. Себеби **сөз жоголгондо, элдин жаны да жоголот**. «Сөздөн кымбат эч нерсе жок» деген түшүнүк — бүгүнкү керектөөчүлүк менталитетке утулуп баратат.

Демек, бул окуя жөн гана өткөн доордун мисалы эмес. Бул — бүгүнкү замандын чоң сабагы. Эгер биз кайрадан сөзгө ишенген, сөзгө турушкан, сөз менен бүтүм кылган коомду кааласак, анда ишенимди калыбына келтиришибиз керек. Анткени ишеним жоголсо — мыйзамдар көбөйөт, мыйзамдар көбөйгөн сайын **жүрөктөн чыккан убада** жоголот. Ал эми жүрөктөн чыкпаган убада — коомду бөлүп-жарып, элди эл кылган рухту эскиртет.

Бул чыгармадан жигиттин бакыт менен болгон диалогуна оюнузду бургум келет, урматтуу окурманым. Жигит бакытка кайрылат:

"Издеп келем, азыр дагы жолдомун
Жок дегенде мейманым да болбодуң,
Кубанычым, кайгым дагы бир өзүң,
Айтчы мага кайсыл жерде жүрөсүң? – десе
Бакыт: Эсиңдеби карап тургам аркадан,
Энең сага нан бышырган арпадан.
Жер ширинин уулум татсын дегени,

Бирок сенин нанды жегиң келбеди" [5] – деп жооп берет.

Колу унга малынып, пешенеси терге бөлөнүп, ар бир бышкан күлчөнүн бетинде сенин келечегиңе болгон ишеним, үмүт жатчу. Ал нан жөн гана ач карынга жеген азык эмес болчу. Ал нан — эмгек, мээнет, эне жүрөгүнүн жыпар жыты, бир бүдөмүк үмүт, «уулум жердин даамын, эмгектин наркын татып чоңойсун» деген тилек болчу.

Бирок бала ал нанды жегиси келбеди. Анткени ал жумшак эмес эле, шекери аз эле, сыртындагы жылтыр кагазга оролгон да эмес. Базардагы токочтой болгон жок. Себеби ал заман көптү көрбөгөн, азга ыраазы болгон, бирок терең жашоонун жүгүн көтөргөн доор эле. Сен ал нанды жегиң келбеди — сен эмгекти татаал көрдүң, эненин терин баалабай койдуң. Энең эмгек кылды — сен болсо ырыскыны тандоону үйрөнүп алдың. Ушинтип энелердин мээнети азыр да өз баасын таба электиги жан дүйнөнү кейитет. Текерисинче талабы күчөп, турмуштун түйшүгүн желкесине артып алгандай көрүнөт. Буга да бир болсо, биздин эркектердин кайратсыздыгы, аманатка бекем болбогондугу жападан жалгыз себеп болуп турат. Ал эми Карачокунун саткындыгын ала турган болсок, бул кылымдар бою ар бир элдин келечегин кыйган оору болуп келе жатат. Мындай айтканымдын себеби, бир эле адамдын саткындыгынан бүтүндөй бир улут кырылып жок болгон учурлар да жок эмес.

Азыркы заманда карөзгөйлүк — түз кыйноо менен эмес, **ар кандай калптар, интригалар, коомдук шылдың, маалыматтык чабуулдар аркылуу** ишке ашат. Уу деген эми суюктуктан турбайт — **уу сөз**, **уу жалаа**, **уу жалган** түрүндө берилип калды. Бирок натыйжасы ошол эле бойдон калды: **жакшылык басынат, тектүүлүк жок кылынат, бийликке карай жол ыйманды тебелеп өтөт.**

Ошондуктан бүгүн эң чоң күрөш — **адамдыкты сактап калуу күрөшү**. Өз пайдасы үчүн бөтөндүн тагдырын сындырып салуу — бул карөзгөйлүктүн азыркы жүзү. Эгер биз бул көрүнүштөргө көнүп жашай берсек, анда эртеңки балдарыбыз адилеттүүлүк жөнүндө жомоктон гана окуп калат.

**Жыйынтык ой:** залкар жазуучунун адеп-ахлак, нрава, мораль, адамгерчилик, адамдардын ортосундагы сый-урмат, жакын-алыс адамдардын бир-бирине болгон ишенимдин кетиши сыяктуу маселелер улуттук, ошол эле мезгилде дүйнөлүк проблемалар экендиги жөнүндө айткан ойлорунун актуалдуулугу кемибестен күндөн-күнгө өсүп бараткандыгы байкалат. Анткени, адамдар жогорудагы адамдык сапаттардан Ч.Айтматов айткандан бери дагы алда-канча алыстап кетишти... Качан эстерине келишээри чоң суроо?...

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Жумагулов С. "Философия Чингиза Айтматова"//С.Жумагулов "Философия Чингиза Айтматова" Алма-Ата, 2013, 47-б.

2. Ч.Айтматов, М.Шаханов Аскада калган аңчынын ыйы (Кылым кыйырындагы сыр ачуу) //Чыңгыз Айтматов чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, Жетинчи том,"Бийиктик", Бишкек, 2008, 462-б.

3. Ч.Айтматов, М.Шаханов Аскада калган аңчынын ыйы (Кылым кыйырындагы сыр ачуу) //Чыңгыз Айтматов чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, Жетинчи том, “Бийиктик”, Бишкек,2008, 465-б.
4. Ч.Айтматов, М.Шаханов Аскада калган аңчынын ыйы (Кылым кыйырындагы сыр ачуу) //Чыңгыз Айтматов чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, Жетинчи том, “Бийиктик”, Бишкек,2008, 468-б.
5. Ч.Айтматов, М.Шаханов Аскада калган аңчынын ыйы (Кылым кыйырындагы сыр ачуу) //Чыңгыз Айтматов чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, Жетинчи том, “Бийиктик”, Бишкек,2008 479-б.

**МАЗМУНУ / СОДЕРЖАНИЕ / CONTENS:**

*Кантороева А.К., Токтоматова Н.К., Мадаминова А.К*

ИННОВАЦИОННЫЙ ПОТЕНЦИАЛ ПРЕДПРИЯТИЙ КАК СТРАТЕГИЧЕСКИЙ РЕСУРС КОНКУРЕНТОСПОСОБНОСТИ РЕГИОНОВ КЫРГЫЗСТАНА............3

*Rajabov Shuxratjon Sheraliyevich*
MODERN FORMS OF THE DIGITAL INFORMATION SPACE AND THEIR IMPACT ON THE SOCIAL ETHOSPHERE..........................................................................11

*Уразалиева Гулшада*
КООМДУН САНАРИПТИК ТРАНСФОРМАЦИЯСЫНЫН КОНТЕКСТИНДЕ ЖАШТАРДЫН ГЕНДЕРДИК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮ...................................................19

*Najmeddinov Ahmad Rahmatovich., Maraimova Nazorat Rahmatovna, Xasanov Otabek Oybekovich, Rasulova Odina Oybekovna*
MAIN ISSUES AND PROBLEMS OF STUDYING INTENTIONALITY IN MODERN LINGUISTICS...........................................................................................................27

*By Prince Gupta, Rakhmanalieva P.B.*
ADVANCING QUALITY AND INNOVATION THROUGH INTERDISCIPLINARY METHODS IN THE DIGITAL AGE..................................................................32

*Nargiza Alieva Nodirovna, Feruza Urakova Botirjonovna*
PSYCHIC DEVELOPMENT AND CHARACTERIZATION OF PRESCHOOL CHILDREN...........................................................................................37

*Абдыллазова Н.У*
АДАМ ЖАНА ЖИНИН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮ: МОДЕЛДЕР, КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА ӨНҮГҮҮ КЕЛЕЧЕГИ.........................................................................................40

*Эшкожоева А.Т*
ПРОФЕССИОНАЛЬНЫЕ СТАНДАРТЫ ДЛЯ IT СПЕЦИАЛИСТОВ В УСЛОВИЯХ БЫСТРОГО РАЗВИТИЯ ИИ.............................................................................48

*Yuldoshev Utkir Jumakuziyevich, Qosimov Abdulaziz Obidjon ugli*
FLIPPITY.NET PLATFORM AS AN INTERACTIVE SOFTWARE TOOL THAT DEVELOPS THE COGNITIVE AND LEARNING ACTIVITIES OF FUTURE TEACHERS.........54

*Амирова Кайрыниса Асанбаевна*
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЭЛЕКТРОНДУК НОТАРИАТТЫН ӨНҮГҮҮСҮ: УКУКТУК НЕГИЗДЕР, ПРАКТИКАЛЫК КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ......59

*Арзыбаева Айжамал Эркинбековна*
ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ ЧЕТ ТИЛДЕРДИ ҮЙРӨНҮҮГӨ БОЛГОН МАМИЛЕНИ КАНДАЙЧА ӨЗГӨРТҮП ЖАТАТ: ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР...65

*Жумабекова Насиба Акимжановна, Атакелдиева Гулнур*
АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ АЯЛДАРДЫН РОЛУ АРКЫЛУУ ЗАМАН ӨЗГӨРҮШҮН ЧАГЫЛДЫРУУ........................................................................71

*Аскарова Г.М, Амиракулова Н.Н.*
ОКУУЧУЛАРДЫН ООЗЕКИ КЕБИН ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА
АДАБИЙ ТИЛГЕ КАЛЫПТАНДЫРУУ.....................................................................77

*Тажибаева Жаркын Кадыркуловна*
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН ОКУТУУДА ПЕДАГОГИКАЛЫК
ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК БААРЛАШУУНУН ТААСИРИ
.......................................................................................................................................83

*Орозбаева Жазгул Маматоморовна, Орозбаева Айгул Маматоморовна*
ЭМГЕК МАМИЛЕЛЕРИНДЕ САНАРИПТЕШТИРҮҮ КАРАЖАТТАРЫН КОЛДОНУУ
.......................................................................................................................................88

*Tukhtakhojayev Khanjarbek Bokhodirovich*
MODERN APPROACHES TO INDIVIDUALIZATION AND PEDAGOGICAL CONTROL
OF PHYSICAL LOADS IN HEALTHCARE....................................................................94

*Кылычбекова Гулназ Кылычбековна*
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫ ОКУТУУДА ФИЗИКАЛЫК АКТИВДҮҮЛҮКТҮ
КОЛДОНУУ...................................................................................................................102

*Карагулова Айназ Ильясовна*
СОВРЕМЕННЫЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕ ТЕХНОЛОГИИ КАК СРЕДСТВО
ПОВЫШЕНИЯ КАЧЕСТВА УЧЕБНОГО
ПРОЦЕССА..................................................................................................................107

*Карагулова Айназ Ильясовна*
ИНТЕРАКТИВНЫЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕ ТЕХНОЛОГИИ В СОВРЕМЕННОМ
УЧЕБНОМ
ПРОЦЕССЕ..................................................................................................................113

*Медербек кызы Айзирек, Тажибаева Жаркын Кадыркуловна*
КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ АТА–ЭНЕ МЕНЕН
МУГАЛИМДИН ОРДУ.................................................................................................119

*Эргашваев Разийиддин Мухторжонович, Ажиматова Наргиза Мырзакабуловна*
КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ СТРАТЕГИЯЛЫК БАШКАРУУ ФУНКЦИЯСЫ
КАТАРЫ.......................................................................................................................*124*

*Сапарбекова А.В., Ажиматова Н.М.*
КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШ МЕНЕН ИНФЛЯЦИЯНЫН
БАЙЛАНЫШЫ..............................................................................................................132

*Атамырзаева Аймээрим, Ажиматова Н.М*
ПЕРСОНАЛДЫ БАШКАРУУДАГЫ ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР:
КОЛДОНУУ
ТАЖРЫЙБАСЫ............................................................................................................142

*Орозаева Атыргуль Баатырбековна., Ажиматова Наргиза Мырзакабуловна*
СОЦИАЛДЫК ЧӨЙРӨНҮ ӨНҮКТҮРҮҮНҮ СТРАТЕГИЯЛЫК БОЛЖОЛДОО ЖАНА
ПЛАНДАШТЫРУУ......................................................................................................153

*Абжалилова Айпери*
СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДЫН АНГЛИС ТИЛИН ҮЙРӨНҮҮГӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ.........159

*Оморалиев Мунарбек, Ажиматова Н.М*
ГЛОБАЛДАШУУ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК МАРКЕТИНГ КУРАЛДАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ ШАРТЫНДА ИННОВАЦИЯЛЫК ДОЛБООРДУН КИРЕШЕЛҮҮЛҮГҮН БААЛОО.........164

*Tuxtamurod Otamurodovich Mamatov*
GLOBALLASHUV SHAROITIDA YOSHLARNING TURLI AXBOROT XAVFSIZLIKLARINI TA'MINLASHNING FALSAFIY MEXANIZMLARI.........170

*Dustmurodov Ma'rufjon Mansur o'g'li,*
QADIMGI TURK-RUNIK BITIGLARIDAGI BA'ZI O'ZLASHMALAR XUSUSIDA......177

*Жанузаков Б.Ш., Куванычбек уулу Омүрбек*
СОСТОЯНИЕ И ПЕРСПЕКТИВЫ РАЗВИТИЯ ЦИФРОВОЙ ЭКОНОМИКИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ.........184

*Жанузаков Б.Ш., Бейшенкул уулу Амантур*
ЛОГИСТИКАЛЫК КОМПАНИЯНЫН АТААҢДАШТЫККА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН БАШКАРУУ.........189

*Ж. Садыралиев, Каныбекова А.У.*
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК САЯСАТЫНЫН АЗЫРКЫ АБАЛЫ, КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖОЛДОРУ.........194

*Молдомусаева А.Ж., Расулжанова М.З.*
КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАҢГАК ТОКОЙЛОРУНУН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА АНЫ ЖАКШЫРТУУНУН ЖОЛДОРУ.........201

*Тыныбекова Г. Т.,*
КЫРГЫЗСТАНДА ИШКЕРЛЕР ҮЧҮН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР ЖАНА ЧАКАН БИЗНЕСТИ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖУМУШЧУ РЫНОГУНУН ДРАЙВЕРИ КАТАРЫ.........208

*Нурдинова Ж.Д., Ажиматова Э.А.*
АРАЛЫКТАН ОКУТУУНУН ПРОБЛЕМАСЫ ЖАНА ПЕРСПЕКТИВАСЫ.........216

*Садирова Тамара, Сабиров К.А*
XIX КЫЛЫМДА КЫРГЫЗДАРДЫН БИЛИМ БЕРҮҮСҮНДӨГҮ ОРУС-ТУЗЕМ МЕКТЕПТЕРИНИН ОРДУ.........223

*Доноев Т. А*
КОЛЛЕДЖДЕ МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУНУН РОЛУ ЖАНА МААНИСИ.........228

***Кадырбекова Ч. К., Сулайманов М. А., Нурайдар уулу С***
ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КОМПОНЕНТ РЕАЛ СЕКТОРДУН ЭКОНОМИКАЛЫК КООПСУЗДУГУНУН НЕГИЗГИ БӨЛҮГҮ........................................................................233

***Умаралиева Асила, Сабиров К.А***
КЫРГЫЗДАРДЫН АКЫЛ ОЮНДАРЫНЫН БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛОО - ДОГУ ТААСИРИ..........................................................................................................241

***Токтакун кызы Гүлнура***
КЫЛМЫШ-ЖАЗА ПРОЦЕССИНИН ПРИНЦИПТЕРИНИН ЖАЛПЫ МҮНҮЗДӨМӨСҮ ЖАНА ЮРИДИКАЛЫК МАҢЫЗЫ...............................................................................246

***Токтакун кызы Гүлнура***
КЫРГЫЗДАРДЫН АДАТ УКУГУНУНА ТАРЫХЫЙ-УКУКТУК САРАСЕП...............255

***Кадырбекова Ч. К., Сулайманов М. А., Нурайдар уулу С***
ИННОВАЦИОННАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ПРЕДПРИЯТИЯ: СОСТОЯНИЕ И НАПРАВЛЕНИЯ ПОВЫШЕНИЯ ЭФФЕКТИВНОСТИ..............................................................................................260

***Джоошбекова Зинагүл Рысбаевна, Алиева Бусалима Маннаповна, Шамшиева Айзирек Таалайбековна***
ҮЙ-БҮЛӨЛҮК БААЛУУЛУКТАРДЫН БАЛАНЫН ИНСАН КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ.............................................................267

***Жутанова Гульмира Атанбековна, Сарытаева Мунира Өмүрзаковна, Акматов Өмүрзак Сарытайович***
ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДА СТУДЕНТТЕРДИН КРЕАТИВДҮҮЛҮК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ ЖАНА ДЕҢГЭЭЛДИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ИНТЕГРАЦИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК МААНИСИ......................................................................................................................273

***Мамашарип кызы Б., Махмудов А.Н***
ҮЙ-БҮЛӨЛҮК МАМИЛЕЛЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУЧУ УКУКТУК ПРИНЦИПТЕР..................................................................................................................281

***Омошев Т.Т., Куваков Ж.,***
АЙЛАНА - ЧИЙҮҮ МАДАНИЯТТУУЛУГУН ӨРКҮНДӨТҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ................288

***Ибраимова Гулзада Замирбековна,***
УКУК ТЕОРИЯСЫНДАГЫ ЭЛДЕШҮҮ ИНСТИТУТУ БОЮНЧА ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ.....................................................................................................................298

***А.Гапарова***
Ч.АЙТМАТОВДУН АЗЫРКЫ АДАМДАГЫ АДАМГЕРЧИЛИК, АДИЛДИК, ЖАКШЫЛЫК САПАТТАРДЫН ЖЕТИШСИЗДИГИ ЖӨНҮНДӨГҮ ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ОЙЛОРУНУН УЧУРДАГЫ АКТУАЛДУУЛУГУ..............................................................................................302

Вестник МНУ имени К.Ш.Токтомаматова 2026 №1
Зарегистрирован в Министерстве Юстиции Кыргызской Республики
Регистрационное свидетельство №1405
от 21 мая 2008 года

---

Формат 21х297 Объем 12,25 п.л. 1/16 Тираж 150 экз.
Отпечатано в частной типографии ИП «Газибаев Х.Б.»
г.Манас, ул.Токтогула, 20-3